


Ш. ЭСЕНКУЛОВ
АСЫЛ

ШАКИН ЭСЕНКУЛОВ

# АСЫЛ

Повесть, аңгемелер жана пьеса

«Ак шоола» баянынын үчүнчү китеби



«МЕКТЕП» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ 1979

С(Кирг)
Э- 85

**Эсенкулов Шакин.**

Э 85 Асыл: Повесть, аңгемелер жана пьеса: «Ак шоола» баянынын үчүнчү китеби: [Жаштар үчүн].—Ф.: Мектеп, 1979.

Китеп 3: — 212 бет.

Азыркы кездеги кыргыздын таланттуу жазуучуларынын бири Шакин Эсенкулов — «Ак шоола» баянынын үчүнчү китеби болгон «Асыл» аттуу повестинде достук сезимди өмүр бою аздектөөнү, баланы коомдун активдүү мүчөсү кылып тарбиялоо проблемасын, адамдардын өз ара адеп-аклахтуу мамилесин поэтизациялайт.
Китепте автордун бирин-экин аңгеме пьесасы да бар.

С(Кирг)

$$Э\frac{733-217}{М\ 452\ (17)-79}211-79$$

© «Мектеп», басмасы 1979 ж.

Искусство — сүйгөн жарым,
Адабият — жашоом менин.



# ПОВЕСТЬ

*«Ак шоола» училтик повестимди*
*досум Сартов*
*Беганастын жаркын элесине*
*арнаймын.*
**Автор.**

## Биринчи бөлүм

«Аялдын сүйүүдөгү даражасы,
Сүйгөн жигитинен байкалат».
(Белинский)

# ТУРМУШТУН ТУНУК ЖАГЫН БҮГҮН СЕЗДИ

«Адамдын эң улуу табылгасы—сүйүү».
(Н. Хикмет)

Береги салтанатка толгон залдын ичинде жалаң гана шаттуу ырлар жаңырып тургансыйт.

Отургандардын чекелерин байкагыла! Жамгырдан кийинки гүлгө окшоп, ширээси төгүлүп кетчүүдөй кашкаят. Булар эмгектин алдыңкылары. Биз таткан бакытты жаратуучулар да, таратуучулар да ушулар өңдүү.

Улам бирден трибунага чыгышып, жыйналышты башкарып жаткан адамдын жумшак колун кармап, көкүрөктөрүнө орден тагынып кайтып жатышат. Жүрөктөгү ыйык алкыштар алакан отторунан билинип тургансыйт. Кайра-кайра чабылган алакандар, кудум шаркыратманын доошуна окшоп, көңүл сергитет.

Сыйлангандардын тизмесин окуп турган Рысбек Канатов азыр Асылдын ысмын мурдагылардан өзгөчөрөөк айтып чакырды. Асылдын жүрөгү туйлап, өз денесинин салмагын кармай албай, мүдүрүлүп барып оңолду. Турмушка шилтеген кадамдарынын изи өчүп калбай, өзү жашаган доордун алдыңкы адамдарынын катарына кошулуп калганына кантип кубанбай коё алат?! Баарынан да, китепкананын майда түйшүктөрүн сезе билип, мамлекеттин жогорку сыйлыгына көрсөтүшкөн жетекчилерге, кантип алкыш айтпайсың!

Чынында эле ушул өткөн мезгилдер Асылга көп жемишин бериптир: Мамлекеттик китепкананын директору, Кыргыз ССР Жогорку советинин депутаты, көптөгөн библиографиялык эмгектердин автору, республиканын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер, Эмгек Кызыл Туу жана акыры минтип Ленин орденинин ээси. Азыр ал

трибунага кантип жеткенин, Ленин ордени төшүнө кантип тагылганын да сезбей калды. Дуулдаган сезимден кулагы тунуп, ыйлагысы келгендей алсыз үн менен: «Ыракмат сиздерге, ыраазымын!» деген сөздү араң айтты да, артына бурулду. Келгенден да кайра кетиши кымбатка турду көрүнөт: жашылданган көзү басаар жолун тумандатып, каны дүүлүгүп денесин өрттөп баратты...

Жыйналыш тарагандан кийин, Рысбек Асылга эшик алдынан жете келди.

— Сыйлыгыңыз кут болсун, эжеке!

— Ыракмат Рыстай, ыракмат!..

Асылдын денесиндеги толкун али токтоло элек болучу. Көк жашыл балатылуу бульварды аралап, «Боз Үй» ашканасын карай бет алышты.

— Бирге түштөнөлү? — деди Рысбек.

— Мен ушул абалым менен тамак иче ала турган эмесмин.

— Сизди жаңа жыгылып калабы деп корктум...

— О, уят ай десең! Чабал кишинин кубанганы курсун... — Асыл уяң кызча кайрадан кызарып чыкты.

— Эми орденди жакшылап майлашыбыз керек! — Рысбек Асылды ыңгайсыз абалдан куткаруу үчүн, сөздү башкага бурду. Анын жылдыздуу жүзү тамылжып эжесинин бүгүнкү ийгилигине кубанып турганы байкалат. Азыркы ак дилден айтылган сөзгө жетине албай, Асыл ансайын делөөрүп чыкты.

— Ооба, ошентели! Уулум келсин, жакшылап майлайбыз. Бүгүн, эртең келип калаар, баса, сага кабар кылган жокпу?

— Жок. Экзамендерин тапшыргандан кийин эле, катуу уйкуга киргенби, кабарын билдирбейт.

— Мага дагы. Корком, корком... Жанымды коёрго жер таппайм. Түндө такыр уктай албай койдум. Эми биротоло окуусуна кеткенде кантээр экемин?! Чекчейген секетиң болоюн! Ал иниң мени сагынбайт окшойт, я Рыстай?!

— Анысы мындан ары билинет да... — Рысбек капарсыз сүйлөп, фонтандын жанындагы орундукка жай басып барып отурушту.

— Мени сагынбаса мейли. Окуусунан алагды болбойт. А мен сагынсам жетип барам. Андан көрө көңүл-

дүү жүрүп, окуусун жакшы бүтсө болду. — Асыл дагы бир нерсе айткысы келди эле, негедир узарткан жок. Ал көкүрөгүн кере дем алып, теребелге суктана карап отурду. Азыр анын көзүнө бардыгы сүйкүмдүү көрүнгөнсүйт. Турмушта жек көргөн кишиси жоктой, бардыгы жакын сезилгенсийт.

Бардыгы кенен!
Бардыгы бейпил!
Бардыгы кооз!
Бүгүнкү күн кандай сонун!
Бүтүндөй сулуулукка толуп турат.
Сыдырым карабакты шуудуратат...
Фонтандын атылышын карасаңар?!
Карасаңар,
Карасаңар сулуулукту?!
Кайда ашыгып барасыңар?!
Ушундай дагы тунук асман болот экен ээ?
Жуткулачы, жуткулачы абасынан?!
Шак ийген жемиштердин көптүгүн ай!
Дыйкандын колдоруна назар салчы,
Сыйкырдуу дасторконго түспөлдөш ээ?!
Шаардын терезелери күлүп жайнап,
Заводдун түтүнү да кооз көрүнөт,
Жашоонун өзү — кандай сыймык!
Кайгылар түш сыяктуу унутулат...

— Ой эже, караңыз, Актаң келатат! — Рысбектин үнү Асылды селт эттирди,

— Кана?!

— Тигине, уулунуз! Өзү...

— Ооба, ырас эле өзү!.. Сапалагым тура. Кабар бербей муну карасан. — Асыл магнитке тартылган темирдин кыпынындай, Актаңды карай делбектеп баратты. Анын көзүнө кечеги эле «сапалагы» азыр алда канча өсүп калгандай көрүндү. Чачын сол жагына кыйшайта тарап, костюмсуз ак көйнөгүнө гүлдүү кызыл галстук тагынып алыптыр. Сол колуна портфель кармап, оң ийнине кемселин арта салып, анча кебелбей жадырап күлүп келатса, кудум Казыбектин өзүндөй элестеп кеттиби, айтор Асылга он үч жылдан бери сезилбеген бир сыйкырдуу илеп, чагылгандай денесин каптап өттү. Алар эч кимди капарына албай, кыйлага кучакташып турушту.

Асыл бир кезде бардык сезимдердин арасында тумчугуп кеткендей аптыга түштү да, токтоно албай ыйлап жиберди.

— Жетишет эми студент, сизди мындан узак күтө албайм. Учурашасызбы, жокпу? — Рысбек тамашалай сүйлөп колун сунду.

— Кечиресиз байке? Апамды көрбөйсүзбү, ыйлап алыптыр...

— Охо, артыкбаш шаан-шөкөт. Келиңиз эми, мындай отуруп алып, учурашуунун аягын уланталы. Көрдүңүзбү, элдин баары бизге таң калып карап турушат?

— Балким, суктанып жатышкандыр?! — Асыл өзүн токтотуп, тамашага аралаш чын оюн билдирди.

— Ооба, ооба, суктанып жатышат. Карачы, ушундай келбеттүү джентельменге ким суктанбасын! — Рысбек жаш баладай тамашалай күлдү.

— Оо, байкемдин тамашасын?!

— Болуптур эми, кана колуңду берчи, куттуктайынбы?

— Балким болоор...

— Жарайсың, куттуктайм! — Рысбек Актаңдын колун кабыштыра кармап, бооруна сыга кучактап далысын чапкылады, — Көрдүңүзбү эже, бою мага теңелип калыптыр. Эми беш жылга чейин, охо, келишкен режиссёр болосуң.

— Ооба, чоңойгонсуп калыптыр садагам... — Асыл дароо үнүн өзгөртүп, өзүнчө кобуранды,—Түү, түү... мындай деп айтыштан дагы коркуп кетем...

— Эже, эми сиз мына ушул адатыңыз менен жанагы жашыктыгыңызды биротоло токтотушуңуз керек, менимче жетишет. Кандай дейсиң Акин? —

Актаң апасынын көкүрөгүн жыттагылап жатып, Рысбектин айтканын байкабай калды.

— Кандай дейсиз? Апамдын ыйлаганын айтасызбы? — деди кайрадан шашкалактап.

— Жаш эле бала. Ымыркай... Москвадагы театралдык институттун студенти, уят...

— Биз эми чыйралышабыз байкеси, көнүшөбүз. Бүгүндөн баштап убадалашабыз. Мурда болсо башка элек. — Асылдын оюна бир окуя кылт дей түштү.

...Анда биринчи жолу, биринчи күн. Актаң чоочун жайга көнбөй туталана берди. Ондуу тамак ичпей, Канышай апаны жоктоп, өксүп ыйлады. Ушул учур кандай гана оор болду дейсиң!.. Асыл бул кайгыга туруштук кыла албай, болгон күчүн көз жашынан чыгарды. Актаң ага таңыркай карап, кулап жаткан көз жашты быйтыгый

сөөмөйү менен сүртө суроолуу тигилди. Тээ мурда Каныгшай апасы ушинтип ыйлап отурганы эсине түштү окшойт сыягы. Азыр жаңы эне-бала үнсүз бири-бирин сооротушту. Актаң бир аздан кийин ыйын токтотуп үйдүн ичине серп салып карай баштады. Бурчтагы Казыбектин чоң сүрөтүн кыйлага тиктеп, акыры тааныды окшойт.

— Бул менин атам ээ? — деди кусасы тарагандай.

— Атаң, садагам. Сенин атаң! Бул атаңдын үйү — сенин үйүң Атаң сага көп оюнчук сатып койгон. Эртең эрте менен алып келип берем, ойнойсуң. Асыл таң атаар менен дүкөнгө барып, көп оюнчук алып берүүнү чечти. Ушул мээримдүү «аялдын» жагымдуу үнү, ал тургай, айткан сөздөрүнүн баары өз апасыныкындай жылуу сезилип, санаадан бир аз арылды окшойт, кучагына эркин жатып, колундагы таттуу нанын жей баштады. Ошол замат Асылда бир адепсиз ой пайда болду. Карама-каршы сезимдердин тегерегинде көпкө байланып, акыры өзүн зордоп баш ийдирди да, Актаңды «азгыруунун» амалын издеди.

— Менин мамамды эмесиңби, уулум?—Ал өмүрү ээрин тие элек жумуру эмчегин чыгарды. — Муну сен кичинекей кезиңде эмгенсиң. Анан мен окууга кеткем. Кана эми ээмп көрчү?.. — Наристенин алдында айтып жаткан адепсиз калпычылыгы денесин мыжыгып, жүзү анардай кызарып чыкты. Актаң абал мурун жийиркеничтүү татып, оозунан кайра чыгарды. Каныгшай апасынын кадимки жуп жумшак эмчегине кайдан окшосун? Аны каалашынча ээмп, жатып уктап кетчү эмес беле!

— Эмне, жаман бекен?..

Бала эмчекти көңүл кош кармалап, анан кайра оозуна салды. Аздан соң кадимки адатынча соруп кирди... Эң оболу Асылдын итиркейи келип денеси үркүп чыкты. Чыдабай баланы түртүп салгысы келди эле, коргошун уюткансып, эки колу кыймылдаган жок. Андан кийин... Андан кийинкиси... О, укмуш! Мындай укмуштун болоорун кайдан билиптир?! Анын бүткөн бою магдырап, өзүн шал болуп калгандай сезди. Актаң ээмп жатты. Ысык буунун ичинде жыпжылаңач жаткансып, көөлбүгөн боюн жыя албай, Асыл бир кезде көзүн араң ачты эле, Актаң эмчекти оозуна салган калыбында эчак уктап кетиптир...

«ЭНЕНИН ЭҢ ЧОҢ ЫРАХАТЫ УШУНДА ЭКЕН

го?!» — деп ойлоду Асыл, Анын кубанычтан (балким, өкүнүчтөн?) аккан көз жашы баланын чекесине тамды...

Ошондон кийин эмчек тамырлары зыркырап, көп күн ооруп жүрдү. Бара-бара капкатуу бездери жумшарып, үрпүнөн боз суу чыкты да, кийин сүткө айланып кетти. Адам ишенбөөчү окуялар турмушта болооруна сейрек гана кишилер күбө болушат экен көрсө...

— Апа, сиз ордениңизди алдыңызбы? — деди Актаң, Асылдын көкүрөгүн эми байкап.

— Ооба, бүгүн тапшырышты.

— Апаңды кандай кылып куттуктаар экенсиң? — Рысбек тамашалай сынады.

— Мен ал жөнүндө о мурда, газетага указ чыкканда эле ойлонгон болчумун. Апамдын сыйлыгына кандайдыр бир жакшы иш иштеп туруп жооп бермекмин...

— Мына иштебедиңби, окууга өтүп келдиң, майлаганың эле ушул садагам!

— Жок апа, бул аванс. Мен аны кийин иштеймин... Азырынча чын ниэтимден өөп койгонум жетишет...

— Болду, болду! Мен ыраазымын, ыраазымын уулум! Ошол жакшы ишиңди көрсөм!... Анан... Баса, эстегенде сурайынчы, келээриң тууралу эмнеге кабар берген жоксуң?

— Жөн гана, жакшылыктын күтүүсүз жерден болгону кызык. Туурабы, байке?

— Муну көр... — Рысбек суроолуу карады.

— Мен келээримди билдирсем, самолёт кокустан кармалып калса, анан апам аэропорттон кетпей күтүп бушайман болоорун билем. Андан көрө капыстан келип кубантканым жакшы эмеспи. Азыр мен байкеме келаткам, анан апамды издемекмин. Кечинде Эрнис абама барайын дегем. Планым дурус бекен?

— Жаман эмес,— деди Рысбек саатын карап.— Издешпей жакшы жолугуштук. Убакыт бүтүп калды, мен эми тигил ашканадан бир кесе кымыз ичип алып жумушка барайын. Силер менен бирге отуруп тамактанууга убакыт тар. Биз кечинде силердикине барабыз. Бардык ийгиликтерди чогуу майлайбыз.

— Ырас эле, кечинде бардыгыңар келгиле? Келинчегиңди дагы таштап койбогун?

— Жарайт эже. — Рысбек кетүүгө камынды.

— Мен эми эс алып калдым. Көңүлүм дегеле сергелек болуп турат. Уулум экөөбүз үйгө барып камына берелик... — Асыл ордунан жеңил турду...

«Ала-Тоо» кинотеатрында эң эле сүйкүмдүү кинолордун атттары илинип турат: «Ак кеме», «Кызыл алма», «Шаркыратма», «Космонавттар көчөсүндө»...

Көчөдө чубалжыган кош өрүм чачтуу кыздар көбөйүп кетишиптир...

Тротуардын жээктеринде, жада калса учуп түшкөн жалбырак жок, мизилдеп таптаза. Тегеректе бейжай сүйлөгөндөр билинбейт, ал эмес көчөдө кыйма-чийме болгон машиналардын үнү да угулбаган өңдүү — тып-тынч. Асыл азыр өзү торолуп, өзү жашап келген ушул алтын бешик шаарынын мынчалык сүйкүмдүүлүгүн мурда байкабаган сыяктуу делөөрүдү. Мындан артык бактылуулук болобу?!

Бирок, көкүрөгүндөгү бир түпөйүл иш улам билинбей козголуп, бара-бара тынчын кетирип кирди. Эми ал кандайча айктаар экен десең?!

Экөө автобус токтоочу жерге келишти.

— Түз эле үйгө баралыкпы, же, мен абама жолуга кетсемби,— деди Актаң. — Абаң азыр, балким, кабинетинде жоктур. Үйгө жетип бир аз эс ал. Кечке маал барып, бардыгын ээрчитип келесиң, бүгүн чогуу отурабыз. Сени институтка өтүп келсе деп... камданып койгом.

— Макул апа,—деди Актаң тез көнүп.— Кап, отурсаңыз болбойт беле. Отургучтарды алып таштаганы эмнеси? Эми автобус келгенче бутунуз талыйт ээ?

— Талыбайт. Ал орундуктардын эскилиги жеткен. Жасалганы качан... Жакшы болуптур, эми жаңысын коюшаар. Шаардын ичин иретке келтирип жатышат... Экөөбүз дайыма 9-автобусту ушул жерден күтүүчүбүз, эсиңдеби?

— Эсимде, ошол скамейканын үстүндө бутумду салаңдатып далай отурбадымбы. — Актаң сөздү тамашага чалды. А балким, бир кезде болуп өткөн эң оор окуя мунун эсинде сакталып калгандыр... Асыл аны кайдан унутсун.

...Актаңды өзүнүн иштеген жерине жакын балдар бакчасына орноштурган. Дем алуу учурунда чуркап келип көрүп кетерине оңтойлуу болучу. Ошентип эне-бала бири-бирине жаңыдан гана ымалаша баштаган эле.

5-октябрь, жуманын күнүн Асыл эч качан унута ал-

байт. Ал күндү азыр өз өмүрү үчүн жасаган чечкиндүү бурулуш катарында баалап, жасаган ишине тымызын канааттанып калат...

Ошол кечте бакчадан уулун эртерээк чыгарып, дүкөндөн керектүү тамак-ашты сатып алышты да, үйгө кетиш үчүн адаттагыдай дал ушул аялдамага келишкен. Отургучка чоң сумканы коюп, жанына Актанды отургузду да, автобустун келишин күттү. Жан киши жок эле. Ушунун өзү окуянын бүлгүндүү бүтүшүнө ыңгайлуу шарт түзүп бергенсиди. Кайдан келгени белгисиз, ГАЗ-69 маркалуу жеңил машина бир аз өтө берип токтоду. Ичинен кызыл гүлдүү шалы жоолук салынган болук аял түшүп, экөөнү карай ыкчам басты. Анын бутундагы кара чигирим өтүгү таш жолду жаңырта качырап, жакалуу боз пальтосунун этеги кенен-кенен серпилип келатат.

— Менин көзүмө түшкөн тикенек сен экенсиң го, бетпак! — деди аял өтө жакын келип. Бул кадимки Аминат болучу. Асыл ордунан ток ургандай тура калып кайра отурду да, ошол бойдон дем чыгарып, кыймылдаган жок.

— Сенин шегиңди мурун эле билгемин, шуркуя! Бирөөнүн бактысына кол салган кандай болоорун жакшылап түшүндүрөт элем, эми кеч болуп калды. Азыр ансыз да бактысызсың! Чачыңды бирден жулмакмын, колумдан айлан! Менин баламдын балакетин алат бекенсиң, канчык! Бас шүмшүк! — деди да, Актанды дегдендетип жетелеп жөнөдү. — Экинчи көзүмө көрүнчү болсоң, каныңды ичемин! — деп эскертти, кайра кайрылып. Асыл жансыз адамдай кыймылдабады. Актандын апалап ыйлаган үнү кулагына кирбей, көзүн ирмөөдөн коркуп жалдырап отурду. Качан гана акылын жыйнап ордунан турганда, машина аркы көчөгө имерилип кеткен эле...

— Апа, автобус келди,— деди Актан.

Өткөн окуяны элестете аркы көчөнүн бурулушун ойлуу тиктеп турган Асыл жердеги чемоданды элпек көтөрүп, автобусту карай басып бараткан уулун көрүп, эми кайра каңырыгы түтөгөндөй ичинен күбүрөндү. «Каралдым, мен ошондо сенден биротоло ажырап калдым го деп, күдөрүмдү үзгөн болучумун»...

Автобуста эл азыраак экен. Алар салондун орто чениндеги бош орундукка келип отурушту. Ошол замат

алдыңкы катарда отурган аял көңүлкош бурулду да, тырмактары чоктой кызарган манжаларына кыстарган билетти сунду.

— Артка узатыңыз?!

Асыл билетти алуудан мурун аялдын жүзүнө тигилди. Экөөнүн көз оттору саамга илинип турду. «Өңү тааныш экен. Кайдан көрдүм эле?»

— Мен экзаменде кандай этюд жасаганымды айтып берейинби, апа? — деди Актаң, адатынча апасына ыктай отуруп. Алдыңкы аял жигиттин дарылдап сүйлөгөнүн жактырбагандай көзүн сүзүлтө кылчайып, кайра имерилип кетти.

— Ии, айтчы? — Асыл эки ойлуу сурап, көбүнчө береги аялды эстей албай кыйнала берди.

— Рыскуловдун «бөдөнө кармоосун» кайталап бердим.

— Ал кандай экен?

— Албы?.. — Көзүн бат-бат ирмеп, образга түшүп айтып кирди. — Калың шибердин арасында бир бөдөнө жүрүптүр. Мен аны байкадым да, майда-майда кадамдап, тегерене чуркадым. Уламдан-улам айлананы кичирейтип, бөдөнө жаткан жерге жакындадым. Туш тарабынын баары тосулганын сезген бөдөнө айласы түгөнүп, бүрүшүп жатып алыптыр. Башымдагы чоң тебетейимди эки колума кармап, бөдөнөнү лап эттире басып калдым. Мына эми ал туткун болду. Тебетейимдин кыймылдаганынан улам, анын жан талашып чуркап жатканын сезип турам. Кубанганымдан жүрөгүм дүкүлдөп, чекемдеги терди жеңимдин учу менен шашпай аарчыдым да, тебетейимдин бир жак капталын акырын көтөрүп, колумду салгам. Кексе бөдөнө буйтай берип, акыры «бырр» этип уча качпадыбы. — Актаң «бөдөнө кеткен жакты» көрсөтө колун сермегенде, манжалары алдыда отурган алиги аялдын түйүлгөн чачына урунуп өттү. Аял артына салмактуу бурулуп, адепсиз баланы жек көрө карап калды.

— Ой, кечириңиз?! — деди Актаң уятын жашыра албай.

— Айып этпеңиз? — Асыл коштой сүйлөдү. — Байкоостон...

Чоочун аял өз баркын сактап, айтаар сөзүн чыгарбай сурданган жүзүн тетири бурду. «Кайдан көрдүм эле? Өңү тааныш. Тааныш... Кайдан көрдүм?.. Ии, эси-

ме түштү. Ошол, дал өзү. Демек, кайрадан жолугушкан экенбиз да,— деп күбүрөндү Асыл,— Азыр жакшылап таанышсак кандай болоор экен?!.»

Койнума жылаандар кирсе да,
Ак чачып узаттым неченди.
Арсызга ишеним калтырдым,
Жиндиге төш тоскон мас өңдүү.

(Казыбектин ырынан)

# КОМУЗ КЫЛЫ ҮЗҮЛГӨН ЖОК

Бириклеген кош сызык.

Актандан ажыраган Асыл үйгө эптеп жетти да, боюн керебетке таштап, өксүп ыйлай баштады. Ал азыр турмушта жакшылыктын болоорунан күдөр үзүп, өзүн тирүүнүн катарынан ажыратып койду. Ызага чылангаи көз жаш тынымсыз куюлуп, денесин алсыздантып баратты. Көбүктөнгөн самындуу суу оозуна кирип, тумчугуп жаткансыйт. Бул кайдагы суу? Кайдагы? Баш алаauthor коркунучтуу шаан-шөкөттөр көзүнө көрүнүп, тура качууга алы келбейт. Ачык калган эшиктен Аккыздын келгенин, далысына чапкылап ойготууга аракет кылганын, а тургай «мени сынап жатасыңбы»,— деп күлгөнүн да түк сезген жок. Акырында бетине суу чачканда гана терең улутуна көзүн ачты.

— Сага эмне болду? — деди ал ачууланып. — Жыргал заманда ушундай жашоонун кимге кереги бар? Мындай адатың менен бир күнү болбосо бир күнү... Э койчу нары...

— И, кел... — Асыл акылын токтотуп түзөлүп отурду да, анын сөзүн укпагандай,— Качан келдиң?

— Келгеним качан, сени эс алдыра албай, жүрөгүм түшүп калды.

— Мен жинди болуп кетет окшойм. — Асыл ылдый телмиреген калыбында акырын күбүрөдү.

— Болбогон сөздү сүйлөбөчү?! Мынчалык азап тарткыдай, сага эмне болду?

— Аны сен түшүнмөк кайда...

— Менби? Мен сени түшүнбөймүнбү?— Аккыз ызалангандыктан үнү буулуп чыкты. — Канчалык ызала-

саң да сөзүндү көтөрүп жүргөн менден башка ким бар, кана, айтчы?

— Анын чын. — Асыл кусалуу улутунуп, ордунан турду.

Аккыз китепканада бирге иштешкен келин. Баягы Мамбетти тапкан дагы ушул болучу Өмүр өткөн сайын жашоо, турмуш кошо өзгөрүп, ага жараша жолдошчулук дагы жаңыланат тура. Акыркы жылдары Асылдын Аккыздан жакын курбусу жоктой сезилет. Ал эпилдеп, үйүнө чакырып, үйгө келип, Асылдын абалына көбүрөөк көңүл буруп жүрөт. Экөө ичтерине сыр катпай өскөн болушуп, жумушта да ынтымактуу.

— Уулуң кайда? — Аккыз «Уулуң» деген сөздү какшыктап айткансыды.

— Алып кетти.

— Ким?

— Өз апасы.

— Качан?

— Бүгүн, жана кечинде...

— Ырас болуптур! Ырас кутулупсуң! Мен дагы ошону «энесине берсеңчи» деп айтууга оозум батпай жүргөн. «Бөрү баласы ит болбойт», бирөөнүн баласынын сага эмне кереги бар дейм да. Бала керек болсо эрге тий, кой десе болбой жылына бирден төрөйсүң. Он эле жылда баатыр эне болосуң да каласың. — Аккыз сөзүнүн аягын тамашага бургусу келди.

— Сен мени шылдыңдайын деп, келдиңби? — деди Асыл орой.

— Эмнеге шылдыңдамак элем? Билсең, менин жүрөгүм сен үчүн ооруйт. Турмушта болбой турган, болсо да ылайык келбей турган нерселерге азгырылуунун эмне кереги бар я? Боору бөлөк бото болбойт. Баккан күнүңдө да ал сага боор бермек беле? Андан көрө бир эркектин этегин кармап алсаң санаадан тынч жашайт элең го.

— Эми эмне дегиң келет?

— Эмне демек элем, эрге тий?! Жалгыз тамда кокоюп, бирөөдөн жылуулук тилеп отургандан көрө, өзүңдөгү жылуулукту пайдаланбайсыңбы? Өмүрдүн кызыктуу учуру өтүп баратат, келесоо! Сага түшүнсөм өлөйүн, деги ургаачы экениң ыраспы?

— Ишенбейсиңби?..

— Билбесем кантип ишенем?..

— Сага кантип билдирүүм керек?

— Магабы?.. Эрге тийип!

—Тап!..

— Таптым. Баягы жигит дагы келиптир. Жалдырагыдай болсо тим эле мусаапыр, байкуш. «Дагы бир жолу сүйлөшүп көрөйүнчү, балким ал мага ишенбей жаткандыр. Аялым менен так кесээр тынышкам, чатагыбыз жок. Ата-энем али маңдайымда. Оокат жай дурус, бардыгы жетиштүү. Бир гана өзүм каалаган, жүрөгүмдү түшүнгөн аялга туш боло албадым. Мен андай жылуулукту Асылдан гана сезип жүрөм. Эгер бул тилегим ишке ашса, мындан аркы өмүрүмдү анын бактысына арнап жашамакмын!» — деп безилдейт. Карачы, сөзүнө ишенбей турган жигитпи? Өзүң деле түшүнгүдөй болдун эле го?..

— Киргиз.

— Мында жок.

— Кайда?

— Биздин үйдө.

— Күйөөң жокпу?

— Кечээ он күндүк командировкага кеткен.

— Жалгызмын дечи?

— Ооба. Жалгыздык курусун, түндө араң жаттым. Бир чыны чай иче албай элеңдеп... Ансыз деле бүгүн кечинде сага келейин деп тургам. Аңгыча келип калышты...

— Экөөбү?..

— Билесиң да. — Аккыз бир аз ыңгайсыздана күлүмсүрөп, анан чын нээти менен сүйлөп кирди. — Сен туура түшүнсөң? Ушундай тумандуу турмуштун арасында өткөн өмүр курусун. Каалаган максатына ким эле жете коюптур?!. Менин эңсегенимди, эмне билбейсиңби?.. Арга жок, келдим да отуруп калдым. Жашоо эл катары, жаман эмес, көрүп жүрөсүң... Турмушка чыксаң, өткөндүн баары бат эле унутулуп кетет экен. Бул өзү ойлогонго баш ийбеген, кызык дүйнө болот тура... Күйөөгө тийүү — сүйгөнүн табуу дегендик эмес. Ал жөн гана баш кошуп, биргелешип өмүр сүрүү. Андан кийин, балким, каалаган жигитиңе жолугуп каласыңбы ким билет!..

— Сен жолуктуңбу?

— Жашырганда эмне. Мен күйөөмө караганда Гүлжигитти жакшы көрүп калдым окшойт. Анын аялы, менин күйөөм бар. Акыл эстүү жүрсөк болбодубу.

Чындыгында эле жаштыкты жаштыктай пайдалана билүү керек окшойт... Кырктан ашкандан кийин биздин кимге керегибиз бар...

— Ошентип, жаштыкты пайдаланып жүрөм дечи?..

— Сен көп чойтойбо. Кеп мен жөнүндө эмес, сен жөнүндө болуп жатат. Эч күнөөң жок, мусаапырдай бүжүрөп ушул жерде отурган жакшыбы, же?..

— Кеттик! — Асыл ордунан чечкиндүү турду.

— Кайда?..

— Сен каалаган жерге.

— Ии, кеттикпи?! — Аккыз жайдарылана шашкалактады. — Чачыңды тарап, өзүңдү бир аз ирээтке келтирип ал... Чоочун эркектерге көрүнүп койгон эле жакшы... — Ал Асылдын көңүлүн ачкысы келип, кучактап күлдү.

— Сен, мага чыныңды айтчы, жанагы Гүлжигитиң чын эле күйөөңдөн артыгыраак көрүнөбү?

— Артык деле эмес. Бирок, эмне дешимди дагы билбейм... Кандайдыр жаш убактагыдай... көңүлүң жибип... Деги билбейм, айтор кызык... Сен жаман ойлобо, азырынча аны жаныма дагы жолото элекмин...

— Мен даярмын.

— Кой, жылуураак кийин, эшик чыкыроон болуп турат.

— Эч нерсе эмес. Мен али жашмын, жылуулугум кадимкидей.

— Өз жылуулугуңду өзүң кайдан билмек элең... — Аккыз кумарланып күлдү. — Ал деген эркек аркылуу билинет.

Асыл үн-сөзү жок эшикти карай жол баштады.

Экөө көчөгө чыгышты. Жол бою курбусунун кобурагандары кулагына илинбей, кандайдыр бир ишке өзүн өзү мажбурлап жаткансыйт. Аң-сезим сокур сезимге баш ийбей, Асылдын өзү менен абийири кармашып баратат.

Абийири: «Кайда барасың, токто Асыл?! Азыр Эрниске барып, бүгүнкү болгон окуяларды айтышың керек.

Өзү: — Жок. Жетишет. Ушунчалык маскаралангандыгым жетишет. Туруктуулукту кимге көрсөтүп, кимден алкыш алмакчымын? Мен эми керексиз таштандыдай серпилип, турмуштаң четтеп калуучудай абалга жеттим. Идеямдын, махаббатымдын тазалыгын эч ким сезбейт,

далилдей да албаймын. Бүттү. Үмүтүмдүн учкундары өчтү. Жүзүмө кара көө чачып, шылдыңдуу күлкүнү уга элегимде, алыс бир жакка кетип же, бир эркектин колун кармап алганым оң. Кыскасы турмушумду өзгөртөмүн.

Абийири. Кой, антпе? Дагы бир жолу жакшылап ойлонуп көрчү?

Өзү. Ойлонуп бүттүм. Мен дагы эл сыяктуу жашап көрөйүн. Аккыз каалагандай... Турду каалагандай... Жашап көрөйүн!

Сокур сезими: Андай иш сенин колуңдан келбейт.

Ак-сезими: Эмнеси бар экен? Келет. Келбесе келтиребиз! Барар менен... Бүттү...» Ичиндеги кайнаган ызасын өжөрлөнө өчүрүүгө аракеттенип, кайгылуу шаттыкка даярданып баратты.

Алар киргенде Турду менен Гүлжигит ууруларча бүрүшүп, бурчтагы диванда отурушуптур. Экөө тең элпек тура калышып, Асылга жарыша кол беришти.

— Коркпой эле койгула, эми эч ким келбейт. Келсе дагы киргизбейбиз,— деди Аккыз, каалганы бекитип жатып.

— Кирсе эмне экен? Ойноп күлгөндүн уятчылыгы барбы?! — деди Асыл. Бул сөз үчөө үчүн күтүлбөгөн нерсе болгондуктан, үйдүн ичи заматта жандана түштү.

— Асыл туура айтат. Эң туура! — Гүлжигит анын каруусунан сыга кучактап, созолонто ырдап, диванды карай басты.

«— Ойногон гана күлгөн ээй күнөөбү,
Ойнобой гана жаштар аай жүрөбү».

Асыл анын колун ийнинен бошотуп, Турдунун жанына барып отурду да, ырдын аягын улап жиберди.

«Оюнда сырын айтсам деп ой,
Турдунун оюндо турат тилеги эй,
Тилеги эй, тилеги эй-ийй!..

Гүлжигит каткыра күлүп, жамбашын чапкылады.

— Тукемди катырды! Ха, ха, ха... Сени катырды Туке. Тойгон күчүктөй болпойбой. жооп айтпайсыңбы?

— Эмнени айтмак элем? — Турду ыңгайсыздана кызарып, акырын сүйлөдү. — Айтсам сөзүмдү Асыл өзү эле сезип жүрөт. Эми аны кайталаганда эмне?..

— Кошулуп күндө ойнуңа,
Колумду артсам мойнуңа...

Асыл Турдуга колун артып, шайырлана ырдап кирди.

— Ий, күйгөн ай, күйгөн! — Гүлжигит алакан чапкылай кубаттады. — Эй сүтемди, кыймылдасаң боло?!.

Ичкилик көтөргөн Аккыз кубанычтуу кирди.

— Бу жолу жакшысыңар. Ушинтип күлүп жайнап отурсаңар! Мен заматта тамак даярдай салам.

— Мен жардам берейинби? — Гүлжигит ордунан тура калып, стакандарды жайгаштырып жиберди.

— Жо-жо-ок. Силер сүйлөшүп, эрикпей эрмектешип отуруп тургула. Өзүм эле, заматта...

— Бир кыздын жанына эки эркек кантип батышсын Гүлжигит сага жардам берет. Биз мында экөөбүз эрикпейбиз. Куюңуз, ичегини бир аз жылытып алалы, калганын көрө жатаарбыз... — Асыл ордунан туруп куюлган стаканды колуна алды. Аккыз анын азыркы мүнөзүнө шектүү карап, кандайдыр бир нерсе айткысы келди эле. «Мунун менден жашырган көп сыры бар окшойт. Бул көптү көргөн каапыр...—». деп ойлоду. Эмнеси болсо да бүгүнкү максаттын аткарылышы үчүн үндөгөн жок.

— Кана алып койгула?

— Сүйлөп койбойсуңбу, Асыл?

— Ар ким өзү үчүн, ичтен сүйлөп ичебиз,— деди Асыл, анан ал эч сөз күтпөй, эч кимге карабай тартып жиберди...

Асылдын турмушка бурулуш жасоого багыштаган кечи мына ушунтип башталды. Бокалдар биринин артынан бири көтөрүлүп, айтылбаган тамаша сөздөр айтылып, укпаган сөздөрдү угууга өзүн көндүрдү. Гүлжигит Аккызга «жардам берип» ашканада жүрдү.

Асыл болсо Турдуну телмире карап анын ар бир айткан сөзүн, кыймылын күлгөнүн, акыл сезимин өзүнүн идеалына салыштырып, эртеңки бирге жашоосу жөнүндө ойлонуп отурду. Бирок анын оюу ичкиликтин уусуна аралашып, бир жыйынтыкка келе алган жок. Анткен менен Асылдын эркин бир гана бүтүм бийлеп турган «Болоору болду, бүгүн бар[illegible]ы бүтөт. Бардыгын өзгөртөмүн!..»

Үлпөт аяктап, жатууга кам [illegible]ту.

— Жүр, эми жатып эс ал,— деди курбусу, кызып калган Асылды төркү бөлмөнү карай жетелеп.— Өзүңдү

эркектин алдында бекемирээк кармабайсыңбы. Эч нерсе боло электе эле сырыңды алдырып койгонуң болбойт... Кызып да калдың окшойт. Баарыбыздан аз ичтиң го, карманчы? Тигил керебетке сен, бул керебетке Турдуга салып койдум. Сүйлөшүп жатасыңар...

— Силерчи?

— Бизби? Мен өз бөлмөмө жатам, Гүлжигиттин төшөгүн залга салдым.

— Чогуу жатпайсыңарбы?

— Билбейм... Уятко... Ал өзү... — Аккыз тамылжый түшүп, аптыга сүйлөдү.

— Уятпы? Анда эмнеге кондурдуң буларды?

— Сага, силерге карап. Кененирээк сүйлөшсүн деп...

— Бизгеби??! Асыл ызалуу жылмайып, кадимки мас адамдай теңселип кетти. Ичкиликтен мурун өз сезимине өзү мас болуп турган болучу. Ал азыр береги курбусунун кымырылып, уяттуу болуп көрүнгүсү келгенине, өзүн алда канча бактылуу сезгенине кыжыры кайнап, аксайын намысы күчөдү. «Уяттуулар... Бактылуулар... Абийирдүүлөр... Биз үчүн кам көрүшөт имиш. Өздөрү үчүн эмес». Асыл өзүн өзү шылдыңдагандай, адепсиз каткырып күлдү.

— О жерге кир, эмнеге күлөсүң?

— Анда биздин төшөктү чогуу сал?! Жерге. Тар дивандын кереги жок. Мында, шырдактын үстүнө жая сал?!

— Ийй жерге кир! Кийин деле, үйүнө барганда ошентэрсиңер. Азырынча сөзүңөрдү бүткөрүп...

— Эмне сөз? Сөз эчак бүткөн. Сал! Сала бер?! Өз сунушуңа өзүң каршы чыгасыңбы?

— Сунуш кылганда... Көңүлүң билет дечи... — Аккыз карбаластап, жерге кенен төшөк салды да, жанаша эки жууркан таштады.— Чечин эми, эс ал Кудай урсун, сен мастык менен... Жиндидей болуп...

Асыл үнсүз сырт кийимин жай чечти да, ич көйнөгүн өйдө көтөрдү.

— Ийй жерге кир! — Аккыз аны карбаластай ылдый тартып түшүрдү. — Ич кийимчен эле жат?..

— Чечинип жаткым келип турат. Биротоло... Таптакыр... Сен күйөөң менен кан[illegible]катасың, ошондой.

— Мен эч жылаңач жатпайм, этим үркүп турат. Ушундай эле жат?!

— Жок, мен денемдин жылуулугун чүпүрөк менен

тоскум келбейт. Турдудан дагы ушуну талап кылам. Биз бүгүн түнү бири-бирибизди толук билишибиз керек... Бул көңүлүмө жакпаса, эртең башкасын издейм. Ал болбосо дагы бирөөнү... Ошентип, жаштыктын ырахатын көрө берем.

— Сен өчөшүп жатат окшойсуң. Мен сенин бузулуп кетишинди каалабайм. Эгерде, мага капа болсоң, жүр, үйүңө жеткирип келейин?

— Жок. — Асыл адаттан тышкаары жылмаңдап сүйлөдү. — Сага өчөшкүдөй иш эмес бул. Өзүм үчүн керек. Мен ага сөз берип койдум, биз макулдаштык... Эч качан өз сөзүмө өзүм каршы тура албайм. Аны билесиң да... Эч жакка кетпейм. Уруксат берсең төшөккө жатайын? Жигиттер сыртта бизди күтүп турушат.— Ал ич көйнөкчөн басып жууркандын бирин алып диванга ыргытты да, экинчисин жаза жаап чекесине кирди.

— Жакшы жат,— деди Аккыз чыгып баратып.

— Силер дагы...

Бөлмөдөгү жарык өчкөндөн кийин, Турду акырын басып киргендей болду. Терезеден түшкөн айдын шооласы анын эткээл мүчөсүн андан бетер далдайтып, тигил дубалдын бетине түшүрүп турат. Жүрөгүнүн катуу сокконунанбы, же адаты ошондойбу ким билсин, айтор, алыстан чуркап келгенсип, күшүлдөп дем алат. Эми ал ашыкпай чечине баштады. Өзүнүн тыкаандыгын билдиргиси келдиби, шымынын кырын келтире бүктөп стулдун кырына илди да, көйнөгүн Асылдын кийиминин үстүнө жаап койду. Денесиндеги жалгыз гана аялдыкына окшош аппак плавкасы анын абийирин жаап турат. Жууркандын четине келип, саамга ойлоно калды. Асылдын ичке мүчөсү, төшөктүн кайсыл жеринде жатканы билинбеген сыяктуу. Жалгыз гана буладай узун чачы аппак жаздыкка арта салына жайылып жатканынан улам, дал ортосунда экенин баамдап, жууркандын четин ачты. Кыз эчак уктап калгандай кыймылсыз. Думуккансып дем алуусу да анча билинбейт. Турду кыздын жүзүн калкалаган жууркaнды көкүрөгүнөн ашыра кайрып койду. Мына эми анын жумуру моюну, толукшуган көкүрөгү айдын шооласынан даана көрүнүп, бүлкүлдөгөн аппак тамагы менен чүрөктөй сулуу жүзү, жигиттин ышкысын арттырып жиберди...

«Башталды» деп ойлоду Асыл. Турду балкайган колун кыздын көкүрөгүнө чыгарып, өзү жакын жылып

жатты. Ошол замат Асылдын денеси ток тийгендей дирилдеп, кыйкырып жиберүүгө аз эле калды да, кыймылдабоого өзүн зордоп көндүрдү. Бирок, сезими эркине баш ийбей, башына чуулдаган үндөр толуп, баятан бери күтүп жаткан ойлорун быт-чытын чыгара аралаштырып жиберди. Кулагына бирөө шыбырап жаткансыды

Үн.

Казыбектин үнү.

Дос!
Бороон улуп жердин бетин сапырып,
Боздоп ажал келсе мени качырып,
Кыймылдабай тура берем сени эстеп,
Карегиме караанынды батырып!..

Турдунун колу көкүрөгүн сыйпалап, эмчектерин кармалай баштады.

Казыбектин үнү.

Адам өзү ар бир ишке кабылат,
Арам оокат ара жолдон табылат.
Азгырылсаң учкундарга жылт эткен,
Ал жүзүңө парда болуп жабылат.
Адаштымбы? Аппак канат, ак сүйүүм,
Атаганат, эми кайдан жаңырат?!

Турду Асылдын көкүрөгүнө эңилип, жүзүнөн аймалап кирди.

Казыбектин үнү күчөй берди:

Ортодогу таттуу сүйүү,
Майып болду эмне үчүн?
Өзгөрүлбөс жашыл сезим,
Кайып болду эмне үчүн?
Мага энчилүү тулку боюң,
Жайыт болду эмне үчүн?!

Асыл Турдунун кучагына чөгүп бараткан эле. Анан ал күтүүсүз жерден үстүндөгү жүктү болгон күчү менен серпип таштады да, көл түбүнөн чыга калгандай өңгөчүн тарта эчкирип, сыртты карай чуркап жөнөдү...

# ОТУЗ ЭКИ БУРУЛУШ

Кетсе кетсин өмүрүмдүн гүлгүнү,
Кездешүүгө жүзүм жарык барайын...

Ошондон жети күн өткөндөн кийин Асыл менен Эрнис жолго чыгышты. Кечээтен бери күзгү жамгыр көз ачырбай жаап жатат. Тоо башын чүмкөгөн ак кар, ылдыйлап колхоз талаасынын четине чейин түшүп келди. Кыш ызгаары сезилип турат. Жылуу кийинишкен жүргүнчүлөр муну сезе турган эмес. Максат менен алыска сапарга чыккан адам, кайгыны унутуу керек. Бул элдин адаты ушундай. Бирок, түпөйүл ишке кабылган киши оңой менен жаадырап-жайнап көпчүлүктүн шарына кошулуш кыйын окшойт. Асыл чыккандан тартып үн катып сүйлөгөн жок.

Нарынга өтө кеч келишти. Алдыда али жолдун теңи жатат. Райондорго баруучу автобустар дайыма күндүзү катташат экен. Жолдун татаалдыгына байланыштуу ушундай болсо керек. Ошондон уламбы опур-топур сээлдеп, автовокзалдын алдында түнкү рейс менен борборго жөнөөчү жалгыз автобус турат. Оңдой берди болуп мейманканасында орун бар экен, бул Нарындын шартында сейрек болуучу көрүнүш.

Асыл кирген бөлмөдө бир кыз, бир аял эски тааныштардай сүйлөшүп отурушуптур. Жашы кырктардан ашып калса да, өңүнө анча бырыш түшпөгөн келбеттүү аял элпек тура калып, Асылдын колундагы жүктү ала коюп, жылуу учурашты.

— Ай-ий, эмне мынчалык оор? Алыс жолго алыңа чактап эле көтөрбөйсүнбү садагам. Келегой, тиги эки орун бош, каалаганыңа жат. Менин жаныма эле келчи, кобурашып жаталы. Жолоочу кишинин жай сурашканы жакшы. Тигил кызымдан кеп сурасам, сүзүлүп уйкусу эле келет...

Асыл антип-минтип сырт кийимин чечингенче, далай сөздөрдү сүйлөп жиберди.

— Өзүң кайдан келатасың, садагам?

— Шаардан,— деди Асыл көңүлкош.

— Кайсы шаардан, борбордонбу?

— Ооба...

— Ии, ошондой де... Биздин шаарлар көп эмеспи. — Сөз бир аз үзүлүп калды. Жаңы кошунасы да жыргатып

эрмек болчудай эмес. Кабагынан кар жаап, оозу эле араң кыбырайт.

— Айылчылап чыккансың го, көтөргөнүң көп... — Актандын жылуу кийимдери менен белектер салынган алиги чемоданды карай башын экчеди.— Кыясы, кыздын артынан кууп бараткан окшойсуң?..

— Жок. Командировкага баратабыз.

— Дагы башка кишиң барбы?

— Ооба.

— Кайда барасыңар?

Бул суроолор Асылды туталантып койду. Кээ бир элет адамдары ушинтип бир жолуккан кишисин такып сурай бере турган адаты бар. Бири-бирин кызыктырган нерселерди сурашса мейли эмеспи. Жоопсуз калтыруу уят. Мынча болду аягына чейин чыдаш керек.

— Тогуз-Торо кыштагына барабыз. — Асыл жактырбаганын билдиргиси келип, тескери караган калыбында жооп берди. Ушуну менен суроонун токтоп калышын каалады.

— Тогуз-Торогобу? Айий, биздин айылга барат турбайсыңарбы. Эмне иш боюнча барасыңар? — Аял эми чындап такыктай турган болду.

— Сиз ошол жактыксызбы?

— Ооба, кыштактын так борборунда турабыз. Бу Ат-Башыга турмушка чыккан кызымкына баргам. Эртең жол берсе, кеч бешим үйдө болом.

Күнүнө бир эле автобус каттайт, билет алдыңарбы?

— Алдык. Саат алтыда жөнөйт дешти.

А жакшы болуптур. Кээде билет калбай калат... Көздөгөн жериңер барбы?

— Жок. Өкмөттүн бир жайы табылаар.

— Болот дечи... бирок биздин шартта кыйыныраак. Андан калса кышкүрөө учурунда биз жакка текшерүүчүлөр кемде-кем барышат. Анткени жатаканалары муздак, тамак-ашы начар, жолу алыс, кыйын эле. Эгерде чонураак жерге барсаңар анда бир жөн... Кетээр кеткенче алдыңардан дасторкон жыйылбайт. — Аял бир аз токтой калып, башын кексе чайкады да: — Ай таң, силерди анте коюшпас бекен,— деп кошумчалады.

— Аны сиз кантип билдиңиз?..

— А катыгүн, көз каңып бүтпөдүбү. Келген коноктун кебетесинен эле, ким экени билинип калат. — Ал өз сөзүнө маашырланып, шыңкылдап күлүп койду.

— Булардын баарын кайдан билесиз?..

— Э кызым, текшерүүчү чоңдордун баары мага барышат. Мен мейманканада иштейм, көп жыл болду.

— Ии, демек биз дагы эртең сизге барат турбайбызбы.

— Ошол үчүн сурап жатпаймынбы. Жолоочунун кадырын жолоочу билет.

Жетээр менен силерге жылуу бөлмөдөн орун алып берем. Андан кийинкисин барган мекемеңер көзөмөлдөп алаар. Баса, өзүң ким болуп иштейсиң.

— Республикалык китепканада...

— Берки шеригиң дагыбы?

— Жок, ал киши кабарчы. Гезитти текшерет.

— А китепкана болсо Үкөйгө барат турбайсыңбы,— деди аял анча жактыра бербей. — Аны жерге сууга тийгизбей мактадыңар го? «Качан көрсөм тойдон көрөм» дегендей, мен аны дайым эле бир машинени минип алып айылчылап жүргөнүн көрөм. Жөө жүрбөсүн деп, китеп ташыганга шылтоолоп бир машина берип койгонун айтсаң өкмөттүн. Анын ичинде китеби жок эле, кой ташып жүрөт дайым. Ишенбесең машинанын ичин карасаң, койдун кыгы чаап ала турган болуп калгандыр...

— Кызык экен,— деди Асыл күлкүсү келип.

— Анын кызыктары толуп жатат сиңдим. Сага төрт китебин көрсөтөт да узатып жиберет. Кыйын тың келин, бечара... Берки шеригиң кабарчы болсо, Үкөйдү сүрөткө тартып кетип, дагы мактап гезитке басасыңар го?

— Жок, ал район боюнча текшерет. — Асыл бул сөздү айтаарын айтып алып, эртең эле уяты чыгып калчуудай, кызарып чыкты.

— Жакшы экен. Андай ишке райком шарт түзүп берет. Анда силерди Кадырбек күтөт экен.

— Кадырбек дегениниз ким?

— Райондогу гезиттин чону. Жакшы неме кургур. Өзү билимдүү, көп окуду, көп кызматтарда иштеди. Бактысы ачылбай койду окшойт, анча чондукка жете алган жок. Мурунку аялы такыр төрөбөй калып ажырашкан. Кийин бир күйөөсү өлгөн жашыраак келинге баш кошкон болучу.

— Аты Аминат эмеспи? — Асыл шашып сурады.

— Ооба, Аминат. Эмне, таанышың болобу?

— Тааныш...

— Көптөн бери таанышсыңарбы?

— Бала кезден...

— Анда анын сырын жакшы билет чыгарсың? Өлгөн эринен тестиер эркек баласын ээрчите келген. Жакында дагы бир уулун алып келген экен, анысын башка эринен дешет-ко? Көп эрге тийген немеби ал?..

— Анысын биле албайм? — Асылдын өңү өзгөрүлүп чыкты. — Өлгөн күйөөсүн таанычумун... Кийинки алып барган баласын көрдүңүзбү?

— Көрбөй анан... Анысы энесине анча окшошпойт...

Асылдын жүрөгү алып учуп, Актандын абалын жакшылап сурагысы келип ордунан тура калып, кайра токтоду.

— Кантсин курган Кадырбек. — Аял жай баракат сөзүн улады. — Өзүнөн туяк жок. Бирөөнүн баласы болсо да эрмек кылып, эптеп асырайт да... Сен эмне, бир жериң ооруп турабы? Өңүң бузулуп чыкты.

— Жок, жок. Эч нерсе эмес. Чарчагандыкы го...

— Анда жатып эс ал. Бабырап көп сүйлөйт экен деп жаман көрбө? Сапарыбыз бир болгондон кийин, таанышып алганыбыз жакшы. Баргыча дагы далай сүйлөшөбүз. Алдыда агыны катуу суу, аскасы бийик бел бар. Ачылып кеп айтпадың, чын эле чарчагансың го, эс ал, эс ал... Э сиңдим, Айдай эжеңдин мүнөзүнө капа болбо, ушинтип ачык айтканды жакшы көрөм...

Тогуз-Торого баруучу жүргүнчүлөр анча көп эмес экен, автобустун арткы орундуктары бош баратат. Бүгүн асман ачык. Нарын дарыясынын өйүз-бөйүзүндөгү тоолорду ак кар чүмбөттөп коюптур.

— Үч күндөн бери бүгүн гана күндүн көзү көрүндү. Буюрса жолубуз жакшы болот экен,— деди Айдай.

«Жолубуз жакшы болот экен...» Асыл бул сөздү ойлуу күбүрөп, терезеден көгүлтүр асманга көз чаптырды. Бардыгы бейтааныш жер, ээн талаа, жыланач аскалар... Мындан төрт жыл мурда тигил жаңы ГЭСке чейин келип кеткен. Бир гана жолу. Ошол ырайымсыз аскалар, ошол ырайымсыз суу, бардыгы ошол бойдон. Түк өзгөрбөйт... «Шайтан көпүрөнүн» дал үстүнө келгенде Асыл көзүн бекем жумду да, о кыйлага чейин ачкан жок. Анын ички абалын сезген Эрнис пальтосун чечип, башына жаздап жаткырды да, өзү Айдайдын жанындагы бош орундукка отурду.

— Отур иним,— деди Эрнисти сөзгө алып. — Бул жакка мурда келдиң беле?

— Жок, биринчи жолу.

— Кайсыл жерликсин?

— Ошол Чүй ичинен болом.

— А тигил келинчи?

— Ал дагы...

— Шаардан өскөн балдар турбайсыңарбы. Эмитен эле кыйнала баштадыңар, тиги биздин Кара-Белден кантээр экенсиңер?..

— Ал эмне «Долондон» дагы бийикпи?

— А катыгүн, «Долон» ашуубу? Ал тим эле ээр белдей белес. Мына ашуу деп Кара-Белди айтуу керек, отуз эки ойрумасы бар. Өкмөткө ыракмат, ошого машина чыгарып койду! Атчан адам бастырар жер эмес эле. Баракелде!..

«Отуз эки ойрума, демек, отуз эки бурулуш...» Асыл өз ичинен күбүрөндү. «Отуз эки жаш... Отуз эки жыл... Отуз эки. А-аа, максатсыз өткөн отуз эки жыл! Максатсыз... Отуз эки бурулуштун ар бири максатка ылайык курулгандыр. Бирин алып салуу мүмкүн эмес чыгар. А менин отуз эки жашымдын канчасы максатсыз өттү дейсиң!..»

— Ошол Кара-Белге чыкканда эле Тогуз-Торо көрүнөбү? — Эрнис Айдай менен кызуу сүйлөшүп баратты.

— Кайда-а, Кара-Белден «Ыйык-Кан» жылгасына түшөбүз. Учу түбү көрүнбөгөн узун жылга, атчан адамга бир күндүк жол.

— Кайсы «Ыйык-кан»? Айбектин «Ыйык каныбы?» — Эрнис сөздү тамашага бургусу келди.

— Айбегинди билбейм. Аны мен кадимки Олжобай менен Кишимжанды өлтүргөн жер деп уккам. Жылганын күнгөй тарабы кайыңдуу токой, тескей тарабы чычкан сойлоп жүрө алгыс чытырман чычырканак болот. Уламышта ушинтип айтылат эмеспи. А тургай «Тогуз-Торо» деген сөз да ошондон улам калган имиш.

— И ошону айтсаңыз? — Эрнис кызыга сурады.

— Мен бул сөздү бала кезимде уккам, азыр анча эсимде жок.— Айдай бир аз ойлоно калып, элдик обонду кырааты менен ырдап кирди:

> «Гүлдүбадам бууданың,
> Гүлдөгөн кыпчак тууганың,
> Күн-түнү жатам уйку жок,

Куйүп, боздоп ыйладым.
Жалганда көрөр бекемин,
Жээним, жашчылыктын жыргалын?»

— деп зарлаган Кишимжанды Олжобай алып качканда, душмандар тогуз жерден торошкон тура. Каарданган каракчылар күнөөсүз эки жашты kууп жетип, ушул Нарындын суусуна камашса керек. Гүлдүбадам кызыл ат Нарынды өрдөктөй гана сүзүп өткөн дешет, жаныбар! Ошондон улам биздин кыштак Тогуз-Торо деп аталган имиш. Олжобай, Кишим — эки ашык артынан куугундун келе албасына ишенип, ушул жылгага келип түнөшкөн экен. Түнөбөй кете беришсе эмне?! Түнөгөнү да ырас болуптур... Эртеси өлүп тынышты...

Айдай сөздүн аягын супсак бүтүрүп, үнчүкпай отуруп калды. Асылдын сезимин ушул легендарлуу каармандардын тагдыры бийлеп алды. «Түнөбөй кете беришсе эмне?! Түнөгөнү дагы ырас болуптур... Эртеси өлүп тынышты...» Бул сөздү жаттап жаткансып, ичинен кайра-кайра кайталады.

— Демек бул жылганы ошол эки жаштын өлүмүнөн кийин аташкан экен го? — Эрнис сөздү жаңыртты. — Санжырада башкача аталат.

— Анысын билбейм. Биз «Ыйык-кан» дейбиз Жылганын башынан эки кызыл булак агып чыгат. Кудум канга окшош — кызыл. Экөөнүн кошулган жеринде эки түп чоң чынар турат... Ээ иним, ал кездеги сүйүү чынында эле ыйык болсо керек. Болбосо өлгөн Олжобайдын артынан Кишимжан өзүнө-өзү бычак салат беле?! Сүйүү деп ошону айт!.. Эмкилердин сүйүүсү он эле күндүк болобу деп калдым. Тун кызым Ат-Башыга турмушка чыккан, бир балалуу болушту. Бирин-бири жактырышып жүрүп эле баш кошушкан. Күйөөгө кетээри жөнүндө мага дегеле билдирген эмес. Эми «ажырашат элек» деп чакыртышыптыр. Ошолорго барып келатам...— Айдай ачуусу келе туталанып, ооздорун кыбырата тетири бурулду.

«Сүйүү деп ошону айт! Эмкилердин сүйүүсү он эле күндүк болобу деп калдым». Асыл ушул эки сүйлөмдү өзүнчө талдоого алып кирди: «Сүйүү деп ушуну айтуу керекпи? Олжобай менен Кишимжан, Ромэо менен Джульетта. Уздай таза сүйүүлөр... Биринин артынан бири өлүштү. Чыныгы сүйүүнү жаш боюнча сактап калышты. Тирүүлөрдүн сезиминде алар дайыма жаш, су-

луу боюнча жашап калат. Биз аны ушунусу менен ыйык сезип, туу кылып көтөрөбүз. Эгерде, алардын бири өлбөсөчү?.. Чыныгы сүйүүнү далилдеш үчүн, өлүмгө өлүм менен гана жооп берүү керекпи?.. «Азыркы сүйүү он күндүк...» Демек, сүйүү түгөнгөн имиш. Кызык, айтылуу сүйүүлөрдүн бардыгы, эки жаштын баш кошконго чейинкиси жөнүндө болот. Эмне, бирге жашоо учурунда сүйүү өчүп калабы? Бирин-бири ардактаган жубайлар жөнүндө неге айтылбайт?! Эгерде, Казыбек экөөбүз баш кошсок, Айдайдын кыз-күйөөсүндөй бир жылдан кийин ажырашуу жөнүндө сөз козгойт белек?.. Баш кошуу — сүйүүнүн өчүшү деп айтышат. Жок, сүйүүнү баш кошкондон кийин күчөтүү керек. Ишенген адамыңдан убактылуу кемчилдиктер байкалса кечирүү, эл алдында кадырлоо, өзүнчө болгондо жай түшүндүрүү — ынтымактын негизи болот деп түшүнөм. Мен дал ушундай кылмакмын!.. Бүгүнкү сүйүү бир кездеги сүйүүлөрдөн төмөн турушуна ишенбейм. Биздин сүйүүлөр белгисиз планетадай алыс, жаратылыш законундай жашыруун. Балалык кумарланууга азгырылып, же күндөлүк жалган махабатка кызыгуу менен өз өмүрлөрүн гана ылайлабастан, турмуштун чындыгын кошо ылайлап келе жатышат! Анан алар сүйүүнү жок деп, көкүрөк койгулагандарын кантесиң!.. О, сүйүү болгондо да кандай! Жолугушпагандар аны кайдан билишсин!

Турмушта бир келүүчү бакыт алып,
Сүйүүсүн татпай өтүү кандай азап!

Мен сүйүүгө өкүнбөйм. Өкүнө турганым башка... Сүйүүмдү өлүм менен эмес, кандайдыр башкача, башкача жол таап гүлдөтүүм керек! Саамайымды бубак чалып, жүзүмдү бырыш каптаса да, менин сүйүүм Кишимжандын сүйүүсүндөй жаш, сулуу болуп сезилсе!..»

— Кыз-күйөөнүз тынчып калыштыбы? — деп сурады Эрнис.

— Эми, ким билет... Дагы жашашат го. Мен күнөөнүн көбүн эле кызымдан көрөм. Күйөө балам жоош, ымандуу жигит. Келинчегинин көзүнүн кареги менен тең айланып турат экен. Балакеттин баары жанагы менин кызымда. Азыркы келиндерден деги тири укмуштарды угасың. Бу келин дегенди кайнене жумшап, кайнене башкарып, кайнене убайын көрөт дечү эле. Эми тескерисинче, болуп калды. Келиндин курсагына бүткөн бала,

кемпирдин жонуна бүтөт, бул бир де? Келинн жумушуна кетимиш болот, кемпир үйдөгү жумуштун баарын бүтүрөт, бул эки де. Баарынан кыйыны, түшүнбөгөн караңгы адамсың деп, кептен-сөздөн чыгарып эле койбодуңарбы байкуштарды. Келиндерге анын сүйлөгөн сөзү жакпайт, кылган иши билинбейт. Мына, менин кызым дагы дал ушундай. Чын айтам иним, өз баламды кантип эле калп жеринен жамандайын. Улуу балам жакында келинчек алат. Өлбөсөм кайнене болом. Ал секселек мени кадырлабаса, сөзүмдү көтөрбөсө, а катыгүн...

— Кызыңызга эмне дедиңиз?

— Кызымабы? Мен ага болушмак белем. Оозуңду эки колуң менен тең басып, тырс отуруп оокатыңды жөн кылгын. Өзүң каалап, өзүң келгенсиң. Обу жок чойроктогонуңду койгун! Болбосо менден оңбой каласың дедим да баса бердим.

Эрнис аялдын жасаган кыймылынан уламбы, айтор каткырып күлүп жиберди.

— Жок, чын айтам иним, мен калп айткан жан эмесмин. — Сөзүн ырастады Айдай.

— Ооба, ооба, ишенип жатам. Сиз кызыңызга эң туура айтыптырсыз.

— Туурабы, туура эмеспи мага баары бир. Көзүм эмнени көрсө, оюма эмнелер түшсө ошону айтам да калам. Атасынын көрү, көңүлүнө алса бала болбой ак койсун.

Автобус токтоп калды.

— Сыртка чыгып эс алып келиңиздер,— деди шофёр шумдангысы келип,— Белге чыкканча кыйналасыңар...— Анан ал чакасын алып сууну карай басты.

— Жүр иним; Кара-Белдин ойрумасын көр? Мындай бийик ашуу чанда эле болоор? — Айдай сыртка жол баштады. Асыл терезенин пардасын ачып, алыска көз чаптырды. «Алдымда отуз эки ойрума... Менде отуз эки жаш... Актанды алгандан бери отуз эки күн. Эң кызык төп келишүү... Жакшылыктуу жышаана! Демек, мен дагы жакшылыктан күдөрүмдү үзбөшүм керек окшойт. Мейли, бурулуштар дагы арбып кездешсин. А мен өмүрүмдүн акыркы чегине чейин тырмышып чыга берем! Мен тарткан кыйынчылыктар өзүм үчүн эмес, сүйүүм үчүн экенин далилдөөм керек! Кишимжандан башкача... Такыр башкача...»,— деп өз ичинен ант берип жаткандай күбүрөндү.

# ЖОМОК КАЙРА БАШТАЛДЫ

«Жалдырап сени тилсиз карап
турган». (Омор)

— Бу-у-ум... Келдик. Апа кандай?
— Жакшы.
— Оюнчук көппү?
— Көп.
— Ойнойбузбу?
— Ойнойбуз.
— Жомок айтып бересиңби?
— Айтып берем.
— Айтчы?
— Илгери, илгери өткөн заманда... — Актаң өзүнө салынган кичинекей төшөктүн үстүнө отуруп алып, өзү менен өзү сүйлөшүп ойноп жаткан. Үйдө киши жок болучу. Эки күндөн бери төшөктөн башын көтөрүп ушул сөздөрдү улам кайталап бир аз ойногон болот. Келгенден бери ооруп, сыртка да чыккан жок. Врачтын берген дарысынанбы, же ушул тапкан оюндун таасириненби, айтор, түндө жакшы уктады. Түшүндө апасы жомок айтып берип, ойнотуп отуруптур.

Сырткы эшик ачылып Аминат кирди окшойт. Актаң үнүн чыгарбай төшөктүн ичине кирип кетти. Бул аялдан аябай коркот. Алгачкы күндөрү бекем кучактап алып: «Берекем, сени мен төрөгөм. Өз баламды өзүмө ээ кылбай талашып жатышпайбы. Эми бербейм, бүттү. Каралдым»,— деп кучактап өпкүлөгөнүнө итиркейи келип, кыжыры кайнаган. Азыр антип жалынбайт. Башкача, бүт башкача болуп калды.

Актаң азыр киши менен анча сүйлөшпөйт. Эгерде, бирөө эркелетип койсо, солуктап ыйлап жиберет.

— Көзүң аккыр. Кара башыңа көрүнсүн, кара башыңа көрүнгүр! — деп тилдейт Аминат. Анын каардуу үнүн укканда, денесине тийген алакандын ачуусун сезип, унчукпай калат. Адеп келгенде көнгөн адатынча чечкиндүү болучу. Сөздү ачык айтып, кыжаалаттанганда а тургай Аминаттын жоолугун, көйнөгүн булкуп уйпалап жиберчү. Бир жолу тамак ичээр алдында өз табагын талашып, ошол адатын карматты эле калай кашык менен колун какшата чаап, көтөрүп туруп босогого ыргытып жиберди. Кайра туруп Аминаттын этегине асыл-

ганда, кап-катуу алакан жаагына кадала-кадала түштү. Бул аялдан качып кутулгусу келди көрүнөт, эшикке атып чыгып, бет келген жакка чуркап жөнөгөн болучу. Аңгыча дал маңдайынан кара дөбөт качырып келип, чынжырын булка так секирип бойлошо калганда гана, кайсыл күчтөн корккону белгисиз, үн чыгарбай кыймылсыз туруп калды. Бул дагы албуут аялдын жасаган ишиндей сезилди ага. Ушундан кийин туш тарабынын бардыгы коркунучтуу көрүндү.

Ошол түнү эшикке чыккысы келип чукуранып ойгонду.

— Ай эмне? — Аминат башын көтөрдү.

— Сийем,— деди Актаң шыбырап.

— Эшикте жарык күйүп турат, чыгып кел.

— Корком...

— Өлүксүз ай, куурата турган болду го, бул өлүксүз,— Аминат эшикке барып келгиче кейип-кепчип, каргап-шилей берди. Кийинки күнү дагы чыккысы келди эле, айтуудан коркуп, уйку-соонун ортосунда кыйнала берген. Эртең менен сууланган төшөктү көрүп, Аминаттын каардангany эң эле коркунучтуу болду. Андагы чабылган алакандардын уусу эмдигиче сезилип турат. Ошондон кийин эмне болгонун анча ажырата албай калды...

Азыр дагы Аминаттан коркуп, жуурканды чүмкөнө жамынып төркү үйдө жатат. Сырттан дагы бирөө киргендей болду. Анын чигирим өтүгүнүн качыраганынан улам, Кадырбек экенин билди.

— Сен эмне жооп бербейсиң,— деди ал. — Кыясы сырттан кыжылдашып киришсе керек. — Угуп жатасыңбы?!

— Угуп жатам.

— Анда жооп бербейсиңби?! Баланы бересиңби, жокпу?

— Эмне, сага оордук кылып жатабы? Коркпой эле кой, өз тапканым менен деле багып алам. Ушундайыңдан сага... — Аминаттын үнү жаңыдан көтөрүлө баштаганда, Кадырбек кыйкырып жиберди.

— Болду! Мурунку эриңе айткан сөзүңдү мага кайталабагын! Сен мени тилиң менен жеңе албайсың, уктуңбу? Анча баласаак экенсиң, кемпир өлө электе барып эмне үчүн алып албадың, я?! Эми бул закон боюнча сага тиешелүү эмес, түшүндүңбү?! Сенин албууттугуңду

закон көтөрбөйт, мен дагы көтөрө албайм. Баланы дагы, башканы дагы кыйнабай, закондуу бага турган кишиге бергин! Эсен чоңойсо, ал бала он сегиз жаштан кийин өз тагдырын өзү чечет.

— Эч кимге бербейм. Өз балама ээ болбой, кайдагы бир шермендеге...

— Анда эки баланды жетелеп алып, ушундайыңда кеткин! Ыкка көнбөгөн катыгүн окшойсуң. Эки сөзүңдүн бири жалган. Канча күйөөгө тийип, канча балаң бар экени белгисиз. Эми дагы бирөөнү жетелеп келип... Кой, балдарыңды чогултуп алып, өзүңчө оокатыңды кыл. Бирөөнүн кайгысын эмес, өз кайгым өзүмө оордук кылат. Ушул кебетеңди көрүп туруп, жапайы бөлтүрүктөрүң кантип мага боор берсин? Ушундайыңда мага кылган жакшылыктарыңды жыйыштыр, түшүндүңбү? Сөз ушул...

Аминаттын үнү негедир кайра чыкпай калды. Кадырбек өтүгүн качырата басып, сыртка чыгып кеткендей болду. Актаң айтылган сөздөрдү тыңшоонун ордуна, аялдын ачуу үнүнөн коркуп, жууркандан башын чыгарбай бүжүйүп жатты...

Дал ушул учурда Эрнис менен Асыл түштөнүү үчүн, кыштактын жападан жалгыз ашканасына барышты. Киши деле аз экен. Мыйрыйган темир столдо, эки жигит тамактанып отурушуптур. Ашкана жакта эки аял, кире бериштеги буфетте бир аксаргыл келин текчелерден баштарын чыгарып: «Эшиктен ким келээр экен,» — дегенсишип, жалдырап карап турушат. Асыл ала-сала ыңгайсыздана түшүп, анан буфет жакка бурулду. Эрнис колун жууганы кетти.

— Менюңуз жокпу,— деди Асыл.

— Бизде бар болгону гуляш гана! — Ак саргыл келин чоёктой сүйлөп, тигиле карады.

— Мейли анда гуляшыңыздан экини жазыңыз?

Келин эки гуляшка чек жазып, эки тилим нанды кести да, берекелүү таштары бар счётту тарсылдата чаап, жанында жаткан китептин бир барагын айрып жиберип нанды үстүнө салаарда, Асыл келиндин барак кармаган колун баса калды.

— Айрыбаңызчы?!.

— Ии, жүрөгүңүз айрылып кеттиби? — Келин ойкуштана мыскылдай күлдү. — Укканыбыз чын экен го.., Бир сом элүү тыйын төлөңүз? — деди да, Казыбектин

жатты. Тигил экөө эмне дээрин билишпей, ачуусу келгенин араң жашырып отурушту. — Менден бекер чочудуң. Ушул мейманканада көп жылдан бери иштейм, көп жашыруун иштерди билем. Келген конокторду өз колубуз менен тосуп алып, өз колубуз менен узатабыз. «Киши сыры кирип чыкканча» деп, аз күн жүрүшсө дагы алардын өйдө-төмөн иштери билинип калат. Өңгөнү билбейм, мен көргөн иш болсо, жабылуу аяк жабылуусу менен калды дей бер. Бирөөнө жамандык кылып эмне, распы? Менин он балам бар, алар дагы бирөөдөн жамандык көрбөсө деймин. Биздин жетекчилер «Сиз баатыр энесиз»,— деп мага ишенишет. Колумдан келишинче алардын ишенчин актап келатам. Бирок сен, сиңдим, сырыңды менден жашырыпсың. Жашыра турган деле иш эмес экен.

— Кызык,— деди Эрнис таң калыштуу. — Деги силер кызык эле экенсиңер. Жолуккан кишиге эле айта берүү керекпи?

— Айтпаска эмне? Мындан абийирсиз иш кылгандар деле өзүн-өзү актоо максатында кыйкырып чыгып жүрүшпөйбү. Силердики жөндүү иш. Айтуу керек. Эл деген эл, элден чыгып жыргаган кишини көрө элекмин. Жакшылык-жамандыкты эл көтөрөт, эл сактайт. —Айдай колу-колуна тийбей иштеп, оозу-оозуна тийбей сүйлөп жатты. Асыл туталанып турса дагы, сокур сезими адатынча калыстыгын жүргүздү: «Ак сөз. Жакшылык-жамандыкты эл көтөрөт, эл сактайт. А сен адилеттүү ишиңди эмнеге жашырасың? Жашыргандай болсоң неге жан талашып күйүп жүрөсүң? Жүрөгүңдүн актыгын элге түшүндүрчү?! Өзүң түшүндүр? Ансыз кимди ким билет. Сен жомоктун каарманысың, жомокту айтуу керек...»

— Өзүң менен өзүң болуп коруна берсең, бардыгынан куру каласың катыгүн. Айта турган сөз болсо айтып, иштей турган иш болсо өз учурунда иштеп кал. Өткөндөн кийин өкүнгөндө пайдасы не...

Сокур сезими. «Түшүндүңбү, эгерде, өз мүмкүнчүлүгүңдү учурунда пайдалансаң, «көрүнгөн көчүктү шыкаалап, тилемчидей үмүт кылбайт» элең...

— Кечиресиз эже? — Эрнис жактырбагандай, какшык аралаш сүйлөдү,— Сиз бардык ишти көзү ачыктай эле билет экенсиз. Биздин ал-жайды түшүнүпсүз. Эми кеч болсо дагы сурайлык, бизге берер кеңешиңиз барбы?

— Мен ошол үчүн сурап жатам. Уктум баарын уктум. Кадырбек байкуш чынын айтты. Мага береги сиңдимдин туруктуулугу жакты, адамды сыйлаганыңа ыракмат!

— Ага сиз качан жолуктуңуз? — Эрнис таң калыштуу сурады.

— Жана силер райисполкомго бурулуп кеткенде, мен Какеме киргем. Көпкө кармалдыңар го, жардам берише турганбы?

— Председатели жок экен. Орунбасарына кирсек, ал кишини келсин дейт.

— Алар ошентишет... Кой иним, биз аларды күтпөйлү. Мен силердин эски аяшыңардын сырын жакшы билем, сый сөздүн ээси эмес өзү. Аны көндүрөм...

— Кантип көндүрөсүз? — Асыл жандана сурады.

— Бара көрөм да. — Айдай камырабай жооп берип, жумушун аяктагандай стулга отурду. — Баланы ошол катын багат бекен? Андай кыйын болсо, колундагы эле баласын тыңыраак күтүп алсын да. Анысы менин кызым менен бирге окуйт. Кызым ошолордун тазалыгы. «Биздин класстын тазалыгын бир гана Кадырбеков Белек деген бала бузат. Кийими, китептери, колу бардыгы кир. Мен ага күндө эки коём,» — дейт. Бала бакканы ошобу? Баланы багыш керек. О кокуй, төрөгөндү кудай алсын, жеңилипен берсе эки сааттык нерсе. Азабы да, асылы да ошондон кийин башталат. Өзүм он бала өстүрдүм. Абышкам менен кайын энемди кошкондо, он эки кишинин түйшүгүн тартам. Алар менен эле отуруп албай, минтип өкүмөттүн дагы жумушун бүтүрүп жүрөм. Шүгүрчүлүк, бардык жерде жүзүм жарык. Баарынан мурун балдар, нысапты тилегиле. Адамдын абийиринен башка эмнеси бар...

— Туура айтасыз эже,— деди Асыл эми гана анын сөзүн кубаттап.

— Сиңдим, сенин бала багууга дилгирлигиңди көрүп турам. Өкүмөттөн дагы кагазың бар экен, сотко берсең дагы аласың. Аминат бала бакпай жерге кирсин. Жүргөнү жаман каапырдын...

— Биз эми эмне кылалы эже? — деди Эрнис, сөздүн аягын уккусу келип, антпесе бул аялдын кеби түгөнө турган эмес.

— Эми мен ал катынга барайын. Силер артымдан чыгып, Кадырбекти ээрчитип алгыла да, жарым

өтпөй кирип баргыла. Иш кандай бүтөт, ошол жерден көрөбүз.— Айдай халатын чечинип, камына баштады. Асыл андан мурун Актанды карай чуркоого даярдангандай, ордунан тура калды.

— Туура айтасыз эже! Ошентеличи?! Баланы көрөлүчү?! Кантип калды экен деги!.. Сиз эртерээк барсаңыз? Токтоңуз, мен алып келген белектерди ала барасызбы? Жок баса, өзүм эле алып барайын...

Эрнис Асылдын азыркы аянычтуу кебетесин көрүп, намысы тээп чыккан денесин араң кармап турду...

...Кадырбек үйдөн чыгып кеткенден кийин, Аминат нес болгон кишидей телмирип, дивандын үстүндө узакка отурду. Анан короого чыкты да, көрүнгөн нерселерди кармалап, жумуштарын жасагансыды. Башы чыңалып денеси алсыраганда кайра үйгө кирип, столго жаагын таяна отуруп, оюнун аягын жыйынтыктады. «Кетүү керекпи? Эми кайда? Баласыз киши имерилеби десем, жүк көрөт тура. Бала деп балапан башымды кууратат экемин го!.. Жок кетпейм. Баладан күткөн бакытка тойдум. Эркексиз өткөргөн өмүр курусун. Көрүнгөн эркекке көз артып ансыз деле... Жетишет эми... Мени ушундай азапка кабылткандар оңбосун! Оңбосун ошолор! Энкейип этимди көргөн биринчи эрим, балдарымдын атасын азыткылар азгырышпаганда, ушунчалык чачырап, ушунчалык азап тартмак белек!.. Шашпа, бактым менен баламдан ажыраткан бетпактын сазайын бүгүн өзүм берем...»

— Аминат, жакшысыңбы? — Айдайдын күтүүсүз саламына селт эте башын көтөрүп, ордунан турду. — Ботом, өзүм кирбесем, сенин кир дей турган түрүң жок.

— А, келиңиз? Байкабай калган турбаймынбы.

— Келдим. Учураша өтөйүн деп... Эмне жалгыз отуруп чай ичип калгансың?

— Үйдө киши жок.

— Абышкаңчы?

— Жумушуна азыр эле чыкты. Уулум окууга кеткен, кичүүсү бир аз сыркоолоп, төшөктө. Баса ага тамак беришим керек эмес беле...

— Ал каапыр, бөлөк өскөн неме, сага көнбөй жаткан го?..

— Өзүмдөн чыккан балам. Көнбөгөндө кайда барат дейсиз, көнөт да. Чай ичиңиз?

— Эси жок бала сенин энеси экениңди билеби. Кимди жакын тутса ошого качат. Менин эң кенжем атасынан башкага барбайт. Ал жокто ыйласа эмчекке дагы басылбайт. Атасынын үнү чыкса болду, тампандап чуркап, кудуңдап сүйүнүп калат, байкушум...

— Чай ичиңиз,— деди Аминат, мындай сөздү уккусу келбей.

— Ичип атам... Мен тиги Ат-Башыдагы кызыма баргам.

— И баса, андан качан келе калдыңыз?

— Кечээ кечинде.

— Бир күндө барып, бир күндө келдиңиз го дейм? Тим эле сиздин желгениңизге жел жетпейт. — Аминаттын бир аз жарпы жазылып, күлгөн болду. — Чарчоо дегенди билбесеңиз керек.

— Ден соолук болсо эмне чарчайсың... Бардым да айтаар сөзүмдү айта салып кайра тарттым.

— Тынышып калдыбы?

— Тынышпаганда кайда барат. Күнөөнүн баары менин кызымда. «Баламды алып сени менен кетем»,— дейт. Баланын балакетин аласыңбы, бала тигил багып отурган кемпирдики. Кете турган болсоң, ушул кийинген кийимиң менен үйдөн чыккын да, менин дагы көзүмө көрүнбөй, жоголгун! Сендей эсирген немени бала кылбай ак койдум, дедим эле, таш тиштегендей болуп отуруп калды.

— Ал эмне кылганыңыз, өз кызыңызга... Жаман айтыптырсыз байкушка.

— Эмнеси байкуш, ушул жыргаган заманда. Мен анын көзүн таңып күйөөгө бериптирминби? Өзү сүйгөн, өзү тийген. Эми жакпай калат имиш. О эсирген бейбак! Жанымды гана кашайтат. Турмуш деген оюнчук эмес, бирде ачуу, бирде таттуу болот. Жар күтүүнү каалаган адам, анын ысык суугуна чыдай турган болуп барыш керек...

Аминат унчукпай телмирип отуруп калды. Айдай бир аз чай ичкен болуп, кайрадан сөзүн улады.

— Кечээ кечке маал Нарынга келсем, баягы сенин көңүлдөшүң жолугуп...

— Ким? — Аминат ток тийгендей орой чочуду.

— Аты эсимде жок, баягы дүкөндөрдү текшерип келген алтын тиш жигитчи?..

— Коюнузчу жеңе...

— Опей, анын эмнесин коём? Салам айтып кой деди, айтып коёюн?!.

— Мен аны тааныбайм...

— Эмне дейт?! Таанабасаң эмнеге койнуна жаттың эле?..

— Акырынчы жеңе? Бирөө угуп калса уят... — Аминат алаңдап эки жагын каранды.

— Уят экенин билсең жатпай койбойсуңбу? Көңүлүн алган кишинин саламын эмне алгың келбейт? Аманатты аткаруу адамдык милдетим. Айтып кой деди, айттым. Сен тим эле жандими неме көрүнөсүң!...

— Апий жеңе, коюңуз эми?—Адеп сактап наздана калды.— Мен сизден уялганымдан тамашаладым. Кечирип коюңуз? — Жагалданып Айдайдын мойнунан кучактады.

— Ошондой десең ботом. Адамдын жакшылыгын түшүнгөн эстүү келин деп жүрсөм...

— Билем жеңе, билем. Сиздин кылган кызматыңызга карызмын. Тирүү жан экенбиз. Өйдө-төмөн иштер болбой койбойт окшойт... Аны өзүңүз түшүнүп турасыз го? Сиздин дагы бир ишиңизге жарармын, э жеңе? — Аминат кадимкидей ачылып, көңүлү жайланып калды.

— Билгениңе ырахмат. Ушинтип жакшы ооз сөзүңдү айтып, кадырымды калтырбасаң эле болду.

— Кудай урбадыбы, сиздин кадырыңызды калтыргандай... Кайсыл күнү сөзүңүздү эки кылдым?

— Жо-жок, андайыңды көрө элекмин.

— Ошентсеңиз. Тамак жасап жиберейинби?

— Кой, кармаба? Кетем. Баса, айтаар аманатымдын аягын бүтөйүн.

— Дагы эмне, айтыңыз?

— Алиги жигит: жакында барам, айтып коюнуз өзү билет деди. Эмнени өзү билет деп такып сураганым жок. Убадаңар бар го... — Аминат жоодурай жылмайды.

— Аны сизге учурунда айтам. Келсе, келсин...

— Болуптур анда, мен кайтайын. Бирөөнүн аманатын аткардым, жакшы тур,— Айдайды ордунан козголтпой кайра отургузду.

— Коё туруңуз? Жок дегенде чайды жаңылайын.

— Ичтим эле го. Бекер убара болуп...

— Сиз үчүн убара болгонум эч нерсе эмес. Мен заматта жаңы эттен куурдак кууруп жиберем.

Аминат ашканага камынганда Кадырбек Эрнистерди ээрчитип кирип келди.

— Жакшысыңарбы? — деди Эрнис. Эч ким жооп берген жок. Аминат бурчка кетенчиктеп, колуна табакты кармаган калыбында, кыймылсыз турду. Айдай үй ээси менен конокторду алмак-салмак карап, сөз болбогондон кийин, ордунан тура шашкалактай сүйлөдү.

— Жакшы. Келгиле айланайындар? Төргө өткүлө? Өт сиңдим? Быякка кел.

Бардыгы столго тегеректей отурушту. Ортого кайрадан жымжырттык өкүм сүрдү. Асылдын денесин майда калтырак басып, окуянын бүтүшүнө көзү жетпейт. Азыр өмүр бою бири-бирине жек көрүнүшкөн эки күч «катуу багыттан» бетме-бет кезигишти. Кимиси минген атын курмандыкка чалышаар экен?..

«Катуу багыт» — жалама асканын бооруна салынган жалгыз аяк жол. Эгерде, эки атчан киши бетме-бет кезигишсе, жанаша бастырып өтө алышпайт. Демек, бирөөнүн атын жардан кулатуу менен, сапар уланат. Бул үчүн биргелешкен бүтүм керек. Биздин тоолуктар көңүлү калган кишисин: «Шашпагын, «Катуу багыттан» жолугушаарбыз»,— деп кекетишет. Мына жолугушту...

— Аминат. — Эрнис каргылданган үнү менен сөз баштады. — Биз сенин алдыңа келип отурганыбызды жек көрбөгүн? Бир кезде экөөбүз бири-бирибизди сыйлашкан аяштар элек. Турмуштун энчиси экен — алысташтык. Бирок канчалык бөлүнүшсөк деле, ортодогу бир күч бизди бириктирип турат. Аны өзүң түшүнөсүң... Эгерде...

— Эрнис! — Аминат буулуккан үнү менен сөздү бөлүп кетти. — Экөөбүз башында эле сый болчубуз, кийин деле сый боюнча калганбыз. Дагы деле сыйыбыз менен жүргөнүбүз оң. Сен мага акыл үйрөтөм деп убара болбочу?!.

— Сөзүмдү уккуң келбейби?

— Эч качан.

— Кой! — Айдай сөзгө аралаша калды. — Үйүңө келген меймандарга мындай сүйлөбө? Булардын жөн жайын мен дагы уктум, Аминат. Сага жакшылык гана каалашкан кишилер экен. Сенин кайгыңды тең бөлүшүп, кыйынчылыгыңа каралашкан жолдошторуңа акылың болсо жаман айтпа? Андан көрө бол, чайыңды кайнатып, дасторконуңду жай! «Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч» дейт. Антип тетирленбе! Үйгө кирген жылаанга деле ак чачып узатат тура?!

— Жок менин жолдошторум эмес. Булар менин бактымды тартып алышкан каракчылар!

— Так, наадан! — Кадырбек ачуусу менен столду муштап жиберди. — Сенин эриңди ушулар өлтүрүшүптүрбү? Өзүң-өзүңө душмандык кылып, бирөөнү күнөөлөгүң келет. Алып чык баланы! Закондуу бага турган кишиге бергин! Сен кылган кылмышка жардамдаш боло албайм. Андан көрө куу баш бойдон өткөнүм жакшы. Бергин баланы?!

— Бере албайм...

— Андай болсо... Мен эки сүйлөбөйм... Оокатыңды жыйыштыр.

— Кой Каке,— деди Айдай жагалданып. — Анчалыкка кетпе? Аминат эстүү келин, сөзгө келет. Эсен чоңойсо сенин эле балаң. Ботом багып берейин дегендин эмнесин жаман көрөсүң?

— Менин турмушума кийлигишпеңизчи жеңе?..

— Я?... А кашак. Заматта айныганың кандай? Көңүлүмдү калтырсаң өзүң бил...

— Сиз эмес, азыр өзүмдү көргүм келбей турат...

— Опей, ал эмне дегениң? Суу кечкенден кийин ушинтесиңби? Жакшылыкты билбесең...

— Мен эч кимден жакшылык көргөн эмесмин. Эч кимге жакшылык кылгым дагы келбейт!

— Мейлиң, айткан сөзүңдү аткаргың келбесе, абийириңди төккөнүң ошо. Сен кишини сыйлабасаң, сени киши сыйлайбы? Билсең ушунун баары сен үчүн жасалып жаткан жакшылык. Жамандык кылгыбыз келсе... Көргөн билгендер толуп жатат... Кимдин оозун ким тыят? Эртең эле бармагыңды тиштейсиң.— Айдайдын өңү сурдана түшүп, Аминатка сырдуу тигилди. Экөө шектүү тиктеше калды.

— Мен баарына жакпайм! Мен жакпайм баарына! Алгыла! Алгылачы?! Жоголгула! Жоголгулачы?! — Ал адаттан тышкары чыңырып-чыңырып жиберип, өкүрип ыйлап, столго бетин басып отуруп калды.

— Долусун... Чочко! — деп күңкүлдөдү Кадырбек. — Жүрүңүз?

Араң турган Асыл ордунан ыргып турду. Ал азыр коркконунанбы, же кубанганынанбы айтор, жүрөгү дүкүлдөп, сүйлөөгө алы келбей аптыгып калган эле.

— Тигине уулуңуз. — Кадырбек жыйылган жүктүн бурчун көрсөтө башын экчеди. — Келгенден бери чыр-

гоолонуп, өзүн да, бизди да кыйнады. Бөлөк өсүп калган неме оңой менен боор бере турган эмес. Баланы баш ийдириш үчүн анын эркин мокотуп эмне кереги бар дейм да...

Асылдын кулагына бул сөздөр анча илинген жок. Дөмпөйгөн төшөктү көрүп жүрөгү шуу дей түштү. «Бул эмне деген шумдук?! Баш аягы көрүнбөйт да катыгүн!»

Актаң Аминаттын ачуу үнүн укканда эле, төшөктү чүмкөнүп кыймылсыз жатып калган болучу. Азыр үстүндөгү жууркан сыйрыла баштаганда, депесин коркунуч каптап, көзүн жуумп ансайын бүрүшө түштү.

— Акин! Акинтай! — Асыл жата калып баланы өпкүлөп жиберди. — Сага эмне болду? Мени карачы? Көзүндү эмне ачпайсың? Акин?! — Бала өзүнө тааныш үндөн уламбы, же жүзүнө бадыраган көз жаштан чочудубу, айтор кыйладан кийин көзүн жүлжүйтүп ачып, шектүү карады.

— Акинтай! Мени таанабай турасыңбы? Сага келбедимби, садагам!..

Актаң уйкудан эми гана ойгонгондой көзүн бакырайта ачып тигиле карады да, буулуккан үнү менен «АПАКЕ!» деп араң шыбырады. Анан Асылды бекем кучактап көкүрөгүнө тумшугун катты да, өпкөлөп ыйлап жиберди...

Түпөйүл түтүндүн бықшыгына,
Түшкөнчө санаанын туткунуна,
Жанымды жылытып алайынчы,
Жылт эткен үмүттүн учкунуна.

# ТҮГӨНБӨГӨН ТҮЙҮНДӨР

Жаңырган из.
Биринчи түйүн.

Актаң азыр да дал ошол кезиндей апасынын көкүрөгүнө башын катып, бүлдүркөн жеп келатат. Автобус сапарынын акырына жакындаган сайын, жүргүнчүлөр сээлдеп, жүрүшү да катуулап калгансыды.

— Көп жебесеңчи уулум, курсагың ачкадыр?

— Самолёттон тамактандык.

— Сен эмне үчүн мага телеграмма берген жоксуң дейм да?..

— Ишенсеңиз, күтүүсүз келип сизди кубантайын дегем.

— Ишенем уулум, ишенем. Бирок, ушу саам сени тосуп алгым келген эле...

— Кечириңиз? Мындан ары келээримди сөзсүз билдиремин. Эгерде, самолёт кармалып, же кечигип калса...

— Сабыр кылып күтүүгө аракет кылам. Максат менен узатып, жеңиш менен тосуп алган кандай сонун!

Кыпкызыл күн болуп узатам да,
Апаппак таң болуп тосуп алам!

деген атаңдын ырын билесиңби? Өзүнүн алыска кеткен кымбат адамын сагыныч менен тосуп туруу — чоң бакыт! Эгерде сенин сагынып тосуп алаар кишиң жок болсо, жашоонун кызыкчылыгы эмне? Ушул эсиңде болсун?!.

— Макул анда,— Актаң апасына жаш баладай эркелеп, мындай деп кошумчалады. — Кап, чын эле биз аэропорттон жолугушсак, анда Алмалуу бакты аралап, үйгө жөө келмек экенбиз ээ апа?..

— «Алмалуу бакты?» Алмалууну... и бакты аралап десең... Ооба ошондой кылсак да болмок...— Асылдын сезимин кайрадан өткөндүн жомоктору азгырып кетти...

«...Алмалуу көчөсүндөгү № 1 үй», Асылдын эсинен эч качан чыга турган эмес. Дем алыш күндөрү атайын барып, эс алып кайтчу. Идеал күтүү, идеал менен жашоо—тирүүлүктүн максаты. Адамдардын, бардыгы буга кабылат болду бекен? Кабылганы кандай жакшы! Максатсыз жашап өткөн ойрон өмүрлөр!.. Азыр кээ бир адамдар ашыкча түйшүктү каалашпай, бейкапар жашоону эңсешет. «Күндүгүнө өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин!» деген сөздү бек туткандар да жок эмес.

Идеал — куру түйшүк!

Идеал — куру кыял!..

Бул үндөөнү жамгырдай төгүп айтуучулар кездешпейт дейсизби? Биз жорго минип өткүбүз келбесе кантебиз? «Колуңдан келбейт» дешээри бышык. Мейли эми, ар ким өз жолунда сапар тартсын. Жашоонун татаалдыгы да, кызыкчылыгы да ушундадыр? Асыл болсо көрүнгөн ак чекитин беттеп, сезимтал жаны жай таппай, өзү

эңсеген идеалынын изин кууп, жылаң аяк чуркап келатат...

Жүгүрдүңөр изимди кууп талыкпай,
Жүргөнүмдө кум учурган аралда
Сактадыңар солкулдатпай денемди,
Сабагымдан эми үзүлүп каларда...

Казыбек бул ырын тээ мурда эле Асылга арнап чыгарган. Балким, өз өмүрүнүн ушинтип уланаарын сезген чыгаар?.. Эмнеси болсо да азыр башынан анттaшкансып, өзүнөн башка эч кимге жакпаган түйшүк, буга бакыт сезилип келатат. Укканга шылдың болоорун унутуп да калды. Анын максаты бир гана сыяктанат: Актанды өстүрүп, адам кылып тарбиялоо. Атасынын турмушун, анын ким экенин түшүндүрүү. Жакшы адамдар менен досторуна жолугуштуруп, алардан алыстатпай, жүрөктөш болууну самады. Жарашыктуу кийинтип алып, жанында бойтойтуп ээрчитип жүрсө, көргөндөрдүн баары суктанышат. «Суук көздөн оолак болсун!» деп тилейт ичинен. Эми эч кимден тартынбай эле... «Уулум, Казыбектен төрөгөм»,— деп айтчу болду. Мындай түйүндүү сөздөрдүн аягы эмне болоорун ким билет?.. Ушул дагы кеппи? Чече турган түйүндөр көп...

Актаң экөө жашаган биринчи кыш. Шаарга жаңыдан кар түшүп, эрибей токтоп калган, алгачкы жума. Ушул күнү уулун ээрчитип, сүйгөн жайына барып келүүнү чечти. «Балким ал жер буга да жагып калаар» деп ойлоду. Асылдар «алмалуу» дешкени менен өзүнчө аты жок, жапайы жемиштүү кенен талаа. Мурда чытырман токой болуп, кыргоолдор көп эле дешет. Азыр дарактары суйдаң тартып, арасында боз чымчыктар менен каргалардан башка канаттуулар көрүнбөйт... Казыбектер биринчи жолу мында ээрчишип келип тандап алышкан жери; чоң мажүрүм талдын түбү болчу. Ал келген сайын Назымдын «Мажүрүм тал» деген минорлуу ырын жатка айтып, кыйлага отурар эле. Балким акынды сыйлагандан улам, ушул жерди тандап алышкандыр?..

«Мажрүм тал шактары чуудаланып,
Мажүрүм тал наз менен ашкан сулуу,
Чайкайт күмүш саамайын суугa малып...»

деген саптары дал эле ушул жердин өзүнө төп келишип калуучу. Анын түбүнөн чыккан булак көлчүктөнүп, чеке-

син буруксуган жалбыз каптап туруучу. Кийинки жылы жазында атайын алып келишип, эки түп алманын көчөтүн отургузушкан. Азыр кадимкидей мөмө байлап калды. Бирок, бышканга жеткиришпей эле, келгендер үзүп кетишет. Шактарынын кайрылып сынганына карабай жашоосун улантып келаткан бул эки түп алманы Асыл өзүнүн өмүрүнө салыштырат.

Актаң биринчи жолу жапайы токойду аралап, бейтааныш багытты карай кар малтап баратат.

— Биз эми кайда барабыз апа?

— Алмалуу көчөсүнө.

— Алыспы?

— Жакын эле.

— Эмне үчүн троллейбус менен барган жокпуз?

— Ал жакка каттабайт.

— Эмнеге каттабайт?

— Жол салынып бүтө элек... Кийин каттайт... Чарчадыңбы?

— Жок.

— Көтөрүп алайынбы?

— Ики, оормун да. Сизди мен көтөрөм.

— Көтөрө албайсың.

— Көтөрөм, көтөрөм... — Актаң болгон күчү менен апасын кучактап, көтөрүүгө аракет кылды.

— Болуптур эми, мен дагы чарчаган жокмун. Экөөбүз кол кармашып басалы.

— Макул. — Актаң кудуңдап, апасынын колунан кармады да, алдыга сүйрөп жөнөдү. Теребелди жаңдандырган экөөнүн каткырыгы... Асман көл бетиндей туптунук болучу. Мемиреген күндүн нуру, ак бантик байланган секелек кыздай серендешкен бутактар, шактан-шакка секирген боз чымчык, кыскасы ушул айланадагылардын баары жадырап-жайнап, ааламды жаңырткан ыр менен конокторду тосуп алып жатышкансыйт. Асыл мунү бүткүл денеси менен сезип аларга аралашып баратат. Эбегейсиз хордун арасынан бир үн суурулуп салтанаттуу сүйлөнгөнсүйт: «Асыл, артыңды карасаң?! Бурулуп карачы артыңды?! Сенин изиң жалгыз эмес, көрдүңбү?! Кайрадан экөө болуп калды! Сенин изиң кайрадан экөө!..» Ооба, ал Казыбектин изи,— деп шыбырады Асыл, ал Казыбектики! Менин жашоом да, Актандын өсүп жетилиши да ошол үчүн керек. Болбосо бала күтүүнүн зарылчылыгы кайсыл? Бала атага эмес,

ата балага кымбат! Эгерде, адам өзү үчүн гана жашаса, анда өмүрдүн, сүйүүнүн асылдыгын, ата мекендин, элдин ыйыктыгын сезбес эле. Демек, менин аракетим текке кетпөөгө тийиш. «Алма сабагынан алыс түшпөйт» дешет. Актан атасын тартат. Билбесе, кантип?.. Ал үчүн мен ага атасынын эңсегендерин, туугандарын, досторун, душмандарын, жек көрүүсүн, сүйүүсүн, кадырлаган каарманын, китебин, музыкасын, дүйнөлүк көз карашын, баарын, баарын түшүндүрүшүм керек. Элди, эмгекти атасындай сүйүүгө, чындыктын бар экенине атасындай ишенүүгө үйрөтсөм!.. Казыбектен билимдүүрөөк, чечкиндүүрөөк болсо!.. Мен ошондо гана ак сүйүүмдү актаганыма ишнемин!.. Казыбек турмушту кечирээк түшүнгөнүн, жетектөөчү кишисинин жоктугунан көрүп, кейип калчу. А мен жетектөөчү боло аламбы? Жалгыз гана менин тарбиям менен чектелсе, кандай болот?.. Жок, жок табуу керек. Жакшы адамдарды табуу керек...»

Алдыда карды малтап чуркап бараткан Актаң чочуп токтоду. Арыта чуулдаган мылтыктардын үнүнө удаа, эркектердин каткырган күлкүсү угулат.

— Апа машина!.. — деди Актаң элендеп. — Көп кишилер жүрөт.

Мажүрүм талдын түбүнө эки сур «волга» токтоп, арыта үч-төрт киши алманын шагына байланган бутаны аткылап жатышат. Булактын боюнда дасторкон даярдап отурган эки аял буларды көрүп тура калышты. Бул көрүнүш заматта Асылдын бүткөн боюн дүрүлдөтүп уулун колунан булка тартты да, кайра артка кетүүгө шашты

— Асыл?! — деп кыйкырды алиги аялдардын бири.

— Апа чакырып жатат,— деди Актаң.

— Асыл, токто! Эмнеге качасың? Кел, келе бер?!

Ал аргасыздан артка бурулуп, өзүн карай келаткан Берметти көрдү.

— Кандай, жакшыбы? — деди Бермет кадимкидей жаркылдап. — Сейилдеп чыккансыңар го?

— Ооба, жо-жок. Аэропорттон үйдү карай жөө кетеличи деп... — Асыл ыңгайсыздана жылмайды.

— Акип, чоңойдуңбу? Биздикине эмнеге барбайсың?

— Барбайм,— деди Актаң чечкиндүү.

— Эмне үчүн?

— Жөн эле, барбайм.

— Бөлөк бакчага которулуп кетпедиби,— Асыл баланын сөзүн ырбатпай жооткото сүйлөдү. — Андан калса

убакыт болбой... Барабыз эжекеси. Айбек кайда? Аны биз үйгө чакырсак да келбей койду.

— Ал айылга кеткен. Окуганча жүрсүн дедик.

— Бермет,— деди Асылбек,— кел эми, өзүң жыйынтыкта.— Дасторконду тегеректей турган кишилер буларды карап, күтүп турушту.

— Жүр, биз менен даам ооз тий? — Бермет Асылды колтуктай басты.

— Жок, ырахмат, кетели...

— Кой, ошол кантип болсун. Тигил Москвадан келген коноктор. Дем алыш күнү эс алдыралы деп, сыртка алып чыкканбыз. Жүр, күтүп калышты.

— Булар кайдан жүрүшөт? — деп күбүрөдү Асылбек. — Анын сөзүн жанындагылар да, Асылдар дагы уккан жок.

— Кел кымбаттуум, келчи? Сенсиз бардыгы көңүлсүз. — Москвадан келген узун бойлуу арык киши Берметти ийнинен кучактап, колуна стакан карматты. Бардыгы кызып калышыптыр. Асылдын келгенин анча тааназар алышпады. Жалгыз гана чекир көз жигит кыя карап, бүшүркөй сурады.

— Сиз кайдан пайда болдуңуз? Машинада жок элеңиз го?

— Бул биздин жолдоштор... Сейилдеп жүрүшүптүр,— Бермет кыскача түшүндүрдү.

— Ошондой дейм да. Көрүшпөгөн экенбиз,—Жигит чоюла сүйлөп, стакан сунду. — Келиңиз, даамдаш бололу?

— Ыракмат, мен ичпейм.

— Алыңыз, бир жолу татып коюңуз?

— Жок, жок, ыракмат...

— Сиз деги сыйлаганды билген немесизби? — Жигит жүзүн жыйрып, текебердүү карады. Асылдын денеси суу сепкендей муздап, жооп кайрууга алы келбеди. Булардын ортосундагы сөзгө Берметтен башка эч ким көңүл бурган жок. Аңгыча Асылбек колундагы стаканды бийик көтөрүп жагалдана сүйлөп кирди.

— Кана, кадырман коноктор! Сиздер келгенден бери кызмат менен алаксып, анча көңүл бурбадык окшойт. Албетте, мунун объективдүү себебин өзүңүздөр түшүнүп турасыздар. Болбосо, коноктор үчүн биздин тоолуктардын эшиги дайыма ачык, дасторкону дайыма жайылуу. Кайсыл убакта келсеңиздер дагы апапак пейилибиз ме-

нен жадырап-жайнап тосуп ала беребиз. Сиздерди мекенибиздин ажайып кооз жайлары менен тааныштырсак жакшы болоор эле! Анда Тянь-Шандын сансыз гүлдөрүн искеп, Ысык-Көлдүн таза абасынан дем алып, береги мажүрүм талдай чачтары чубалжыган сулуу кыздардын колунан Суусамырдын мала кызыл кымызынан кана жутуп, эс алып кайтмаксыздар. Бирок, азыр мезгил менен убакыттын тардыгы буга мүмкүнчүлүк түзбөй калды. Албетте, келишиңиздер ушул эле эмес, дагы далай жолу кездешебиз. Буга мен ишенемин. Сандыктын ички сыры ачылбай турганы кызык. Азырынча сырты менен тааныштыралы. Бүгүн кечке сиздерге көрсөтөөр жерибиз аз эмес... Анда эмесе ушул тостту, мажүрүм талдай назик, мөл булактай тунук кыргыздын кыз-келиндери үчүн алып коёлу?!

— Браво! Браво! Бермет үчүн! Бермет — бул өтө баалуу зат, мен билемин! Өзү дагы баалуу жан!—деди Москвалык киши кызууланып.— Сиз үчүн калтырбай ичемин!..

Тост көтөрүлгөндөн кийин өйдө-төмөн сөздөр бир аз токтоп, машиналарга барып отурушту. Артта калган келин дасторконду шашыла жыйнап, Асылга болоор-болбос баш ийкеп коштошту. Бермет Москвалык кишинин колтугунан бошобой, кайра кайрылып сөз айтууга жараган жок. Машиналар кар тозоңун сапырып, заматта бадалдардын арасына сиңип кетти.

Асыл азыркы салтанаттын шаңына нес болуп, ордунан козголууга алы келбей, тумандуу санаага чулганып турду.

«Бул эмне деген карама-каршы жашоо? Бул эмне деген карама-каршы көрүнүш? Асылбек көрүп туруп көңүл бурбады ээ! Мынакей Казыбектин бирден бир ишенген досу, жердеши, тууганы. Муну мен эмне деп түшүндүрсөм болот? Биз муну кандай киши деп айта алабыз? Ах, адам, адам! Башканы түшүнсөң дагы адамды түшүнүү татаал окшобойбу... Кээде баланын түшүнүгүн төгүнгө чыгаруу кыйын. Актаң Асылбекти бат эле жактырбай калганын айыптоого болобу?..

...Анда Асылбектин кичүү уулу менен Актаң бир бакчада тарбиялануучу. Бир күнү Асыл алып кетүүгө барса, экөө тең кийинишип, кетүүгө даярданып турушуптур.

— Менин досумду деле ээрчите кетелиби апа? — деди Актаң.

— Досуң ким?

— Булчу, Айбекти?..

— А, Айбекби? Экөөңөр дос болдуңарбы?!

— И, досум!— Актаң Айбекти кучактап, жагалданып сүйлөдү. Асылдын жүрөгү кубанычка толуп чыкты.

— Жакшы болгон турбайбы! Досуң биздикине барууну каалайт бекен?

— Жок, биздикине эмес, үйүнө жеткирип коёбуз да.

— Үйүнөбү? Азыр мамасы келээр, мамаң келеби Айбек? — Бала болбурап үн каткан жок.

— Биз эми таштап кетебизби? Мамасы кеч келсечи? — Актаң капалана сүйлөдү.

— Болуптур, жүргүлө. Жеткирсе, жеткирип коёлу. Эжейине айтып кетели, келсе издеп убара болбосун.

— Мына, бирге кетебиз ээ Айбек?! Эми күндө, күндө бирге кетебиз! Актаң кубанычын жашыра албай,— досун кучактап өпкүлөдү.

Асыл береги эки баланын ысык мамилесин көрүп бирде кубанса, бирде чочуп, карама-каршы сезимдин туткунунан чыга албай, Айбектер жашаган алты кабат имараттын алдына кандай келгенин сезбей калды.

— Тигине биздин балкон. Папамдын көйнөгү жайылып турбайбы? Көрдүңбү? Ошол биздин үй,— деди Айбек мактанып.

— Эми үйүңдү таап бара аласыңбы?

— Апа, мен жеткирип келейинчи? — Актаң чын көңүлү менен дилгирленип, алардын үйүнө баргысы келди окшойт.

— Макул анда, баргыла. Бул жерде сени күтүп отура турайын. Тепкичтен чуркабагыла, жыгыласыңар, жарайбы?

— Макул апа.

Бирок алар ошол замат чуркап жөнөштү.

Балдар киргенде Асылбек жаңы эле сыртка чыкканы жаткан.

— О, бул мырза өзү келип калбадыбы. Көрдүңбү, ушундай азамат — Асылбек уулун так көтөрө өөп, төргө өттү.— Мамасы балаңызды кабыл алыңыз?!

— Я botом, кантип келдиң? Жалгыз жибергени эмнеси? — Ашканада жүргөн Бермет шаша чыгып, күйөөсүн жемеге алды.— Бир жолу барып кой десе, турбай жатып... Коркпой кантип келдиң?

— Биз жеткирип келдик,— деди босогодо турган Актаң.

— Силерби? А сен кимдин баласысың? — Асылбек ага эми назар салды.

— Казыбектин.

— «Казыбектин»? Ии, апаң ким?

— Асыл.

— Ии, Асылдынбы?..

— Актаңды ээрчитип келген тура. Келегой, Акин, чечинип төргө өт? — Бермет баланын бетинен өөп, сынай карап турган Асылбекти кекете сүйлөдү.— Учурашып койбойсуңбу. Заматта эле тааныбай каласыңбы?

— Мен эмне көрүнгөн балдардын сүрөттөрүн чөнтөгүмө салып, кимдин балдары экенин текшерип жүрүптүрмүнбү? — деди Асылбек орой.

— А мен сизди тааныйм. — Актаң турган ордунан кыймылдабай туруп, чечкиндүү сүйлөдү.

— Кантип тааныйсың?

— Үйдө сүрөтүңүз бар.

— И ошондой де... Аминаттын дагы сүрөтү барбы?

— «Аминаттын»? Жок, аны мен жаман көрөм.

— Ох ты!.. Үйрөткөн экен. Ал сенин апаң экенин билбейсиңби?

— Ики, ал менин апам болбойт! Кеттим...— Актаң эшикти ачык таштап, болгон күчү менен чуркап түшүп баратты. Азыр эшиктен апасын таппай калуучудай, ал биротоло кетип калгандай сезилди.

— Жыгыласың, акырын! — деди Асыл алдынан тосо. Актаң эч нерсеге көңүл бурбай чуркап жетип, аптыга сүйлөдү.

— Жүр, кетели апа?

— Эмне болду?

— Жаман экен.

— Ким?..

— Жанагы, семиз киши...

Ошондон кийин Актаң менен Айбектин ынактыгы анча билинбей калды. Аларга катташуу жок, сөз да болбойт анча. Азыр болсо алманын бутагын аткылап, бошогон бөтөлкөлөр менен тытылган кагаздарды булактын көзүнө калтырып, сур «Волгага» чалкалай отуруп жүрүп кеткени, жаш балага кандай таасир калтырды болду экен?..

— Апа, биз «Алмалуу» көчөсүнө качан жетебиз?

— Мына, келдик...

— Ики, көчө кантип ушундай болсун?

— Катар тигилген алмаларды көрдүңбү? Демек, алмалардын көчөсү...

— Мен кишилер жашаган көчө экен деп ойлогом. — Актаң супсуну суугандай шалкы сүйлөдү.— Көрсө мында алмалар жашайт турбайбы...

— Алмалар жашайт, уулум... — Алар катар тигилген эки түп алманын түбүнө келишти. — Бул атаңдын алмасы.

— Атамдын?! Ушуну атам тикти беле?

— Ооба, атаң тиккен...

— Бышабы?

— Жазында эң сонун болуп гүлдөйт. Жайында бышат.

— Апа, мунун жанына дагы алма тиксе болобу? — Актаң сергектенип көңүлү бир аз көтөрүлүп калды.

— Болот. Жазында көчөт алып келип тигебиз, ал сенин алмаң болот.

— Жок, ал дагы атамдыкы болот да. Ушул жерде үйүбүз болсо, жакшы болмок ээ, апа?! Алмаларды көп тигип кайтармакпыз. Анда арак ичкен кишилерди келтирбейт элек...

Автобус токтоп калды. Артында калган үч жигит шашыла орундарынан турушуп, карбаластай чыгып кетишти.

— Түшөлүк апа,— деди Актаң.

— Келдикпи?

— Келдик.

Алар тротуарга чыгышты.

— Мен өз шаарымды бат эле сагынып калсам керек. Көзүмө бир башкача сулуу көрүнүп жатат.

— Сен мага ошондой көрүнүп жатасың, уулум!..

— А сизчи?! Билесизби, мен сизди бардык нерселерге салыштырам. Бардык адабияттын каармандарына, бардык жакшы нерселерге, бирок анча ылайык эмес. Айтылуу бир сөздү бурмалап айтсам кооштой калат.

— Айтып көрчү?

— «...Шаардагы кыжылдаган кыймыл, менин канымдын согушуна караганда солгунураак. Тамактарынын таттуулугу да, ал тургай гүлдөгөн искусствосу биригип, менин апамдай сонун эмес!..»

Асыл кадамын акырындатып барып токтотту. Анан уулун үнсүз карап айтууга сөз издеп таба алган жок. Акырында Актандын Асылга болгон чыныгы балалык сезимин ак дилинен кабыл алып, бүткүл турпаты менен адамга арналган сүйүүгө айланып, узакка тиктеп турду...

Баланын бой жетип киши болушу канчалык кыйын экенин өзүнө жеткире түшүндүрүү мүмкүн эмес. Бөлөк бир жандын жашашы үчүн көптөгөн сезимдер мокоп, гүлгүндөй өмүрлөр картаят...

## ҚАРАМА-ҚАРШЫ БАГЫТТАР

*Жарты нан бөлүп жечү элек,*
*Жаныбыз бирге дечү элек...*

Эрнис Актандын Москвадагы институтка өтүп келгенин Рысбектен угуп, толкунданганынан тынч алып иштей алган жок. Күн али эрте болчу. Кемселин кийип сыртка чыкты да, кечинде Асылдыкына кандайча баруу жөнүндө Салкын менен акылдашууну ойлоп, үйдү карай жөнөдү. Салкын небересин багып алып, эч жерде иштебей калган. Алты баласынын төртөө өз орундарын таап, ата-энеси менен сый катташып жүрүшөт. Эң кенже эки кызы жарыша бой тартып, азыр үйдүн ичин мизилдетип кармап турган ошолор. «Илгери аталар эркек баланы көбүрөөк эңсешип, кыздан артыгыраак кадырлашчу экен. Балким, анын турмуштук зарыл себеби болгондур. Азыркы заманда кыз эле жакшы, боорун көтөргөндөн тартып, жок дегенде орто мектепти бүткөнчө үй түйшүгүн өзүнө алып, эне-атага жардам беришет. Ал эми эркек бала төрөлгөндөн үйлөнгөнгө чейин кыйнаганы аз келгенсип, кийин жыйган жылтырынды бөлө тартып, бир аялдын колун кармап үйдөн бөлүнөт. Аны менен бүтүп калса го жакшы эмеспи, баласын бактырып, кээде чөнтөгүндү кагып кетет»,— деп Эрнис кээде оюн-чындан айтып калат. Чынында эле кыздары өздөрүнө күйүмдүү болуп чоңоюшту. Эрнис жалаң гана өз үй-бүлөсүнүн камын ойлобостон, Рысбек менен Актанга кадимки атадай нускоочу болду. Экөө тең көрсөткөн багыттан четтебей, өз жолдоруна түшүп алышкан сыяктанат. Муну өзгөлөр билишпесе да, тымызын ичинен кудундап,

жасаган иштерине ыраазы. Булар үчүн канчалык убакыттар сарпталып, канчалык көңүлдөр кирдебеди дейсиң! Ал тургай жандай көргөн досу Асылбек менен ушулар үчүн кол үзүшүп, эмдигиче бет келише элек. Ал чатак Рысбектин тагдыры үчүн болгон эле...

...Эрнис университеттин үчүнчү кабатына жай көтөрүлдү да, Асылбектин кабинетин издеп басты. Дуулдаган жаштыктын демине толгон ушул имарат, кыйла эле сүрдүү сыяктанат. Жалаң гана эңсөөнүн, жалаң гана үмүттүн деми сезилгенсийт.

Бир эшиктин алдында студенттер жарданышып, калың китепти жанталашып барактап жатышат. Кыясы, зачёт тапшырышат окшойт. «Бул китепти канча жылга чейин колдорунан түшүрүшпөй алып жүрүшөөр экен? А балким мугалимден баа алыш үчүн гана окуп жатышкандыр. Өзүнүн күнүмдүк жашоосу үчүн зарыл керек болоорун билишээр бекен!.. Китепти мугалим үчүн эмес, өзү үчүн окуп, күндөлүк жашоосунда колдоно билсе, жакшы болбос беле!» — деп кыялданды Эрнис. Ал Асылбектин кабинетинен өтө берип кайра кайрылды. Каалганы уруксаатсыз чоң ачып, босогону аттады эле, досу тээ төрдөгү столдо жалгыз отуруптур. Бөлмөнүн ичинин кенендигинен уламбы, айтор, кыйла эле олбурлуу жигит чоң столдо асылып отурган жаш баладай көрүндү.

— Саломалейкум! Жакшысыңбы?! — Эрнис улагадан созгон колун кайра таштабай, төргө чейин бат-бат басып жетти.

— И, кел... — Асылбек ордунан козголбой жумшак манжаларынын учун карматты да, болоор-болбос күлүмсүрөдү. Анын барыккан кыска колу Эрнистин шадылуу алаканынын ичинде кыйлага чөгүп турду. Амандашуу бүтө электе телефон чырылдап, ага удаа секретарь кыз кирди да, додолонгон кагаздарды алдына таштады. Кыз Асылбекти жоодурай карап, сүйлөшүп бүтүшүн күтүп турду.

— Бул киши мен жокто кирип кетиптир, Асылбек Кошоевич.

— Эч нерсе эмес, Лидочка. Биз бир азга сүйлөшөбүз, башка киши киргизбей турчу?

— Жарайт, Асылбек Кошоевич. — Лидочка чөккөн көңүлдү жибиткидей сүйкүмдүү жылмайып, кайра чыгып кетти.

Ортого сөз илинбей, экөө бир азга үнсүз отурду. Асылбек алдындагы кагаздарды караган болуп, анча кебелбейт.

— И, келипсиң, сүйлө? — деди ал, кагаздан окуп жаткансып, ылдый үңүлгөн калыбында.

— Кел дедиң, келдим.

— Как это так?.. Телефондон — жумуш бар эле дедиң го?

— Анча деле зарыл эмес... Бирок биз аны үйдө же башка жакта сүйлөшсөкпү дегем...

— Айырмасы кайсы, айта бер?

— Жолдошчо жай отуруп, кең-кесири кеңешишибиз керек эле...

— И, кеңешиңерге мен керек болуп калдымбы? Айт, айт?..

— Сен дайым керексиң.

— Ыракмат, сөзүңдү ула?

— Сен сөздү жөнүрөөк угасыңбы, же?..

— Угуп жатпайымбы, айта бер?..

Эрнис кызууланбай, бир аз карманып, мынча болгондон кийин айта турган сөздү айтып алууну чечти.

— Быйыл Өктөмдүн уулу онунчу классты бүтөт...

— Университетке өткөрүп коёюнбу?

— Кеп анда эмес.

—Анан эмне?..

— Балага туура багыт берсек... Байкуш аялдын...

Асылбек сөз аягын укпай кексе карап, акырын күлдү.

— Эмнеге күлөсүң?

— Оңбогурсуң ээ?.. Ошондой аялдарга жабышмайың калбады го? Ойноп-күлүүгө башкалар табылбайбы?..

— Былжыраба! — Эрнистин өңү өзгөрө түштү. — Элдин баарын өзүңдөй ойлобогун, акмак! Мен сага чыныгы ниэтим менен досторчо кеңешейин деп келип отурам.

— Эмнени кеңешмек элең? — Асылбектин таноолору кыпчылып, болпойгон жүзү бозоруп чыкты. — Дейди катындарга кошулуп, кайдагы болбогон иштерди жасап жүрөсүңбү? Бүтүрө бер!.. Турмушка кичине гумандуураак мамиле кылыш керек. Ылайыксыз нерселер эч качан чындыкка бириге албайт. Актанды Асылга жабыштырганың аз келгенсип, эми Рысбекти Казыбектин фамилиясына каттаттырыпсың? Ал байкуш өлгөндөн кийин дагы бир пикесиз аялдын эри болуп чыга келди.

Сен анын атын маскаралап жатасың, билдиңби?! Маскаралап!..

— Түшүнбөйсүңбү, сүйлөбө! Менин ага тийешем жок. Бала өзү арыз берип, өзү тандап алыптыр.

— Күндүр-түндүр күбүрөп-шыбырап жанында жүрсөң, кантип эле тиешең жок болуп калат? Жаныңды жебе?!

— Билген күндө да мен ага эч качан каршы эмесмин. Адам өзүнүн жүрөгүнө жакканын иштеп, ошондон ыракат алууга тийиш. Анын эч кандай тескери жагы жок. Жакшы көргөн адамдын ысмын сыйлоо менен анын кылган кызматын түшүнө билүү... Азыр эки баланын ортосунда бир туугандык, жакындык, адамдык урматтоо сезими пайда болду. Мунун эмнеси жаман?!

— Сандырак түшүнүгүңдү мага таңуулабасаңчы?! — Асылбек мурдунун үстүндөгү чыбырчыктаган терин сүртүп, сөөмөйүн экчеди. — Эскичилик көз караштан чыга албай... Сенин тарбияң ушубу?

— Сен төрөпейилсиң, билдиңби! — Эрнис ордунан ыргып турду. — Сен адамдын баркын, достуктун, тууганлыктын кадырын, сүйүүнүн ыйыктыгын сезе билбеген торпоксуң, түшүндүңбү?!

— Кет! Чыгып кет! — деди Асылбек демигип.

— Кетемин! Кеткенде дагы сенин адамдык сапатыңа түкүрүп туруп кетемин! — Эрнис уруп жибере тургандай муштумун түйүп, кыйла жакын барды да, сабыр тутуп кайра тартты.

— Кеткин, акмак!.. — Асылбек титиреген колу менен телефондун трубкасын ала коюп кайра таштады. Кулагы чуулдап, көзүнүн оту чыбырчыктап, бөлмөнүн ичи көрүнбөй калган сыяктанды. Каалганын катуу жабылганынан улам, селт эте башын көтөрүп, Эрнистин чыгып кеткенин билди...

Досу менен болгон кагылышуу денесин өрттөп, көчөдө кемселин бүчүлөнбөй, туш келген багытты карай делбектеп баратты Эрнис. Бара-бара көкүрөгүнүн ачышканы тынчын кетирип, шолоктоп ыйлагысы келди. «Кандай гана кейиштүү иш?! Кандай гана осолдук! Кандай гана жоготуу!» деп күбүрөндү Эрнис. Чындыгында эле кайнаса каны кошулбаган адамдардын турмушуна кийлигишүүнүн кереги бар беле?! Муну менен ал эмне жардам берип, эмнени утту?! «Ах, акылсыздык, акылсыздык!.. Болбогон иштерге күйүп бышып, өзүмө тиешеси жок иш-

терге!.. Жан дүйнөм мынчалык жабыркаган эместир! Достуктан кол үзүшүү, ушунчалык оңой, ушунчалык бат?! Кандай кайгылуу!..»

Эрнистин уламдан улам мууну бошоп, көз чөйчөктөрү жашылданып, сезиминде ыр саптары куюлуп баратты.

Каалганды катуу жаптым ачуум менен,
титиреп калгансыды терезелер,
титиреп кетти бутум, жүрөгүм,
башым,
бүт турпатым титиреди!
Турдум бир аз ээндикте,
калкыган шарга окшоп...
А балким титиреди,
ушул түптүү имараттын:
биринчи, экинчи, төртүнчү, бешинчи кабаттары.
Титиретти — турмуштун бир күкүмү катардагы.
Сен ошондо телефондун туткасын ала койгон
жоксуңбу?
Конторуң ызаага, жек көрүүгө
өч алууга,
кекенүүгө толуп калды.
А балким калган чыгаар ыйга толуп?..
Мурункуң кийинкиңе каршы чыгып...

Бир кезде кара тоголок үч улан кенедей сырларын жашырышпай, биринин кайгысын бири көтөрүүгө даяр турушаар эле. Казыбекти теңсинбеген Жыпарга Асылбектин күйүп-бышканы өзү үчүн болгон эместир?.. Үчөөнүн максаттары, үмүттөрү, а тургай бир жерде чогуу иштеп жанаша үйлөрдө коңшу жашап, бир дасторкондон тамактанууну эңсешчүү! Азырчы?..

О досум!
Не болуп ырбап кетти биздин чатак?
Каалганды чертпей кирдим аным ырас,
Башымдан калпагымды албаптырмын,
Кучактап жыгылчуудай жеттим сага,
Чоң стол ортобузга жолтоо болду.
Ыңгайсыз күлүмсүрөп бердиң колду.
Болду...
Менимче,
Бүгүн эле бүлүнгөн жок биздин сезим.
Башынан ич күптүүлөр кайнап жүргөн...

Тээ баягыда Асылбек төрт бөлмөлүү жаңы квартирага киргенде Эрнис үй-бүлөсүн ээрчитип, куттуктаганы барышкан. Эшикти ачкан Бермет жаркылдап учурашып, чоң залга ээрчитип киргенден башка, жаш балача көңүл

бурулган жок. Сайма топу кийген жаш аял алтын тишин жаркырата жылмайып, мамык төшөктүн үстүндө отуруптур. Жанындагы олбурлуу жигит (күйөөсү болсо керек) аквариумдагы балыктарды дүргүтүп, көңүлү куунак. Асылбек тоту кушун ийнине кондуруп, анын тууратан сөзүнө маашырланып туруптур. Алар Эрнис менен салкын саламдашты. Коноктору Ташкенттен келишиптир, күйөөсү республикалык соттун председатели имиш.

— Бул биздин жолдоштордон,— деди Асылбек Эрнисти тааныштырып. — Ыр жазат.

Бирок алар адептүүлүк менен баштарын ийкегенден башка, үн катып сүйлөшпөдү. Бир аз тунжураган оор тынымдан кийин, Эрнис Берметтин чакыруусу боюнча башка бөлмөдөгү дасторконго чыкты. Ошол бойдон алардын кеп-сөзүнө кошулган жок.

Ошол кечте Эрнис кыйла ызаланып кайткан. Кийин аны унутууга аракет кылып: «Жашыруун сөздөрү бардыр. Мен өз эмесминби»,— деп өзүн өзү сооротkон. А бүгүнчү?..

А бүгүн,
телефон шыңгырады — кулак тостуң,
эшигиң тынчыбады жарым саатка,
алдыңда справка, токтомдор додо,
демек,
жумуштун көп экени күбөлөнөт.

Жакшы, жакшы... Иштесин, иштеген жакшы. Ишине жолтоо болбой чыга турсам болмок беле?! Балким түштөнүүгө бирге барып сүйлөшмөкпүз. Эмне үчүн достор менен мурдагыдай, кумардан жазылып сүйлөшүү кыйын болуп баратат?! Айтылбас сырыңды досуңа айтпасаң, анан кимге айтасың? Балким бул балалык сезимдир? Балким мен бала бойдон калып жүрбөйүн?.. Бүгүн мен эмнени айтмакчы элем? А, Рысбек жөнүндө, дагы деле Актан жөнүндө. Казыбектин кадыры үчүн, достуктун кадыры үчүн анын балдарына жардам берүү жөнүндө сүйлөшмөкпүз. Же бул — сүйлөшүүгө арзыбай турган ишпи?..

Досуңдан кеңеш алуу кандай бакыт
Биз ага тээ баштан көнгөн элек.
Апташкан акыреттик достук үчүн,
Жан кыйып, керек болсо өлмөк элек.
А бүгүн кандай шумдук болуп кетти?!

Бюрократ! Достуктун чыккынчысы! Дүнүйөкор!.. Ырас, анын билимине, жөндөмүнө шек кыла албайм. Өз ишин билген, такшалган жигит. Мен ага күнөө коюшум да, акташым да кыйын...

Азыр мен тоо таяна бара жатып,
ойлоймун беш кабаттуу имаратты.
Эстеймин ырацы суук сүйлөмдөрдү,
ойлоймун: «Бизди кандай кара басты?..»

Көчөдөгү кыжылдаган кыймыл көзүнө илинбей, жаагы ылдый куюлуп жаткан жашты капарына албады. Эчендеген катаал кырсыктарда көзүнө жаш албаган адамдын бул жосуну таң калыштуу эле... Алар азыр Асылбекке кайра чуркап жетип, кадимки таза нээти менен ак тилектүү достук үчүн кечирим сурап, элдешкиси келди. «Жок, жок, мүмкүн эмес. Такыр мүмкүн эмес... Мен аны кечире албайм. Ал дагы кечирбейт. Кыйын иш, өтө кыйын!» — деп күбүрөдү кайра.

Сезээрсиң таттуу үмүтүң үзүлбөсө,
түшүнүү бакыт алып келээрлигин.
Ичибиз муздадыбы,
а балким, жок.
А балким эрегишүү жеңер бирин...
Мейли эми пикирлешүү болбой калсын,
сага бул түйшүк эмес,
мага деле.
Бирок да чырмалабыз бир түйүнгө...
Кээ бирөө күлүп коёр мыйыгынан:
«Бул экөө кандай тушоо чечмек эле?»
Бирок ал жаңылганын биле берсин,
экөөбүз пайда кылдык терең кечүү,
кичине иш,
чоң турмуштун көрөңгөсү!
Ортодо бир күнөө бар тең бөлүшөөр:
достуктун короосуна таш ыргыттык,
балага, энебизге,
душманга, элибизге
чиркөө болот ушунубуз.
Анткени,
Экөөбүз эки чакан мамлекет!
Ажыроо — мурункундан,
кийинкинден,
ажыроо кыйын болоор бардыгы тең.
Баарынан эң кыйыны адам үчүн,
ажыроо — ак тилектүү достугунан!
Азыр да ишиң көптүр,
иштей бергин,
Каалгандын үнү катуу чыкпасын эч,
Каалганды неге катуу жаптым экен?!.

Көп күн өткөндөн кийин ушунуп өзөгүндө жазылган Эрнистин публицистикалык ырын Асылбек газетадан окуду да: «Келжирек!» — деп кексе жылмайып, өзүнөн оолак ыргытып таштады.

Ошол окуя Эрнистин күнү бүгүнкүдөй эсинде. Асылбек деле кайдан унута койсун. Ал азыр университеттин бир факультетин башкарат. Шаардык советтин депутаты. А Эрнис чачын буурул чалса да, жаштар редакциясында ага редакторлуктан козголо элек. Бул ишине эч качан арданбайт да өкүнбөйт. Анткени, жаштар менен иштешүүнү сыймык сыяктуу сезет.

Эрнис азыр жай кадам таштап өзүнчө толкунданып баратат.

«Ушул бүгүн Актаңдын институтка өткөнүн сүйүнчүлөп, Асылбекке барып келсемби?» — деп ойлоду ал. «Жок,— деди кайра,— күтө туруу керек. Акыры бир беттешебиз...»

# СҮЙҮҮДӨН АЖЫРАБАЙ ӨЛӨЛҮЧҮ

Жүзүмө жүздөгөн жыл из салса да,
Жүрөгүм гүлгүн бойдон калып
калсын!
(Казыбектин ырынан)

Рысбек үйгө кирээри менен кубанычтуу сүйлөдү.

— Апа, Актаң келди.

— Кана, кайда жүрөт?! — Өктөм аарчып жаткан картошкасын кармаган боюнча ашканадан чыкты.

— Үйүнө кетти. Жана түштө жолукканбыз.

— Качан келиптир?

— Бүгүн эле.

— Өтүптүрбү?

— Өтүптүр.

— Жакшы болгон тура. Жакшы иш болуптур,— Өктөм өзүнчө кобурап, кайрадан тамак даярдоого кирип кетти.— «Байкуштун үмүтү акталат экен» деп күбүрөдү ал. Бирок, бул сөз кимге көбүрөөк тиешелүү болоорун өзү дагы ажырата алган жок. Балким Казыбеккедир? А Асылдын үмүтүчү?.. «Анын ордунда болсом мындан кем иштебес элем» деп толуктады оюн. Анан өзүнөн-өзү ызалангандай, жасап жаткан ишин токтотуп, көңүлсүз отуруп калды.

Өктөм кийинки күйөөсү каза тапканда, жаңы гана отуз үч жашка караган эле. Бирок анын ууртундагы чуңкуру, узун кирпиги, коймолжуган көзү, жарашыктуу мүчөсү жаш кезиндегидей эле сүйкүмдүү болучу. Сегизинчи класста окуган уулун аттап, дагы бир эркектин этегин кармоону намыс көрдү. Ансыз деле он жылдык мөлтүрөгөн нуз өмүрүн өзү сүйбөгөн эркектердин колуна салып бербедиби! Аңкоолуктан кетирген каталыгы акырына чейин оңолбой, колунда турган бактысын ойрон кылып алганына күйбөгөн жери күл болуп кетчү. «Аттиң, азыраак кыйынчылыкка чыдасам, Казыбекти менден ким ажыратмак эле!» деп өкүнчү ал. Ырас, алгачкы жылы Казыбекти мынчалык бийик тутуп, аны сүйүп деле кеткен эмес. Кайра анын көрсөткөн камкордугуна ызаланып, өзүн алсыз катары сездиргиси келбей, намысы күчөгөн. Боюндагы Анвардын туягы жүзүнө чиркөө болуп, өмүр бою бактысын байлоочудай туюлду. «Бул менин шорум,— деп ойлоду ал,— шордон кутулуу керек». Ошентип, «шордон» оңой эле кутулду. Кылмышын билбеген алыс бир жакка барып, жашоосун улантууну чечти. «Турмушту кайра баштоо керек! Өкүнбөгөндөй, жаңылбагандай... Ойлонуп иштөөм керек! Азыр мен кечөөкү сары түк балапан эмесмин. Бактылуу болуу өзүмдөн» деп оюн бекемдеди. Кайрадан Казыбекке жолугуу анын үч уктаса түшүнө кирген жок. А тургай Рысбекти жыл айланбай эсинен чыгарып койгонсуду.

Областтык театрга кызматка орношуп, алгачкы жолу концертке чыкканда эле, көпчүлүктүн көзүнө көрүнүп калды. Кооз тигилген кийим, чебер сүртүлгөн грим, ансыз деле келишимдүү келбетине жарашып, жылаажындай жумшак үнү жаркыраган ажарына төп келип, сахнадагы чеберчилигинин аздыгын билгизбей салды. Ошол кечте көрүүчүлөр залында отурган Шаабай: — «бул койкойгон көгүчкөн менин жүрөгүмө конуп калды»,— деп ээгин жаланып, шилекейин жуткан...

Тагдырдын тамашасын болжолдоо мүмкүн эмес тура. Турмуштун шары Өктөмдүн койгон максаттарын каптап өтүп, өзү качкан дүйнөгө кайрадан агызып келип таштады. Казыбектин Рысбекке жасаган жакшылыгы, анын алигиче бой жүргөнү, сүйүүгө тунуктугу биринчи эле тиктешүүдө балбылдаган көз оттору менен келиндин денесин өрттөп салган болучу. Чыныгы махабат ошондо башталып, эмдигиче өчпөй келатат. Чыныгы жаңылыш-

тыгын ошондо сезип, чыныгы өкүнүчкө кабылды. «Демек, мени күтүп жүргөн экен го?! Мен эми кайсыл бетим менен, кандай кылып, жүрөгүмдүн тазалыгын түшүндүрөм?!» — деген суроо Қазыбек өлгөнгө чейин Өктөмдүн көңүлүнөн өчкөн жок.

Капарбекке турмушка чыкмак деле эмес. Қазыбектен алыстап, аны унутуу, көңүлүндө кыйналган азаптан арылууга кылган аракет эле. Бирок унута алган жок. Дегеле бир бет келип сүйлөшпөсө, жарылып кетүүчүдөй абалга жетти. Жолукту. Сүйлөшүлгөн сөз өтө кыска да, маанилүү да болгон сыяктанат. Қазыбектин караанын капыстан көчөдөн көрүп калып, артынан чуркап жетти да: «Сага айтаар сөзүм бар эле»,— деди аптыгып. Андан башка кеп оозуна кирбей, денесин калтырак басып, жалдырап туруп калды. «Сенин сөзүңдү билип турам,— деди Қазыбек жай,— Рысбекти өзүңө алгың келип жүрөт. Баргын... Ошондой кылганың жакшы...» Мындан башка сөз сүйлөнгөн жок.

Кийин Қазыбектин турмушу оңунан чыкпай, жаштайында жашоосу түгөнгөндө, мурдагы сүйүүсүнө адамдык абийири кошулуп, тынчын кетире баштады. «Эми мен кемпирди колума алып, Актаң менен Рысбекти бир туугандай асырап, анын сүйгөн жары катарында жашап өтүшүм керек»,— деген бүтүмгө келди. Жок дегенде ушул оюу оңунан чыгышы мүмкүн эле. Қолу-жолу бош, жардамдан көзү учуп турган Қанышай апа жетине албай кабыл алмак. Бирок, анда да ырыскыдан кеч калып, баарынан кыйыны, Қазыбекти ардактап сүйгөн «аял» менен бетме-бет кезигишти. Мындай иштин болоорун күткөн эмес. Өктөм ошондо (Актаңды Асылга асыроого алып бергенде!) бардыгынан түңүлгөн. Жашоодон, сүйүүдөн, чындыктан күдөрүн үзүп, көчө таптап басып кеткиси келген. Бирок, эс тартып калган Рысбек акыл токтотууга себепкер болду...

Бир күнү Актаңды жетелеген Асыл капилеттен алдынан чыкты. Өктөмдүн денеси дүркүрөй түшүп; байкабай өтүп кеткиси келди эле, Асыл артынан жетип, жаркылдай салам берди.

— Өктөм, кандай, саламатсыңбы?

— Жакшы,— деди ал суз.

— Жолугушканыбыз жакшы болбодубу! Мен сенин адресиңди таппай... же иштеген жериң белгисиз. Эрнистен сурасам, ал дагы билбейт экен...

— Эрнис кайдан билсин, катташпасак...

— Акин, Өктөм эжекең менен учураш? Тааныйсыңбы?

— Билем,— деди Актаң жылмайып.

— Мени тааныйсыңбы? — Өктөм заматта жандланып, баланын алдына чөгөлөп отура калганын сезбей калды.

— Билем... Сиз мага жыгачка сайылган короз момпосуй алып барып бергенсиз.

— Ой алтыным! Сен эстүү бала болгон турбайсыңбы! — деди да, баланы кыса кучактап, жүрөгү эзилчүүдөй өпкүлөдү. Балким, өзүнүн жалгыз уулу Рысбекке мынчалык кумарланган эместир?..

— Мени унутпаганын көр! Чын эле тааныдыңбы! — дейт да, Актаңдын жооп беришин күтпөй жыттагылап, көзүнө жаш тегеретти.

— Биз сен жөнүндө, Рысбек жөнүндө көп сүйлөшөбүз. Эрнисте, кызылча тазалап жүрүп чогуу түшкөн сүрөтүң бар экен. — Асыл кошумча маалымат берди. Өктөм өзүн токтотуп, бир кезде Казыбекти Рысбек тааныбай койгонун эстеди. «Балага айтып, түшүндүрүү керек окшойт» деп ойлоду ичинен.

— Уулум экөөбүз силердикине барсак деген элек. Рысбек акеси менен тааныштырып... Ылайыгы келсе катташып турсак... — Асыл оюндагы сөздүн бардыгын бат эле айтып таштады. Азыркы Өктөмдүн абалынан улам, анын каршы чыкпасына ишенди окшойт. Бул дагы Казыбекти сыйлагандардын бирөө. Болгондо да, аялдан... Өмүрүндө көзү түшкөн жана көңүлү калган кыздар тууралуу айтып берген. Ошолордун урунттуусу Өктөм эле.

— Мени сүйгөн кыздар жөнүндө айтсам, сен эмне үчүн кызганбайсың? — деди Казыбек бир жолу.

— Жер жүзүндөгү аял затынын бардыгы сүйсө дагы кызганбас элем.

— Эмне үчүн? Балким бирге жашабагандыктандыр?...

— Жок. Анда мен бул оюмду мындан бекем тутмакмын. Кайра ошону менен сыймыктанаар элем!

— Билесиңби,— деген Казыбек акырын күлүп. — Мен сага какыраган чөлгө себилген көйкөлгөн бедедей туюлат окшойм, тегерегимдин баары тосулган. Капыстан ачка болгон малдар келишип, тосмолордун жылчыкта-

рынан баштарын салып жап талаша көк шиберди бурдап жатышса, сен аларды айдап жиберүүнүн ордуна: «Мейли байкуштар, жеп алышсын»,— дегиң келет.

— Салыштыруусун көр! — деген Асыл кубаттап. — Ооба, ошентмекмин. Канчасын коротмок эле?

— Тосмону бузуп кетишсечи?

— Ал бузулбайт. Эч качан бузулбай турган тосмо!..

— Дүйнөдө бузулбай турган эмне бар дейсиң?.. Кокустан бузуп кетишсе, туфлийиңди чечип эки колуңа кармап, буттарыңды чөңөр тилгенине карабай, жан талаша кубалаар белең, же, бетиңди басып шолоктоп, мени тебелегендерди карап отура бересиңби?...

— Жок, жок... Тебелегенди көрсөтпөсүн! Башкага бурмалаба! Мен ал тосмонун бузулбай турганына аябай ишенемин! — Асыл ошондо сөз таба албай карбалаштаганы азыр эсине түштү. Ошол тосмону бузуучулардын бири Өктөм болучу. «Мында эмне күнөө? Мен сүйгөн адамга көптөгөн кыздар суктанышса, демек, жаңылган эмес экемин»,— деп сыймыктанды ичинен.

Азыр Өктөмдүн нымдалган кирпиги өңүнө жарашып, кыйладан бери ичине жыйналган бугу тарап кеткенсиди. Эми дагы Актандын чөнтөгүнө таттуу салып, кыйлага эркелетип отурду.

— Адресиңерди айтсаңар, биз дем алыш күндөрү барып турабыз,— деди Асыл жетине албай.

— Гагарина...— деп баратып Өктөм кайра токтоду да: — Жок, силердикине биз барабыз, ушул дем алышта, жок, эмки дем алышта... Рысбек али эч нерсе билбейт. — Ал күнөкөрдөй мукактанды.

— Мейли анда. Үйдүн телефонун жазып алгыла, келээриңерде кабар кылсаңар, өзүбүз тосуп алабыз,— деп коштошкон.

Ошондон үйгө келгенге чейин өзү менен өзү сүйлөшүп, айтаар сөздүн бардыгын ойлонуштурду. «Мен ага бардыгын айтышым керек. Качандыр бир кезде болгон чындыкты жашырбай айтам Качанкыга Капарбектин казыгына ноктолоп, жаш баланын көңүлүн тумандатам! Жетишет, мындан узак жашыра албайм. Мейли күнөөлөсүн, мейли мени жек көрсүн — өз эрки. Жок дегенде, чындыктын баарын айтып алып, жалгыз баламдын алдында кылмыштуудай бүжүрөбөй, эркиниреэк жашайын. Болгонун болгондой түшүндүрсөм, Рысбек көңүлүнө жакканын тандап алаар»,— деген чечимге келди.

Үйгө келсе уулу сабак даярдап отуруптур. Кыйлага жанына барууга батына албай, качан гана чай ичүүгө киришкенде, акырын сөз учугун сууруду.

— Рысбек, сен Канышай деген кемпирди билесиңби?

— «Канышай?!»

— Ии, балким Казыбек эсиңдедир?..

Бул капилеттен айтылган сөзгө жооп берүү, даярдыгы жок балага оңойго турган жок.

— Эмне болду эже?.. — деди кайра (ал мурдагыдай эле эже дечү). Ушул азыр көңүлүндөгү түпөйүл нерсе козголдубу, айтор, бетинин оту кызарып, көзү балбылдап чыкты. Өктөм көргөнүн шашпай айтып, акыры сөз тизгинин өткөнгө бурду. Рысбектин көзүнө тике караса чындыктан четтеп кетүүчүдөй тартынып, башын ийининен ылдый салаңдата сүйлөп отурду. Чындыкты айтуу ушунчалык кыйын экенин азыр сезип, чекесинен куюлган терди аарчууга алы келбеди. Өткөн өмүрдүн кычкыл даамы кайрадан сезилип, жанында отурган адам өзүнүн уулу экенин, али сүйүүнүн асылы менен азабына кабыла элек мектеп окуучусу экенин унутуп, кызып алган Манасчы өңдүү ый менен күлкүгө аралашып, берегп тар бөлмөнүн ичинде жамгыр болуп жаап кирди...

Бүттү... Экөө столдун баш аягын тиктешип, үнсүз отуруп калышты. Ар бир нерсе өз учурунда баалуу эмеспи. Өктөмдүн жомогу да убактысын тапкан сыяктанат. Рысбек уктап калгансып, түк кыймылдабайт. Эми экөө эки башка дүйнөгө кабылышты: бири оор жүктөн жаңы гана кутулса, экинчиси ал жүктү көтөрө албай жардам тилеп отургансыйт. Өктөм ордунан турду да, жүктүн алдындагы чоң сандыкты ачып, ичинен чүпүрөккө оролгон кош бүктөм көгүш кагазды алып чыкты.

— Мына сенин эң биринчи документиң,— деди ал уулунун алдына жылдырып. — Сенин төрөлгөндүгү күбөлүгүн. Казыбек жаздырыптыр, кийин мага берген.

Рысбек аяр кармап, ичин ачты да, көөнөрүп калган тамгаларды окуп кирди. «Канатов Рысбек Казыбекович. Атасы Канатов Казыбек. Энеси Шамшиева Өктөм». Ушул табышмактуу көк кагаз баятан бери энеси айтып отурган окуянын күбөсү эле. Бирок, бул жаш балага кагаз эмес, жалбырттаган оттой болуп туюлуп, бүткүл денесин өрттөп баратты.

— Кайран кишилер!.. Байкуш кемпир, сени кара жанындай ысык сезер эле. Мен таш боордук кылган эке-

мин... Эгерде, сени албасам, балким, кийин башкача болот беле, ким билет?!. — Бул сөз ансыз деле араң отурган Рысбектин сезимин ого бетер кайрып өттү. Анан ал столго өбөктөй калды да, өпкөлөп ыйлай баштады. Өктөм да ага кошулуп: айласыз тагдырына кейип, жаш агызды. Ата-эне, тууган-урук, жада калса жакын жолдоштору жоктугунан, ушул абалга кабылганын сезди. Болбосо кимден эмнеси кем эле?!.

— Ыйлаба уулум,— деди Өктөм чыйралып. Ый мени менен калсын! Сенин ыйлаганың жарабайт. Мени күнөөлөсөң дагы, өзүңдүн төрөлгөнүңө өкүнбөгүн?! Сенден суранаарым ушул гана.

— Менин ыйлагым келип жатат, апа! — деди Рысбек апасын бекем кучактап. — Менин ыйлагым келип жатат... Менин атамды... Менин апам... Билбейм, эмне деп айтаарымды билбейм. Менин ыйлагым келип жатат апа!..— Ал азыр эле атасынан ажырагандай, өпкө-өпкөсүнө батпай солуктады...

Ошондон көп өтпөй Асыл менен Эрнистикине барышып, жаңыдан табылган бир туугандардай, таанышышты. Актаң, Салкындын балдар-кыздары бат эле боор тартышып, Рысбекти байке деп калышты. Мурда билбеген Казыбектин, Эрнистин китептерин көрдү. Мына ушул ак пейил, мээримдүү адамдардын жасаган мамилеси жаш өспүрүмдүн сезимин дүргүтүп, өзүнүн мурдагы адаттарын унутуп баратканcыды. Көңүлүндөгү буулугуусу күндөн-күнгө күчөп, ал кайда алып барарын эмнеге айланаарын сезбей калды. Мурда оюна кирбеген толгон кыялдарга аралашып, унчукпай отурат да, кээде эчкирип ыйлап жиберүүгө аз эле калат. Сезимин удургуткан тумандын ичинен атага болгон ысык илеп бөлүнүп чыккансыды. Мурда ал ата-эне деген түшүнүктү мектептеги эже-агайларды атагандай эле сезчү. Адамдардын арасынан өзүнө жакын-алысы болоорун ажырата алчу эмес. Азыр кандайдыр бир жакындык, кандайдыр бир белгисиз жактан ысык илеп келип жаткансыйт. Кандайдыр бир элестер кайталанып эсине түшөт. Кемпир, киши... Үстү жалпак кара там. Жылжып аккан арыктагы суу... Казыкка байланган карала уй... Кыштын күнү ооруп калып, ооруканага жалгыз жаткырып койгону кадимкидей эсинде тура! Ошондо чоң ичик кийген киши келип, көтөрүп кетпеди беле!.. «Ошол менин атам! Менин атам ошол киши!... Бирок, чыныгы атам

Анвар турбайбы? Ал деги кандай киши болду экен? Чыныгы, өзүмдүн атам?!» деп кыялданат. Ата жөнүндөгү ой толгоолор басса-турса көңүлүнөн чыкпай, а тургай кээде ыр болуп куюлуп кеткенсийт.

Жанымды ыза каптап турган кезде,
Жакандын жытын искеп канаар элем...

Кимдин? Атамдын. Бирок, кайсыл атамдын? Капарбектин жакасынбы? Жок, жок. Ал менин атам эмес. Ал мага ата болууга акысы жок. Кур дегенде мени эркелетип койду беле? Күндүр-түндүр счётун чапкылап, бултуюп отура берүүчү. Бош болгондо үйдүн ичин тамеки менен ыштап, арактан аябай иччү да, эжемди «тууп бербейсиң» деп сабачу. Ал менин атам эмес экенин билүүчүмүн. Чыныгы атам Анвар экенин эми укпадыммбы! Өзүмдүн атам!... Токточу, аны мен кантип ата дей алам? Жакасын искемек түгүл көргөн эмес экемин го? Ал менин жүзүмдү көрүүдөн корккон. Эжемдин жаштыгын кыркып, өмүрүнө балта чапкан. Менин жарыкка жаралышым анын алдына бөгөт, башына кайгы, жүзүнө пардоо болуп сезилгендир? Балким, ошол үчүн өзүн өлүмгө кыйгандыр? Антпесе, биздин тагдырыбыз жөнүндө эртерээк ойлонмок. Мен аны ата дебейм! Ата дебейм аны! Ата-эне жаратуучу гана эмес, тарбиялоочу, нускоочу болууга тийиш. Менин өмүрүмдү сактаган, жашоомо кам көрүп, эркелетип-сүйгөн, балапан кезимде торолткон адам гана менин чыныгы атам боло алат. Ошол менин атам! Мен Казыбектин уулумун! Менин азабымды тартып чонойткон энем эсимде. Дайыма артына мингизип алып, бир колу менен от жагып, нан бышырчу. Анын чапанын жамынып жатмайынча уктоочу эмесмин. Менин ата-энем ошолор. Көкүлүмдөн сылап, алпештеп багышкан, адам кылып торолткон АТАМ!..

Жанымды ыза каптап турган кезде,
Жакандын жытын искеп канаар элем.
Азыр мен дал ошондой эркелесем,
Ажалга көз ирмебей барар элем!..»

Рысбектин ички толгонуусунан жаралган алгачкы ыр ушинтип башталган. Ошол биринчи ыр өзүнүн сыйкырдуу күчү менен арбап, өмүр бою багынтып алды.

Эрнис Рысбектин ыр жазып жүргөнүн бат эле сезди. Эсине кирип калган бала көрсөтүүдөн уялаарын билип, үйгө келген сайын адабият жөнүндө көбүрөөк аңгеме-

лешчү болду. «Бала жаш болгону менен сезимтал, сүйлөгөндөн укканды жакшы көрөт» дечү Эрнис. Акыры ал ыр жазган дептерин көрсөттү. Жаштыктын деминенби же таланттын күчүбү айтор, өзү менен өзү кайнап, эч кимге билгизбей жүрүп, миң саптан ашуун ыр жаратыптыр. «Бул жаанын жебеси! Темирдин учкуну! Кыялдын закымы! Оңой талант эмес!» деди Эрнис окуп чыгаар замат толкунданып. Ошондон көп өтпөй баш сөз жазып, газетага ырларын берди. Бирок, Рысбекти эч ким куттуктаган жок. Ал тургай классташ жолдоштору деле газетаны окуп жатышып унчугушпады. Мунун сыры бар эле, эч кимге байкалбаган жашыруун сыр болучу. Аны Асыл гана сезди. Газетадагы эки жакын ысымды кайра-кайра окуду да, Эрнистин баш сөзүнөн улам: «Бул Рысбектин ыры» деп билди,— «Биздин Рысбектин! Канатов Рысбектин...» Ошол замат толуп ташкан кубанычын көтөрүп, Өктөмгө жетип келди.

— Өктөм, сен уулуңдун ырын окудуңбу?!

— Кимдин? Кайдагы ыр?..

— Биздин Рысбектин ыры газетага чыгыптыр! Мына көрдүңбү?! Жарым бет толтура! Сен бул газетаны окуган жок белең?

— Карап чыккам. Рысбектики деп ойлобопмун... Фамилиясы... Өзү дагы айткан эмес...— Өктөм мукактанып, айтууга сөз таба албады. Ал тургай өтө эле опурталдуу, өтө эле ылайыксыз сезилгенсиди. Эл алдында айыбы эми ачылгансып, калтырап чыкты.

— Казыбектин фамилиясында жазганын карасаң? Сен муну туура кылыпсың!.. Ал тургай стили дагы окшош... Куттуктайм, куттуктайм Өктөм! Өзү жокпу? Мен ага... Мен аны өзүнчө куттуктайм! Атасынын атынан куттуктаймын! — деп Рысбектин мектептен келишин чыдамсыздык менен күтүп отурган.

Ошондон төрт жыл өткөндөн кийин, университеттин экинчи курсунда окуп жатканда, Рысбектин «Сүйүүнүн майрамы» аттуу биринчи ыр китеби Эрнистин редакторлугу менен жарык көрдү. Китептин чыгышына 9-апрель күнү кол коюлган эле. Бул дата Эрнис тарабынан атайын эске алынып, досунун өмүрүнүн уландысы катары сезгиси келген. Асыл үчүн бул китеп — чыныгы сүйүүнүн майрамындай сезилди.

Сүйүүнүн майрамына кабылган жаш улан, эмгектин да жемишин кошо көрүп, жалаң гана ийгиликтин үс-

түндө кете берди. Үчүнчү курста комсомол уюмунун секретары, төртүнчү курста партиянын мүчөсү, бешинчи курста экинчи китептин автору болду. Университетти артыкчылык диплому менен аяктаар замат, «Жазуучу» басмасынын көркөм адабият бөлүмүнө редакторлук кызматка алынды. Үчүнчү китеби чыкканда Жазуучулар Союзуна мүчө болуп, ошол редакциянын бөлүм башчылыгына көтөрүлдү. Мунун баары Эрнистин эңсегенине төп келип, Рысбектин келечегине ишенип, барар багытына көз салып турду.

Рысбек ушуну менен эле токтоп калбады, кийин жетекчилик кызматтарга көтөрүлө баштаганда, Эрнис чечкиндүү кеңеш берүүнүн ордуна, тарткынчыктап, анча кубана берген жок. «Албетте, партия ишенип тапшырып жаткандан кийин, иштешиң керек... Эми сен кайра университеттин скамейкасына отурбайсың. Ушул сыяктуу атмосфераң дагы, көз карашың дагы өзгөрүшү мүмкүн... Эмнеси болсо да чыгармачылык түйшүгүңдөн кутула жадай көрбө?»— деген суз. Рысбек өз оюн айтууга аракет кылды эле: «Болду, болду. Сенин оюңду түшүнүп турам. Айтып алып аткара албай калгандан көрө, капилеттен жасаган кылмыш жеңилирээк болот. Сага берер кеңешим түгөндү окшойт... Эми сен бизди жетектешиң керек,» — деп какшык аралаш таарыныч жылдырган. Анын таарынычынын негизи эле чыгармачылык түйшүктөн четтеп кетеби деп чочулаган болучу. Бирок андай болгон жок. Азыр Маданият министринин орунбасары болсо да, Эрниске келип кадимкидей акылдашып, бир нече китептерди жазды...

Тереӊ кыялга чөмүлгөн Өктөм казандагы дакталган май эчак күйүп бүтүп, бөлмөнүн ичин кара түтүн каптаганын сезбей калды.

— Я апа, эмне күйүп жатат? Каңырсып кетти го?— деди Рысбек ваннадан чыгып, Өктөм ошондо гана ордунан ыргып туруп, оокатына киришти.

— Байкабай, майды күйгүзүп албадымбы,— деди ал күпөөлүдөй карбаластап.

— Бүгүн биз Асыл эжемдин орденин тапшырдык. — Рысбек апасын ыңгайсыз абалдан куткаруу үчүн, сөздү башкага бурду.

— Орденин алдыбы?! Ырас болгон тура. Эки кубаныч бир келип... Байкуштун ушинтип эмгеги кайтсын.

— Тамакка убара болбо апа, конокко барабыз.

— Асылдыкынабы? Баарыбызбы?..

— Албетте баарыбыз. Бүгүн бир той өткөрөбүз дейсиң!.. Акак жумуштан келе элекпи?

— Келген, базарга кетти. Гүлүмдү бакчага жибердим. Азыр келишет.

— Анда камдана бергиле!? Мен абама телефон чалайынчы, алар мында келмек.—Рысбек төркү үйгө кирип кетти.

— Эрнистер мында келеби? Кокуй анда дасторкон камдайын.— Өктөм карбаластап ашканага чуркады.

Ацгыча эшик ачылып, эки кызын ээрчиткен Акак кирди. Эң кенжеси Бегим жаңы үйрөнгөн ырын айтып келатат. Акактын сыйда мүчөсүнө кызыл гүлдүү көйнөгү кынап койгондой жарашып, эки кыздын энеси дегидей эмес. Тун кызы Гүлүм тартайып бойлуу, азыр төртүнчү класста окуп жүрөт. Өзү ошол мектепте, чет тилден сабак берет.

— Келдиңерби? — деди Рысбек төркү үйдөн чыгып.— Менимче ушул кийимиңер өзүңөргө жарашып турат. Чечинбей тургула, конокко барабыз. Акак сен, алып барар белек-бечкегиңди камда. Абамдар эшикке келип калышты, мен тосуп чыгайын, чогуу жөнөйбүз.

— Ата, мен дагы Актаң байкеме барамбы? — деди Бегим дилгирленип.

— Барасың кызым. Апаңды эртерээк даярдан дегин.

— Апа, даярдан. Даярдан апа?! — Бегим дасторкон жайып жаткан Өктөмдү шаштырып, кийип жүргөн көйнөгүн үстүнөн сыйрып кирди... Алар өздөрүнчө кызыкка батып, бөлмөнүн ичин каткырыкка толтурду.

— Баракелде, булар ак чөлмөк ойноп жатышкан го?..— деди Эрнис босогону аттай берип.

Келиңиздер. Келиңиз аба, төргө өтүңүздөр— Акак башындагы жоолугун оңдоп салынып, Бегим чачкан буюмдарды жыйнап кирди.

— Биз кечиккен жокпузбу? Байбичем жасангыча эле ушул болду— Эрнис тамашалай сүйлөп отурду.

— Качан ботом, сен жуунуп жатып албадыңбы,— деди Салкын чычалап,— Жашында ырас эле, карган сайын көйрөң болуп баратат.

— Сулуулук карыганда керек экен. Өзүң кичине аракет кылбасаң, азыр дегеле киши карыгысы келбейт. Рысбек, сен кандай дейсиң? Мурутум менен чачымды кара боёкко боётуп алсамбы деп жүрөм.

— А ары жок десе, бетиң менен моюнуңдун бырыштарын кантесиң? — Салкын ээгин түйрө эликтеди.

— Ботом, кыздарыңар кана? Же алар эшикте туруп калыштыбы? — Өктөм сөздү башкага бурду.

— Жок. Алар эми өздөрүн өздөрү багышат. Мен абышкамды дурустап багып алсам кандай... Карыганда...

— Тамашалайт,— деди Эрнис сөздү түзөп...— Алар: «Байкемдикине өзүбүз эле бара беребиз» деп, бая эле кетип калышкан. Мени ошолор багышат.

— Чайга карацыздар? — Акак чай сунуп, ортого тыныш жасады. Азыр алардын ичтеринде дегеле сарсанаа болбогондой, жүздөрү жарык.

— Аба, — Рысбек кыйладан кийин сөз баштады.— Мен бир маселени чече албай отурам?

— И, эмнени?..

— Эжемдикине эмне белек алып барсак болот?

— Белекпи?.. Ал ашык баш шаан-шөкөттү жактырбайт. Биз жөн эле баратат окшойбуз. Кемпиримди өзүң бил дегем.

— Аялдардын белегин билесиңер го, болор-болбос майда-чүйдө нерселер,— деди Салкын ыңгайсызданып.

— Мен да ошондой ойлодум. Ылайыктуу эч нерсе таба албай, акыры эжеме арнап ыр жаздым эле...

— Кана, окучу?!

— Жок, барганда окуурмун. Сиз бир сыйра өзүңүзчө карап чыксаңыз?

— Ошол ырыңды мага берсең?! — Чала кийинген Акак аркы бөлмөдөн шашып чыкты. — Мен атамдын чоң портретин сатып келгем, ошонун алдына коздоп жазып коёбуз!

— Казыбектинби?! — деди Эрнис.

— Ооба, атамдын...

— Ошондой кылсаңар да болот. Ме анда, бул ырды жарык көргөндөн кийин эле чогуу окуйлу, жаза бергиле.

— Ырас болбодубу, өзүнчө көтөрүп баргандан уялып жаткан элем,— деди Акак кубанып.

— Бул маселе го дурус чечилди. — Эрнис ойлуу сүйлөдү.

— Бүгүн биздин бүтүрөр эң орчундуу ишибиз бар. Аны силер билесиңерби?.. Актаңга кантип айтаар экенбиз?..

Бөлмөнүн ичи заматта тунжурап, жайдын саратаны болсо да, чыйрыкчуудай муздай түштү...

## ЖӨӨ ТУМАН ШУУДУРУМДУ КАПТАП ӨТТҮ

*Жаныма канжар болуп батсаң дагы,*
*Неге сен аянычтуу көрүнөсүң?*
(Эрнистен)

Асылдардын төркү бөлмөсү, Казыбектин үй музейи. Дубалдын бир жагында Канатовдун өмүрү жана чыгармачылык жолу сайылып жазылган туш кийиз. Экинчи тарабы толтура китеп. Залдагы шырдактын үстүнө кыргызча дасторкон жайып, үч үй-бүлө тегеректей отурушат. Асылдын сыйлыгы, Актандын ийгилиги тууралу сөздөр айтылып көңүлдөр сергек эле. Бирок, үлпөттүн шаңы канчалык кызыбасын, Актандан башкаларынын көкүрөгүн жалгыз нокот өйүп, тынчын алып жатты. Асыл мындан узакка туруштук бере албады көрүнөт, негедир өзүнөн-өзү сөз алып буулуккан үнү менен сүйлөп кирди. Баары бир ал негизги ишти ачык айта албай, сезимдин туткунуна жетеленип кетти.

— Ар бир адам алдына максат коюп, ага ак дили менен берилип эмгектенсе, анын аткарылышына мен ишенемин! — деди ал кызууланып. — Мен өзүмдүн алдыма койгон максатыма жеткендигимди бүгүн сезип да, көрүп да отурам. Берегн төшүмө тагылып турган өкмөттүн улуу сыйлыгы, менин жалаң гана китепканалык ишим үчүн эмес, ыйык достуктун ишеничтүү мүчөсү болгондугумду, ак ниет, мээрбан эненин милдетин аткара алгандыгымды билип, ушул сыйды бергендей туюлат мага!.. Мен баарынан мурда ушул үчүн сыймыктангым келет!.. Биздин бекем достукка арнап, уулунун атын Актаң койгондугун Казыбек айткан болучу. Анын үмүтүн актоого колумдан келишинче, мүмкүнчүлүгүмдүн жетишинче аракет жасадым. Эгерде, Эрнистей абасы, Рысбектей агасы, Салкындай энеси, Өктөмдөй эжеси, Калыйдай чоң апасы болбосо, менин колумдан эч нерсе келбейт эле... Бүгүн, атасынын ишин улантууга багыт алган уулумдун үлпөтүндө, үйүмө толгон куттун дээрлик көпчүлүгү Эрниске тиешелүү. Бул үчүн мен досум-

дуп алдына башымды ийип, дагы бир жолу таазим кыламын! — Асыл башын ийип чөгөлөдү. Эрнис шашкалактай тура калып, сөз таба албай карбаластады.

— Андай дебе?! Жетишет, тур өйдө?! Болду, болду, ыракмат... — деди ыңгайсызданып. Асыл акырын туруп сервантка басып барды да, бетинде «КЕРБЕНДЕР БЛОГУНУН АТЫНАН» деген жазуусу бар сувенирди алып келди.

— Бир кезде, биздин достук жаңыдан башталганда, биз төртөө болчубуз,— деп Асыл сөзүн кайрадан улантты.— Төртөөбүздүн бириккен өмүрүбүздүн чегине такалган максатыбыз бар эле. Ал достугубузду «Кербендер» деп атап, ар бирибиздин ээлеген ордубуз бар болчу. Казыбекти кербен башчысы кылып, мен экинчи, үчүнчү Набат, төртүнчү Эрнис катарга тизилип, бир максатка умтулган узак сапарга чыкканбыз. Балким ал балалык романтиканын күчүдүр. Эмнеси болсо да, кыз менен эркектин ортосундагы достуктун бар экендигин далилдеп, турмуштагы бардык жакшылыктарды жасоо колубуздан келет деп ишенгенбиз... Бүгүн мында «Кербендердин» эки мүчөсү отурабыз. Биз мүмкүнчүлүгүбүздүн болушунча адамдык сөзүбүздүн өтөөсүнө чыктыкпы деп ойлоймун. Муну айткан себебим мактануу эмес, ар бир ата-эне жашаган өмүрүндө жасаган иштери тууралуу эртеби кечпи балдарына айтып берүүлөрү керек. Ансыз элге кылган иши билинбей, ууру турмушту өткөргөндөй туюлаар эле. Ал эми «Кербендердин» калган эки мүчөсү жөнүндө... — Асыл мукактанып, үнү буула түшүп токтоду.

— Бу жашоодо өз оокатын тын кылып кетүү да чоң маселе окшойт. Набат үй-жай күткөнү өзү менен өзү болуп кетти. Кантсин, элет жеринин жагдайы башка болот эмеспи. Аман жүрсүн... Ал эми Казыбек болсо...

— Бул сөздү башка күнгө калтырсак кантет?..— деди Эрнис Асылдын абалынан чочулап.

— Жок дос, бул сөздү ушул бүгүн айтууну мындан он жыл мурда тилеген элем. Жүрөгүмдүн эңсегенин учурунда аткарып алайынчы?! Макул, макул, сөзүмдүн аягына чейин чыгайын. Менин айтайын дегеним, биз түзгөн «КЕРБЕНДЕРДИН» сапары түбөлүк улана берсин! Анын мүчөлөрү, мүчөлөрүнүн сүйүүсү биз менен кошо карыбай, дайыма жаш бойдон сакталып калсын үчүн, мен ушул ыйык эстеликти Казыбектин тун уулу

Рысбекке тапшыргым келет! Бул, өзү ишенген, бизден да туруктуураак кербен мүчөлөрүн түзүп алууга тийиш...— Асыл белекти Рысбектин колуна салтанаттуу тапшырып, ордуна отурду. Бул сөз бардыгын ойго салды. Рысбек өмүрүндө мынчалык жооптуу, ардактуу тапшырманы албагандай, толкунданып чыкты. Отургандар тилсиз тунжурашты...

Мейкин талаада сапар тарткан төрт төө.
Төрт төөдө төрт киши...
Кербендер...
Сырдуу сувенирдин сырткы көрүнүшү ушундай.
Ички сыры табышмак.
Сүйүүнүн кербени...
Достуктун кербени...
А балким башкача...
Баары бир кербендер...

Табышмактуу сувенир чыныгы кербендердин турмушун эске салат...

Кумдуу талаада кербен баратат. Сапары кайдан башталып, кандай бүтөөрүн, качан башталып, качан аяктаарын, эмнеден башталып, эмнеге бараткандыгын кербен башчысы гана толугураак билүүгө тийиш. Анын калган мүчөлөрү жол түйшүгүн чогуу тартышканы менен, максаттары бөлөк болушу мүмкүн эмеспи?.. Жок, жок, булардын максаттары бирдей, бардыгы бир максатка умтулушкан. Алар катаал жолдон коркушпай, бирдиктүү максаттын аткарылышы үчүн баш байлаган, жүрөктөш адамдар. Тумандуу күнү жол жүрүп, туңгуюкка адаштырып таштабай, көздөгөн багытка ишенимдүү умтулуу кербен башчысынын милдети.

— Менимче жакшы айтылды,— Эрнис сөздү улагысы келди,— Рысбек, сен таң калба? Баланын оюнчугундай нерсени эмнеге мынчалык кастарлашат деп ойлобогун? Бул сезимдин күчү! Адамдык асыл сапаттардын жакшы жышаанасы! Биз ошондо төртөөбүздүн ортобузга пайда болгон ынактыкты ыйык достук деп атасак да, андан уятка калбагандай натыйжа чыгаргансыдык. Мунун уландысы сага тапшырылып отурат. Экн кишинин бирдиктүү мамилесин түзүү оңойго турбайт. А бул андан жооптуураак. Үй-бүлө башчысы, коллективдин башчысы, элдин башчысы. Булардын баары өзүңдүн жекече жашаның үчүн гана зарыл нерселер эмес. Эми сен алар үчүн зарыл түрдө керексиң. Сенин жок болу-

шун—көп нерсенин бүлүнүшү! Сен өз бактың үчүн эмес, башкалардын бактысы үчүн жашоого тийишсиң. Өлүп калуу—чабалдык! Мынакей—Кербен башчысы... Дүйнөдө адам баласы үчүн баарынан ыйык, баарынан кымбат, баарынан бийик нерсе—бул адамдардын достугу. Адамдардын сүйүүсү! Достуктун кербенине мүчө болуу жооптуу да, кымбат да иш! Бул сөздү жеткилең түшүнүү үчүн, достуктун сүйүүсүнө толгон жүрөк керек!.. Сага тапшырылган белектин сыры ушундай...

Рысбек сувенирди телмире тиктеп, үнсүз отурду. Керберден кетип баратат... Ар биринин артынган жүгү бар.

Артынган жүгү — сүйүүнүн уюткусу.
Сүйүү — достуктун уюткусу.
Достук — жашоонун уюткусу.
Мынакей, кербендердин артынган жүгү.
Тоссо дагы тоодой толгон каршылык,
Үмүт өндүү ак чекитке тартылып,
Бара жатат, бара жатат кербендер,
Сүттөй аппак сүйүү жүгүн артынып,

деген ыр саптар, анын көз алдынан кербенчидей чубап өтө баштады...

—Сиздердин аңгемеңиздер эң эле кызык экен...—деди Рысбек ойлуу.—Албетте, ортоңуздардагы ишенимдүү ынтымагыңыздарды билчүүмүн. Андан алган таасиримди эч качан тана албаймын. Чындыгында ал өзүм үчүн гана зарыл нерсе. Бирок, береги мага тапшырылган ыйык эстафета мени туңгуюкка камап койду... Ошентсе да сиздердин көрсөткөн ишенимиңиздерге жан дүйнөм менен элжиреп кубанамын! Муну мен турмушумдагы дагы бир жаңы багыт деп түшүнөмүн.

— Туура кабыл алганыңа ыракмат!—Асыл кубанганынан ыйлагысы келди окшойт, көзүнүн тегереги кызарып чыкты.—Мен эми оор жүктөн кутулдум. Максатсыз жашабагандыгыма биротоло ишендим. Эми мен Акиндин турмушуна бөгөт болуп сезилбесем эле болду?..

— Бул эмне деген оюңуз, апа?—Актаң таңыркай карады.

— Жок, жок... Мен ичимдеги тилегимди ачык айтып жибербедимби, —деди Асыл бир аз ыңгайсызданып.

— Балдар бой тарткан сайын, эне-ата чочулай баштайт экен: аларга сөзүң жакпай калып, караңгы, би-

лимсиз киши катарында туюлсаң. Бул кыйын иш... — деди Эрнис Асылдын сөзүн кубаттагысы келип.

— Азыртан эле таарынбай, дагы күтө тургула. Балким, андай болбостур, — Актаң жагалдана сүйлөдү.

— Таарынасыңбы, таарынбайсыңбы баары бир турмуштун бөлүнгүс закону ошондой эмеспи, бирин экинчиси танат. Айла канча, ылайыктуу табылсак болгону... Курган Казыбек өзүн билимсиз катары сезип, тереңирээк окубай калганына өкүнчү. Бирок, ал билимсиз эмес эле. Анын боорукерлиги, адамдарды кадырлоосу чексиз эле.— Эрнис сөздүн нугун башкага жетеледи.

— Көл эмес беле байкуш,— деп шыпшынды Салкын.

— Бүгүн биз ушул жерде баш кошуп отурушубуз дагы, Казыбектин таза сезиминин негизи. Болбосо өмүрүбүздө бири бирибизди таанышпаган болоор элек. Ал өз тагдырынан мурда, балдардын келечектеги тагдырын көбүрөөк ойлоп, көбүрөөк бушайман болчу. Ошонун тынчын кетирген адамдар мына силерсиңер. Бир уулу бизден бөлөк чоңоюп, арабызга аралашпай калды... — Эрнис кандайдыр бир нерсе эстеп жаткандай, көзүн бекем жуумп, чекесин сыйпалады.

Асылдын жүрөк кылы үзүлгөндөй тызылдап, сөздүн аягын уккусу келбей, акырын басып ашканага чыгып кетти. Эрнис менен Рысбектин кыздары өздөрүнчө дүргүп, чочулай басып бөлөк бөлмөдө жүрүшөт.

— Казыбек Белекке арнаган бир сүрөттүү китептин четине минтип жазыптыр: — Эрнис каргылданган үнү менен ырды окуп кирди.

Менин уулум, менин муунум, кубатым,
Айтаарым көп, аман болсоң угасың...
Бул дүйнөдөн көзүм ачык кеткени,
Жээкке жетпей талып калса кулачым!..

Элесимди опурталдуу күндөгү,
Эстегендер кийин сенден сурасын.
Асыл буюм катарында сактап ал,
Атакеңдин эң алгачкы мурасын?!

Отургандар окуянын эми чындап башталарын сезишкендей, тунжурап калышты.

— Аябай сактагандыр?... — деди Актаң какшыктап.

— Белекте эмненин күнөөсү, Акинтай?! Ал атасынын үмүтүн актоого мүмкүнчүлүгү келбей калды.— Эрнис какагандай үнү кырылдап, тунжурап ылдый карады.

Актаң азыр деле сөздүн маанисине түшүнгөн жок. Ал Белекти эсине түшүрдү. Сүрөтүнө караганда атасына окшош алагай кара бала экен. Асыл алар жөнүндө толук айтып, тээ үчүнчү класста окугандан баштап, өз колу менен кат жаздырган. Келген жоопторго караганда анча ачылбаган түнт бала окшойт, жалаң гана алкадырды сурап, жарым баракка жетпеген сөз жазчу. Кийин шофёрдук курсту бүтүп, атасы Кадырбектин машинасын айдап жүргөнүн билдирген. Актаң Москвага экзамен тапшырганы кеткенде анын акыркы каты келди. «Кымбаттуу бир тууган бөбөгүм Актаң! Сенин орто мектепти эң жакшы баалар менен бүтүргөнүңө мен өтө кубанамын! Ошондой эле сага суктанамын! Сен жакшы чоңоюп келатасың! Баарынан эң ардактуусу, өз атаңдын фамилиясында катталып жүрбөйсүңбү?.. Жакшынакай кийинип, атаңдын эстелигинин жанында түшкөн сүрөтүңдү эч качан чөнтөгүмдөн түшүрбөйм... Мен болсом шофёрдук кесипке үйрөнүшүп баратам. Балким жакынкы күндөрдө жүз көрүшөрбүз...

Саламатта бол. Агаң Белек.»

Бул катты Асыл окуп, Белекке болгон көңүл оту туташып, эки бир тууғандын жолугушуусу анча опурталдуу эмесине ишенип калган. Ал тургай экөөнүн тезирээк кездешүүсүн тиледи. Бирок ойдогудай болбой калды...

— Атанын балага болгон тилеги оңой менен аткарылбайт тура... Мунун себеби өтө көп экен...— деди Эрнис мукактанып. Ал канчалык ойлонсо да, айтаар сөзүнүн баш аягын ирээттей албады. Рысбек азыр Асылдын абалынан чочулады. Ал жел үйлөп жаткан чөптөй дирилдеп, үйгө кирип-чыгып араң жүрөт. Ушул кыйын мезгилде өзүн-өзү алаксытуу үчүн, Рысбек өткөн окуяны эсине түшүрдү...

...Колуна телеграмма кармаган Асыл шашыла кирип барды да, үнсүз карап туруп, ыйлап жиберген. Рысбек жумушка жаңыдан жөнөгөнү жаткан болучу. Анда, кош бүктөлүү кагаз окуяны ачык түшүндүрүп, көңүл жубаткан сөздөр айтылып, жасалаар жумушту бат эле чечип коюшкан. Ошол күнү түштөн кийин Эрнис менен Рысбек Тогуз-Торого учуучу самолётко отурушуп, эки сааттан көп өтпөй, Аминаттардын үйүндө болушту. Короого

тигилген боз үйдүн кырчоосунда Кадырбек менен Белектин кара чүпөрөк кыюланган сүрөттөрү илинип туруптур. Шаардан барган эки конокту касканактаган калың эркектер кыштак жаңырткан өкүрүк менен тосуп алышты. Буларды жаңыдан көрүшсө да, кадимки өз туугандай кастарлашып, нуска сөз сүйлөп кайгы бөлүштү. Акыры айыл аксакалдары чогулуп келишип, кайгылуу окуяны мындайча түшүндүрүштү.

Кадырбек басмакананын иши менен шаарга барып келүү жөнүндө Белекке билдириптир. Бул кубанычтуу кабарды Белек жан дили менен кабыл алып, машинасын даярдайт. Жөнөөрдө өзүнөн-өзү сүйүнүп, Аминатты кучактап өөп, коштошкон экен. Нарынга баргандан кийин Кадырбектин жумушу бүтүп калганбы, же башка бир сөз болгонбу, айтор, орто жолдон кайра үйгө кетүүнү билдириптир. Түнт кишы балага кандай сөз айтканы белгисиз, балким, экөөнүн ортосунда талаш-тартыш болгонбу, кыскасы, аны билген киши жок. Бир гана областтык аткаруу комитетинин председателинин кабинетинен ачуулуу чыгып бараткан Кадырбекти көргөндөр бар имиш. Ал жерге бала мурда фамилиясы тууралуу арызданып баргандай айтышат, бирок анча так эмес. Алар түндөп Тогуз-Торого кайра жол тартышат. Кадырбектин ГАЗ—69 маркасындагы жеңил машинасы Кара-Белдин капчыгайында келе жатканын көргөн шофёрлор бар экен. Андан кийинки окуянын болгон учурун көргөн эч ким жок. Айтор эртеси эртең менен Кара-Белдин эңкейишиндеги биринчи бурулуштагы таш казыктардын талкалангандыгын көргөн почтонун кызматкерлери токтоп, өлүктөрдү биринчи көрүшүптүр. Белек жолдун алдынан эки метр узабай, чоң таштын жанында жаткан имиш. Кыясы машинадан секиргенде, ошол ташка башы менен чабылса керек дешет. Кадырбек кулаган машинадан чыкпай, бир чакырымдан алыс, жылганын тамагына барып түшүптүр. Күбүң-шыбың сөздөргө караганда, Белек Кадырбекти атайылап өлтүрүү үчүн машинаны коё берип, өзү секирип кеткендей айтышат. «Андай оюу болсо, өзү аман калгандай жерден жасабайт беле? Жөн эле кырсык. Техникага ишенип болбойт эмеспи, балким бузулгандыр, а балким уктап кеткендир. Кыскасы ажал да...» — дешет кээси. Ошентип, өлгөндөрдүн өз күпөөсү өздөрү менен бүттү.

Жөнөөрдө коштошуу үчүн Аминаттын үстүнө ки-

ришти. Жесир аял чоң кара жоолукту жая салынып, төрдө отуруптур. Жанындагы жаш кыз үн чыгарбай солуктап, бир кемпирге сүйөнүп отурат. Ал Кадырбектин жалгыз туягы, Аминаттын кенжеси Бурул болучу. Актанды алып кеткен жылы төрөлүптүр. Быйыл төртүнчү класста окуйт дешти. Апасына куюп койгондой окшош, топчу мурун, кара тоголок кыз экен.

— Актан эмне үчүн келген жок? — деди Аминат кырылдаган үнү менен кекете сүйлөп.

— Ал Москвада, экзамен тапшырып жүрөт. Биз ага кабар бере албадык,— деди Эрнис.

— Болсо дагы балакетти айтасыңарбы. Өз балдарымды өзүмө ээ кылбай бөлө качып жүрүп мына, минтип жок дегенде бири-бирине топурак буюрбай калды...

— Жок, жок, андай ойлобо? Ал силерди жакшы билет. Белек экөө кат алышып турушчу эмес беле? Окуудан келээр менен айтабыз.

— Ошентет да,— деди Аминат каардуу.— Башкасын ажыратсаңар дагы боорду ажырата аласыңарбы?! Ошону көрө албай жаткандыр, жанагы салынды. Көзүнө көр топурак тыгылгыр!.. Бир уядан чыккан байкуштарым, өздөрү эптеп табышып алышыптыр. Анысын бизге айтпайт. Өлгөндөн кийин Актандын каттары менен сүрөтү чөнтөгүнөн чыкты. Ошол замат кабар бердиргем. Байкушум, жок дегенде топурак салып, көксөөсү сууп калсын дебедимби!

— Сабыр кыл Аминат!— деди Эрнис токтоо.— Болоор иш болуптур. Эми аны экзаменден алагды кылбайлы дедик. Кейигенден пайда жок, арты кайырлуу болсун! Уучуң кур эмес, мына кызың турат, Актаң чоңоюп калды, ал деле сенин балаң. Окуусуна өтүп кетсе, төртбеш жыл деген кеп эмес... Андан кийин, балким каттаашып, биригип алаарсыңар... Алыңды кетирип, көп кейибе? Уруксат берсең, биз эми кайталы?

— Кайткыла,— деди Аминат жашып.— Келгениңерге ыракмат. Бул бала кайсы? Сенин уулуң эмес го?

— Биздин уулубуз...

— Сенинби? Таң, окшобойт анча...

— Казыбектин баласымын,— деди Рысбек ыкчам.

— Казыбектин? — Аминат таң калыштуу карады.

— Ооба, Актандын агасы болом.

— Я ботом, кайдагы агасы болосуң?

— Канышай апа чүйдөгү бир кызынын баласын асы-

рап жүрүп, кайра өзүнө бергенин билет чыгарсың, — деди Эрнис.

— Ии, ооба, уккам. Бирок көргөн эмесмин. Ошол бала сен турбайсыңбы? Чоңоюп жүрөсүңбү кагылайын? Апаң барбы, күүлүбү? — Аминат ичи жылый түшкөндөй мээримдүү сүйлөп, Рысбекти өзүнө тартып, чекесинен өптү.

— Күүлүү, ырахмат...

— Сен дагы Казыбектин ысмында жазыласыңбы?

— Ооба.

— Ырас тура... Ошентип Актаңды жетимсиретпей, бир тууган кылып жүр кагылайын? Өзгөдөн көрө өз турбайсыңбы... Эркек баласың да, элден-журттан сурамжылап, энтеп иниңди таап алган чыгарсың? Белегиң ушинтип жаштайында жайрап калбадыбы!.. — Аминат эми чындап солуктап, жагымсыз үнүн созолонто кошок кошуп жиберди:

О көзү ачык кеткен берекем аа,
О көлдөй бир шалдай ойронум аа,
Катыгүн экөөнөн бирдей айрылдым кокуй!..

Отурган аялдар туш-тушунан кайрат айтышып, аны сооното албай жатышты...

Рысбек ошондогу Аминаттын аянычтуу кебетесин элестетип, аны азыркы Асылдын абалына салыштырды. Аянычтуу көрүнүштөр... Эрнистин Актаңга чындыкты айта албай, күнөөлүдөй бужүрөп отурганы да аянычтуу. Актаңдын сезимине доо кеткендей үнсүз телмирет. Ал дагы аянычтуу.

Рысбек чексиз кыялга батты:
Кимди биз аёого тийиш элек?
Эмне үчүн аянычтуу көрүнүшөт?
Адамдар сүйгөндөрүн аяшабы?..
Аёону акылмандар жаратабы?
Аёолор кылмыштарга жол ачпасын?..

## Экинчи бөлүм

«Аччы дос көкүрөгүңдү, мен сага
пшенээримди
билдириш үчүн, каныңа аралашайын?!»
(Казыбектин катынан.)

# СЕЛДИН БАШТАЛЫШЫ

Пролог. Капсалаңдуу камылга.

Асман тунук.
Күн мээримдүү, жылжылуу,
Мажүрүм тал беш көкүлүн чубалтып,
Суу бетине оймок жасап ойношот.
Гүлүн төккөн өрүкзарлар сунсулуу,
Жалаң гана сүйүү ышкын ойготот.
Талаа бети жоогазынга бөлөнүп,
Такыр жер жок, таштын үстү көгөрүп,
Төө көз булак күлүп турган чак эле...
Жер жемиштер шакка батпай ийилип,
Тирсийишет кыз эмчеги сыяктуу...
Кызыл жоолук келин чыгып жаңы эле,
Бүлдүркөндүн түбүн отой баштады...
Тойгон жандык ыксырашып басалбай,
Жай издешет көлөкөгө жатканы...
Ал ангыча кара булут суурулуп,
Тоо башын торго салып чүмкөп калды.
Жадырап-жайнап турган мээримдүү күн,
заматта каш кабагын бүркөп алды.
Уюлгуп бороон-чапкын сапырылып,
таш учуп, мөмөлүү шак жапырылып,
жемиштер тоголонуп жерде калды,
Асмандын капкагы ачылгандай,
Жер бетин дамбыр таштай добул урду...
Жаратылыш таш боордугун карматып,
сел каптады жердин бетин жалмашып...
Жоогазын тамырынан суурулуп,
Каректер көлчүктөргө кабылышты.
Жандыктар бастырмага корголошуп,
булбулдар сайроосунан жаңылышты...
Жалгыз гана кызыл жоолук келин жүрөт талаада,
бүлдүркөндү селден тосуп калкалап.
Азыр анын жоолугу жок башында,
долу шамал алып кеткен уйпалап...
...Ошол жоолук акты селдин ичинде,
тийген жерин табы менен куйкалап...

***

Кубангандан этегин делбектете шаша баскан Аминат, эшиктен кире сала сүйлөдү.

— Бурул, бол балам, бол садагаң болоюн?! Камын. Азыр самолёт келет экен. Радистин өзү менен сүйлөштүм, тигил жактан учуп чыкты дейт. Кийим-кечеңди иреттеп, чемоданыңа сал, унутуп калып жүрбө.

— Самолёт бүгүн дагы болбой калса, жүгүбүздү көтөрүп тампайып кайра келебизби?— деди, Бурул анча кебелбей. Анан ордунан жай козголду да, алуучу буюмдарын түгөлдөп кирди. Анын кош көңүл кыймылынан, ушул жерден дегеле эч жакка кеткиси келбегени байкалат. Анысынын себеби бар болучу. Бирок, кыздын жүрөгүндөгү жашыруун сырды Аминат али байкай элек. Балким, билсе дагы билгиси келбестир. Бала кезде ким эмне ойлобогон. Алардын оюна коюп болобу? Турмушту түшүнбөгөн неменин келечек менен жумушу эмне?

Болбогон ой менен болбогон нерсеге кабылат да, ошол бойдон күлдү күчүккө айланып, дайынсыз жоголот. Жок, Бурулду антип ара жолго таштоого жарабайт. Эптеп бир жогорку окуу жайына өткөрүү зарыл. Андан кийин өз жолун өзү таап кетээр. Жогорку билимдүү кыз, жерде калмак беле... Аминаттын пикири мына ушундай. Ал эми Бурулдун каалаганы таптакыр башкача болучу. Кыз мектепте окуп жүргөндө эле өзүнүн классташы менен сүйлөшүп жүрчү. Быйыл бүтүрүү экзамендеринен кийин өткөрүлгөн кечеде, экөөнүн ортосу ажырагыс биригип калды... Азыр ал жигит апасынан да жакыныраак сезилгенсийт. Көрүшпөгөнүнө он күнчө болду, жайлоодогу ата-энесиникине кеткен. Убада боюнча бат эле баш кошуп, күздө бир короо козу алып, чабан болуп иштешмек. Демек окуугa баруунун эмне кереги бар? Тоодон эртерээк келсе, балким, иш башкача чечилмек. «Кечигип жатканын карачы?! Сагынбай кантип жүрөт десең? Жок дегенде жолугушпай... Бүгүн кетип калсак, качан көрүшөөр экенбиз?» деген санаага батат кыз.

Үч күндөн бери аба ырайына байланыштуу самолёт учпай, апасы экөө шаарга кете албай отурушат. Бурул буга ичинен сүйүнүп, жигиттин келип калышын күткөн. Бирок эми, жөнөйбүз деп жатпайбы?!

— Бүгүн кечинде буюрса, Асылбек аяш атаңкында болобуз.— Аминат куржунга кургатылган курут, карынга куйган сары май салып, оозун тизип бекитти.— Куру л барганыбыз уят, куржундун эки көзүн толтурайын. н жатакана алгыча ошол үйдө турасың.

— Актаң байкемдикине барбайбызбы?

— Актаң байкеңдин өзүнө жолугабыз. Үйүнө барсак, жанагы баккан шерменде, көсөө менен башка чаап, жолго салаар... Ошонун үйү үнкүр болуп калсын! Чакырса дагы барбасмын. Андан көрө Рысбек байкеңдикин таап, үйүнө чай-чамек алып барып коёбуз.— Аминат кызы үчүн чогулткан акчасын кайрадан эсептеп, аны бир нече бөлүктөргө бөлдү да, азыраагын жан чөнтөгүнө салып калганын башындагы такай салынып жүрүүчү бир байлам жүн жоолугунун кайруусуна бекемдеп түйүп алды. Ал азыр кыштыр-жайдыр үч төрт жоолукту кабаттап салынып жүрүүчү болгон. Кадырбек менен Белектин күйүтүнөн кийин ушул ооруга кабылдым деп айтып жүрөт. Кандай оору экенин ким билет, айтор, көңүлү серт болор замат ач кыйкырыкты салып, ыйлаганча урушат да, андан соң эки колу менен башын мыкчып, үн чыгарбай төшөккө жатып калат. Кийинки күндөрү сырын билгендер катуураак сөз айтмак турсун, үйүнө басып келбей калышты. Бир кездеги көңүл көтөргөн учурлар жоголуп, каш серпкенде кадыр билген кишилер өзүнөн-өзү четтеп кетишти. Атаганат, алтын күндүн бири жок! Бара-бара жашоонун максаты бүлбүлдөп бараткан сыяктанат.

«Баланчанын кызы жогорку окуу жайында окуйт имиш» деген сөз элет жеринде чоң сыймык менен айтылат. Аминат эми мына ушул максатты алдына койду. «Куда кааласа кызымды бир жогорку окууга өткөрүп алсам, элге жүзүм жарык болоор?!» деп ичинен кудуңдап жүрөт. Бул оюнун ишке ашышына анча күнөм санабайт, анткени, анын ишенген кишилери бар.

— Биз тамды кароосуз калтырып кете беребизби? Бирөө көтөрүп кетсечи? — деди Бурул, көңүлсүз.

— Көтөрбөйт. Анын баарын сүйлөшпөдүкпү. Жыпар эжекең көз салып турат. Түнкүсүн балдарын жаткырам деди. Ачкычты берип кетебиз.

Бурул терезеден сыртты тиктеп, телмирип үнсүз отуруп калды. Анын кете турган түрү байкалбайт. Жок дегенде бүгүнкү самолёттон калышса, балким, келип калаар беле?!

— Апа, биз мынчалык эмнеге эрте баратабыз? Үйдө туруп деле экзамендерге даярдансам болот эле. Кишиге жалдырабай өз күчүм менен өтсөм...

— Өткөндү сага ким коюптур!— деди Аминат

нын сөзүн бөлүп.— Сен эмес жалаң «беш» менен бүткөндөр да көз салган кишиси жок, институттун босогосун аттай албай кайра келип жатышат. А мен көзүмдүн тирүүсүндө антип кор кылбайм кызым. Буйурса, өтөсүң! Универстетти титиреткен аяш атаң бар. Министерство менен чоң театрды бийлеген агаларың турат. Алардын күчү жетпесе акчанын күчү жетээр. Сендик кудуретим бар! Ошону үчүн эртерээк барганыбыз оң, кызым. — Ал ишеничтүү сүйлөп, ал тургай кубангандан жадырап күлүп жиберди.

— Деги мен кайсыл окууга өтөм?— деди кыз.

— Бара көрөбүз. Сүйлөшөбүз... Ылайыгына жараша бирөөнө өтөөрсүң. Эптеп эки барак кагазга ээ болсоң, кор болбой жашайсың да балам!..

Сөз үзүлдү. Аминат Жыпарды чакырганы сыртка чыгып кетти. Бурулдун чындап айласы түгөндүбү, айтор, эттүү алаканына жаагын таяп, жашылданган көзүн жумду. «Мейли,— деп ойлоду ал,— мейли, окууга өткөрүшсө дагы бир айдан кийин таштап баса берем... Келгенден кийин... албай койсочу?! Анда канттим?.. Жолугуп кетүү керек эле... Түндө келип калса эмне? Азыр келсечи! Качып кетмекмин! Жашаарым чын болгондон кийин баары бир эмеспи. Кыздын көңүлүн сагыныч менен коркунучтун сезими каптап, ызалангандан ыйлап жиберди...

Сырттан эки аялдын үнү угулуп, Аминат менен Жыпар көңүлдүү сүйлөшүп киришти.

— Өзүң бил, күндөш, өзүң бил. Тамды сатып жибересиңби, өз эркиң. Кайда калбаган там. Мындай дүнүйөнүн далайын көрбөдүкпү. Баш аман болсун.

— Капырай де, марттыгыңды көргөнүм ушул. Сен ошондон ары эрге тийип кетип жүрбө я?! — Жыпар сөзүн чоё сүйлөп тамашалады.

— Кандай болгон күндө да, сен үчүн бир кайрылып келип кетишим бар. Дүнүйө үчүн эмес, сен үчүн. Сендей күндөштү бат эле унутуп калышым кыйын го чиркин! — Аминат жаш кезиндегисиндей жайдары тамашалашып курбусун чайга отургузду. Ал суйдаң кашына жа боёк сыйпап, ээрдине эндик сүртүп, бетине упаны кыңыраак жаткырып алыптыр.

— Сен бүгүн Айчүрөктөй көрүнүп калыпсың,— деди ыпар какшык аралаш тамашалап.

— Ээ, Жыпаш, эрге эмне үчүн чандырганымды эми

билип жүрөм. Элүү сомдук атыр куюнуп, элчилеп бир күндө онду кийип онду чечсем, гүлгүн кезим күбүлмөк эмес экен. Көр оокатты бүтүрөм деп, көйнөктү үтүктөп кийбей, жаштайымда карыптырмын! Мына эми, эрден да, элден да кол жууп, кемшийген кемпир болдум.

— Кой ботом, анча ызыланба? Азыр деле жашсың. Сооруңду бүлкүлдөтүп бассаң, солкулдаган жигит кызыгат. Такыр эле табылбаса, абышкама алып берем, чындап күндөш болобуз.

— Ий, оңбогур! Айткан тамашасын! — Аминат азанап күлдү.

— Чын айтам. Бурулду окууга өткөрүп келчи? Эптеп сени быйыл эрдүү кылам, карап тур!.. — Экөө кайрадан тамашага өтүштү. Бурул төркү бөлмөгө кирип кетип, чыккан жок.

Булар бирин-бири жакшы билишет. Бир отуруп сүйлөшкөндө тээ бала кезден берки өткөн-кеткендерин саймедиреп төкпөй-чачпай айтуудан эч жадашпайт. Экөөнүн жаштыгы бир кишиде калганы баарынан кызык. Бирөөнүн чанып, бирөөнүн чандырып кетиши да күлкү келээрлик иштей сезилет. Бирок, негедир экөө тең Казыбекти жамандай алышпайт. «Болбураган бир байкуш эле. Мурдунан жетелеп эр кылып алууга болмок!.. Жадакалса өпкөндү да билчү эмес. Эң эле ичи ысып кеткенде бетин бетиме тийгизип жөн болчу,» деп эскерчүү Жыпар. Аминат болсо анын көңүл салбаганын ортодогу азгырыктардан көрүп, ичи ачышканда ыйлап жиберчүү. Кийинчерээк биринин сырын бири билишкенден кийин: «Этиң тийишпесе да бетиң тийишкен. Экөөбүз күндөш болобуз,»— деп Аминат оюн-чындан көндүрүп алды.

— Мен Казыбекке тийип калышым мүмкүн эле, — деди Жыпар бир жолу сүйлөшүп отуруп.

— Эмне үчүн тийген жоксуң?

— Ошол кезде бир ушак тарап кетти. Өктөм деген кызды Казыбек боозутуп койгон имиш. Ал окууну таштап дайынсыз жоголуп кетти. Өзүнөн сурасам «болбогон сөз, жөн гана тааныш болчумун»,— деп жолотпой койгон. Ошондон кийин көңүлүм ирээнжип, негедир мим суул калды.

— Аны койчу... Кийин Өктөм табылды беле?

— Жок... Мен аны азыр болжолдоп отурам. Рысбек деген жигит ошонун баласы окшойт сы

— Ботом, аны кантип билдиң?

— Билдим. Атасынын наамында катталганынан байкабайсыңбы? Кыясы ал катын эрге тийбесе керек...

— Балакет бас, дагы эмнени ойлоп чыгара койдуң? — деди Аминат өңү бузулуп.

— Ойлоп чыгарбай эле, бул чындык. Ачыгына жеткиң келсе барып көрүп кел.

Бул сөз баягы Эрнис менен Рысбек келип кеткенден кийин болгон. Ошондон бери бул балекеттүү сырдын түйүнүн билүүгө көп аракет кылды. Кийин Берметке кат жазып, алар жөнүндө сурамжылап көрдү, Өктөмдүн турмушунан кыскача маалымат билдириптир. Кыясы, бардыгы чындык окшойт.

Азыр дагы Жыпар ошону эске сала эскертти.

— Өктөм күндөшүңдүн чын-төгүнүн биле келесиңби?

— Эмнесин билейин? Билип бүтпөдүмбү. Алар мени билишсин!

— А кокуй, билсе дагы билгилери келишпейт.

— Эң сонун келет! Аман-эсен барайынчы. Эгерде, иштин баары ойдогудай болуп, бөгүлүп-чөгүлүп көңүлүмдү алышса, анда жабылуу аякты жабуусу менен калтырып, «аксактын сабырына карап», кайра тартам.

— А, ак көңүл байкушум ай! — Жыпар кексе күлүп, мойнунан кучактап, эркелете сүйлөдү. — Сенин алдыңа ким бөгөлүп-чөгөлөйт дейсиң? Керек болсо сени жалынтат. Башканы кой, өзүңдүн балаң жакшылап тааныры кудай билсин. Аларга баягында шаардан жолукканымды айттым эле го сага. Көзү тикчийип, караганы кадим карышкырдын баласындай. Кебетеси нагыз хулигандын өзү. Автобустун ичинде апа сөрөйү экөө жалжактап, дегеле кишини көзүнө илишпейт. Отургандар тим эле жерге түкүрүштү. Менин дал артымдагы орундукта кучакташа кыналышып, оозуна келген сөздөрдү айтып дөөдүрөшөт. Эне-баладай түрлөрү жок каапырлардын. «Ай бала, эмне калжактайсың. Бирөөнүн жугундусуна семиргениңе мактанбай, өлгөн бир тууганыңа барып бата кылып келсең боло?!», — деп айтып жибере жаздап, абийир сактап араң токтодум. Балким, сөгүп жиберет беле, ким билсин...Ургандан дагы кайра тарткыдай эмес аның. Эми бир театрдын чоңу болуптур, керейип сени таанымбай турса...

— Жок. Ал мени тааныйт. Мен анын туугал энесимин!

— Ошол, энеси экениңди билсе десең?
— Билет.
— Ал билсе дагы билдирбей тургандары бар. Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат болуп, алардын үйрөткөнүн жасабаска акысы жок.
— Жасабайт!— Аминаттын өңү түнөрүп чыкты.
— Барып көр байкушум. Элдин баары эле сендей ак көңүл эмес... Кара мүртөс күндөштөрүң ал баланы кандай кылып тарбиялаганын өз көзүң менен көргөндө билээрсиң. Жок дегенде: «Келип калыпсың апа»,— деп кебиңди угуп койсо болгону.
— Угат! —деди Аминат каардуу. —Угат! Укпаса мен анын колуна өлүп беремин! — Нан салган табактын четинде жаткан бүктөмө чоң макини ала коюп, столдун бетине уруп калды...

# САХНАНЫН КӨШӨГӨСҮ ЖАБЫЛБАСЫН

Режиссердун бактысы — аншлаг.

Мамлекеттик Академиялык драма театрынын көрүүчүлөр залынын ичи. Жым-жырт. Караңгы. Кээде гана Актаңдын чечкиндүү үнү угулат, бирок анын кайда отурганы көрүнгөн жок. Сахнада эки адамдын монологу жүрүп жатат:
«А л м а з. Биз эркинбизби?
Б о л о т. Эркинбиз.
А л м а з. Бардык нерселерге укуктуубузбу?
Б о л о т. Албетте. Бирок, акмакчылыкты жасоого акыбыз жок.
А л м а з. Бизде бардыгы жетиштүүбү?
Б о л о т. Жетиштүү десек да болот.
А л м а з. Анда эмне үчүн ушул күнгө чейин, коомго жат көрүнүштөр арабыздан арылбай кете жатат? Эмне үчүн?!
Б о л о т. Кайсыларды айтkың келет?
А л м а з. Кайсылар экенин билбейсизби? Уурулук, ушакчылык, эки жүздүүлүк, кошоматчылык, хулигандык, масчылык, паракордук, тууганчылык.
Б о л о т *(сөзүн бөлүп)*. Болду, болду. Түшүндүм...
А л м а з. Түшүнсөңүз кана? Эмне үчүн биз буларга каршы күрөшпөйбүз? Же булар боло берүүчү, түбөлүк-

кө кала берүүчү нерселерби? Адам-Ата жаралгандан бери ушундайлардын кесепетинен адамдар жабыркап келишкен. Бул типтер социалисттик коомдо гана биротоло жоюлушу керек эле. Эмне үчүн түгөнбөйт? Эки адамдын ортосун бузуп, үй-бүлөөнүн ынтымагын кетирип, ал гана эмес эки элдин ортосуна бүлүк түшүрүп жатканын билбейсизби?

Болот. Билем уулум, билем. Оюнду эң сонун түшүндүм... *(Акырын күлүп сөзүн улады).* Мунун баары чындык. Бирок, айткан менен жалгыз жарым кишинин, же экөөбүздүн колубуздан келбей турган нерсе. Бул өзү татаал маселе...

Алмаз. А, татаалбы? Татаал маселе деңизчи?.. Сиз алдыңызга эмне максат коюп жашап келдиңиз?

Болот. Элдин бактысын. Тынчтыкты. Келечектеги балдардын курсактарынын тогун, кийимдеринин бүтүнүн тилегенбиз.

Алмаз. Азыр булардын баары иш жүзүнө ашты, ушундай эмеспи?

Болот. Албетте!..

Алмаз. Демек азыркы максатыңар, жөн гана тынч алып жашамай, туурабы?

Болот. Негизинен ошого жакын. Биз өзүбүздүн милдетибизди өтөдүк. Калганын улантуу силердин ишиңер...

Алмаз. Айтматов эмне деген билесизби? — «Адам ичкен ашына семирип, кийген кийимине мактанып, ток пейил тартып тынчып калды дегенче, адамдык касиетинен ажырады дей бер!» деп жазган. Сиз дал ушунун өзүсүз.

Болот (жалт карап) Сен жеткен бабыр окшойсуң...»

Залдан Актандын үнү угулду.

— Коё туруңуз? Шашпаңыз? Кыйкырбаңыз? Дайыма кыйкырып сүйлөгүңүз келет «Болот» аке. Кыйкыруу, ыйлоо, чабал актёрдун иши.

— Эми кандай сүйлөйүн?— Болоттун ролун ойноп жаткан Ашыр аксакал тырчый сурады.

— «Сен жеткен бабыр окшойсуң» деген сөздү биротоло бүтүм чыгарып айтуунун кереги жок го? Анда сиз Алмаздын оюн таптакыр эле четке каккан, жек көргөн адам болуп турасыз. Бул жерде анын подтекстин табуу керек. Алмаз коомго жат, тескери көрүнүштөргө

каршы күрөшкүсү келет. Ал— бүгүнкү күндүн Корчагини. Чарбадагы партиялык уюмдун секретары— сизден кеңеш сурап кайрылып, өз ичинде кайнаган татаал проблемаларды козгоду. А балким сиз Жухрай сыяктуу жардам берерсиз? Бул— окуянын жүрүшүндө чечиле турган нерсе.

— Түшүнөм айланайын, түшүнөм.— Ашырдын чындап ачуусу келип, кызаңдай сүйлөдү.— Мени эмне, таптакыр эле эч нерсе түшүнбөгөн макоо дейсиңби?

Актаң анын сөзүнө анча терикken жок. Аксакалды сынай карап, жоошута сурады.

— Сиз эмне, бүгүн кыйналып турасызбы?

— Ооба, кыйналып турам.

— Анда барып эс алыңыз,— деди жай.

Ашыр токтоосуз сахнадан чыгып кетти. Актаң экинчи дублёрду чакырып, репетицияны улантты. Бул экөө тең жаштары улгайып калган, элге эмгеги сиңген артисттер. Театрдын аксакалдары. Ушул сахнага мөлтүрөгөн жаштыгын калтырып, жүздөгөн образдарды жараткан. Эчендеген татаал кырдаалдарды баштарынан өткөрүп, көптөгөн режиссёрлор менен иштешти. Эми бүгүн эле береги мадыра баш балага жакпай жатышканы, албетте, жеңил иш эмес.

Актаң бул театрга ушуну менен экинчи спектаклин коюп жатат. Биринчи жолу *(мындан бир жарым жыл мурда)* өзүнүн «Ыйык кан» аттуу драмасын дипломдук ишине даярдаган эле. Спектакль ийгиликтүү кабыл алынып, жогорку баага татыктуу болгон. Азыр театрдын репертуарынын көрүнүктүү ордунда турат. Бүгүнкү даярдап жатканы бир жаш автордун «ИШЕНИМ» аттуу пьесасы. Учурдун социалдык проблемасы козголуп, өтө курч конфликтерге бай, жакшы чыгарма экен. Муну дагы көптөгөн талаш-тартыштардан кийин суранып жатып, өзүнүн жоопкерчилигине алган. «Жакшы драма жок» деп бардыгы алакан жайышат— Эгерде, жаштар менен иштешпесек, анда жакшы чыгарма кайдан жаралат?» деген Актаң, ошол пьесаны кабыл алуу советинде. Пьеса стол үстүндө иштелип бүтүп, сахнага чыкканына үч күн болду. Бирок, кээ бир актёрлордун ийкемсиздигинен, биринчи эле эпизодунан ары узай элек.

Биринчи жолу ушул театрга практикага келип, бол-

гондо да өзүнүн жаңы кабыл алынган пьесасын дипломдук ишине даярдай баштаганда, Актандын кубанычы койнуна батпады. Эрнис менен Рысбек, муну жаш өспүрүмдүн ийгилиги катарында баалап, жетине албай куттукташты. Асыл гана бир аз чочулап, бул башталышты жаш баланын келечеги үчүн опурталдуудай сезди. А тургай пьесанын чоң театрга коюлушуна өз ичинен каршы турду. Бирок уулуна ачык айта алган жок. Эми ал чочулоолор өтүп кетти. Спектакль өз баасын алды. Актандын режиссёрдук таланты да ошол аркылуу билинип, окууну бүтөөр замат, мында алып келишти. Практикага келгенде жалаң кубаныч менен жүрүп, кыйынчылыктарды байкабай калганбы, айтор азыр бардыгы башкача сезилгенсийт. Анда ролдорду бөлүштүрүүгө репетиция өткөрүүгө театрдын башкы режиссёру жардам берген. Актёрлор да ооздон сөз чыга электе угушуп, бир айга жеткирбей спектаклди чыгарышкан эле. Эми такыр башкача. Иштегенге дегеле окшобойт. Кызматка кечигип келишип, репетиция убагында башталбайт. Анда да үңүрөйүп келишип, үңүрөйүп кетишет. Бардыгын кайгы каптап тургансып, театрдын ишине кызыккан жан билинбейт. Режиссёр сүйлөп жатканда дилгир кабыл алышпай, сынап карап турушат. Кичине эле кемчилигин айтсаң, ай асмандап урушууга даяр. Кызык, өтө эле кызык көрүнүш... Башынан өз ара ынтымактары начар өңдөнөт. Жыйналыштар да эки-үч топко бөлүнүп, бирин-бири жамандап жаңжал чыгарышат. Ар кайсы бөлмөлөргө үч-төрттөн чогулуп алышып, күбүңдөшө сүйлөшүп отурганын көп көрөсүң. Жаңы даярдалуучу пьесаларга көрүнүктүү жыйырма-отуз артисттер тандалып алынат да, жаш актёрлор бош гана самсып басып жүрүшөт. Кээ бир кызматкерлердин жумушка ичимдик ичип келишкенине эч ким каршы болбойт окшойт. Бир да бирөө чындыкты ачык айтпай, өздөрүнчө тымызын жашоого үйрөнгөн, кадим сагызгандай сак...

Актаң мына ушул көрүнүштөргө өзүнчө бушайман. «Мен эмне, жаштык кылып, иштин стилин түшүнбөй жатамбы? Кандай болгон күндө да, бул труппанын жалпы абалы дурус эмес»,— деп ойлонот ал. Кимге барып, кандай кеңеш сураарын билбейт. Кечээ башкы режиссёрго барып, бир аз ой бөлүшкүсү келди эле, айтылаар сөздү алдын ала түшүнүп, күлө сүйлөп, көңүл

жайкады. «Пьесаны дагы, артисттерди дагы өзүң каалагандай тандап алдың. Эми каалаганыңдай иштеп көр. Мен сенин оюңа жолтоо болбоюн. Азыр жашсың, фантазияң жетишээрлик»,— деп сылап-сыйпап «иттен чыгарды». Бирок, анын жүзүндөгү жылмаюу, ичиндеги түйүндү жашыра албай турат...

Сахнада кайрадан экөөнүн эпизоду.

«Алмаз. Сиз кемчилигим жок деп ойлойсузбу? Дүнүйөңүз жетиштүү, сегиз бөлмөлүү тамыңыз бар. Элге кадырлуусуз. Тиш көрсөтө жаркырап койсоңуз болду, сизди бардыгы жакшы көрүп калышат. «Мындай көл киши жок»,— деп артыңыздан макташат. А сиз аларга кенедей жакшылык кылбаганыңыз менен эч кимдин иши жок. Мына, «чакпаган жылан өлбөсүн». А бирок, жылан деген жылан да! Сиздин мүнөзүңүз дал ушуга окшош.

Болот *(Токтоно албай, ачылуу кыйкырды)*. Көп дөөдүрөбөй чыгып кет! Башымдын баарын тегереттиң!

Алмаз *(токтоо сүйлөп, креслого отурду)*. Сиздин башыңыз эбак эле тегеренген болуу керек.

Болот. Чыгып кет деймI?

Алмаз *(токтоо, камырабай)*. Мен эч жакка кетпейм.

Болот. Эй бала, сен массыңбы?

Алмаз. Масмын. Эмне, ичкилик ичкен кишини биринчи жолу көрүп отурасызбы?

Болот *(айласы түгөнгөндөй чабалактады)*. Уятың жок жигит экенсиң! Азыркы жаштар таптакыр уятсыйыттан ажырап баратасыңар! Улуулардан уялуу, айбыгуу деген кайда, я?!

Алмаз *(мыскылдуу күлүп)*. А мурунку жаштар абийирдүү беленер? Бардыгыңар? Бириңер калбай, тептегиз адептүү өскөнсүңөр го? *(Адепсиз каткыра баштады.)* Эгерде, сиздер абийирдүү болсоңор, эгерде, сиздер уяттуу, акыйкатчыл болсоңуздар, анда биз кантип эле ушинтип «абийирсиз» төрөлүп калалы?.. Анда биз мындай сапатты кайдан үйрөндүк экен?.. *(Чечкиндүү сүйлөп, албууттанып кирди.)* Бардык жакшылык менен жамандыкты, калпычылык менен эки жүздүүлүктү, ушакчылык менен уурулукту, тамеки тартуу менен арак ичүүнү, оройлукту, мансапкорлукту, туруксуздукту, митайымдыкты баарын, баарын силер үйрөткөнсүңөр! Эненин эмчеги менен чогуу эмизип, сары майыңар менен

кошо оозантkансыңар! Эгерде, алардын баарын силер жасабасаңар, силердин атаңар жасабаса, андан мурдагылар жасабаса, анда биз кайдан үйрөнүп алдык? Айтыңызчы?! Арак ичип мас болуп, кыйкырууну мына мен сизден үйрөнгөмүн. Билдиңизби, сизден!..

Б о л о т *(ачуусу келгенден калчылдап чыкты)*. Балким, башкасын жасасак жасаган чыгаарбыз. Бирок, атадан өтүп акылдуусунганды, жинди болгон немедей өкүрүп-бакырганды, улуу-кичүүнү таанывай үксөндөп-саксаңдаганды, бир ооз сөздү чыдап уга албай, кутурган букадай көбүрүп-жабырганды биз үйрөткөн жокпуз. Биз алда канча токтоо, ишээнчек элек. Өпкө кагып омуроологон эмеспиз.

А л м а з. А сиз эмне бүргөдөй секирип жатасыз?..

Б о л о т. Силер үйрөттүңөр! Мындай «ooру» азыркы жаштарда силерде гана пайда болуп отурат.

А л м а з. *(какшыктап)*. Бизден үйрөндүңөрбү? Эң жакшы. Өзүңөрдүн бергениңерди өзүңөр алып жатасыңар... Сөзгө түшүндүңүзбү?

Б о л о т. Жетишет эми, дайыны жок сөзүңдү токтот!?

А л м а з. Жанагы сөзгө түшүндүңүзбү дейм?

Б о л о т. Түшүнгүм дагы келбейт. Сенин башаламан сөзүңдү жинди болгон киши уксун! Мага үйрөтөм деп убара болбо.

А л м а з. «Балдар өз ата-энелерин тарбиялоого тийиш» дейт Маркс.

Б о л о т. Сенин калжың кептериңе муктаж эмеспиз...

А л м а з. Жаранын оозун жаргым келет. Өзүмдүн оорумдун диагносун өзүм койдум. Ата-энемдин ал-жайын жакшы билесиз. Алардын эмне ичип, эмне жээри дагы сизге дайын. Францияда «жекшембинин балдары» деген сөз айтылат имиш. Социалогдордун далилдөөсүнө караганда мага окшогон кыялы чатак, урушчаак, акыл эси кем, нервный-псих балдарды текшергенде сексен проценти жекшемби күндөрүндө пайда болуптур. Бул эмне дегендик? Бул— жекшемби күндөрү франциянын элдери жапа тырмак ичимдик ичишет экен. Балким, биз дагы ошол ата-энелерибиз ичкилик ичкен түнгө туш келип калган чыгаарбыз...

Б о л о т. Мына бул уятсыздын айтып турган кебин көрчү!?. Эгерде, эртең эле мени менен бет келишип сүйлөшө турган оюң болсо, азыр үйүңө барып эс алгын! Болбосо...

А л м а з. Милиция чакыртасызбы? Оо, анда менин күнүм бүтөт... *(Ушул учурда сырттан Болоттун аялы демиге чуркап кирет.)*

А я л. Болот, Болот дейм... Кошунанын үйүнө...

Б о л о т *(аялынын сөзүн ачуулуу бөлөт)*. Коё турчу!? Мага демектен кошунанын үйү өрттөнүп кетсин! (Бир азга тыным. Аялдын өңү мостоё түшүп, Болотко сүрдүү басып барды).

А я л. Ай, сен эмне мени кагасың?

Б о л о т. Мен дагы кагуу жеп отурам.

А я л. Жемектен какап кал! Ага менин кандай тийешем бар экен?!.

Б о л о т. Былжырабачы!? Жаным кашайып турат!»

Актаң алаканын чаап токтотту.

— Болду, болду. «Чатагыңарды» бир аз токтоткула?— Ал сахнага чыгып келди да, «Болоттун» ийнинен кучактай отуруп, сөзүн улады.— «Болот» аке, сиз аялыңызга катуу айтпаган, кишинин көңүлүн калтырбаган бирөөнө жамандык кылбаган акылдуу адамсыз. Сизди эл ушул сапатыңыз үчүн сыйлайт. Өзүңүз дагы өзүңүзгө ыраазы болосуз. Бирок, бүгүн береги мадыра баш бала кызып келип алып, ойду-тоону сүйлөп, сиздин башыңызды айлантты. Башка каршылыктарды күтсөңүз дагы мындай каршылык болот деп мурда күткөн эмес чыгаарсыз. Анткени, бул өтө эле майда, турмушта көңүлгө алынбай турган нерселер жөнүндө ойлоп, чоң нерселерди иштейсиз. Карачы каскакты! Турмушуңуз гүлдөп турган чакта, бир балакет бала жолтоо болду да калды. Ал аз келгенсип, азыр аялыңыз менен чырдаша турган болуп калдыңыз. Мунун артынан сизге чоңураак кырсык жылып келатат. Балким, булардын болушун сиздин сокур сезимиңиз алдын ала сезген чыгар? Сиз өзүңүздү өзүңүз башкара билген акыл-эстүү кишисиз. Мүмкүн алдыңызда болуучу кырсыктарды сезе билип, аларды болтурбай коюуга кудуретиңиз жетээр беле?.. Адам каалаганындай бейкут жашоого айлана-чөйрөдөгү бардык нерселер, ал гана турсун жаратылыштын өзү дагы, туш тараптан жабалакташып тоскоолдук көрсөтүшөт. Биринин артынан бири... Буларга туруштук берүү оңой-олтоң иш эмес. Мына сиз дагы дал ушундай кырдаалга жакындап бара жатасыз. Элүүдөн ашуун жашыңыз бар, турмуштук тажрыйбаңыз бай, акыл-эсиңиз мол туруп, мына ушундай майда-чүйдө нерселерге туура ма-

миле кылбай, окуяны ырбатып койдуңуз. Эми бул бала коомго жат көрүнүштөрдүн көбүн сизден таап, сизди эксперимент катары пайдалангысы келет. Кызыңызды күйөөгө бергениңиз, уулуңузду окууга өткөргөнүңүз дагы, жаш чабанды курулай даңазалап, көтөрүүгө кылган аракетиңиз дагы, жаңы адамдын кылаар иши эмес. А сиз муну акмакчылык деп сезбейсиз. Өзүңүздүн оюңузга бекем туруп, абийириңизди алдыргыңыз келбей жүрүп, акыры өлүмгө дуушар болдуңуз. Алмаз сизге өчөшкөн эмес, жек көргөн да жок. Бирок сизге жамандык кылды. Мүнөздөрдүн татаалдыгы мына ушул жерде...

— Анын баары түшүнүктүү дечи. Кыскасы, мен бул ролго бап келип калдым окшойт,— деди Туткабай аксакал. Ал баятан бери Актандын айткан сөздөрүн уккусу келбей, араң чыдап отурду. Андан калса бир сөздү жүзгө бөлүп, эзгилеп, маңызданат да турат. «Жаш туруп, мынчалык мыжыкый болбосо эмне?», — деп ойлонду бая. «Бул дагы жөө чечен безгектин бири болоор. Колунан жакшылык келүүчү түрү жок»,— деген жыйынтык чыгарды ичинде.

— Албетте, сиздин физнаномияңыз, мүнөзүңүз деле бап келгенсип турат,— деди Актаң, дагы жакшылап түшүндүргүсү келип, — бирок, ички дүйнөңүздү кененирээк ачып, чыныгы чыгармачылык менен изденгиңиз келбей жатат окшойт. Бет тонустарыңыздын дайыма чыңалып турганын көрөм. Мындай көрүнүш сизде гана эмес, көпчүлүк артисттерде ушундай. Үйүңүздөрдөн такай эле капа болуп келесиздерби, билбейм.

— Көр оокатты ойлонуп жүрүп, ошого көнүп калат окшойбуз,— деп сөзгө аралашты, аялдын ролун аткарган артистка.

— Эгерде, сырттан өзүңүздөрдү бошондотуп, санаркаганды токтотуп, жумушка толук даярданып келе албасаңыздар, репетиция ийгиликтүү өтпөйт. Анда биз бир сааттык жумушту токтото туруп. АТ[1]нын көнүгүүлөрүн өткөрүп жүрбөйлүк. Станиславский дагы бул илимди көп жолу пайдаланган.

— Ат-сатыңыды кой иним?— Туткабай карыя чыдай албай чебелене сүйлөдү. — Мени менен репетицияңды бүткөр дагы, эртерээк бошот. Сага кечээ айттым го, кечки самолёт менен кетейин? Өзбек киносу мени күтүп

[1] АТ — аутегендүү тренировка.

жатат. Атайы чакыргандан кийин барбасам болбойт. Менин өсүшүмө жолтоолук кылба кагылайын?!.

Актаң аргасыз жылмайды да, үнсүз баш ийкеди.

— Мен дагы сизге түшүндүрдүм эле го? Баргыңыз келсе барыңыз, кармабаймын. Жетекчилерден сураныңыз дагы, барып келиңиз.

— Алар уруксат бербей турган кандай акысы бар дейсиң. Кеп, менин береги ролумда болуп жатпайбы. Мизансценалар менен толук таанышып кетсем болду, калганын өзүмчө даярданып, келгенде ойноп коём.

— Жок, — Актаң чечкиндүү сүйлөдү.— Анда сиз бул ролду чыгара албайсыз. Убактыңыз жетпейт. Башка артисттерге беремин. Кетээриңизди билгенден кийин, мурда эле албай коюшуңуз керек болчу.

— Менин сөздөрүм жат, келээрим менен сахнага чыгам. Коркпой эле кой.— Туткабай өзүн ишендирүүгө аракет кылды.

— Жок. Сиз эки коёнду куубаңыз. Алагды болбой киноңузду жакшылап бүтүрүп келиңиз. Мында актёрлор жетишээрлик...

— А менин эмгегимчи? Жазып, жаттап, стол үстүндө толук иштеп... Эми ошол эмгектеримди талаага чачасыңбы?

— Ал өзүңүздүн күнөөңүз.

— Кишинин эмгегин билбейсиңер! Жанталашып иштеген адамды артка тартасыңар! Бирөөнүн өскөнүн көрө албайсыңар! Биздин сөздү дагы уга турган жер барбы, же сенин оюң менен эле бүтүп калабы? Болуптур, басынткың келсе, басынтып көр... Али көп көрүшөбүз балам... — Туткабай ордунан турду да, делбектеген бойдон сахнадан чыгып кетти.

Туткабай өмүр бою ойногон ролдорунан жарытылуу ийгилик таппай жүрүп, мындан эки жыл мурун гана бир ажайып бакытка туш болду. Жаңы тартылуучу кең экрандуу түстүү фильмдин башкы кейипкерин тандаган мезгилде, ушул киши жагып калды. Бактыга жараша фильм ийгиликтүү тартылып, кийин эл аралык конкурста биринчи орунду ээлеп, Туткабай аксакалга баалуу байге тапшырылды. Ошондон бери бул кишинин мүнөзү, кишиге жасаган мамилеси дагы, а тургай кийген кийимине чейин өзгөрүлүп калды дешип, театрдын артисттери тамашага чалып айтып жүрүшөт.

Актаң сахнада жалгыз отурат. Артисттер эбак түш-

төнүүгө тарап кетишкен. Көрүүчүлөр залындагы үңкүрдөй караңгылык менен айланадагы самсаалаган кулис, падугалардын арасына кандайдыр бир жагымсыз күчтөр толуп, жаш режиссёрдун сезимине чабуул коюп келе жаткансыйт. Ортодогу стулга өбөктөй жөлөнүп, келээр-кетээр иштерге сөрп салып көрдү. Өзүнүн байкоосу боюнча, турмуштан жабыр тартпай, ушу жашка чыкты. Бирөөнөн катуу сөз угуп, шагы сынган жок. Орто мектеп менен институтта окуган жылдар, табылгыс керемет турбайбы! Буга чейин өзүн курчап турган чөйрөнүн жагымсыз жытын сезбей, көзүнө көрүнгөндүн баары Асылдын энелик мээриминдей назик туюлчу. Бирок, ал турмушта кезигүүчү карама-каршылыктар жөнүндө укпай койгон эмес. Атасынын өмүрү, өзүнүн көргөн-билгендеринен эчендеген аңгемелерди айтып бербеди дейсиң. Канча кылган менен өзү татып көрмөй сайын, калемпирдин ачуулугуна ишенбейт окшобойбу.. Ушу сыяктуу адам бардык нерселерди өз денесинен өткөрмөйүнчө, анын баасын жеткилең түшүнө бербейт сыяктанат. Уккан сөз — жомок, көргөн иш — чындык...

Кийинки күндөрү Актаңдын сезиминде көптөгөн оор суроолор түнөктөп жүрөт. Бул көбүнчө өзүнүн киндик каны тамган жерге жакында командировкага барып келгенден кийин пайда болду. Балким бая «Болот» аксакалды курчап келаткан кырсыктарды эмес, өзүнүн туш тарабынан камай баштаган түйшүктөр тууралу айткысы келгендир...

## КАЙРА ЧЕРТИЛГЕН КҮҮ

...муздай муздак күндө жүз маал
карасам
а мен ага жалын болуп баратам!..

(Эрнистин ырынан)

— Саламатсызбы?!

Актаң күтүүсүз чыккан үнгө жалт бурулду.

— Саламатчылык...

— Сиз азыр шаардан келдиңизби агай?

— Ооба...

— Жалгызсызбы, же?..

— Экөөбүз...

— Жолдошуңуз кайда? Көрүнбөйт ко.

— Мында эле. Тигил тарапка баскандай болду. Азыр келет.— Актаң ыңгайсыздана, күлкү таштады. Кыз аны коштоп койду негедир, кыясы жигиттин кысылганын түшүндү окшойт.

— Күтөлүк.

Экөө саамга үнсүз туруштү.

Айланадагы жапжашыл бак, береги эстеликтин тегерегиндеги жайнаган гүлдөр, азыркы бейтааныш кыздын сыйда мүчөсүнө кыналган кыпкызыл көйнөгүнө куп гана жарашып турду.

Ойноок кыз тынчтыкты узакка сактай алган жок.

— Кечиресиз агай,— сөз аягына күлкүсүн улап, бөлүп-бөлүп сүйлөдү.— Сиз Актаң Казыбекович эмессизби?

— Ошондой...

— А, атаңызга аябай окшош экенсиз. Мен терезеден карап тургам. Сиз эстелик жакка бурулганыңыздан эле билдим. — Кыз сөз ортолорунда кыска күлгөн сайын күрүчтөй аппак тиштери жаркырап, жетилген көкүрөктөрү чыңала калып турду. Өзү да бир орунда тынч тура албай кыймыл жасаган сайын, тоо суусунун шапатасындай илеп чачып ийгенсийт.

— Эмне, бул жерге менден башка киши келбейби?

— Жок, келет. Эмне үчүн келбесин!? Бирок алардын баары мага тааныш эмеспи. Бул Казыбек агайдын эстелигинин айланасындагы гүлдөрдү көбүнчө мен көзөмөлдөйм. Кээде кароолчу абышка короонун оозун бекиткенди да унутуп коёт. Түнкүсүн дейди жүргөн мал кирип тебелеп ташта́са, эмгектин баары талаага кетпейби. Быйыл жазында ушул гүлдөрдүн көчөттөрүн өзүм отургузгам.

— Ыракмат. Устат турбайсызбы...

— Оо, анча мактабаңыз агай. Аракет кылса, ким эмнени билбесин. Тапшырылган ишти аткаруу керек да, бул үчүн мен айлык алам.

— А, ошондой дециз...— Актаң айтылган сөздөргө анча маани бербей, кызды телмире тиктеп, сыйкырдуу сезимге чырмалып турду.

— Дворец дагы Казыбек агайдын атында, ичине кирип көрдүңүз беле?!

— Ооба, көргөм. Былтыр каникулда келип, бардыгы менен таанышкамын.

— Бүгүн сиздердин келээриңиздерди мага Калыя

эже табыштап кеткен.— Кыз карагаттай көздөрүн мөлтүрөтүп, өзүнө тапшырылган ишти айтып жатты. Калия эже обкомдун пленумуна кеткенин, ал жактан эртең келээрин, булар үчүн атайын машина дайындаганын билдирди. Бирок Актанды азыркы айтылып жаткан сөз анча кызыктырган жок. Сезими өзүнө баш бербей ташкындап, башка бир дүйнөгө жетелеп баратканcыды. Эми ал ушул кыздын жанынан кетпей, жагымдуу үнүн угуп, керээлден кечке жадабай тура бергиси келди. А тургай тиги жанындагы жолдошу ушул боюнча кармалып тура берсе жакшы болмок!..

Кыз коюу кара кашын серпип, жумуру моюнун көтөрө, токой жакты жаңсай сүйлөдү.

— Тигил киши сиздин жолдошуңузбу?

Ооба, киши эмес, жаш эле жигит.— Актаң тамашалагысы келди,— Өзү жаш болгону менен кызматы чоң, Министерстводо иштейт. Аты Жантөрө.

— Жакшы. Анда эмесе басалык,— деди кыз жол баштап. — Сиздердин машинаңыздарды көрсөтүшүм керек, же барып айдатып келейинби?

— Жок, жок, шашпаңыз? Бизди кайда кетирген турасыз? — Актаң кыздын жанынан кеткиси келбегенин билдиргиси келди. — Ал машина кайда, алыспы?

— Жок, жакын эле...— Кыз жигиттин азыркы абалын байкадыбы, айтор, сырдуу тиктеп акырын күлдү. — Эженин үйүнө, ашып кетсе эки жүз метр. Анда чогуу басып баралык?.. — Ушинтти да кош өрүм чачын суйсалтып, Жөнтөрөнү утурулай алдыга жүрүп берди. Аңгыча көгүлтүр түстүү «Волга» аркы көчөдөн сызып келип, экөөнүн жанына чукул токтоду.

— Мына мен эмес, сиздердин келгениниздерди Эдил дагы билиптир.— Кыз машинаны көрсөтө сыймыктуу сүйлөдү.— Эженин өз машинасы, уулу айдайт.

— Актаң байке, саламатсызбы?— Эдил кабинадан чыга келип саламдашты.— Сиздерди чоң жолдун боюнда күтүп отурсам, баса берипсиздер. Дүкөнгө тамеки алганы кире калып, автобустун өткөнүн сезбептирмин. Кыйналбай келдиңиздерби?

— Ырахмат Эдилчик.— Актаң бөлөк жакка жөнөп жаткансып шашкалактады.— Апам силерге салам айтты. Бир аз белек-бечкек берип жиберди эле, мына бул чемоданда...

— Ачпаңыз, ачпаңыз Актаң байке? Үйгө барганда

өзүңүз тапшырасыз. Азыр барып тамактанабыз, анан жеткир деген жериңизге заматта алпарам. Кечээ Асыл эжекем телефон чалганда эле, сизди келгенден кеткенге чейин тартып жүрөсүң деп апам мага тапшырган. Коркпоңуз байке, мен азыр опутный шопур болуп калгам.

— Былтыр жаңы үйрөнүп жүрдүң эле, быйыл мыктымын дечи? — Актаң ыксызыраак күлдү да, кайра өзү уяла түшүп, мукактана сүйлөдү.— Жарайт анда, биз азыр кайда барабыз?

— Үйгө.

— Үйгөбү? Анда мен бул чоң кызды жеткирип... Жок, чогуу эле үйгө барсак кантет? Бир аз отуруп, сүйлөшүп, кайра келээрсиз да?..

— Жок, чоң ырахмат агай.— Кыз кадыресе токтоо сүйлөдү. — Менин контордо бир топ иштерим бар. Анын баарын бүгүн бүткөрүшүм керек.

Актаң өзүнүн азыркы абалына серп салууга дарамети келбей калды окшойт. Акылына эч нерсе илинген жок. Калыя эженин көргөн камкордугу, береги «Волганын» заматта даяр болушу, анын жумшак кабинасына чалкалай отуруп алып Жантөрөнүн демиктирип жатканы да ашык баш каскактай туюлду. Алар азыркы учурдун кымбатчылыгын кайдан сезсин. Атаганат, ушулар кайып болуп кетсе, кандай жакшы болмок!..

— Анда мен сизге бир жумуш тапшырып кетейин. Биз кайра келгенче балким, бүткөрүп коёрсуз? Сен үйгө барып чай-пай даярдата турчу? Биз жөө басып барабыз.— Актаң аз да болсо кыздын жанында турууну каалады.

— Жөө бассаң сен бас. Мен эми ушул «Волгадан» түшпөй калайын.— Жантөрө кабинадан бакылдады. — Чемоданды көтөрүп жөө шалпактап жүрбөй, ырас болбодубу. Барган жерде ушинтип тосуп алса мен күндө эле командировкага чыга берет элем. Карачы, кандай сонун! Эдилбай үйүңөр жакынбы?

— Ашып кетсе миң кадам.

— Анда айдай берсеңчи? — Жантөрө Эдилдин ийнинен тартып, кулагына шыбырады.— Байкеңдин таманы таш жолго жабышып калды көрүнөт, сүйрөсөң да жылчуу түрү жок. Айдай бер, адашмак беле, барат.

Эдил иштин жайын эми түшүнгөндөй мыйыгынан күлүп, жооп кайрыбай айдап жөнөдү. Аркы контордон

эки киши чыгып, атайын аңдыгандай устунга жөлөнүп, чылым түтөтүп киришти. Кыз дагы ал жакты карай ыктап, бул жигиттен эртерээк кутулгусу келип тургансыйт. Актаң ортодогу байланыштын салкындап бараткандын сезип, кептин ток этээр жерин айтып калууну чечти.

— Биз Москвадагы театралдык институтка болочок актёрлорду окутуш үчүн, айылдык жаштардан тандап кетүүгө келгенбиз. Райондогу орто мектептерди кыдырып чыгышыбыз керек. А балким он жылдыкты бүтүп, чарбада калып иштеп жаткандар бардыр? Кыскасы...

— Билем,— деди кыз Актаңдын сөзүн бүтүрбөй. — Мага Калыя эже түшүндүргөн. Сиздер бүгүн Кашка-Сууга барышыңыздар керек. Ал жердин мейманканасына айтып, мектептин директоруна тапшырдым деди.

— Биз райондун жетекчилерине жолугуп, макулдашсак болот эле?

— Аны өзүңүздөр билиңиздер. Бул эмес мындан чоң иштерди деле эже өзү бүткөрүп коёт. Социалисттик Эмгектин Баатыры, Жогорку Советтин депутаты болсо... Биздин жерде бул кишинин кадыры дурус эле. — Кыз сыймыктана жылмайды.— Ошол үчүн колхозчулар сурап жатышып, эжени кайра башкарма кылып алып келишпедиби. Болбосо, эмдигиче оо...— Ал сөз аягын бүтпөй жаркырап күлдү. Анын сөзүндө жалаң гана Калыяны мактагандык эмес, өз түшүнүгүнүн кененд‌игин билдиргиси келгени сезилип турду. Бирок Актаң аны байкамак түгүл кызга айтаар бир сүйлөм таба албай кыйналып турду.

— Балким сиз биздин институтка окууга барып жүрбөңүз?

— Жо-ок, агай, ыгым жок.

Актаң бөксөрө түштү. Анын күткөнү бул эмес болучу. «Оо, менин тилегеним ошол эмеспи! Кинодо ойногон артисттерди көрүп, аябай суктанам. Бирок мен ага өтө албайм го?..» деп өзүнүн дилгир экенин билдирсе, анда иш оңой-олтоң чечилмек. Эми экөө эки багытка жол тарткан жүргүнчүдөй, аралыктары алыстап кеткен сыяктанды. Жаш жигит тосордо отурган мергенчи бет маңдайына келген кийикти жаза атып өткөрүп жибергендей шалдая түштү. Дайынсыз кеткен ак марал кайдан жолуга койсун!..

— Эгерде, өзүңүз кааласаңыз, бардыгы жайында

болмок?! — Актаң ындыны өчкөндөй суз сүйлөдү. «Келишкен келбетиңиз, жылаажындай үнүңүз, жагымдуу айткан сөздөрүңүз дагы, кыскасы, сиз искусство үчүн жаралган болушуңуз керек. Аны байкабай жатканыңыз кандай өкүнүчтүү! Тилимди алып мени ээрчиңизчи, беш жыл өтпөй, сахнанын жылдызы болосуз!»,— деп үгүттөп, жалынгысы келди.

— Жок, — деди кыз анча жактырбагандай.— Үч уктасам түшүмө кирген кесип эмес. Ата-энем дагы андай ишти анча жактырышпайт. Ошондон уламбы, айтор, оюн-шоокко бала кезден кызыкканым жок. Азыр экөө тең карып калышты. Менден башка балдары токтобоптур. Жумуштан бир саат кечиксем, артымдан издеп келишет. Экөөнө каралап, өткөн жылы окууга кете албай калдым. Андан калса, өз каражатымды өзүм таап алайын деп, ушул ишке орношком. Бүгүн акыркы күнүм, эртең иштебейм. Бүрсүгүнү шаарга кетем.

— Иштен биротоло бошодуңузбу? Эртең болбойсузбу ... — Актаң кайрадан шашкалактап, кыздын алдын торой сүйлөдү.

— Экзамендерге даярданышым керек да, агай. Бир жылдын ичинде ата-энемди ишендирдим окшойт. Быйыл окууга барайын десем, каршы болушкан жок. Буюрса биз дагы студент болобуз.— Кыз жаркырап жылмайды.

— Кайсыл окууга барасыз?

— Университетке, экономфакка тапшырам.

— Дурус... — деди Актаң супсак. Ал эми, кайрымагы жеминен ажырап бош чыккан балыкчыдай супсуну сууп, ичи ачышты. Капилеттен пайда болгон бул оору, жаш жигитти ойлонууга мүмкүнчүлүк берген жок.

— Баса, таанышып албаппыз, — деди ал айласы түгөнгөндөй ыңгайсызданып.

— Таанышпадыкбы?.. Сиздин атыңыз Актан, Казыбек агайдын уулусуз. Мгы...— Кыз сүйкүмдүү жылмайып, наздана күлдү.

— А сиздин атыңызчы?

— Тинатин.

— Тинатин? Жакшы экен... Балким шаардан жолугаарбыз? Керек болсо, кандайдыр бир ишиңизге жардамдашып...

— Ыракмат агай.— Тинатин бир аз уяң тарта көзүн ала качты. — Убактыңызга караңыз...

— Сиз үчүн убакыт табылат. Адресиңизди айтсаңыз? Кап, бизден мурун барат экенсиз, болбосо сизди тосуп алмакмын. Бүгүнкүдөй, сиз сыяктуу...

— Ой, айтып койгонуңузга ыракмат. — Кыз көп кишиден жалккандай, анча ишенкиреген жок.

— Ишениңиз? Эгер кааласаңыз, майда-чүйдө иштериңизге кол кабыш кылууга жарайм.— Актаң карганып жибергиси келгендей далбастады.

— Ыракмат агай, убагында көрөрбүз... Кааласаңыз телефон чалыңыз? 4—26—11. Бирок, күндүз.— Тинатиндин денесин калтырак баскандай үнү бир аз буулуп чыкты.

— Бул жатаканабы?

— Жок, атамдын досунун үйү. Кечинде сүйлөшпөңүз? Шарт ошондой...

— Жакшы болот,— деди Актаң кубангандан батбат дем алып.

— Болуптур анда, тигил кишилер мени күтүп турушат окшойт. — Кыз коймолжуган көзү менен кыйыла карап, жоодурай жылмайды.

— Жолукканыңызга ыракмат...

Актаң Тинатиндин ак куунун тыбытындай жумшак манжаларын узакка кармап туруп, араң коштошкон...

Жаш жигиттин сезимине бүлүк салган ошол күн, турмушуна да, жумушуна да, мүнөзүнүн өзгөрүшүнө дагы чоң таасирин тийгизгендей болду. Ал командировканы шашылыш бүтүрүп, шаарга кетүүгө ашыкты. Үйгө келгенде Асыл жумушта болучу. Чаң болгон чемоданын сүртпөй төргө таштап, сырт кийимин алмаштыра салды да, Тинатинди издеп кетти. Адатта ал сырттан келген сайын апасына сөзсүз жолугуп, Рысбек менен Эрниске телефон чалып, аларды кубантуу менен өзү дагы жеңилдей сергип калчу. Бу саам алардын баарын унутка калтырды. А тургай түнкүсүн өтө кеч келди да, үнчукпай өз бөлмөсүнө кирип жатып алды. Эртең менен Асыл жумушка кеткенге чейин көзүн ачкан жок. «Кыйналган тура, жакшылап эс алсын» деп ойлоп, «тентегинин» чекесинен жыттап, стол үстүнө записка жазып, эшиктен үн чыгарбай чыгып кетти. «Тентегим, тамагыңды даярдап койдум, саат беште жумуштан чыгып, сага барамын».

Асыл дайыма ушундай кылчу. Жумуштан кийин уулуна барып, эгерде, ал бош болсо, үйгө бирге келишчү. А бул күнү саат беште уулун жумушунан таппай

калды. Ал апасын күткөнду унутуп, алмалуу бакта Тинатин менен кол кармашып бараткан.

Эне-бала бир үйдө туруп учурашпай, арадан үч күн өтүп кетти. Асыл даярдаган тамагын жалгыз иче албай, түн жарымына чейин уулун күтүп отурат да, чарчаганда уктап калат. Эртең менен саат жетиде жумушуна жөнөйт. Актаң кызматка ондо барат көбүнчө. Ошондуктан анын уйкусун бузууну каалабай: «Уктасын, чарчагандыр. Кечинде жолугаарбыз,»— деп улам кийинкиге калтырып жүрдү. Бирок кечинде Актаң менен бир отуруп, кобурашып тамак ичүү, барган сайын кыйындап баратты.

Төртүнчү күнү түштө Асыл ашканага тамактанууга баратып, бульвардын ичиндеги арчанын түбүндө, жанындагы кызды боорунa сыга кучактап, бейкапар отурган Актаңды капилеттен көзү чалды. Тегеректе өтүп жаткандардан сезип да коюшпайт. Асыл аларды көрөр замат денеси дүркүрөй түшүп, кайра артына бурулду. Ал азыр бул көрүнүштү жек көрүп, же ага жетине албай кубанып, болбосо кызганып бараткапын ажырата албады. Эмнеси болсо да бул Асыл үчүн катардагы нерселердей туюлган жок.

Ушул түнү уулу келгенге чейин уктабай күтүп отурууну чечти. Актаң адатынча уурдана кирип, өз бөлмөсүнө өтүп кетүүгө шашты.

— Акин, кел бери? — Асыл ашканадан үн чыгарды. Актаң бир аз буйдала түшүп, анан кылмышкер адамдай жыла басып кирип, тамак даярдап жаткан апасынын мойнунан бош кучактап, бетинен өптү.

— Экөөбүздүн учурашпаганыбызга канча күн болду деги? — Асыл уулун кумарлана жыттап, узакка эркелетти. Ушул эркелетүүнүн учурунда, кечээги эле кичинекей жаракөр эрмеги, азыр кучагына коошпой, коомайланып калганын сезди. Негедир боюн ала качкандай, эртерээк кутулгусу келгендей туюлду. Асылдын сезими тумандай түшүп, кайра өзүн токтотту да, уулун эркелете сүйлөдү.

— Көзүндөн тегеренейин, отур эми, тамагыңды ич. Сен окууда беш жыл жүргөндө да, мынчалык кусаланган жок элем...

Актаң күнөкөрдөй мылыйып, үнчукпай тамактанып кирди. Бирок ал жарытып эч нерсе ичкен жок. Асыл анын кыймылдарына кылдат серп салып, мүнөзү тапта-

кыр өзгөрүп калганын байкады. Ортодо тунжураган тынчтык өкүм сүрүп турду. Эне-бала бирин-бири алгачкы ирээт оор сыноодон өткөрүп жатышкан эле...

Бир аздан соң Актаң токтоно албай күлүп жиберди.

— Эмне болду? — деди Асыл жылмайып,— мага өтө күлкүлүү нерсе айтканы турасыңбы?

— Жок апа, эч нерсе... Жөн гана... Сиз мага сүрдүү көрүнүп турасыз.

— Мен сага сүрдүү көрүнүп турамбы?— Асылдын жүзүнөн жылдызы өчө түштү.

— Анча деле...— Актаң кайрадан тайсалдады.— Мага ошондой сезилип жатса керек. Кечирип коюңуз апа?..

— Андай дебе уулум?— Асыл көңүлсүз сүйлөдү.— Мен сага эч качан сүрдүү көрүнүшүм мүмкүн эмес. Экөөбүз ортобузга эч нерсе жашырышпай, ачык сүйлөшөбүз деген убадабыз бар. Ыраспы?

— Ошондой апа...

— Эгерде мен сага сүрдүү көрүнө баштасам, анда биз бири-бирибизден сүрдөп, эч нерсени ачык айтыша албайт экенбиз го?

— Ачык эле айтышабыз.

— Айтышканыбыз кана? Сен мага өз турмушуңда эмне бурулуш болуп жатканын ачык айтып жүрөсүңбү? Же...

— Жок апа, айта элекмин.— Актаң шашкалактап, сөздү бөлүп жиберди. Эми көөдөнүнө толгон кубанычты сүйүнчүлөөгө шашты окшойт.

— Качан айтасың? Иштин баары бүткөндөн кийин айтуунун зарылчылыгы деле жок. Кеп-кеңеш башталышында болгону жакшы.

—Мен бир кызды жакшы көрүп калдым апа.—Актаң шашкалактай айтып жиберип, жалбырттап чыккан жүзүн колу менен жашырып, унчукпай жер карады. «Айтаар сөздү айтып бүттүм,— деп ойлоду —ал, — мындан кийинкиси оңой».

— Алчы?

— Ал дагы...

—Куттуктайм уулум!—Баласынын чекесинен жыттап, чачынан сылап эркелетти. Эне баланын денесин окшош кубаныч каптап, узакка тилсиз отурушту.

— Эртең түштө «Бакыт» ресторанында күтүп отурам. Ээрчитип келесиң, чогуу түштөнөбүз. Макулбу?

— Макул апа. Мен ага баарын түшүндүргөм...

— Анда эс алалы уулум...

Асылдын денесинде биринчи жолу кайын энелик сезим жүрүп, анын татаал сырларын көз алдына элестете албай, таң атканча ойлонуп чыкты. Кайын эне болуу — бир келин жумшап, жөн эле күндөлүк турмушту улантуу менен чектелбейт чыгаар. Мунун түйшүгү бала тарбиялоодон жеңил болбосо керек. Мындай мезгилде эне баланын аралыгы бир аз алыстап, ортодо сылыктык өкүм сүрүп, купуя сырларды чогулта баштайт окшойт. Бул кубанаарлык иш эмес.

Толгон ойлорго башын катырган Асыл, эртеси болочоктогу келинине жолугуу үчүн, өзүн кыйла даярдады. Ресторанга эрте барып, стол үстүн бир аз жасалгалатып, экөөнүн келишин күтүп отурду. Убакыт улам чукулдаган сайын кимдендир сүрдөгөнсүп, а тургай денесин майда калтырак басканын сезе баштады. Турмуш чындыгынын сүрүн көрчү!

Алар кечигишкен жок. Экөө жайдары ээрчишип келип, Асылдын маңдайына үнсүз туруп калышты. Эне ордунан элпек кыймылдап, экөөнүн бешенесинен сүйүп, орундук жакты ишарат кылды.

— Отура койгула, садагаларым?!— Анын үнү ыйлагысы келгендей өтө эле жашык угулду. — Тамакка карагыла берекелерим?!

Ушундан кийин ортого узакка сөз аралаган жок. Тинатиндин сүйүүгө кумарланган көзү балбылдап, мурдагыдан да жылдыздуу көрүнүп калыптыр. Ал адатынча адептүү үйдө тарбияланганын көргөзүү үчүн, энесинен үйрөнгөн этикаларды сактоого тырышты. Кашыкты туурасынан кармап, оозуна салган тамакты добуш чыгарбай чайнап жатты. Ал азыр кайнененин маңдайында отурганын сезбей, жадагалса колуна кармаган кашыкты унутуп, өмүрүндө эсинен кетпес бактылуу учурун элестетип жатты.

...Алар кадимки мажүрүм талдын түбүндө турушту. Саратандардын үнү түнкү жымжырттыкты жиреп, алда кайда кетип жаткансыйт. Ал түн кыштактын кечине окшоп, бейкут сезилген.

— Сиз мени сүйбөйсүз агай,— деди Тинатин. — Ишенбейм, бардык жигиттер ушинтип айтышат. — Ал көк шиберге аппак балтырын өптүрүп бир аз көңүлсүз басты. Өзүнүн жүрөгүндө бул жигитке болгон сүйүүсү канчалык экенин байкагысы келген жок. «Сүйүп эмес,

сүйдүрүп тийген бактылуу жашайт» деп үйрөткөн апасы. — Эркектер кызык, окшош сөздөрдү айта беришип, жадатып да жиберишет,— деп кошумчалады көңүлсүз. Бул дагы энесинин айткан акылдарынын бири эле. Актанга өтө оор тийди. Береги бет маңдайындагы сулуу кыз, жаштыгына карабай, эчендеген уландардан сөз угуп, эчендеген жигиттерге ушул буладай жумшак манжаларын карматкандай туюлду. Бирок ага бу саам ичи тардык кылгысы келген жок. Кайра алардан артык экендигин, кызга болгон сүйүүсү башкалардан таза экендигин билдирүүгө далбас урду.

— Ишенгин, Тинатин ишенгин?! Мен сенсиз жашай албайм! Эгерде, сен мени сүйбөсөң, мейли, кандай десең андай де... береги балтырыңа оролгон чөптөй, артыңдан калбай илээшип жүрө беремин! Сенчелик эч кимди сүйгөн эмесмин, ишенгин?!— Актаң ичиндеги чындыгын билдире албай, ыйлап жиберүүгө аз эле калды. Анан ал чөгөлөй калып, кыздын балтырларын бекем кучактап, тизелеринин ортосуна башын катты. — Жүрөгүмдөгү чындыкты ишендириш үчүн, кааласаң курманың болоюн! Мынчалык эстеликтей мисирейбечи, Тинатин!?.

Тинатин үйрөнгөн туруктуулугун унутуп, жигиттин башын көкүрөгүнө кысты да, чачтарынан өпкүлөп жиберди. Андан кийинки окуялар, эркелеткен сөздөр анча эсинде сакталган жок.

Ошол түнү бардыгы бүттү.

Көөдөнүн эркектин оор денеси биринчи жолу басып, биринчи жолу эркектин колу жылаңач денесин сылагылады.

Өмүрүнө бүлүк салган ошол түн, бактылуу да, кайгылуу да эле...

Ошентип апасына берген ант бузулду. Көрсө бул, адамдын эркине баш ийбеген, план боюнча иштелбеген, сыйкырдуу кубулуш окшобойбу?!

Эми, тагдырдын нугу башкага бурулуп бараткансыйт. Университет, экзамен, эне-атанын сөзү анча зарыл эмес сыяктанат. Береги кайнененин сыноосу деле, кайсыл тушоону чечмек эле?..

— Атың ким садага болоюн? — деди Асыл сөз баштагысы келип.

— Тинатин. — Ал: «Кантип эле эмдигиче укпай коёт элеңиз»,— дегендей, астыртан кылыя карады.

— Кимдин кызысың?
— Капаровдун.
— «Капаровдун»? Кайсыл Капаров?..
— Төлөмүш Капарович!— Кыз өзүнүн атасынын толук дайынын билдирип, сыймыктангысы келди. — Көп жылы райондун жетекчи кызматтарында иштеген. Пенсияга чыкканына үч жыл болду.
— Мурда райкомдун секретары болду беле?—Асыл дагы бир жолу тактап сурады.
— И, ооба... — Тинатин: «Билет турбайсызбы!»— дегендей сүйкүмдүү жылмайып, көзүн кыбындата жер карады. Мындан соң сөз биротоло үзүлүп, залды жаңырткан башаламан үнгө карабай, ушул столдун үстүн оор тунжуроо басып турду...
Ресторанга кирип чыккандардын аягы тыйылгыдай эмес.
Бурчтагы аппараттын жанында отурган болук официантка бир эле музыканы кайра-кайра коюп, ыраккаттуу жылмаят.
Асыл таш тиштегендей тунжурап, көзүн болоор-болбос ачканы менен, уктап отургандай кыймылсыз эле. Береги Актандын өмүрүнө азык берген айдай жүздүү, тал чыбыктай буралган сулуу кызга, эми кандай мамиле кылаарын биле албай башы катты. Мунун атасы Казыбектин өмүрү менен өлүмүнө себепкер болгон киши сыяктуу туюлуп, негизинен жек көрөрү бышык эле.
Муңдуу күү кайра чертилди. Аны азыр Асыл гана угуп жатат.
Атасы кулагап аскадан, баласы кийик кубалап ойноптур. Жомокто ушинтип айтылат.

Жаныо деген соолбос дайра керемет,
Мени агызса, сени тартат кеме бек.
Азыр мени тумчуктурса шарына,
Сени өстүрөт жамгыр болуп себелеп...

— Силер шашпай отуруп тамактангыла. Мен жумуштан кечикпей бара берейин,— деди да, Асыл салкын коштошуп чыгып кетти.
Апасынын бул мамилеси Актанга жаккан жок. «Атайын чакырып алып, эки ооз сөз айтпай, таштап кеткени эмнеси?» деп ойлоду. Ал бүгүн өзү кандай кубанып турса, дал ошондой кубанып, а тургай сүйүнгөндөп адатынча ыйлап жиберээр деп күткөн эле.
Кайын энесинин чыгып кетиши Тинатинге аябай

жакты. Эми эркин отуруп тамактанып, кең-кесири сүйлөшүүгө болот. Түшүнүктүү кишилер кандай жакшы!

Күндөр өтүп жатты. Эне-бала ачылып сүйлөшүүнү каалашпады. Экөөнүн тең жүрөгүнө купуя сырлар катылып, ачыкка чыгышы кыйындап баратты. Асыл өзүнүн өмүрүндөй кымбат сезген уулунун жакшылыгын ушундайча салкын кабыл алам деп, эч качан ойлогон эмес эле. Мына эми, тагдырдын тарткан тузагына кайрадан чалынып, келечектеги болоор иштин түйүнүн чече албай, ичинен кыйнала берип, ооруп калды. Салкын менен Рысбектин кыздары жанынан чыкпай каралашып, көңүлүн көтөрүшкөнсүйт. Бирок алар айыкпас жаранын оозу ачылганын кайдан билишсин.

Кептин ачыгын Эрниске айтып көрдү эле, ал адаттан тышкары узакка тунжурап отуруп: «Мындай ишке кеңеш айтуу колубуздан келбейт. Мезгилдин өтүшүн гана күтүү керек»,— деп түйүндү бүтүм чыгарды.

Бир күнү Актаң жумуштан эрте келди.

— Бүгүн спектаклди көрүүнү калтырдым,— деди ал жайдарыланып.

— Эмне үчүн? Спектаклдерди үзгүлтүксүз көрүшүм керек дебедиң беле?

— Туура апа. Актерлордун ар бир ролдордогу өзгөчөлүктөрү менен толук таанышпасам болчудай эмес. А бүгүн сиздин жаныңызда отургум келди.

— Ыракмат садагам. Мен айыгып калдым. Жумушка чыга берейин десем, врачтар дагы төрт-беш күн дарылангын деп көнбөй коюшту. Сен ишинден алаксыба балам? Али эрте, спектаклге экөөбүз баралыкпы?

— Жок апа, кыйналбаңыз? Мен... — Актаң сөз таба албай мукактанды. — Андан калса тиги, Тинатин сиздин абалыңызды сурап, жанымды койбойт...

— Тинатинби?.. Баса, ал жакшы жүрөбү?

— Жакшы эле... Бирге келгенбиз, эшикте турат.

— «Эшикте турат?» Эмне үчүн ээрчитип кирбейсиң? Кой, мен алып келейин. — Асыл карбаластап, сыртка жөнөдү.

— Жок, жок апа, барбаңыз? Анда мени уят кыласыз. Азыр сиздин абалыңызды укканы күтүп турат. «Менин келгенимди айтпагын» деп сураңган.

— Ырахмат. Ыраазымын!—Асыл чын ыкласы менен жүрөгү жылыды. Анан уулун тике карабай туруп, муну сурады.

— Айтчы, Акин, сен ал кызды чындап эле сүйүп калдыңбы?..

Актаң бир аз ыңгайсыздана күлдү да, жооп ордуна апасына кайра суроо таштады.

— Мындан артык сүйүү кандай болмок?

— Ошондой дечи?.. — Асыл кейиштүү шыбырап, жагымсыз жылмайды.

— Биз өтө эле жакын болуп кеттик апа. Балким, жакында үйлөнүп алсакпы деген ой бар... Эгерде, сиз абама айтып, Тинатиндин ата-энесине барып бир ооз сүйлөшүп келсеңер... ачык эле чогу-чараң той өткөрсөк дегенбиз. — Актаң учурдан пайдаланып, болгон сырын төгүп жиберип, кымырылып отуруп калды.

Асыл мурунку ойдон арыла электе, азыркы тапшырма кошул-ташыл үйүлүп, туңгуюкка камап таштады. Баарынан да уулунун айткан бир ооз сөзү, турмушунда бел туткан таттуу үмүтүн ташка чаап, намысын уйпалап таштагансыды. «Менин жыйырма жылдык сүйүүм, ушул жыйырма күндүк сүйүүгө татыбаса!.. Аттиң, арман ай! Кургак сүйүүгө наалат айтам»,— деп, өз ичинен бакырды да, ысык жашты мончоктотуп төгүп жиберди.

— Сизге эмне болду апа? — деди Актаң чебеленип.

— Эч нерсе уулум, сенин жакшылыгыңа кубанганымдан го... Абаңа сүйлөшөйүн,— деди ал аргасыз жылмайып. — Сүйүүңдөн бакыт тапсаң эле болду. Мага ошол гана керек.

Андан бери эки айга жакын убакыт өттү. Бирок булардын дегеле козголо турган түрлөрү байкалбайт. Эрнис менен Рысбек эч нерсе угушпагандай кайдыгер тартып, дүңкүйүшөт. А Тинатин тойду эртерээк өткөрүүнү көбүрөөк талап кылчуу болду. Өткөн түнкү жолугушууда, тамакка табити чаппай, көңүлү айлана баштаганын билдирди. Демек, иш түшүнүктүү эмеспи. Кыз университетке өткөнү менен окууну таштоо жөнүндө көп айтат. Демек, турмуш татаалданып бараткан сыяктуу. Эми кыздын талабы боюнча, ата-энесине эртерээк киши жиберип, жок дегенде сөйкө салдыруу керек. Антпесе, эрксиз уурдалып кеткендей болуп туюлуш, бул үчүн өтө уят иш.

Актаң сахнада жалгыз отуруп, мына ушуларды ойлоду. «Калганы куруп кетсин!— деди ал кыжаалаттанып,— Тинатиндин абалын жеңилдетүү керек эле. Ким менен сүйлөшүүм керек? Эми бир айдан кийин курсагы

билинип калса, шермендебиз чыгат. Эмне үчүн абамдар менин абалымды билип туруп, түшүнгүсү келишпейт?! Бүгүн барып ачык айтамын», — деди ал, өзүн-өзү шердентип.

## ҚОЙ, АҚСАГЫ МЕНЕН МИҢ...

Атам баскан жерди бастым,
Кененди гин айта көрбө!
Атам ичкен суудан ичтим,
Шириндигин айта көрбө!
(Рысбектин ырынан)

«... — Кийинки кезде кыргыз элинин алтын казынасы болгон фольклордук жанрды абстрактуу боектор менен коoздомуш этип, ойку-кайкы ойлорду көрүүчүлөргө тартуулап коюп жүргөн калемкөйлөр көбөйүп баратат. Буга, жогоруда биз сөз кылып отурган Актаң Канатовдун «Ыйык кан» аттуу драмасы толук далил боло алат. Биз айтып өткөндөй калемкөй А. Канатов кылымдардан бери элдин жүрөгүндө сакталып келген «Олжобай менен Кишимжан» легендасын бетине кармап, бүгүнкү күндүн сүйүүсүн чагылдырууну ойлойт. Ачык айтканда: Олжобайдын образы аркылуу өзүнүн атасы Казыбектин, Кишимжандын образы аркылуу энеси Асылдын портреттерин тартууну максат кылган десек, жаңылышпайбыз. Натыйжада элдин сүйүктүү легендасы эмес, бүгүнкү күндөгү граждандык эрктери тайкы эки жаштын сентименталдуу сүйүүсүн айтуу менен чектелет.

Дагы бир белгилей кете турган нерсе, жолдош А. Канатов дипломдук ишине даярдоо үчүн, дүйнөлүк драматургиянын ичинен бир дагы жарактуу чыгарма таба албай, өзүнүн бейдаремет пьесасына тырмагы илингени күлкү келээрлик иш.

Сөзүбүздүн акырында, мындай көркөмдүк идеясы төмөн чыгарманы Мамлекеттик Академиялык драма театрынын репертуарына кармап туруу талапка ылайык келбестигин баса белгилемекчибиз».

Мамбет өзүнүн он беш барактан турган «Фольклорго жырткычтык мамиле» деген рецензиялык макаласын зор ынтаа менен окуп бүтүп, чекесиндеги чыбырчыктаган терин аарчыды. Кайноосу токтогон казандай, бөл-

мөнүн ичи заматка тымый түштү. Угуп отургандардан эч кимиси оозунуп үн чыгарган жок. Мамбет: «эми мени колдоп чыгаарсыңар»,— дегенчелик кылып, отургандардын кыйласын көз оту менен арбап чыкты.

— Кана жолдоштор,— Рысбек ойлуу отурган калыбында сөз баштады. — Жолдош Мамбет Муңбаевичтин жазган рецензиясын толук уктуңуздар. Мында жалаң гана пьесанын идеясы, аны даярдоодогу режиссердук мүчүлүштөр жөнүндө эмес, жалпы эле сиздердин театрдагы азыркы абал тууралуу сөз козголуп отурат. Мындай маселени газетага жарыялоодон мурун, чогуу отуруп, пикир бөлүшсөк дурус болоор деп, сиздерди чакырдым. Анткени, ар кандай сындар кайсыл түрүндө айтылса дагы, аларды оңдоо баары бир сиздер аркылуу чечиле турган иш. Ушундай эмеспи?

— И, албетте, «Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку». Өз кемчилигибизди өзүбүз оңдобогондо, бирөө келип түзөмөкпү? Ушинтип ачык айтышып, пикир бөлүшкөнүбүз жакшы эмей!— Ашыр кызуу коштоп кетти. — Ушул театрды өз колубуз менен түптөп, өзүбүз иштеп, мына карыдык. Мен өз денемдеги ооруну кандай сезсем, театрдын абалын ошондой эле сезип турам. Иш дурус болбосо, кадимкидей сыркоолоп, төшөккө жатып калам. Театр каны-жаныбызга сиңип кеткенин ушундан билиңиз. Эми жаштар өсүп жатат, аныгы жакшы... Бирок бизди четтетпей, ушинтип кепке кошо жүрсөңөр, кантип эле колдон келген иштен качалы? Ыракмат сизге, кеңешели...

— Макаладагы козголгон маселелер сиздерге кандай таасир калтырды? Ошол жөнүндө айтыңыздарчы?— Рысбек сөздү кайра өз нугуна бурду.

— Мен дагы ошол макала жөнүндө айтайын деп турам,— Ашыр токтобой, сөзүнүн аягын улагысы келди. —Ушул ийгилигибиз кут болсун! Буга чейинки жалпы абалыбыз жаман болгон жок. Арабыздан дөөдөйшаадай адамдар чыгып, жумурай журтка таанылды... Бүгүнкү күнү, чыгармачылыгыбыз кыйла солгундап турганын моюнга алабыз. «Душман сүйдүрүп айтат, тууган күйдүрүп айтат» деп бу жигит талуу жерибизди таап, таамай айтыптыр. Жашырганда эмне, козгогон маселелеринин баары чындык.

— Театрдын айлык пландары аткарылбайт. Кээ бир спектаклдерге көрүүчүлөр кирбей калышты. Репертуар-

ды кайрадан карап чыкпасак болчудай эмес,— Театрдын директору макаладан кыйла четтеп, өзүнүн ой толгоосун билдирди.

— Ролдорду которуштуруу көбөйүп кетти. Кай бир артисттер даярдыгы жок эле сахнага чыгышат,— деди отургандардын бирөө.

— Токтогулачы?! Силер өз жараңарды өзүңөр чукубай, береги жазылган макала жөнүндө сөз кылсаңар,— деди СССРдин эл артисткасы Букен эже, тамекисин бурулдата үйлөп, чалкалай отурган калыбында. — Мен түшүнбөй турам, бул арызбы, же рецензиябы? Ушуну айткылачы?..

— Албетте рецензия, Букен Айбашевна!— Мамбет шашкалактай жооп берип, окуучудай ордунан тура калып, кайра отурду.

— Сиз качантан бери театралдык сынчы болуп кеткенсиз?— Букен эже сурдана тиктеп, орой сурады.

— Биз журналист болгондон кийин, ар кайсы тармактар жөнүндө жазууга тийишпиз да, Букен Айбашевна. — Мамбет өз кесибин сыймыктуулук менен атап, түшүнбөгөн кишиге түшүндүргөндөй, чыйрала сүйлөдү.

— Жазганыңа каршылык көрсөткөнүм жок. Театралдык талантыңызга таң калып жатам. — Букен эженин какшыгын Муңбаев түз мааниде кабыл алды окшойт, кулуюп, ыраазы болуп калгансыды. — Айтыңызчы, биздин театрдын ички тартибин сиз кайдан билесиз?.. Репетиция учурунда актерлор таптакыр тарап кетип, режиссердун сахнада жалгыз калганын качан көрдүңүз эле.

— Эски журналист да, кирип-чыгып баарын байкаганын көр... — Ашыр Мамбетке эшик көрсөтө сүйөп койду.

— Атайын макала жазууга ниеттенгенден кийин, изилдейбиз да, Букен Айбашевна.

— Балким, театрдын иштерин кирип-чыгып билишиңиз мүмкүн. А Актандын ата-энесинин тагдыры, алардын муңдуу күүсүн кантип уктуңуз? Экөөнүн өмүр баянын сизден сураш керек экен?!

— Бул эмне деген суроо, Букен Айбашевна? Фактыларды кайдан жана кантип алам, ал менин ишим го? Ага тыюу салууга эч кимдин акысы жок. — Мамбет ызалана каршылык көрсөттү.

— А сенин кандай акың бар? Пьесаны энеси жөнүн-

— Оолукпаныз?!— Газетанын редактору чыдай албады окшойт, кызматкерин тыя сүйлөдү.— Эмнеге демигесиз? Сизге ким кысым жасап жатат? Ойду-тоону дөөдүрөтпөй, бир беткей жазбайсызбы? Же сын макала эмес, же рецензия болбой...

— Ар кимдин өзүнчө стили бар. Эгерде...

— Коюңуз?! Калганын барганда сүйлөшөбүз. — Редактор биротоло кесе айтты. Мамбеттин оозунан чыгып келаткан сөз тамагына такалып, айласы түгөнгөндөй бүжүрөй түштү.

— Жакшы,— деди Рысбек салмактуу,— Сиздин козгогон пикириңизди колдойбуз. Биз муну сын материал катарында карап, пьесаны, спектаклдин коюлушун, а тургай театрдын ички уюштуруу иштерине чейин, атайын комиссия түзүп текшертебиз. Макалаңызга ошондон кийин жыйынтык чыгарылат.

— Туура айтасыз; текшертүү керек. Театрды тазалоого мезгил жетти. Качанкыга чейин бечаралыктан кутула албай, өзүбүздү-өзүбүз кем баа кылабыз? Аңдыпкүтүү биз менен эле калсын, жаштарга мүмкүнчүлүк түзүп берели, туурабы Ашке?— Букен эженин бул сөзү Ашыр аксакалга башка чапкандай оор тийди. Бирок анын бетине чыгып, намысын талашууга даай албай, адатынча болоор-болбос жылмая баш ийкеп, пикирге кошулгансыды. «Ыкшыйган кемпай, карыганча иштин көзүн түшүнбөйт. Эми өз майыңа өзүң сызгарылып жат!..»,— деп ичинен Мамбетти жек көрүп отурду.

Актаң чекесин таяна ылдый карап, эчак уктап калгансып, кыймылсыз эле. Ал айтылып жаткан сөздөрдүн көбүн уккан жок. «Укканда, укпаганда эмне? Негизги ой түшүнүктүү болуп жатпайбы. Өчөшүү менен көрө албастыктын бүтүмү. Көрө албастык мага болсо, өчөшүү — эне-атам үчүн... Эртерээк жолукканыңыздарга ыракмат. Жакшылап таанышып алалы. Чапкан сайың көз чыга бербес!..

Жөргөмүштөй бүжүңдөшкөн «досторум»,
Тиш көрсөтүп тосо коёт боз торун...

Мынакей, атамдын ошол «достору». Мени даамдашууга чакыра башташты. Силердин жөн-жайыңар белгилүү. Эскирген торуңарга чалына койбосмун!» Акта- уңуларды ойлоду да, о баягыда атасынын дагы б-

«досуна» жолукканын эсине түшүрдү. Ал окуяга Жантөрө экөө Кашка-Сууга командировкага барышканда кез болушкан.

Төө таштарды аттамак ойноп, көбүгүн көккө серпкен Кашка-Суу, капчыгайдын колтугун кытыгылап, күлкү чыгаргансыйт. Картаң талдар жел аргыга болоор-болбос башын ийкеп: «Ошенткиле, ойногула! Силер жашсыңар!» деп өткөн өмүрүнө топук кылган ак пейил байбичедей, аппак бүрлөрүн сеңселтет. Тигил аскадан сапырылган шаркыратма, тынымсыз бышылган сабадай, көңүл сергитет.

Казыбектин заманындагы баягы жыйырма бир түтүн кара тамдын дайыны жок. Азыр кабатталып үйлөр салынып, көчөлөрүнө машина батпай, өзүнчө кооз шаарчага айланган. Сегиз жерден шахтанын оозу ачылып, кызуу иштеп жаткан учуру. Алынган кендердин атын адистер эле билбесе, кээси коргошун десе, кээси таш көмүр чыгат деп жүрүшөт. Эмнеси болсо да бул жер кадим жомоктогудай кереметке батып, таң каларлык болуп өзгөрдү.

Шаарчанын кире бериш жерине жаркыраган айнектен кооз имарат курулуп, жолду бийик темир каалга тосуп туруптур. Эдил машинесин каалгага жакын айдап барып, токтотту да, мурдагы көнгөн адатынча аркырата сигнал берди. Айнек тамдын ичинен чарчы бойлуу киши чыгып, жыт аңдыган түлкүдөй серейе тиктеп, анан машинаны карай, майдалай басып келди.

— Пропусканар барбы? — деди ал терезеден бетин көргөзүп. Саргыч суйдаң муруту суурдукуна окшоп, чолок мурдунун астында сербеңдеп турду.

— Пропусканы эмне кыласыз, Шаабай аба? Бизди тааныбайсызбы? Андан көрө саламдашалык,— деди Эдил тамашалай күлүп.

— Саламдан жутаган киши жок, чычым. Сен эмне, кудайдын мурдунан түштүң беле? Көрсөт пропускаңды? — Өңүнө жарашкан ичкерээк үн менен так кесээр жооп айтты.

— Кучунашың кармап турган го? Кайра келатканда жазалы. Көмүркөйдүн ичи бош келатат, ишенбесеңиз ачып караңыз...

— Силердики дагы бош болот экен ээ, шумдук... Буларың ким?

— Коноктор, Министерстводон келишти. Мектептер-

ди текшеришкени баратышат. Актаң байкемди билет чыгарсыз? Казыбек абамдын уулу!

Шаабай көзүн мышыктыкындай жүлжүйтүп, тигиле карады.

— Жакшы болуптур. Пропусканарды көрсөткүлө?

— Сизге кабарлаган жокпу?

— Билбедим. Силерден башка дагы иштер толуп жатат.

— Пропусканы кайдан аласыңар? — Жантөрө тынчы кете сурады. — Тигил жактан ойлонсок болмок экен...

— Телефон чалып коюшчу. Апам айткан болуш керек. Эми ичкериге барып келгенче качан?.. Шаабай аба, кармабаңызчы? Пропусканы кайра келатканда үстөгү менен таштап кетебиз. Дайым эле өткөрүп жүрбөдүңүз беле. Убара кылбаңыз? Кеч кирип баратат. Булар алыстан чарчап келишти, эртерээк барып эс алышсын. — Эдил өткөрөт го деген ишеничте машинасын от алдырып кирди.

— Эс албасаңар таң атканча ушул жерде оромпой тээп отура бергиле,— деди да, Шаабай айнек тамды карай басып кетти.

— Бул оңбогон киши го? Жалаң эле кытыгылуу сүйлөйт экен. — Жантөрө ачуусу келгенден кызарып чыкты. — Ушуга жалдырабай сен барып пропуска алып чыксаңчы?

— Эми управлениеге барыш керек,— деди Эдил кыжалаттанып,— Мектептин директоруна телефон чалсакпы? Келип өткөрүп кетишээр. — Анан ал кабинадан башын чыгарып кыйкырды. — Телефонуңуз барбы?

— Жок, иштебейт.

— Биз эмне, отура береликпи?

— Аны өз башыңар менен ойлогула. — Шаабай тамдын бурчундагы туура тактайга отуруп жатып кебелбей жооп берди. — Мен өз ишимди билем. Пропускасыз чычканды өткөрүүгө акым жок.

— Анда мени киргизиңиз, барып алып келейин?

— Жөө бар.

— Таң атып кетпейби? Жөө барган менен машинаны айдап баргандын айырмасы эмне?

— Айырмасын билбейсиңби? Аны машина, сени адам дейт. — Шаабай тамекисин буркурата үйлөп, тапанчасын ондоп байланды.

— Ой нахал!.. — Жантөрө кыжырлангандан машинанын ичине отура албай, сыртка чыгып кыйкырды. —

Ай аксакал, биз мында күтүп туралык. Эдил машинасын айдап барып, пропуска алып келсин?

— Анан мен эмне деп жатам? Алып келсин. Ансыз силерди өткөрө албайм, мырзалар. Эртеңки күндө чоңдорумдан тил угуп отургудай алым жок. «Бечелге жөтөлдүн кереги эмне?»

— Биздин документтерди алып ал. Эч нерсе эмес, эс алып турабыз,— деди Актаң, болуп жаткан ишке анча маани бербей.

— Дарбазаны ачпайсызбы?.. Дайым эле ушинтип так иштеп калсаңыз го жакшы. Көрөбүз... — Эдил ызаланганын билдирип, кабинадан башын созо бакылдады.

— Оңурандаба! Бөөнүңө күч келет,— Шаабай ордунан кашаң туруп, какшык сөзүн айта, дарбазаны көздөй басты. — Азыр ачам. Шамалга сыртымды салып даарат албай калайын... — Ал бийик темир каалганын алдына барып, илгичти ачканы колун созду эле, цирктеги турникке асылып ойноп жаткан эргежелдей кодоюп көрүндү. — Бар. Сураган кишиге жакшылап түшүндүргүн. Сага жакшылык кылам деп, талканымдан ажырабайын — деди да, ак көңүлдүгүн кармата Эдилди күлө карап узатты.

Экөө түшүп калышты. Жантөрө жолдошунун кебелбегенин анча жактыра бербей, дүңкүйө сыртын салып, суу жакты карай басып кетти. Актаңдын оюу бул жерде эмес эле. Ал Тинатиндин элесин көз алдынан өчүрө албай, белгисиз кыйноого кабылып турган.

— Тууган, кел мындай отур, таанышалы,— деди Шаабай, аны жанына чакырып. — Шаардан бүгүн келдиңерби?

— Ооба.

— Кайда иштейсиң?

— Театрда, режиссермун.

— О, атаңдын жолун жолдогон экенсиң... Дурус, дурус...

— Сиз бул жерде көптөн бери иштейсизби?— деди Актаң, Шаабайдын оюн бөлүп.

— Жарым жылча болду.

— Ошондой...

— Эмне, таанышың иштечүү беле?

— Жок, сизди көрбөпмүн.

— Келгенсиңби?

— Келбегендечи!.. Былтыр келип, көп күнү жүрүп кеткем.

— А, ата конушуңду унутпаганың жакшы. — Шаабай өчкөн чылымын кайра тутанта, ыктытып коюп сөзүн улады. — Тууган турбайбызбы.

— Балким... — деди Актаң ийнин куушуруп.

— «Балким» эмей эле чын. Жалпы уругубуз бир. Атаң өзү тууганды кадырын билчү эмес. Сен дагы ошондой окшойсуң?—Ушинтти да, Актанды сынай, баштан аяк карап чыкты. — Токточу? Сен кайсыл катынынан туулган баласың?

Актаңдын териси жыйрыла түшүп, мыскылдуу жылмайды.

— Канча катынын билесиз?

— Мен үч катынын өз көзүм менен көрдүм. Эки аялды никесиз калтырды. Никелүү аялын кетирип тынган. Бойдок келиндерди дагы кур койгон эмес. Жашыруун төрөлгөн бир кызы эчак турмушка чыгып, азыр эки-үч балалуу болуп калды. Деги уруктуу жигит эле. — Шаабай ыракаттана каткырганда, жуулбаган оозунан ичкилик менен тамекиге аралашкан сасыган жыт уруп, кыжырды ансайын келтирди.

— Ээ, атаңдын жоругу курусун. Ал оңбогур туугандык тузга карабай, менин катынымды дагы бузбадыбы. Жубан алган аялым эле. Көрсө а кургурду Казыбек кыз кезинде туудуруп таштаган экен. Анысын кийин билип жүрөм. Аты Өктөм болучу. Азыр ошол никесиз төрөгөн баласы, бир жерде чоң болуп иштейт деп угам. Курама темир курч чыгат деген чын. Сен эмессиң го, ал бир аз улуураак чыгаар...

Актаң Шаабайдын жакасынан муунта кармап, ордунан шап тургузду да, өөп жиберүүчүдөй бетине бетин тийгизип шыбырады.

— Сөздүн баш аягына түшүнбөй туруп, кепшебей жүргүн, уктуңбу?!

— Опей, бул хулиган го? — Жан талаша тыбырап, жанындагы тапанчаны сыйпалады.

— Сакалың, күйгөн акмак! — Актаң түртүп жиберди эле, кетенчиктеп барып, баткакка отуруп калды.

— Хулиган! Мен сага атаңды чындап таанытамын! Салпаяктын көпкөнүн кара! Азыр мен сага... — Шаабай ордунан тура албай жатып, тапанчасын кабынан суурул чыгууга шашты. Мунусу, экинчи өзүнө тийгиз-

бөөгө кылган аракети эле. Ызага ууккан курч жигит, камынтпай жетип барып жерден тургузду да, көпөлөктөй көтөрүп, тамдын ичин карай жөнөдү.

— Өз абийириңди өзүңө төктүрөм, карыган шайтан!

— Актаң, эмне болуп кетти? — Шашкалактай чуркап келген Жантөрө экөөнүн ортосуна тура калды.

— Мына бул хулиганың мени сабады. Каматамын, калыс болуңуз? — деди Шаабай, мусаапырдай бужурөп. — Тапанчамды сууруп алып, чекеме такады. Бизге катылууга эч кимдин акысы жок. Пропускасыз өткөрбөгөндүгүм үчүн кордодуңарбы?! Көпкөнүңөрдү көрсөтөмүн! — Ал оозунан шилекейин чачырата кыйкырып, телефондун туткасына жете берерде, коңгуроосу чырылдап калды. Оту жалп өчкөн коломтодой үнүн заматта өзгөртүп, Шаабай берилген суроолорго илгиртпей жооп берип жатты.

— Ооба. Дурус элемин. Билем аксакал. Турушат Унутуп ка... Байка... Түшүнөм акса... Алар мени... Айт... Сөз... Ме... Сө... У... Жарайт. Уктум аксакал.

— Демек, биз жөнүндө мурда эле айтылган экен го? — деди Жантөрө. Кара ниет киши окшойсуз.

— Ким экениңерди кайдан билейин? Чекеңерге жазып албасаңар... Бара бергиле.

— Бул кишини алып кетүү керек. Жоонтуу иште мас болуп алып, ойду-тоону дөөдүрөйт. Милицияга тапшырабыз,— деди Актаң кызууланып.

— Сакалдуу кишини, уятко.. Андан калса тууган экенсиңер. Силердин ортоңорго кийлигишүү кыйын,— Жантөрө какшык узатты.

Ангыча Эдилдин машинасы сызып келип, каалгага жетпей кайрылып токтоду. Шаабай экөөнөн мурда Эдилге жетип, анын сунган кагазына карабай, эч нерсе болбогондой жылмаңдап, көзүн кыса күбүрөдү:

— Байкең ызакор экен. Тамашаласам чычалайт. Менин оюнкараак экенимди жакшылап түшүндүрүп койчу?

— Сенин ким экениңе түшүндүм... Кош бол,— деди Актаң жийиркеничтүү жылмайып.

— Эмне болду байке? — Эдил кооптоно сурады.

— Эч нерсе. Айда...

Машина ордунан элпек козголду. Шаабай баткак болгон куйругун сыйпалап, терезеден көрүнгөн каралды тешe тиктеп, бир ордунда туруп кала берди.

Азыр дагы дал ошондой кылып, береги бужүрөгөн

үчүн алып кой?» дешип, жалдырап отурушса, анан козусун кайра жетелетип, кымызын чачып жибермек беле? Кесир уруп кетээр. Урматка урмат көрсөтүү — адамдык парс. — «Какайганга какайгын, башың көккө жеткенче, ийилгенге ийилгин, башың жерге тийгенче» деген кеп бар эмеспи. Колуңдан келсе кишиге жардам кылып койгонго не жетсин. Сыйга сый көрсөтүү андан жакшы го. Бирок, иштин шартына карабай, «чайымды кайра бергин» деп, кекиртектеп турушса дагы адамгерчилик болобу? Же алардан бирөө сурап жатпаса... Түшүнбөстүктү карачы?..

— Эртең баруучу жерге өзүм барамын,— деди Бермет чечкиндүү. — Он метр паласты Оштон менин алдырганым чын. Ага мурда эле дайындаган болчумун. «Жолукса ала келиңиз акчасына» дегемин. Убадалашкандай тынынштык. Ушул кантип парага жатсын? Бул иш менен күйөөмдүн эч кандай тешеси жок деп айтамын.

— Кайда барасың?

— Ошону билбейм. Кайда барсам болот?

Асылбек олурая карап, үндөгөн жок.

— Андан көрө ошол кишинин өзүн тапсакчы? — Бермет кубангандан жандана сүйлөдү. — Ал газетага кимдер жазганын билет. Баласынан суратабыз. Жакшылап сүйлөшсөк, балким: «Айтканыбыз калп болчу», деп түшүнүк беришээр? Туурабы ыя? Адиресин билесиңби?

— Жок.

— Секретариаттан каратсаң табылаар?

— Каратпайм.

— Каратпасаң каратпа, деги каардандбачы? Балакеттин бардыгын өзүңдүн кенебестигиңден көр. Ошол балага аягына чейин эле көз салып койсоң, бул азап жок болчу. — Бермет кайрадан Асылбектин талуу жерине тийди.

— Унутуп калыптырмын! Айтып жатам го, эсимден чыгып кетиптир,— деди Асылбек титиреңдеп. —Эки баасын койдуруп бергем. Андан кийин көрүнбөй жүрүп, үчүнчү экзаменден кулагандан кийин гана шүмшүйүп жетип келиптир. Экзаменатор жаңы иштеген жигит болчу, сөзүм өтпөй калды. Анан өлүп кетейинби!?

— А сен бирөөнүкүн бүткөрүп бергенге кыйынсың. Боштугуңду билип алышкан да. Чабал адамды ушинтип пайдаланышат.

— Аңымды түшүнөм! Азирети болсоң дагы акыл айт-

каныңды токтотчу!? Ансыз дагы ачууга уугуп турам... Ошол итирейген немени мага кандай илээштире койгонуңду билбейм?!

— Мен илээштирдимби? Өздөрү издеп келишти. Үйдө жок десем, кетпей сени күтүп отурушту. Бирге сүйлөштүнөр. Анан, бүткөрө жүргөн жумушуң го деп ойлоп, жалдыратпай жардам берип койсоңчу дегеним чын. Башка күнөөм жок...— Бермет актангысы келди.

— Кылмышка түртүп коюп, күнөөсүз болуп калат. Сууга салса дагы кургак чыгасыңбы?.. Сен аларга боор ооругандыктан эмес, алып келген паласына кызыгып, менин жардам берип коюшумду өтүнгөнсүң.

— Дайым эле ошентчү белем? Мен көрбөгөн, мен билбеген канча кишилер университетти бүтүп кетишти. Канча жолу кийлигишип, кадырымды салдым? Өз оокатың үчүн тапкан табылгаңа орток болгон чыгаармын, а бирок, авторитетиңе шек келтиргеним жок. Дагы кайсы күнөөгө түрттүм, айт?!

— Өз оокатым үчүнбү? Сен үчүн экенин билгиң келбейби?

— Мен сени таап бер, алып кел дедим беле?

Асылбек жооп таба албай, буйдала түштү да, өз чындыгын адатынча салыштыруу менен дадилдегиси келди.

— Жумуртка баскан мекиянын сыйлабаса, тоодак оозуна суу ууртап, жүздөгөн чакырым аралыктан безилдеп келбес эле. Ошол сыяктуу, менин кылганымдын баары сен үчүн. Үйгө келген конокко дагы сенин кирпигиңе карап мамиле жасаймын. Бир жолу экзаменге сени менен чатакташып барып, бир дагы студентке жакшы деген баа койбоптурмун. Аны сага айттым эле го? Демек сенин кабагың көп нерсени чечет. Үйгө келген табылгалардын баары дал ошого байланыштуу. Сен андайга жетине албай сүйүнүп калчуусуң. Аялды сүйүнтүп туруш эркек үчүн чоң бакыт. Анан мени күнөөгө түрткөн сен эмей ким?!

— Дайны жок сөздөрүңдү койсоңчу?! Менин кабагыма карап иштегендей сен күн карама белең? Же сага дайым ырсайып туруш үчүн маймыл болоюнбу? — Бермет бул пикирге деген макул эмес. Ал өз ниетинде Асылбектин айтканы менен болуп, айдаган жагына конуп жүрөт. Ушунун жүзү жарык болуп, элге төбөсү көрүнсө экен деп тилейт. Ошентсе да өөн таап турганын көрчү? «Сөз билген колко бербейт...»

— Илгери бир кемпирдин жалгыз уулу болуптур. — Асылбек Берметти жеңиш үчүн башка далил издеди. — Ал боорун көтөргөндөн тартып эле жумуртка уурдап, бара-бара тооктун өзүнө өтүп, кийин түндүктөн түшмө ууру болот. Акыры колго түшүп хандын алдына барганда, даргага асып өлтүрүүгө өкүм чыгарылат. Ошондо ууру жигит бир ооз сөз суранып, көпчүлүккө кайрылат дейт: «О, кагылайын журт! Мен бир жесир кемпирдин жалгыз баласы элем. Эне тилин түшүнгөндөн тартып, апамдын ботодой боздоп мага жалынганы өмүр бою эсимде сакталып калды. «Аман чоңоюп, мени багаар бекенсиң? Сенин тапканыңды көрүп өлсөм, арманым жок» дечү ал. Эмгектеп баскандан баштап, эптеп апамды багууну ойлондум. Абал мурун жумуртка алып келсем, ал сүйүнүп калды. Кийин тоок алып келдим эле, андан бетер кубанды. Ал сүйүнгөн сайын, үйрөнгөн ишимди жан аябай жасадым. Азыр минтип, атанган ууру болдум. Айткылачы, буга мен күнөөлүмүнбү, же апам күнөөлүбү деген экен. Кана айтчы, бала күнөөлүбү, же кемпирби?

— Мен күнөөлүмүн,— деди Бермет булкунуп.— Болдубу? Деги жаныңды жай алдырчы?

— Кекетпе? Андан көрө жакшылап түшүнүп ал? Жашоо үчүн ар бир үйдүн тартиби ушундай. Биз — эркектер, жанагы тоодактай далбас уруп жан үрөгөн жандыкпыз. Силердин каш-кабагыңар кандай болгондо жаркырап турaaр экен деп, өмүр бою изилдеп келебиз. Биз оокат-жайды, дүнүйө-мүлктү катын, бала үчүн чогултабыз. Эгерде, сен бир жолу: «Болду, жетишет, мындан ары албагын»,— деген болсоң, анда мен өз маянамды дагы үйгө алып келбес элем. Себеби, мен жалаң гана үй-бүлөмдүн кадырын албастан, сырттагы адамдардын көңүлүн алууну ошондой эле каалаймын. Алар, сыйым үчүн жок дегенде, жаркырап жылмаюусу менен, менин өмүр гүлүмө азык беришет.

— Эгерде, бул дүнүйө-мүлктүн сага кереги жок болсо, мага деле кереги жок,— деди Бермет сумсайып.

— Анда өрттөп жибер!? Кана, өрттөп жиберчи? Мен сенин колуңдагы ширеңкени алып коёр бекемин. Бол, өрттө!— Асылбектин тоголок бети муунуп бараткандай көгөрүп чыкты. Экөө үнсүз тиктешип турду бир аз. Кыйладан соң Бермет буулуккан үн менен чыгарган өкүмүн угузду.

— Болуптур... Сен мени дүнүйө көзүнөн үчкан мас-

тандай элестетсең керек. Жок, андайдан эмесмин. Ишенбейсиңби? Ишендирем. Мен сага кандай таза келсем, ошондой эле таза жашап жатканыма ишенгиң келбейт. Мен мына бул оокатты өзүм үчүн эмес, сенин түндүгүңдүн бекем болушу үчүн, сенин босогоңдун ырыс-кешиги үчүн, сенин төрүң мүрзөдөй мисирейбей, кирип-чыкканга берекелүү куттай сезилсин үчүн, жыйып-тергенимди билгиң келбеди. Мага дүнүйө эмес, сенин алтын башың керек. Алтын башты асыроо үчүн, үй тутуп, дүнүйө куруу зарыл. Ансыз сенин киши сапатың болбойт. Жарайт анда, өтүнүчүңдү аткарайын. — Бермет ордунан туруп, залды карай басты. Асылбек тилден калгандай, кыймылсыз карап турду.

— Дүнүйөнү үчкө бөлөбүз,— деди Бермет. — Экөөнү экөөбүзгө, бирөөнү балдар үчүн. Буга сен деле каршы болбосоң керек. Себеби, дүнүйөнү жалаң катын-балаң үчүн чогултпадыңбы. Мен өзүмө тиешелүүсүн бөлүп алып, машинага жүктөп шаардын сыртына чыгам да, жан кишиге көрсөтпөй туруп өрттөп жибербесем, Бермет атым өчсүн! Сен гана кошо барып, өз көзүң менен көрүп тур?!

Ал абал мурун дубалга илинген чоң килемди булкуп түшүрдү да, жерге жая салып, шифонердеги өз кийимдерин үстүнө үйүп кирди. Асылбек бул окуянын аягы эмне менен бүтөөрүн түшүнгүсү келген жок. Азыр сыртка чыгып кетип, өзүн-өзү алаксытуу гана керек болчу. Аялдын долусу кармаганда, андан башка ыңгайлуу жол табылбайт. Көзү жокто каалаганын кылсын...

Ангыча эшиктин күкүк үндүү коңгуроосу «сайрап» калды. Асылбек шашкалактап, чачылган буюмдарды жыйнап кирди.

— Тийбегин! Каалаcаң бул кепиндерди ушул жерден эле өрттөп беремин! — Бермет жаш жууган жүзүн сүртүнбөй, сүрдүү тиктеди.

— Эшикке киши келди...

— Жакшы болот. Ансыз дагы бир калыс керек. — Ал эшик ачууга кам урду.

— Мен ачайын. Сен жиндеңбей, буларыңды жыйнаштыр. Уят...

— Уяла тургандай иш кылган эмесмин. Ач, кирсин!

Мындай учурда Асылбек өзүн унутуп коюуга аз эле калат. Бирөө көрбөсө мейли дечи. Аялдын көктүгү кармаса, кишинин көзүнчө кычап кетишет.

— Ачпайсыңбы? — деди Бермет.

— Жок дегенде ыйыңды токтотчу?

— Токтотпойм. Ким болсо ошо болсун, айтам. Качанкыга чейин сенин көр жемеңди жашырмак элем?

— Болду эми, балактабай? Мени шерменде кыласыңбы? — Асылбек жалынгандай, аянычтуу сүйлөдү.

«Периштедей болуп ырас келбедиби. Бири-бирибизге өчөшүп отуруп, шермендебиз чыгат беле?.. Деги ниети жакшы киши экен»,— деп кымылдады Бермет.

«Күкүк» тынымсыз «сайрап» жатты. Асылбек килемдин үстүндөгү үйүлгөн кийимдерди төркү бөлмөгө сүйрөп таштады да, эшикти ачууга кетти. Ал илгичти бошотоор замат, каалга кенен ачылып, шакылдаган аялдын кубанычтуу үнү угулду.

— Жакшысыңарбы? Деги, үйдөсүңөрбү?

Асылбек жооп берүүнүн ордуна, жалдырай карап, кайра кетенчиктеди.

— Силерди үйүңөрдө жок экен деп, жаным чыкканы. Ырас болбодубу. Карма кызым, өйдө, так көтөр?! — Ак фляга менен чоң кара сумканы сүйрөгөн экөө күлдүр-шалдыр түшүп үйгө кирипти. — Сайдын ташындай салмактуусун кантесиң, ичсе кандай гана бат түгөнөөр эле... Эртең менен самолетко түшөөрдө бир чака саамал куйганмын, көбүрүп-жабырып атылганы арaң турат окшойт. Жаныбардын кайнап жатканын карачы! Капкагын этияттап ачпаса, атылып кетип, эч нерсеси калбай калат.— Аминат учурашуудан мурда,алып келген базарлыгы жөнүндө маалымат берип, үй ээсин кубантууну ойлоду. Азыр ысыктын кайнап турган мезгилинде жаңы ачыган кымызга ким тамшанбасын! Асылбек «суусап турганда ырас болбодубу»,— деп жетине албай сүйүнүп, чынысын көтөрө чуркаса, жакшы болбос беле! Бирок алар антмек түгүл, Аминатты жалдырай тиктешип, үнсүз кабыл алышты.

— Ботом, силер мени таанысбай турасыңарбы? Кандай Бермет, аман-эсен жатасыңарбы? Бала-бакыраң чоңоюшуп жатабы? Тууган арбагын сыйлап, учурашалы деп... ушинтип келип калдык.

— Келгиле... Отургула,— деди Бермет бир аз эсине келип.

— Отуралык. Тим эле ысып өлүп кеттик. Шаарыңар куйкаланып жаткан тура.

— Биздин үйдү таппай, кыйналган чыгаарсыңар? —

Бермет өмүрүндө келбеген Аминаттын кантип таап алганын билүүгө кызыкты.

— Ботом, жо-ок, адресиңерди таксистке бере салдым эле, эшигиңердин алдына чимирилип келип, жеткирип таштады. Асылбектин дайынын биз эмес, бүтүндөй Кыргызстан билип отурса, анан кантип таппайлы?.. Асыке, тигил кымыздын оозун ачып, кичине жутсаңар боло? Бурул сумканы алып келчи балам, базарлыктан ооз тийгизели — Ал маданияттуу көрүнүш үчүн жаңы эле сатып алган чоң кара сумкасын столдун үстүнө коюп, шашпай оозун ачты. — Бермет, бир табак берсең?.. Мына бу силерге атайын арнап алып келген даам. Жаңы эле союлган козунун эти. Ысыкта жыттанып кетеби деп, бышырып алгам. Жегиле?! Бир кезде бир табактан тамак ичишкен, ынтымактуу аяштар элек. Кудай кылды, минтип, каттаշпай кеттик. Ушул бойдон жүрсөк, дегеле таанышпай кала турганбыз. Бечара киши, бечарадай болгону жакшы деп, дагы деле өзүм келдим... Даамга карасаңар? Ырыскы эмеспи...

Асылбек эттен кичине үзүп оозуна салды да, көңүлсүз чайнады.

— Ыракмат,— деди Бермет суз.

— Ботом, силер бир жакка көчкөнү калгансыңарбы? — Аминат үйдүн ичин айландыра карап чыкты.

— Ооба, о жо-ок, каякка көчмөк элек? Тигил кийимдерди бир аз күнгө жайдык эле. Күбө түшүп кетеби деп...— Бермет айыбы ачылгандай кызарып чыкты.

— Ии, ооба. — Аминат суктана башын ийкеңдетти. — Кийим көп болсо. Кийилбей турса... Күбө түшүп кетээри бышык. Бат-бат жайып турган жакшы. Силер бир журт жаңыртканы калганбы деп ойлогонум. Эгерде, көчүп кетсеңер, таппай калмак экенбиз. Ниетибиздин түздүгүн көрчү! Ойдогудай жолугуштук. Минтип, экөөңөр тең үйдө экенсиңер. Түбү жүрүп түтүшпөгөн кишилербиз, чынбы Аске? — Аминаттын кубанычын эч ким коштогон жок.

Бурулду бул көрүнүш түк кызыктырбай, стол үстүн телмире тиктеп, үнсүз отурду. Асылбек креслого чалкалай отуруп, журнал окуп кирди. Бермет чачылган кийимдерин кайрадан жыйнаштыра баштады.

— Баса,— деди Аминат жаңы эстегендей. — Бул менин кызым. Көкүрөк күчүгүм. Караган-карманаарым ушул. Менин абалымды угуп жаткан чыгаарсыңар?..

— Жо-ок, кайдан укмак элек...

— Барган-келгендер айтышабы деймда...

— Кайдан... Азыр бирөөнүн абалын билмек түгүл, өзүбүздүкүн түшүнбөй калдык. — Бермет ичиндеги кысылган чындыгын айтып жиберди.

Аминаттын супсуну сууп калды. Азыр алардын оозунан: «Капа болбо? Турмуш ушул экен, уксак деле бара албадык. Абалыңды түшүнүп турабыз, айла канча, кайрат кыл?» — деген сөздөрдүн чыгышын күткөн. Демек, булардын келишин дегеле жактырышпай калганы ушул эмеспи.

— Эмне, Асылбек кызматтан бошоп калганбы? — деди Аминат, сөздүн ток этээр жерин билгиси келип.

— Жок! Аны ким айтты? — Бермет бүргө чаккандай тез жооп берип, тигиле карады. «Газетаны окуп, атайын табалаганы келген го?»,— деп ойлоду ал. Бирок аны Аминат окумак түгүл, уккан дагы эмес.

— Таң, өзүбүздүн абалыбыз кыйындап турат дегениңден...

— Абалыбыз эмнеге кыйындасын? Бирөөнүн турмушу эмес, кээде өзүңдүн үй ичиңе көз салууга чолоң тийбей калат эмеспи. Мен ошол мааниде айттым. — Бермет бир аз көзүн сүзүп, мурдун чүйрүү менен, жактырбаганын билдирип койду.

— Ошондой эле болсун. Башыңарда дөөлөт турганда, кудайдын берген ырыскысын жеп тургула. — Аминаттын сөзүнөн жадагандай, эч кимиси үндөгөн да көңүл бурган да жок. — Ботом, силер эмнеге үңкүйүп, эки жакты карайсыңар? Же биздин келгенибизди жактырбай калдыңарбы?

Аминат узакка жооп күттү. Айтылган сөздү экөө тең угушпай калгансып, дем чыгарышкан жок. Бурул бул оор салмакты көтөрө албай, сыртка качып чыккысы келди. Аминат эми булардан жылуу сөз чыкпасын биротоло сезип, жерге салынган төшөктүн четине, шагы сынгандай бүрүшүп отуруп калды. Анан чоң жоолугун эри өлгөндөгүдөй жая салынып, бир учу менен көз жашын сүртө, балактап ыйлай баштады.

— Силерге ишенип, силерди караан тутуп атайын алыстан келсек, чайыңар болбосо дагы жайыңарды айтып, жок дегенде кишисиңерби, итсиңерби дебейсиңер?.. Биздей мусаапыр байкуштарды кайдан тоготуп, кайдан теңсинмек элеңер. Силердин тооңор бийик, колуңар узун.

Төбөңөр көккө жетип турат. Жүрөгүңөр майлуу, бооруңар бүтүн... Балакетке теңсинесиңерби!?

Бул сүрсүгөн сөздөргө Асылбек узакка чыдай алган жок.

— Кантесиң Аминат, жаш баладай болуп,—деди орой.

— Кудай кылса мусаапырчылык ар бир кишинин башына келет. Дөөлөт деген нерсе, колдун кириндей эле, кайсыл күнү жулуп кетээрин алдын ала ким билип отуруптур...

Берметтин тула бою үркүп чыкты. Ушул айтылган уу сөздөр, түздөн-түз өзүнө тийип жаткансып, жүрөгү зыркырады.

— Сабыр кылчы Аминат? Сага эмне болду? — деди да, тез жетип барып ийнинен бекем кучактады.— Мындай сөздөрдү айтпачы? Биз бир аз капа болуп отурганбыз. Баш-аягыбызды жыя электе келип... Ачылып сүйлөшпөгөнүбүзгө таарына түштүң окшойт. Азыр баарын сүйлөшөбүз. Жаңы эле келбедиңерби? Силер жуунуп, кененирээк отуруп, эс алып тургула? Мен тамак даярдап жиберейин. Чечинчи, эмне мынчалык оронуп-чулганып алгансың?

— Уулум менен күйөөмдөн бирдей ажырап, канатым, кайрылгандан кийин, ушинтип, оорукчан тартып калбадымбы! «Таздын көңүлү болбосо, таза кыздын көңүлү»,— деп мени жек көрсөңөр дагы досуңардын арбагын сыйлап, уулуна куран окутуп кое турган элеңер?— Аминат ичиндеги таарынычын ачык айтып, өзүн бир аз эс алдыргысы келди.

— Кабар бердирген жоксуң? Биз укпадык. Кийин Эрнис көчөдөн жолугуп айтты эле, ана-мына менен күн өтүп кетти,— деди Бермет уялгандай.

— Башынан, мээсинен ажырап калган мага таарынасыңарбы? Силердин азырынча жакаңар бүтүн. Жаманчылыкты кайдан түшүнмөк элеңер.

Аминаттын бул сөздөрү Берметтин ансайын денесин дүркүрөттү. Каргыштай катуу сүйлөмдөрдү дагы айтып жибербесин деп, күнөөкөрдөй жалдырап жиберди:

— Болуптур эми, таарынбачы? Биз күнөөлүүбүз. «Алтын чирибейт, аза карыбайт» дейт. Куран окутабыз, көңүл айтабыз. Деги ачуу сөздөрүңдү койчу? Кек санабай келгениңе ыракмат. Диванга жатып эс аласыңбы? Жаздык коюп берейинби?.. Асылбек сен булар менен сүйлөшүп отур, мен дасторкон жаяйын.

— Эмнени сүйлөшөйүн? — деди Асылбек орой.

— Өткөн-кеткендерден кеп салып отургула...

— Мына, көрдүңбү? Иштин багыты кайда кетип жатат? Өткөн-кеткен айтылып бүткөндөн кийин, келечектен баштайбыз. А келечек менден эмнени талап кыла турганын түшүнүп жатасыңбы? — Асылбек адатта элдин көзүнчө жибектей чоюлган назик киши. Эч кимге катуу айтып, орондобойт. Андай кылуу — өз беделине доо кетирген болуп туюлчу... Мына азыр келген коноктун көзүнчө көбүрүп-жабырып жатканына Бермет анча ишенкиребей турду.

— Сен эмне ачуулапасың,— деди ал, курулай жылмаюуга аракет кылып.— Ушуну дагы менден көргүң келеби?

— А мени күнөөлөгө кандай акың бар? Мен кимге эмне дешим керек?! Кана айтчы?! Туш-тушумдан жабалакташып, кемирип, мүлжүп, тынчымды кетиришет. Мен кайсынысына туруштук берейин? Өзүм жасаган жакшылык, кайра өзүмө көө чачат. Биринен кутулсаң, экинчиси даяр. Эшиктен жылмайып кирип, кекетип чыгышат. Жок, жок, мен бул жүктү көтөрө албайм. Жетишет эми!..— Асылбек чабалактап, кайрадан бөлмөнүн ичине аркы-терки басып кирди.

— Сен эмне болуп турасың? — деди Бермет, чындап айласы кеткендей.

— Жинди болуп. Көрбөйсүңбү?! Акылымдан ажырап баратам!..

— Асылбек, сен биз үчүн капаланып жатасыңбы?— деди Аминат таңдана карап.

— Кептин негизи анда деле эмес, Аминат. Бирок, сенин эмне үчүн келгениңди түшүнүп турам. Эзелки аяштыгыңды сыйлап, алып келген кымызыңды ичип, кызыңды окууга өткөрүүшүм керек, Ушундай эмеспи?

— Ботом, анан, сыйлабай коймок белең? — Аминат сөздүн ачык айтылганына ыраазы болгонсуп, күлүп койду. — Бешенеме бүткөн жалгыз ырысым ушул. Мындан башка үмүтүм жок. Аны өзүңөр түшүнүп турасыңар го? — Ал кайрадан жашып сүйлөдү. — Мен шордуунун тартпаган азабы, көрбөгөн кордугу барбы? Жашоом бүтүп, жыргалым түгөнлү. Эми береги байкушум кор болбой, эл катары жашаса деп... сени бел тутуп, ишенип ээрчитип келдим. Окууга өткөрүү го колуңдан келет дечи, бирок, бойго жеткен кызга эртели-кеч көз салып тур-

баса болбойт эмеспи. Шаарга көнүшүп кеткиче, Берметке кол ара болуп үйүңөрдө туруп турса...

— Жок! — Асылбек ачуулана Аминаттын сөзүн бузуп өттү. — Менин колумдан эч нерсе келбейт! Мен эч кандай жардам бере албаймын!.. Кызык сүйлөйт экенсиң! Сенин бараар жериң жокпу? Эки уулуң эки мекеменин тизгинин чоюп отурат. Аларга эмне барбайсың? Сен деген энесиң? Билдиңби? Бала кайда калбасын, кайда чоңойбосун, өз энесин табууга, ага жардам берүүгө, аны багууга милдеттүү. Адам тукумунун милдети ушундай. Жакшылыкты өз балаң кылбаса, башкадан эмнени күтөсүң? Төрөгөнүң сен төрөп, жакшылыгын бирөө көрсө... Анын эмнеси эне, эмнеси бала? Адам эмес мышык дагы: «Жолборсту туугам!», — деп сыймыктанат. А сенин мүмкүнчүлүгүн толуп жатпайбы!?

Бурул үнсүз отурган калыбында бир катуу эчкирип алды да, эшикке чуркап чыгып кетти. Асылбектин сөзү аягына чыкпай үзүлдү. Бермет нес болуп катып калды. Аминаттын муштумдары түйүлүп, жаак эттери титиреп, көзү чанагынан чыкчуудай бакырайып, стол үстүн теше тиктеп отурду.

## ЖЫЛАНАЧ ЧЫНДЫК

*Чындыкты айткан жакшы, бирок,*
*анын кийимин кийгизүү керек...*

Асыл троллейбустан түшүп, топтолгон элди көзөп өттү да, түз эле театрды карай бет алды. Ал жүрөгүнүн тынчтык бербей дикилдеп сокконун, эртерээк жетип гана эс алдыра тургандай, болгон ынтаасы менен шамалды жиреп баратты.

Бүгүн күнгө дем алыш болучу. Кээде ушундай бош убактарда Рысбектикине бара калат. Үйдө Өктөмдөн башкасы жок экен, сейилдеп кетишсе керек сыягы. Экөө чай аралыгында келээр-кетээр сөздөрдү сүйлөшүп, бир топ убакытты эткөрүштү. Акыры маанилүү бир жаңылык эсине түшө калды белем, Өктөм үнүн созо сүйлөдү.

— Ий баса, баягы Аминат келиптир дейт, сен аны уктуңбу?

Асыл селт эте чочуп өттү.

— Жок, качан келиптир?

— Билбедим. Айтор, кызын окууга өткөргөнү жүрөт

имиш. Анысы кечөө театралдык институтка экзамен тапшырыптыр. Кулатып коюшкан го... Актаң комиссияда отуруптур дейби, айтор, Рысбек бир аз-бир аз кобурады. Өзүң билесиң го, үйгө келгенде сырттагы көргөндөрүн чечилип айтпайт.

— Актаң энесине жолугуптурбу? Жакшылап сүйлөштү бекен? Балким карындашын тааныган эмес чыгаар? Мурда көрүшпөсө, билбейт да?.. — Асыл кыска-кыска дем алып, өңү кубарып чыкты.

— Аныгын укпадым. Бирок, ал оңбогон катын келиптир. Деги ага жолукпай койгонуң эле жакшы. Актаң эми өзү билсин... Чоңоюп калды, өз акылы өзүндө.

— Ушундай дечи? Ал мага эч нерсе айткан жок. Жашыргандай эмнеси бар? Кой, мен ага барайын. Жолукса эмне экен? Жолукса — жолуксун. Биз эми чатакташаар мезгилден өтүп кеттик. Ылайыгы келсе бирге отуруп, акылдашканыбыз дурус...

Асыл ушул ой менен Өктөмдүн үйүнөн чыккан. Азыр анын көзүнө эч нерсе көрүнбөй, санаасы менен кармашып келатат. «Акин мага айтпаганын карасаң? Ал көптөн бери менден боюн алыстатып жүргөнсүйт. Эмнеге антет? Же, шектүү туюлуп баратамбы? Балким, Тинатинге жасаган мамилемден уламдыр?» Өз энем болсо антпес эле» деп, санааркап жүрбөсүн? Эне деген — эне да!? Эмне экен, кааласа барсын, акылдашсын. Апасы экени калппы? Мен алардын баарын эле ачык айтып, түшүндүрдүм го? Ылайык тапса, көчүрүп келип, баксын. Мен эми өкүнбөйм. Ойлогон оюмду колумдан келишинче өтөгөнсүдүм. Мунун баарын өзүмдүн абийирим үчүн, өзүмдүн сүйүүм үчүн иштедим. Сүйүүнүн картайбастыгына ишендим. Жүрөгүм гүлгүн боюнча жашап келатат. Турмуштун сыноолорунан ийгиликтүү өткөнүмө кубанууга акым бар! Азыр душмандардын күлкүсү мени кемсинте албайт... Мейли, мейли, Акин энесине барсын. Эмчек сүтүнөн кутулуу да керек. Балким, ал мага ушул оюн ачык айта албай, кыйналып жүргөн чыгаар? Түк өкүнбөйм. Эртели кеч чуркап келип, карааның көрүп, чекесинен жыттап турсам эле болду!..» Асылдын ою ушуга келип такалды. Чындыгында эле, балага энесин душман көрсөтүү — адамгерчиликке жатабы...

Асыл театрдын алдына келгенде бир кыз таш устунга жөлөнүп, ойлуу жер карап турган экен. Кебетесине караганда элеттик сыяктанат. «Бурул болуп жүрбө-

сүн»,— деп ойлоду да, кыйгач караган калыбында өтө берип, кайра бурулду.

— Кечирип кой садагасы, сен бирөөнү күтүп турган жоксуңбу?

— Күтүп турам,— деди кыз көңүлсүз.

— Ал киши театрда иштейби?

— Жок. Киши эмес, апам...

— А апаңбы? Бул жакка жумуштап кирген го?

Кыз жооп берүүнүн ордуна жактырбаганын билдирип, тетири бурулду.

— Жаңылбасам сен Бурул болуп жүрбөгүн? — Асыл жаркырай күлүп, акырын сурады. Кыз кайра жалт карады эле, көзү жандана түшүптүр.

— Ооба, сиз мени кайдан билесиз?

— Билем. Актаң байкеңе түспөлдөш турбайсыңбы. Байкеңди тааныйсыңбы? — Асыл кызды акырын жетелеп, орундукка отурду да, шашпай сүйлөшкүсү келди. Кыз жооп берүүнүн ордуна жек көргөндөй тиктеп, боюн жыйырды.

— Кана сүйлөчү, байкең менен жакшылап тааныштыңбы?

— Асыл деген сиз болосузбу? — деди кыз орой.

— Ооба...

— Ошондой...— Ал аба жетишпегендей демигип, өңү кубарып чыкты.

— Эмне, бир жериң ооруп турабы?

— Жок. Жөн эле...

— Качан келдиңер?

— Эки-үч күн болду.

— Ошондон бери эмне үчүн акеңдин үйүнө барбайсыңар? Келгениңерди угуп, аябай күттүк. Азыр дагы силерди издеп келаткам. Үйгө барып, сүйлөшүп, жакшылап таанышабыз. Бир тууган эмессиңерби. Алардын баарын жакшы түшүнөт чыгаарсың? Кыз деген боорукер, ак көңүл, жарокер болуу керек. А сен эмдигиче бир тууган агаңдын үйүнө барбай...

— Сиз эмне үчүн биздикине барбайсыз? — Бурул айтышуучудай чыйрала сүйлөп, Асылды аптыктырып койду. Эми буга жооп кайтаруу кыйынга турган сыяктанды. Ошентсе да мукактанып жатып муну айтты:

— Менин жөнүм башка. А байкеңдин эмнеге барбагандыгын өзүнөн сурашың керек.

— Жиберсеңиз эле бармак.

— О, бул өзүңдүн оюңбу, же...

— Апам деле ушуну айтат.

— Өзүң эч нерсени көрбөй туруп, бирөөнүн айтканы менен жыйынтык чыгарганың кандай? Бул анча жакшы эмес. Абал мурун көр, сүйлөшүп пикирин ук. Андан кийин түшүнүктүү болот. Кана эми, биздин үйгө барасыңарбы? — Асыл кызды кучактап эркелеткиси, ачылып сүйлөшкүсү келди. Бурул дагы деле тил каткан жок. Анын ичиндеги тоңгон муздары оңойчулук менен эрий турган өңдөнбөйт. Бирок, береги аялдын азыркы мамилеси, апасы айткан албарсты, азыткыны элестеткен жок. А балким, азыткы ушундай болоор?..

— Аны апам билет.

— Апаң билеби? — Асыл жагалдана күлдү. — Сен эми бойго жеткен кызсың, кээ бир ылайыктуу маселени чечип койсоң болот. «Балдар ата-энесин тарбиялоого тийиш»...

— Акылыбыз жетпесечи? — Бурул бир аз жумшарып сүйлөшүүгө өттү.

— Өзүңдү өзүң кармай билсең эле, акылың жетет. Кыз наздана жылмайып, жооп айта алган жок. Окууга өтөйүн деп келдиңби?

— Ошондой ойлогонбуз...

— Жакшы ойлопсуң. Документтериңди кайсыл окуу жайга тапшырдың?

— Тапшыра элекмин. Бурул калп айтып алып, ыңгайсыздана түштү. Анткени, кечөө эле бир институттан кулаганын кантип укпай койсун.

— Мурда байкеңе кеңешели дегенсиңер го? Туура ойлопсуңар. Акылдашып, кийин өзүң кызыгып иштей турган окууга өткөнүң жакшы. Деги кайсыл кесипти каалайсың?

— Билбейм...

— Бардык эле кесип жакшы көрүнөт дечи? — Асыл Бурулду ыңгайсыздыктан куткаруу үчүн, тамашалап күлдү. — Мейли, кеңешебиз. Ылайыктуу жерге документиңди тапшырабыз. Акин байкең али жаш, андан калса, жумуштан түк колу бошобойт. Убактысында тамак ичүүгө да чолосу тийбейт. Кээде мен иштеген жерине тамак көтөрүп келип берем. Аны да көңүлү келсе ичет, эгерде, иши бир аз өз жайында болбосо эле, бардыгын унутуп коет. Көрдүңбү, байкеңдин мүнөзү ушундай, иши көп. Сенин окууга өтүшүңө мен өзүм жардам берем. Ки-

тептердин баарын таап алып, үйдөн экөөлөп даярданабыз. Коркпой эле кой, сөзсүз өтөсүң!

Бурул Асылды телмире карап, эмне деп айтарын билбей, ыңгайсыздана баштады.

— Экөөбүз макулдашалы. Биздин үйгө баруу жөнүндө, апанды көндүрүүгө жардам бер? Ал сенин тилиңди алууга тийиш...

— Билбейм,— деди кыз энтигип, анан ал эки жакты элеңдей карады да, ымандай чындыкты билдирди. — Барбайбыз го... Апам сизди өтө жек көрөт...

— Жек көрөбү? — Асылдын өңү кубара түштү. Бирок, ыңгайсыз абалын сездирбөө үчүн, курулай күлө сүйлөдү. — Жек көрсө... Айла канча, чыдайбыз да... Андан көрө сен жек көрбөсөң болгону?

— Менби? — Бурулдун жүзү албырып чыкты. — Мен азыр сизди анча жек көрбөй калдым окшойт.

— Ошондойбу?! Ах, садагам! — Асыл Бурулду кучактап, бетинен өптү.— Жакшы. Анда жакшы... Апаң дагы жазылып кеткиси бардыр... Ал Акиңге кетти беле?

— Ооба.

— Жүр анда. Чогуу отуруп сүйлөшөбүз. Өткөндү унутуп, жакшылыктарга жол ачалы! Бул силер үчүн зарыл нерсе!.,

Алар Аминаттын артынан жөнөштү.

Театрда дежурныйдан башкасы түштөнүүгө кетишкен.

Актаң гана кабинетинде жалгыз калып, бир пьесаны окуган болуп отурат. Бирок анын жан дүйнөсү Тинатиндин элесине аралашып, көзүнө башка нерсени көрсөтпөй таштады. Жылаажындай күлкүсү кулагында жаңырып, назик денеси кучагында кыналгандай, жумшак колдору менен чачын сылап, жыпжылуу эриндери жүзүн аймалап жаткандай, денеси көөлгүп турганы турган. Ушундай асыл зат болорбу! Канчалык салыштырып караса да, дегеле бир жан тең келчүүдөй эмес.

Бирок, түндөгү жолугушуу күтүлбөгөндөй кайгылуу өттү. Тинатин болжошкон жерге кечигип келди да, учурашуудан мурда Актандын көкүрөгүнө тумшугун катып, шолоктоп ыйлап кирди. Жигиттин жаш баладай эркелетип, жалдырап жалынганы да, кыздын көңүлүн жибите албады. Келгенден кеткенге чейин үн чыгарбай солуктап: «Папамдар келиптир, мени урушту»,— дегенден башка маанилүү сөз айткан жок. Жолугушуу көз

ирмемдей кыска, оңбогондой супсак өттү. Актаң кыз турган имаратты кыйлага тегеренип жүрүп, акыры анын кайра чыкпасына ишенгенден кийин, өзөгү өрттөнүп үйгө кайткан. Алигиче ал окуянын сыры белгисиз.

Тинатиндин ыйлай турган эби бар эле. А түгүл, айтууга мүмкүн эмес болчу.

Төлөмүш Капарович эрке кызынан санаасы тынчыбай, кемпирин коштоп, шаарга келди. Аяштары кулачын жаза жаадырап, мончоктой кызы созулуп, алдынан тосуп чыгышты. Бирок алар Тинатиндин куса болгонун көрүшкөн жок. Кайра эне-атасына анча жакындабай, көздөрү ойноок тарта жалын чачып, толгон айдай толукшуп калыптыр.

Күн кечтеген сайын бир орунга отура албай, билегиндеги саатын улам-улам каранып, кайдадыр шаша баштаганын билдирди.

— Сен эмне, бир жакка барганы турасыңбы? — деди апасы.

— Кыздар киного чакырышкан, барып келейин ээ апа?

— Кинону кой!? Биз бүрсүгүнү кетебиз, андан кийин деле жетишесиң. Бул жерге сен үчүн келдик да. Эки күн жаныбызда отур сагынычыбыз таркасын. — Өкүм сүйлөп көнгөн аял, биротоло кесе айтты. Анын айтканынан кайтпай турган адатын Тинатин жакшы түшүнөт. Азыр кийимин алмаштырып, жөн гана үн чыгарбай отуруп калыш керек болучу. Андай кылууга мүмкүн эмес. Демек, чындыкты ачык айтуудан тазасы жок. Башынан тарбиясы ошондой.

— Жок, барышым керек. — Кыз шашкалактап сүйлөп, айыптуудай кымырылды.

— Сен кыздарга шашып жаткан жоксуң,— деди кексе аял дароо байкап. — Кана, чыныңды айтчы?..

Тинатин уялганынан чоктой кызарып чыкты. Ички сырдын билингени ушул эмеспи. «Жашырганда эмне, баары бир айтыла турган иш. Убадам деле ошондой,— деп ойлоду ал,— айтам, азыр айтам...»

— Мен,— деди мукактанып,— бир жигитти жакшы көрүп калдым...

Аял шалдая түшүп, кыйладан соң каргылданган үнүн чыгарды.

— Ии, сен окууга келбей эле, жигит издеп келген турбайсыңбы...

— Жок, андай ойлобоңуз апа? Ошондой болуп калды...

— Атасы, кел бери?!

— Эмне болуп кетти? — Капаров сөөлөттүү басып, төркү бөлмөдөн чыкты.

— Жаңылык уккуң келеби?

— Ии?..

— Кызынды окууга жиберип бүтүппүз. Мына, айттым беле? Келгенине эки күн болбой жатып, жигит таалтыр.

— Жакшы,— деди атасы анча кебелбей. — Турмуш деген ошо. Ким экен ал? Бул жерге келиптирби?

— Көргүң келсе келтирет да. Сура өзүң? Күйөөнү кеңешип тапмак элеңер го? Мына, даярлап таштаптыр. Кеңешип жаткыла...

— Болду, болду апасы? Анча демикпе?! Менин кызым бизге жакпаган жигит менен сүйлөшпөйт. Убадабыз ошондой. Алдын ала кеңеш сурап жатса, эмнесин жаман көрөсүң?

— Кудай жалгаптыр. Кызыңа эр тандап отур. Уулдан уят, кыздан кылык кеткени ушул. Бул жигитине жөнөгөнү жатат, анча болду, кошо барып кел?! — апасы ызалангандан ыйлагысы келип турду.

— Кантесиң!? — деди Капаров орой. Бул ачуусу өтө чукул киши, өз оюн өзгөгө түк бербейт. Бир сөздүн аныгына жетмей сайын, талаша бермей адаты бар. Жаш кезинде аны «чыр сары» деп аташчу. Өңү менен кыялына негиздеп айтышса керек. Ачуусу мурдунун учунда тургансып, түз эле беттеп кирчү. Азыр деле жини кармаганда кемпирин төпөштөп жиберет. Тинатин ошондон чочудубу, чуркап жетип атасын кучактады.

— Кечирип коюңуз папа? Буга мен күнөөлүмүн. Уят нерсени айтып жиберип, апамдын жинин келтирдим...

— «Уят?» Мунун эмнеси уят?

— Чындыгында андай деле эмес...

— Турмуш куруунун эч кандай уятчылыгы жок.

— Ыракмат папа! — кыз кубангандан атасын өпкүлөп жиберди.

— Аны сен баары бир айтат элең да, ырaспы?

— Айтмакмын. Бирок, жайыраак түшүндүрсөм болмок. Азыр апам сурагандан... Калп айта албай...

— Эч нерсе эмес кызым. Ачык айтканың жакшы. Ал жигит кайсыл жердик экен?

— Өзү шаарда иштейт. Шаарда чоңойгон. Бирок, негизи биздин айылдык болсо керек.

— «Биздин айылдык?» Кимдин баласы?..

Тинатин бир аз кысыла түшүп, анан жагалдана сүйлөдү. Анткени, жанынан анча алыс кетпегенин угуп, азыр апасы дагы кубанаар деп ойлоду.

— Билет чыгаарсыздар? Жанагы, Казыбек Канатов деген акын кишинин уулу. Ушул жерде турушат...

— Канатовдун? — Капаровдун кабагы кырдана түштү.

— А-а, тапкан кишисин! — апасы эми чындап безилдеп кирди. — Атаңдын абийирин кетирип, кызматынан төмөндөткөн ошол болучу. Он катын алып, он катын кетирген, бирөөнүн турмушун бузуп, уурулук кылып, түрмөгө түшкөн, эки үйгө батпаган, бир үйгө жатпаган бир шумпай эмес беле? Анын баласы болсо... Күйөө балага анык тунган экенбиз...— Энеси эчкирип ыйлап диванга кулады. Атасы үнсүз ордунан турду да, төркү бөлмөгө кайра кирип кетти. Бул анын сөздү жактырбаган белгиси эле. Тинатин муунуп бараткандай кысылып, уруксатсыз сыртка жөнөдү.

Күткөн жигитине ашыга жеткен менен, уккан сөздөрдү Актаңга ачык айта албай, өкүнүчүн көз жашынан чыгарып, акыркы ирээт жигиттин кучагында бир тутам буладай үлбүрөп, үнсүз... Айтканда, айтпаганда не? Түшүнүктүү болбодубу. Эне-атаны аттап кайда барат? Бүттү эми, бактысыз сүйүү түш сыяктуу унутулуп кала берсин...

Ушинтип кыз өз пикирин аяктаган.

Актаң азыр эч нерсеге акылы жетпей, кызга түшкөн кайгыны туш келди божомолдоп, күндүн батышын зарыга күтүп жатты. Жашоодо сүйүүнүн салмагы, турмуштун калган салмагынан басымдуулук кылчуудай көрүндү. Денеге кошо бүтүп калгансып, сезимдин талуу жерин мыкчып турат. Ал ушу тапта Тинатиндин жабыр тартпасы үчүн кандай талап болсо тартынбай аткарууга даяр эле. Бирок, иштин татаалдашып баратканын кайдан билсин...

Каалга жай ачылып, күтүлбөгөндөй Аминат баш бакты. Актаң көрө сала сезими дүргүй түшүп, анан түк кебелбегендей, алдындагы пьесаны максатсыз барактап кирди.

— Уруксатпы уулум? — деди ал, үнү бүтүп калган-

дай араң шыбырап. Көздөрү каканактап, эриндеринин титирегенинен улам, ыйлоого камынып келгенин билүүгө болоор эле. Бирок Актаң анын абалын сезмек түгүл, жүзүнө дит багып карагысы келген жок. Кайдыгер, таанына таанабаган адамча, угулаар-угулмаксан күңк этти.

— Келиңиз?..

Ушундан кийин экөөнүн тең тилдери байланып калгандай, бирин-бири алдыртан аңдышып отурду. «Бул мени таанабай жатат. Кайдан таанысын, эс тартканы көрүшпөсөк. Азыр мен атымды айтсам, эмне болуп кетээр экен?» деп ойлоду Аминат. А Актаң аны кадимкидей таанып, кечээ экзамен учурунда болгон окуяны элестетти.

Театралдык институтка кабыл алынуучу жаштар сыноодон өткөрүлүп жаткан. Кайкы мурун, болтойгон кара тору кыз кирип, кичинекей бүктөлүү кагазды сунду. «Актаң! Кагылайын берекем! Мен сага жолугууга мүмкүнчүлүк таппай койдум. Биз таанышып, сүйлөшкөнчө кечигип кала турганбыз. Ушул кыз сенин уялаш бир туутугаңың. Өзүңдүн сүйгөн окууңа өтүп, жаныңа караан болуп жүрсүн деп ээрчитип келдим. Экзаменди өзүң ал?! Калганын шашпай сүйлөшөөрбүз...

Апаң Аминат».

Кере кулач жашыруун сырды ичине каткан, куш тилиндей салам дубаны окуп, ойлонуп бүткөнчө, экзамен дагы аяктап калды. Тигил сыноодон өтүп жаткан кара тоголок кызга, комиссиянын мүчөлөрү бир добуштан кара чекит коюшту. Берилген суроолорго тагыраак жооп кайтарбады көрүнөт. Театралдык турмуштан таптакыр түшүнүгү жок туруп, эмнени айтмак? Өзү деле шыгынын жоктугун мойнуна алгандай, кулаганына түк кенебей чыгып кеткен. «Бул окуучу эмес, мага келген кабарчы турбайбы» — деп ойлогон Актаң. Анан ал терезеден карасa, алиги кыз, чоң жоолук салынган аялдын жанында ыйлап туруптур.

Ошол аял — ушул Аминат болучу.

Бул жаңылык демейдегиден өзгөчөлөнүп, көңүлүн тумандата баштады эле, сүйүүгө мас болуп турган жигит заматта унутуп койду. Антсе да, кандайдыр бүтпөгөн бүдөмүк түшүнүктөр сезиминде кыстарылып калган. Кечиндеги Тинатиндин кайгысы ага кошулуп кыжаалатты-

гын күчөтсө, азыр мына Аминаттын кириши менен ошол бүдөмүк түшүнүктөр жабалакташып, көтөрүлүп чыгышкансыды. Кулагына туш-туштан шыбырашкан үндөр угулгансыйт.

«А с ы л. Эне-атаңдын турмушу жөнүндө билген чындыгым ушул. Ал эми Аминаттын жеке сапаты тууралу мен эч нерсе айта албаймын.

Э р н и с. Сен эмне Аминатты көп сурайсың? Бала үчүн, жакшыбы, жаманбы, баары бир эне. Ошол үчүн эне кымбат.

К а л ы я. Биз турмуштун күбөсүбүз. Көргөнүбүздү бурмалабай айттык. Эми андан туура жыйынтык чыгаруу — сенин ишиң...»

«Менин ишим. Менин... Тагдырлардын түйүнүн мен чечет имишмин», деп күбүрөндү Актаң.

Бөлмөнүн ичи төбөсү түшүп келаткандай салмактанып чыкты. Жымжырттык канчалык созулган сайын Аминаттын дем алуусу күчөгөндөн күчөп, денесин калтырак басты. Акыры узак күтүүгө чыдамы жетпей, кайрадан сөз баштады.

— Мен саңа келдим уулум...

— Келиңиз...— Актаң мурдагы сөзүн кайталады.

— Сен мени тааныбайсыңбы?

— Билип турам.

Аминат тумчугуп бараткандай энтигип, көкүрөк бүчүлөрүн чечти.

— Таанып турсаң... Анда эмне үчүн, жок дегенде... Жакшылап учурашкың келбейт?

Актаң жоопсуз калтырды.

— Сен мени таптакыр унуткан экенсиң? Мен эмес, уялаш бир туугандарыңды дагы унутуптурсуң. Өлүгүн өлүүдөй, тирүүсүн тирүүдөй томсортуп... Эмне үчүн мени мынча кыйнагыңар келет, я?!

Актаң дагы деле тил катпады.

— Кечээ кызымды жиберсем...

— Комиссия кызыңыздын эч кандай театралдык жөндөмү жок дешти. Ал кесипке жараксыз экен...— Актаң эми чыйралып, аялдын сөзүн бузду да, кептин чындыгына катышкысы келди.

— Жараксыз?! Силерге бардыгы жараксыз! Бир тууган болууга да, эне болууга дагы жараксызбыз?! Асылдан башканын бардыгы жараксыз!? Билесиңби шүмшүгүм? Мен сени муштумдай кызыл эт кезиңде боорума

басып чонойтком. Мен сага эмчек сүтүмдү эмизип, жүрөктөгү канымды агызгам! Он ай көтөрүп, омурткамды сыздатып, сени туугам, куу тумшугум! Ара жолдон чыккан Асыл деген азыткы койнумдагы эримди, колумдагы бактымды тартып алган! Мени куураткан! Мени какшаткан! Мени боздоткон! Мени шүмшүйтүп, өз баламды өзүмө ээ кылбай, жалдыраткан ушул Асыл! Сен аны билбейсиң, ырысы жогум! Куу тумшугум! Чындыкты сага ким айтып бермек эле...— Ал балактап ыйлап кирди.

— Болду!? Токтотуңуз?! Мен бардыгын уккам. Бардыгын билем! Жетишет. Сиз эми өз кылмышыңызды өзүңүз чукубаңыз?!

Аминат уулунан мындай сөз угам деп түк күткөн эмес. Ыйын заматта токтотуп, көзүн бакырайта ачты да, Актаңдын бетине түкүрүп жиберчүүдөй алдыга жүткүндү.

— Кылмышкер менби? Мен кылмышкер экемин да ээ?! Көз көрүнө жан алгычтар кылмышкер болбой, тууган баламды каракчыларга тарттырып жибергендигим үчүн күнөөлүү экемин го?!

— Тууганыңызды колко кылбаңыз?! — Актаң ордунан ыргып туруп, энесине жакын барып бакылдады.— Ал өз кызыкчылыгыңыздан тапкан түйшүгүңүз. Менин дүйнөгө жаралышым үчүн зар какшап, жабыр тарткан эмессиз! Турмуштун кызыкчылыгын сиз көрүп, күнөөсүн мага тарттырып жатасыз! Төрөгөндү колко кылуу — аялдар үчүн уят иш!.. Мен сизден төрөлгөндүгүмө өкүнөмүн!..— Актаң өзүнүн сөзүнө өзү уугуп, ыйлап жиберүүгө аз калды.

— Эмне дедиң?! Эмне дедиң, шүмшүк!? Сенден угаарым ушул экен да. Жарылам! Колуна өлүп берем! Өлүп берем колуна!..— Ал койнундагы макисин сууруп чыгып, жаагын ачты да, мыжыга кармады.— Өлөм! Айтаарың ушу беле, куу бейит?! Өлтүрдү! Өлтүрдү кудай, өлтүрдү! — Аминат ботодой-боздоп, көзүнөн жаш чыгарбай, тишин кычырата кыйкырды.

— Долуланбаңыз!? Болду! Сиздин долулугуңуздан атамдын тапкан кырсыгы да жетишээрлик!..

— Акин!? — Бөлмөгө чуркап кирген Асыл, эне-баланын ортосуна кыстарылды.

— А-аа, азыткы! Акыры жолуктуңбу?! Мага кылган азабың, өзүнө. Мына-аа!..— Аминат болгон күчү менен

кучагын кенен жазып, Асылдын көкүрөгүн туштай, колундагы макисин уруп калды...

## СҮЙҮҮНҮ УЛГАЯТ ДЕБЕГИЛЕ

Сүйүүнү жашоодо жок дебе,
Жок дебе булганган ооз менен!
Сүйүү бул — көрүнбөс ак жебе!
Сүйүү бул — зор мухит тең-терең.

Сүйүү бул — илимий ачылыш,
Ачылыш, өмүрүн жетпеген:
түйшүгүн денеге батырыш,
батырыш... Өлүмдү сезбеген!

Сүйүү бул — түгөнгүс музыка,
музыка түбөлүк жаңырган!
Сел болуп каптаган сезимдер,
Сезимдер жараткан чагылган!..

(Рысбектин «Сүйүү майрамы»
аттуу китебинен.)

Кымбаттуу окуучум!

Мына ушинтип менин мелодрамам аяктады. Дагы эмнени жазмак элем. Эгерде, режиссер менен иштешип калсам, айтып берейин деген кошумча түшүнүктөрүм бар. Балким аны окуяны толуктап күчөтүш үчүн, пантомимодо чечсе болгудай. Чындыгында эле жазуу кыйын. Чиймеленген барактарда бир сүйлөм, же сөз, кээ бир жерде жалгыз тамга анан үч точка турат. Аны өзүмдөн башка эч ким түшүнчүдөй эмес.

Кайгылуу окуянын аягын жазгым келбегени, өз өмүрүмө түздөн-түз таасир тийчүдөй, денем үркүп, ойлонууга дитим барбайт. «Жиндинин биринчи минутасы...» деген сөздү жазып жатканда колдорум титиреп турса керек, тамгалар таанылбай калыптыр. Көздөрү чанагынан чыкчуудай чакчайган Аминат, оң колуна мыжыга кармаган макинин кан болгон учун карап турганын көз алдыма элестетсем денем суу куйгандай муздап чыгат. Ал сайгандан кийинки учуру болучу. А кезде Аминатка эч ким көңүл бурган жок. Көңүл бурар ким бар эле? Жалгыз Актан жарадар апасын көтөрүп, жаңы келген карындашы Бурул экөө дежурныйды карай жөнөшкөндө, ал теңселе басып коридордо калды. Азыр өзүнүн эмне иш кылганын, кайда жүргөнүн ажыратып билүүгө ча-

масы келбеди көрүнөт. Колу бычакка карышкан калыбында, канталаган көздөрү бакырайып, туш келген эшиктерди түрткүлөп, театрдын ичин кыдырып жүрдү.

Туруп-туруп денеси ток тийгендей титиреп, сөөк болуп катып баратқандай буттары чалыштады. Тиштери бири-бирине жабышып, жаагындагы тамырлары тынымсыз тартыла баштады. Жан кишинин жоктугу, залдагы дүлөй тынчтык, ансайын кулагын дүңгүрөтүп, мээсине жалгыз миздүү чыңырык чукуп кирип баратқансыйт.

Бир мезгилде алдынан ажал чыккандай селт этип токтой калды да: «Өлтүрдүм! Качыш керек!», — деп катуу-катуу шыбырады. Ушундан кийин артына карабай безилдеп чуркап жөнөдү. Эшиктин кайда экени табылбайт. Керилген мейкин талаадай жалтыраган терезелерди сүзгүлөп, илинген сүрөттөрдүн кыйласын түшүрдү. Кенен вестибюлду жаңыртып, безилдеп чуркап баратканда, колуна бычак кармаган кара катын бет маңдайынан карп-күрп чыга калды. Ал өзү болучу. Күзгүдөгү кебетесин таанып-таанызбай, коркунучу кайра күчөп, артына жалт бурулду. Көңүлүндөгү эки сөз, барабандын таякчасындай башын дүкүлдөтө чапкылып, дайынсыз туңгуюкка кубалап баратты. Тепкичтерди тарсылдата ылдый карай куюлуп кирип, үңкүрдөй караңгы бөлмөгө туш келди. Баары бир багытын өзгөртпөй, түпкүрдөгү жылтыраган шооланы беттеп басты эле, боектор чыланган чакаларга чалынып жыгылды. Башындагы кабатталган жоолугу шыпырылып, уйпаланган чачы бетин жапты. Оң колу менен сол колун баса жыгылганда, курч макинин мизи манжалардын сөөгүнө такалып токтоду көрүнөт. Энтиге ордунан туруп, айланасын караса, маңдайында жасалма скелеттер шылдыңдагандай термелип туруптур. Аминат катуу бакырып алды. Анын үнү кадимкиге окшошпой, өтө коркунучтуу чыкты. Эми айласы түгөнгөндөй эчкирип ыйлап жиберди эле, денесинин титирегени кытыгысын келтирип, бара-бара каткырыкка айланып кетти...

Мен буларды элестетип көрүп турам. Бирок кагазга жаза алгыдай эмесмин.

Аминаттын каткырыгын театрдын оозунда отурган дежурный чалдан башка эч ким уккан жок. Ал телефондун туткасын жарым сааттан бери колунан түшүрбөй, туш тарапка кабарлап жатты. Ички эшикти бекем бекитип, кичине эле шек билинсе, сыртка качууга даярда-

нып турат. Төбөсүндөгү суйдаң чачы бириндеп: «Алл-оо, театрда жинди катын жүрөт. Асылды сайып таштады!..», — деп үнүнүн бардыгынча кыйкырып жатат.

Баятан бери тополоң түшүп, шумдуктуу кабар шаардын туш-тарабына жайылып жатса, ушул эле учурда сахнадагы эки киши эч нерсени сезишкен жок.

Кызматчылар түштөнүүгө кетишкенде, «Болот» менен «Алмаз» сахнада калышкан. Алар бул образдарды жаратыш үчүн бир жумадан бери жанталашып аракеттенип жатышат. Себеби: экөөнө тең жаңы тапшырылган. Институтту бүтүп келишкенден бери башкы каармандардын ролдоруна илинишкени ушул.

Бул иш албетте кокусунан болгон жок. Маданият министерствосу тарабынан атайын келген комиссиянын мүчөлөрү, театрдын уюштуруу жана чыгармачылык иштерин кылдат текшеришип, иштин жыйынтыгы өткөн коллегияда каралган болучу. Жаш режиссер Актаң Канатовдун чыгармачылыгы жөнүндө Мамбет Муңбаевдин жазганы сын макала эмес, ушакчылар тарабынан уюштурулган жалган жалаа болуп табылды. Антсе да, Мамбеттин макаласы иштин пайдасына чечилди. Эгерде, ал кат жазылбаса, театрдын абалын текшерүүгө атайын комиссиянын чыгышы, албетте жакында болучу иш эмес эле. Комиссия болбосо, кемчиликтердин бети кайдан ачылмак?!

Коллегияда бардыгы ачык айтылып, орчундуу маселелер чечилди.

Көп жылдардан бери театрда иштешкен кээ бир карыя артисттер эски авторитеттерине жамынышып, өздөрүнүн гана аттарын чыгарууну максат кылышып, жаштарга роль беришпей, а тургай алардын ортосун бир нече топко бөлүп, ич ара мамилелерди бузуп жаткандардын бети ачылды.

— Ырас, биздин театрдын даңазалуу актерлору аалам эркесиндей, сахна пайгамбарларындай сезилишет. Алардан биз үйрөнөбүз жана сыйлайбыз. Бирок алар өздөрүнөн кийинки муундарды кандай өстүрүп жатышат? Бул суроого жооп табуу кыйын. 18—20 жаштагы келиндин ролун 45—50 жаштагы аялдар аткарышат. 25—30 жаштагы жигитти 55—60 жаштагы карыяларыбыз ойноп жүрүшөт. Балким — талант жашка карабас. Антсе да ошол ролдорду өз курагындагы жаш актерлор аткарышса, келишип калбас беле! Дегеле сахнанын өзү-

жаштыкты, сулуулукту сүйөт эмеспи,— деди, ич күптүүсү батпай жүргөн бир актер.

Ашыр аксакал баш болгон бир топ карыя артисттер таарынышып, бул жыйынга келишкен жок. Букен эже жүзүнөн от чачырагандай кызарып, чындыктын ачуулугун сезип отурду.

Сөз кезегин Бакыт деген актер жигит алып, ымандай сырын ортого төктү. Ал мурда мынчалык ачылып, дегеле жыйындарда сүйлөчү эмес.

— Менин жолдошторум: «Сен качан чоң артист болосуң?»,— деп сурап калышат. «Оо, көп бар»,— деп келечектен күдөр үзбөй жооп берем». «Качан барсак эле, кылыч байланып, ай балта көтөрүп турганыңды көрөбүз, деги чоң роль аткарууга жарабайсыңбы?»,— деп ызалантышат. «Актерлук кесип татаал. Силер ага түшүнбөйсүңөр»,—деп кутулам. «Театр — эрки күчтүүлөрдүн устаканасы» деген девиз менен, 17 жыл туруштук берип келдим. Кийинки жылдары ойногон ролдорумдан кээде макталсам, кээде сындалып, газета-журналдарга чыгып, кеп-сөзгө аралашкансыйм. Жетекчилер да ийиишип, жыйналыштарда таланттуу жаш актерлордун катарына кошуп, менин атымды атап калышат. Бирок, «жаш актер» деп фамилиям айтыла электе эле, ошол жыйналышка келген өкүлдөрдөн уялып, жүзүмдү көрсөтпөй ала качам. Анткени мен азыр 39 жаштагы буурул чач кишимин го?! А президиумда отурган өкүлдөр менден алда канча жаш жигиттер...

Өгүнү директордун кабинетине барып, мындан ары жаш актерлордун катарына кошпогулачы деп өтүнсөм, бул киши менин ак-ала чачымды жаңы көргөндөй: «Опей, ырас эле буурул чач болуп калган турбайсыңбы! Мен байкабапмын!» — дейт. — Бакыт директорду көрсөтө колун жаңсап, анын жоон үнүн туурап сүйлөдү эле, отургандар күлүп жиберишти. Директор уятын жашырууга аракет кылгандай, курулай жылмайды.— Мен унчукпай чыгып кеттим да, «байкабапмын» деген сөзгө катуу ызаландым. Бирок, өмүр бою театрда иштеп, эч кимге билинбей, жаштыгын сая кетирип келаткан кээ бир артисттерди ойлоп, сахнадан бак айтпагандардын биридирмин деп, өзүмдү-өзүм соороттум...

Отургандар кыйла жанданышты. Бул пикирдин эки жача мааниси бар эле. А балким таланты жок болсо, алтымышка чыкса деле «жаш» бойдон жүрө берет да. Би-

рок, бир дагы жолу башкы кейипкердин ролу тапшырылбагандыктан, ага мындай сөздү айтууга эч кимдин акысы жок болучу. Берсги актерлордун ар бири ушуга үндөш мундарын билдирүүгө даяр сыяктанышат.

Жыйындын аяк чениндс текшерүүгө барган комиссиянын председатели, театралдык сынчы, Көпбай аттуу жигит корутунду сөзүн сүйлөдү. Ал Мамбет Муңбаевдин жалаага толгон макаласын кайрадан ашкерелеп, акырында театрдагы кемчиликтин негизги себебин далилдеди.

— Театрдагы кемчилдик, баарынан мурда, чыгармачылык коллективди бардык жактан шыктандырган жана башкара билген дасыккан көркөм жетекчинин жоктугунда. Ушунун кесепетинен, чыныгы чыгармачылык атмосфера түзүшкө жапа-тырмак аракет жасалбайт. Биздин режиссерлор өз бечелдиктерин жашырышып, «Пьеса жок, драматургдар пьеса жазып беришпейт»,— дешип, алакан жайганча «Современник» театры жердешибиз Чыңгыз Айтматовго эки пьеса жаздырып, бирөөнү эбак ийгиликтүү коюп, экинчисинин үстүндө иштеп жатат. Кыясы, драматург жок эмес, драматургдар менен иштеше билген көркөм жетекчи жок болсо керек. Болбосо, театрдын алдына драматургдардын лабораториясын уюштуруп, алар менен системалуу түрдө иш алып барышса, биздин театр бир нече жылдан бери бир орунда минтип, оромпой тээп турбас эле.

Мыкты, таланттуу режиссер бар жерде, начар актер, начар театр, начар репертуар деген сөз болушу мүмкүн эмес,— деди ал.

— Абдан туура! — Үнсүз отурган Букен эже, ушул пикирди коштоп ийди. — Биз эми, дал ошондой көркөм жетекчини таап алышыбыз керек?..

Бирок, дасыккан көркөм жетекчи ошол эле күнү табыла койгон жок. Ал өзү оор маселенин бири эмеспи. Ошентсе да, театрдын группасын жана анын репертуарын кайрадан карап чыгууну, Министерствонун коллегиясы Актанга ишенип тапшырышты. Бул жоопту сынос балким, жаш адистин тагдырын чечээр?..

Айып этпеңиз, кымбаттуу окуучум, менин кеңешчим!?

Дайыны жок сөздөрдү бажырап жибергенимди көр. Ушундай маңыздыгымдан көп жолу кагуу жедим. Үйрөнгөн адат кайдан калсын, ийнеге сапталган жиптей, илээшип келатат.

Мен сизге, жаңагы роль ойноп жатышкан эки артистке Аминаттын кирип келгенин айтайын дегем.

Образга катуу берилген актерлор, сахнаны жаңырта бакылдап жатышып, Аминаттын кыйкырганын кайдан угушсун...

Алмаз. Мен жакында бир кандидат досумдун үйүндө конокто болдум. Сыйлуу дасторконун жыйнап жаткан аяшыма: «Теңир жалгасын! Этегиңизден жалгап, баатыр эне болуңуз!»,— деп бата бердим эле, бүргө чаккандай секирди. «Маданиятсыз сөзүңүздү коюңузчу?!» деди ал, ызалана кызаңдап. Азырынча бир балабыз бар. Эми жети жылдан кийин кыздуу болобуз. Ошол жетишет. Батаңыз өзүңүзгө буюрсун»,— деди.

Болот. Баланы заказ менен төрөгөнү жакшы экен.

Алмаз. Күйөөсү малды асылдандыруу боюнча кандидаттык иш жактаптыр.

Болот. Анда ал аяшыңдын эмес, досуңдун тапкан методу турбайбы.

Алмаз. Анысын байкабай, ала өпкө жаным аяшыма: «Сиз эмне үчүн көп балалуу болгуңуз келбейт»,— деп сурабасмынбы. Ал мени сурдана карап, мыскылдуу жылмайды да, түшүндүрүп кирди. «Ушу элеттик кишилер кызыксыңар. Адамдын көңүлүнө карабай ойду-тоону сүйлөй бересиңер. Этиканы түшүнбөсөңөр керек?.. Аялыңыздын көп бала төрөшүн каалайсызбы? Убатып-чубатып, жылына бирден. Анда ал байкуш качан эс алат? Качан турмуштун жыргалын көрөт? Ал жөнүндө ойлобойсуз го? Мына, караңгылыгыңар ушунда. Билесизби? Индияда экиден ашык төрөгөн аялды соттойт, а Кытайда жаш кездеринде эле уруктук бездерин алып таштайт. Бул өзү — коомдук проблема. Жер жүзүнө адам баласы кумурскадай быжырап, батпай баратканын билбейсизби? — деди. Мен оозумду ачып тыңшап отурдум.

Болот. Аны кайдан билет экен?

Алмаз. Ким билсин. Балким, «Кызыктар дүйнөсүн» көп окуса керек.

Болот. Ага эмне деп жооп бердиң?

Алмаз. Мындай илимий изилдөөнү билбесем, эмне деп жооп беришим керек эле? Үнсүз эшикке чыктым. Бирок бул сөз бассам-турсам эсимден кетпей, жанымдын күйгөнүн айтсам, силер шылдыңдап күлөсүңөр. Көз алдыма миң-миллион наристелердин жазыксыз жок бо-

луп жатканы элестей берди. Мынакей — маданияттуу мыкаачылар! *(Кыжырлана)*. Айтыңызчы? Ушул ойлонбой турган ишпи? «Япония деңизге чөгүп кетүү коркунучунда турат.» «Италияга таза аба жетишпей калган имиш!» «Америка Кошмо штаты жаңы нейтрондук бомбаны чыгарууга камынып жатат». Көрдүңүзбү? Жүрөк түшүргөн чууларды. Эненин курсагындагы акыл-эстүү наристе төрөлбөй жатып, жүрөгү түшчүдөй. Мына ушунун кесепетинен аялдар төрөгүн кыскартат имиш. Болбосо, жер бетине адам батпай кетип, жаратылыш адамды асыроого мүмкүнчүлүгү жетпейт дешет. Ойлонуңузчу?! Деги ушуну кантип уялбай айтышат?! Окумуштуулардын далилдегенине караганда, биз жашаган планета 30 миллиард адамды тамак-аш менен камсыз кыла алат. Демек, азыркыдан он эсе көп адамдар батырууга да, багууга да мүмкүнчүлүк бар экен го?! Ошондуктан өлүмдү кое туруп, өмүр жөнүндө ойлонушубуз керек эмеспи?! Ага карабай адам тукумун азайтууга катышкан мыкаачылар...

— Өлтүрөм! — деди Аминат катуу чаңырып.

Экөө тең күтүүсүз чыккан үнгө жалт карашты. Тула бою канга чыланган аял, колуна бычак кармап, сахнанын так төрүндө туруптур. Кайсыл артист, кандай роль аткарып жатканын ажырата алышпады.

— Каныңарды ичем!

— Бул кайдагы неме? — деди «Болот» көзүн алаңдатып.

— Өлтүрдүм! Баарыңарды өлтүрөм! — Ал түгөйү жок туфли менен аксандай басып, экөөнө чукул келди. Анын кебетесине дит багып кароо кыйын эле. Колунан аккан кан, үстүндөгү ак күрмөгө сиңип жатат.

— Качкыла! — Кулистен жаңы баш баккан милиционер, үнүнүн жетишинче кыйкырып жиберди. «Болот» заматта боюн жашырды... «Алмаз» дагы деле эч нерсе түшүнбөй, дендароо карап турган.

— Өтүңдү тилем, канчык! — Адамдан башкача айкырган Аминат чуркап келип, макиси менен жанып өттү.

— Сахналык кыймылды дурус билбеген, бул кайдагы келесоо? — деди «Алмаз», аялды өзүнөн оолак итерип.

Ал күүлөнгөн боюнча сахнадан алыс кулап, үнү тып басылды...

Көрдүңүзбү, кымбаттуу окуучум?!

Эгерде, муну спектаклге дал өзүндөй кылып киргизсе, көрүүчүлөрдүн бири калбай сыртка чыга качмак. Себеби, мындай үрөй учурган көрүнүштү, акыл-эстүү адам баласы кантип кааласын?!

Режиссерго түшүндүрөр дагы бир сөзүм бар.

Тинатин таңды таң атканча кирпиктүү көзүн какпай, келечектеги тагдырын ойлонуп чыкты. Кандай күнгө кабылса да, Актаңсыз өмүрү өтпөөчүдөй сезилет. А бирок, ата-энеси уруксат бербесе, айласы не болмокчу? Бул түйүндү чечүү жеке колунан келүүчүдөй эмес. Эртең менен жарты ууртам чай ичпей, жабыркап турса дагы ата-энеси табалагандай тил катып унчугушкан жок.

Бирине-бири чиеленишкен сырдуу санаалар көөдөнүнө батпай чыгып, түш жарым араң чыдады. Эми муну Актаңга айтып, кеңешкенден башка арга калбай калды.

Дал ушул ой менен үйдөн уурданып чыккан Тинатин кол сумкасын алууну унутуп, тыйыны жок автобуска түшпөй, театрга чейин энтеңдей басып жөө келди. Эшиктен жуп кирээрде, Асылды көтөргөн бир топ киши дүрбөй чыгышып, үндөшпөй «Тез жардамды» карай жөнөштү. «Жүрөк оорусу кармап калса керек»,— деп ойлоду ал. Эмнеси болсо да азыр иштин чечилбесин билип, Актанды ээрчип, «Тез жардамга» кошо отурду. Машина шашылыш баратканын кабарлап, ачуу сиренасын боздото сызып жөнөдү.

— Терезени тоспогула, жел кирсин,— деди врач.

Актаңдын жүзүнөн мончоктоп куюлган тер, көз жашына аралашып, ыйлап жатканын анча билдирбеди.

— Коркпогула? — Асыл көзүн ачып, жылмаюуга аракет кылды. — Коркпогула, эч нерсе эмес... Бул ишти сезгемин. Угуп жатасыңбы уулум, мен муну сезген болчумун. Аминат өз максатын акыры аткарды... Сен аны кечирүүң керек... Көзүңдөн садага болоюн, ыйлаба? — Анан ал көгөргөн эрдин тиштеп, тынымга үнсүз жатты. Дем алуусу ыкчамдап, оозу кургап бараткансы сезилип турду.

— Тез айда!? Тезирээк?! — деди кан тамырын кармап отурган врач.

Аздан соң кайрадан көзүн ачып, отургандарды аянычтуу тегерете тиктеди да, Тинатинге назар салды.

— Сени менен сүйлөшөйүн деп... Экөөбүз сүйлөшүүбүз керек эле. Ыманың ысык, жакшы кызсың. Сөз айта

албай... Эми, мен сага, сүйүүмдү аманатка калтырдым! — деди да, денеси дирт деп көзүн жумду.

— Садаган кетейин, апакебай? — Актандын аянычтуу үнүн уккандай Асыл кайрадан көзүн болоор-болбос ачып, ээрдин алсыз кыбыратты. — Мен Казыбекке кетип баратат окшойм... Карал...— деди да, көзү ачылган калыбында денеси жайылып кетти...

Машинанын боздогон үнү ансайын күчөп, шаарга кабарлап бараткансыйт...

...Эрнис шумдуктуу кабарды телефондон угаар замат, мурда эле күтүп жүргөндөй: «Ушундай болмок!»— деп ордунан ыргып турду да, калпагын кийүүнү унутуп, театрды көздөй делбектеп жөнөдү.

Көчөдө киши жок өңдүү, ээндеп калыптыр.

Бульвардын жашыл бактары күңүрт тартып, турмушка таарынгандай шактарын төмөн салбыратышат.

Дубалдарга илинген кызыл-тазыл афишалардын боектору оңуп, көркүнөн кеткен сыяктуу...

Берегн ак имараттын алдындагы кенен аянтты бербей, дайыма жабалакташып адамдардын алдын тосуп чыкчу ак кептерлер бул айланада көрүнбөйт. Кайдадыр дайынсыз житип кетишкен өңдүү...

Эрнис жарышка чыккан күлүктөй демигип, театрдын жанына жете бергенде, милициянын машинасы жүрүп кетти. Анын ичинде жин ургандай айкырган аялдын үнү угулуп баратат. Күзөтчүнүн бөлмөсүнөн атып чыккан Бурул, көчөнү жаңы имерилген машинанын артынан тызылдады.

Эшиктин оозунда үч киши жарданып турушат.

— Укмушуң кур,— деди Болоттун ролун аткарган актер жакасын кармапып,— өмүрүмдө көргөн спектаклдеримдин эң мыктысы ушул болду!

— Кишиге бербесин?! — Дежурный чал башын чайкап, бир сөзүн бат-бат кайталады,— Кишиге бербесин!? Кишиге бербесин!?

«Алмаз» ыйлагысы келгендей көзүн жашылдантып, муштумун бекем тиштеп турат.

Иштин жайын байкаган Эрнис, эч кимден сурабай, оорукананы бет алды...

Эртеси газетага Рысбектин он эки сап ыры басылды.

Ишенчи жан боорум, эжекем,
Адамдын асылы экенсиң!

Достукка жана да сүйүүгө,
Кадимки жер өңдүү бекемсиң!

Жаш чыкпай көздөрүм томсорот,
Быкшыган от болдум түтөгөн...
Бирок да бакыттын барына,
Сени эстеп, сен өңдүү ишенем!

Өмүрлөр билинбей өтүшөт,
Билинбей жылт этет бир күндөй.
Адамга арнаган эки сап,
Ак сөзүн айтууга үлгүрбөй...

Кош чиркин, табылгыс өмүрлөр!
Кош дедим сага эмес, өмүргө.
Себеби, мен сага жакынмын...
Жаккан от өчпөсүн көңүлдө!

Режиссерго айтып берер кошумча далилдерим ушул. Муну пьесага киргизүүнүн кереги канча? Ансыз деле бул окуя узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына тарабадыбы... Балким, башка чеберге туш келсе, төрт тарабын аземдеп жатып, өзүнчө чыгарма жаратмак. А менин сөзгө чорkоктугум белгилүү эмеспи.

Кымбаттуу окуучум!

Көңүлүңүздү чөгөрбөңүз? «Жакшы тилек — жарым ырыс» деген кеп бар эмеспи. Анча болду, жаңы баштаган поэмамдын прологун окуп берейин.

## КАЙРАДАН ПРОЛОГ

Күн жадырап, байчечекей ыргалат,
Бермет өңдүү, суунун бетин нур жаят,
Айлана бүт салтанатка киришип,
Алкыш сага, айланайын тирүүлүк!
Айыл жактан каткырыкты салышып,
Балдар келди суу боюна жарышып.
Ар кимиси көңүлдөнө мактанат,
Азыр алар бүтпөс оюн баштамак.

Тоонун суусу (балким тоодон жашы улу
Атылат ак көбүгүн салырып.
Алдас урган шары менен октолуу,
Кызыл жоолук агып келип токтоду.

Тасмал өңдүү, таш бетине төшөлдү,
Секелек кыз серпип өйдө көтөрдү.
(Сел кызылын өчүрүү үчүн айдаган,
Жоолук чыкты алоолонуп кайрадан).

Балдар аны бир добуштан жактады,
Байрак кылып, долонодон саптады.
Желбиретип илип коюп чокуга,
Жер сыймыгы — «Жеңиш» ойнун баштады...

Тамамы.

1965—1977-жылдар

# АҢГЕМЕЛЕР

# ЫЙЫК ЖИП

Үч жылдан кийин биз кайрадан жолугуштук. Жолугушканда да бири-бирибизди селейе карап, кыйлага үнсүз тиктешип турдук. Анын бою кыйла жапыстап, бетинин чүкөсү уруюп, көздөрү чыгып кетчүдөй бакырайып турат. Үлбүрчөктөй териси эти жок сөөгүнө жабышып калгандай сезилет. Эскирээк кемсели денесине жукпай, эпсиз шөлбүрөйт. Баарынан кызыгы колундагы жалгыз таягы эле.

— Отур,— дедим кыйладан соң.

— Мага Жусуп агай керек эле...

— Ал менмин?..

— Сизби?! — Жусуп агай сиз болосузбу?! — Ал кубанычтуу жылмайганда, эмелеги жагымсыз жүзү кыйла ажарланып, мени кучактап калчудай, столго жакын өбөктөдү. Илбийген ичке салаалары кумарчынын колундай титиреп, денеси да бошоңдоп бараткапын байкадым.

— Отурчу?.. Жай сүйлөшөлү.— Мен аны катарымдагы стулга олтургузуп, мындай дедим: — Эмне, мен сага ушунчалык керек белем?

— Кандай десем?..— Ал сөз табалбай антыгып, ыңгайсыздана күлүмсүрөдү.— Анча деле эмес... Ооруканада жатып сиздин китептериңизди кайра-кайра окуп чыктым. Ошондон кийин сизди сурамжыласам ушул редакцияда иштейт дешти. Анан, негедир жолуккум келди...

— Мени мурда көргөн эмес белең?

Ал мени бүшүркөй карап, башын болоор-болбос чайкады да:

— Жок көрбөсөм керек,— деп кошумчалады.

— А мен сени көргөмүн. Эсиндеби? Баягы онунчу классты бүтүрүүчүлөрдүн райондук слётунда жолугушпадык беле?

— Слёттобу?..—Жигиттин кабагы бүркөлө түштү эле, алгачкы жагымсыз кебетеси кайрадан пайда болду. Үнү каргылданып, денеси ансайын кичирейе түшкөнсүдү.— Эсимде жок. Унутуп калсам керек,— деп, кандайдыр бир кайгылуу персени эстей албай жаткансып күңкүлдөдү.

Мен анын азыркы абалынан улам, ошол күнкү окуя жаш өспүрүмдүн тагдырын өзгөрткөн сыяктуу божомолдодум. Жигиттин жүзүндөгү кубаныч заматта жоголуп, ындыны өчкөндөй үңүрөйүп отурду. Бул абалын билдирбөөгө аракет кылып, чөнтөгүнөн дары алып чыкты да, оозуна салды. Биз кайрадан унчугушпай калдык.

Редакцияга иштеген алгачкы күндөн тартып эле, бул жигиттин ысмын жакшы таанычуумун. Ал кезде онунчу класста окуп жүргөн мезгили болсо керек. Мектептеги жаңылыктарды билдирген каттары күн алыс келип туруучу. Ошондон улам, газетанын активдүү кабарчысы катары жакшы билчүбүз. Тамгаларды шуурудай тизип, дайыма чакмак жолдуу дептердин ортосунан чыгарып алып, узунунан жазчу. Күн сайын додолонуп келген кабарларды барактап жатып, ал баланын катын тамгаларынан жазбай таануучумун. Өзүнө жолукканга чейин эле анын кебетесин, мүнөзүн, кандай окуй тургандыгын өзүмчө элестетип болжолдуу бүтүм чыгарып койгон элем. Жаңылбасам керек чындыгында ошондой болуп чыкты.

Редактор мага он жылдыкты бүтүрүүчүлөрдүн райондук слётуна барып, өндүрүштө калуучулар жөнүндө материал жазып келүүнү тапшырды. Тоолуу районго жетүүнүн кыйынчылыгын, командировкага баргандар жакшы билишет. Мен дагы көрүнгөн машинага кол көтөрүп жүрүп, жуп жыйын башталаарда эл менен кошо залга кирдим. Райондун жетекчилерине жолугууга убакыт болбоду. Алты жүз орундуу кенен залдан бош орун калбай калыптыр. Мен эң алдыңкы катардан, жыйналыш башчысынын теке маңдайынан орун алдым. Он жылдыкты быйыл бүтүрүүчүлөр жүздөрүнө күн уялап, тиги төштөрүнө толтура орден тагынган президиумда олтурган эмгектин алдыңкыларын суктана карап жатышат. Алар алдыңкы сугатчылар, атактуу чабандар, май-

көл — сүт көлдү жараткан саанчылар. Төштөрүн далдайта керишип, жумшак орундукта чалкалашат.

Жыйналыш башталып, доклад окулду. Жарыш сөзгө чыгуучулар дегеле арбын экен. Тигил эмгектин алдынкылары жаштардын насаатчылары катары кеңештерин айтып, эстелик буюмдарын тапшырышты.

Бүгүнкү салтанаттын шаңы жаш өспүрүмдөрдүн эсеринен чыга турган эмес. Менин бир жаман адатым, ушундай салтанатта толкунданууга чыдабай, каңырыгым түтөп, ыйлагым келип кетет. Бүтүрүүчүлөр биринин артынан бири чыгышып, туу чокунун башында шаңкылган бүркүттөрдөй, майнаптуу сөздөрдү сүйлөшөт.

«...Биз өзүбүздүн жаштык жалынызды туулуп өскөн ата-конушубуздун климатын жылытууга жумшайбыз!..»

«...Өндүрүш мен үчүн өзгөчө мектеп. Бүгүнкү окуунун отличниги — эртеңки мыкты адис. Мен сабактарымдан эң жакшы баалар менен аяктасам дагы, жогорку окуу жайына барууга ашыкпаймын. Себеби, турмуштан ашкан университет болбосо керек. Багытты белгисиз тараптан күтпөй, энемдин нан бышырган куттуу кемегесинин боюнан, киндик кан тамган ата-журтумдун топурагынын арасынан издегим келди».

«...Мен береги эстеликке алган кетмендин долоно сабын кармап туруп, чыныгы турмуштун туткасы мага ишенип тапшырылгандай сезип жатам. Чеке терден табылган ырыскы таттуу болоору бышык. Мен эми балким, жер менен нандын ыйыктыгын ушундан кийин жакшыраак билээрмин..»

Укмуш. Укмуш... Чынында эле жаштардын акыл-сезими мен ойлогондон кыйла узап кеткенин билдим. Көрсө биз көр тирликке алаксып, балдардын кандай жетилип жатканын андабайт көрүнөбүз. Кемчиликти моюнга алган жакшы.

Ушул азыр, береги окуучулардын сөзүн угуп отуруп, өзүмдүн карьеристтик, майда мещандык сапатымдын бар экенин сезип, жети өмүрүм жерге киргенсиди. Болбосо, туулуп өскөн кыштагымды таштап, бир белгисиз бакытты эңсеп, кыжылдаган чоң шаарга барып, он жылдан бери бирөөнүн эки бөлмө эски тамында баш маектеп, газетанын адабий кызматкеринен козголбой иштеп жүрөт белем. Көксөгөнүм редакторлук орун менен үч бөлмөлүү жаркыраган квартира экенин кантип танам.

Буларга жетпесем жаным жай алчудай эмес. Эңсегеним эле ошол, чын жери.

Трибунада райкомдун секретары сүйлөп жатты. Зал негедир күүлдөп, күбүр-шыбыр сөздөр көбөйүп тигил айтылып жаткан сөздү угуза турган эмес. Секретарь кабагын бүркөп, окуп жаткан кагазынан баш көтөрүп, отургандарды тегерете карап чыкты. Жыйналыш башчысы коңгуроосун кайра-кайра каккыласа дагы бей адептик токтолбоду. Кыясы, алынган регламент бузулуп, дем алуу мөөнөтүнөн өтүп кеткенден улам го сыягы... Ким билет, а балким башкадыр. Эмнеси болсо да секретарь тынчтыкты алып келди:

— Тээтиги, сары көйнөкчөн бала, ордуңдан турчу? Жок, жок тиги ортоңку... Арткы катардагы... Ооба, ооба, сен, сен... Ордуңдан туруп, бери мындай алдыга келчи? — Залдагы толкун тып басылды. Бардыгы моюндарын созуп, адепсиз баланы көрүүгө аракеттенип жатышты. Арт жактагы орундуктардын орто ченинен узун бойлуу куба жүлүн, сары көйнөкчөн бала оор кыймылдап топтон бөлүндү да тушап койгондой кадамдап, алдыга карай басты. Алты жүз көздүн жаасы бирдей аткылап, өспүрүмдү кыл торкого айлантып жибергендей болду окшойт.

— Ошол жерге тур. Эми жакшы угат болушуң керек. Тигил ордуңда тынч отуруп уга албай жатасың — деди секретарь. Анан ал сөзүн улантып кирди.

Өспүрүмдүн балбылдаган көздөрүнүн учкундары заматта өчүп жүзү кудум чоктой болуп кызарып чыкты. Башы үзүлүп кетчүүдөй ылдый салаңдап, бели бүкүрөйүп, далысы уңкуюп кемселди тээп турат. Сол колуна кармаган чөнтөк дептеринин барактары азыр түшүп кетчүүдөй салбырайт. Оң колу сынып калгандай узарып, тизесине жетип тургансыйт. Кыскасы ал баланын азыркы кебетеси таруунун четине сайган каракчыдан айырмасы жок эле.

Мен ошондон кийин өзүмдөн-өзүм кысылып, андан аркы сүйлөгөн сөздөр кулагыма кирбеди. Бет маңдайымдагы күнөкөрдүн жаагынан ылдый шырылдап куюлуп жаткан терди карап, табалап да, боор ооруп да отурдум. «Экинчи тентектикти коюп жүрөрсүң» дейм ичимде.

Арадан кыйла убакыт өтүп, секретарь сөзүн аяктап калган эле. Күтүлбөгөн жерден алиги бала «талп» этип

жерге кулап түшпөспү. Мен октой ыргып туруп, баса жыгылган колун түзөдүм да, башын көтөрдүм. Катарымда отурган жигит жардамга келди. Экөөлөп эшикке көтөрүп кетели дегиче, денеси «дирт» этө титиреп, көзүн умачтай ачып, ордунан тура калды. Мен анын кебетесинен бакырып жибереби деп чочуладым.

— Кел, мындай отур,— дедим жанымдагы бош орунду көрсөтүп. Ал айтканымды үнсүз аткарды. Залдын ичи кайрадан күбүр-шыбырга толсо да, секретарь сөзүн токтоткон жок. Отургандар эч нерсе көрбөгөндөй, эч нерсе болбогондой, азыркы көз алдында өткөн окуя заматта унутулуп, жыйындын иши улана берди. Өспүрүм башын чеңгелдеп, менин жанымда кыймылсыз болду.

Слёттун акырында бүгүнкү чакырылган делегаттардын ичинен эң мыкты окуган окуучуларга сыйлык тапшырыла турганы айтылды.

— Окуудагы мыкты жетишкендиктери жана өзүн үлгүлүү алып жүргөндүгү үчүн, Өрнөк орто мектебинин онунчу классынын окуучусу Абдышев Кыргызстан борбордук комсомол комитетинин «окуунун отличниги үчүн деген белгиси менен сыйланат! — Райондук комсомол комитетинин секретары үнүн салмактуу чыгарып окуду да, залды тегерете карап туруп калды.

Залдын ичи «тарс» жарыла шытырата алакандар чабылды. Бирок алиги сыйлыкты алуучу бала али көрүнбөйт. Окулган ысым менин кулагыма тааныш угулгансыды. Антсе да тез аранын ичинде эстей алган жокмун. Залдын арт жагынан бирдей чабылган алакандарга кошулуп:

— Ту-рат! Ту-рат! А-за-мат! А-за-мат! деген сөздөр айтылып жатты. Кыясы классташтары көрүнөт. Колуна кызыл күбөлүк менен кичинекей кутучаны кармаган жыйналыш башчысы залды тегерете карап, сыйлыктын ээсин кыйлага күтүп турду. «Келбей калса керек» деп ойлодум мен.

Жок, келиптир. Келгенде да менин жанымда, бүгүнкү жыйындын ашынган тентеги катарында жазаланган бала экен. Ал ордунан ыңгырана туруп барып, тигил сыйлыкты көңүлсүз алды. Отургандардын кыйласы күлүп жибериштн. Барынан дагы ушул күлкү балага оор тийди көрүнөт, кайра ордуна тез келип, көзүн басып отуруп калды. Мен анын абалын эми түшүнүп, а тургай ким экенин дагы ачык тааныдым.

— Сен Туратсыңбы? — дедим акырын.

Ал мени жалт карады да, чоочун экенимди билгенден кийин, кайра тескери бурулуп, болоор-болбос күңкүлдөдү:

— Ооба...

Балким мени таанып болсо, ыйлап жиберет беле, ким билет. Көздөрү какапактап, жаагына таянган манжалары тынымсыз титиреп жатты...

Ошол күнөкөр өспүрүм үч жылдан кийин, менин эски столумдун жанында, азыр дал ошондогу абалындай үнсүз отурат. Кыйладан кийин мени түшүнөт деген кыяста минтти:

— Ошол окуянын таасиринейби... ушинтип оорулуу болуп калдым агай... Адамды адам кылган, адамдарды бири-бири менен бириктирип турган ыйык жип бардай сезилет мага. Ыйык жиптин үзүлүшү тагдырдын өзгөрүшүнө алып келет окшойт... Менин ыйык жибим үзүлүп калды...— деди ал, ылдый караган калыбында үнүн каргылдантып.

— Мурда андай ооруң жок беле?

— Оорумак түгүл оору деген эмне экенин ким билиптир. Мен онунчу классты бүткөндөн кийин, атамдан чабандык кесипти өткөрүп алмакмын. Балким, эмдигиче «төбөм көрүнүп» калат беле, ким билет, распы агай? — Ал ызалуу күлүмсүрөдү.— Окууну сырттан улантмакмын. Сегизинчи класста жакшы көргөн кызым бар эле. Ал онунчуну бүткөндөн кийин үйлөнмөкпүз. Мага жардамчы чабан болмок. Турмуш жолумду ушинтип баштамакмын. Бирок минтип заматта, ойдо жок жерден тагдырым тап-такыр өзгөрүп кетти. Эми, шал болуп калуу коркунучунан кутулганыма сүйүнөм...

— Буттарың кыбырабай калды беле?

— О, аны сурабаңыз?.. Үч жылдан берки көргөн азабымды кишиге айткым келбейт. Билесизби агай, сиздин китептериңиз мага кубат болду. Чыныгы адамгерчилик, таза сезимге сугарылган каармандарыңызга сук-танамын!

— Рахмат. Сага жакшы таасир бергендигине кубанамын! — Мактоодонбу же уялдымбы айтор кызара түштүм окшойт. Антсе да, «мындай оозеки мактоонун керети не... Анча болду, газета аркылуу билдирбейби», деп ойлодум ичимде. Дагы деле кемчилдигим ушул жерде жатканын сезип турсам да...

— Мен сизди ошондо тааныбаганымды карасаңыз!— деди Турат өкүнгөндөй. — Ал эмес, азыркыга чейин эле сизди улгайып калган кишидир деп жүргөмүн.

— Жаш бекемин?

— Ананчы. Жаш болбосоңуз дагы картаң эмессиз... Рас, газетанын иши дагы керек деңизчи... Бирок, азыр көрүп туруп, сиздин ордуңуз башка жактабы деп калдым...

— Мисалы?..— Туратты таң калыштуу карадым.

— Мисалы, турмуштун кайнаган жеринде... Бул жер мемиреген көлгө окшоп... конфликтер, карама-каршылыктардан бир аз алысыраак, ырасбы агай?..

Мен ойлуу жылмайып үндөгөн жокмун.

— Атаңгөрү, тагдырымдын өзгөрүп кеткенин карабайсызбы, болбосо сиздин алиги кежир каарманыңызча турмуш кайнаган чоң казандын бир кулагын коё бербей кармап турмакмын!.. Билесиңби, мени менен бүткөн Сатар деген бала бир жылдан кийин областтык советке депутат болуп, быйыл орден менен сыйланды.

Тоо булагын сай кылган,
Топуракты май кылган,
Баба дыйкан — сугатчы,
Сатар чыкты айлымдан.

деп, Төрөбөк деген айылдык төкмө акын жаагын жанып ырдап жүрөт дейт. Кемел деген класссташым саанчылык кесипти тандап алып, май көл, сүт көлдү жаратып таштады деп, съездге делегат болуп көрсөтүлдү. Райондон эркектен чыккан алгачкы саанчы. Жашырганда эмне, ушуларды газетадан окуп алып, ичим күйгөндүктөн өзүмдү-өзүм жек көрүп кетем.

Кыжаалаттанган Турат дагы кыйлага сүйлөмөк. Бирок, анын абалын жеңилдетүүнү ойлоп, сөз учугун башкага бургум келди:

— Сегизинчи класста жакшы көргөн кызың азыр барбы?

— Бар.

— Жакшы болгон турбайбы...

— Албетте жакшы болду. Эрге тийип, азыр декретте эс алып жүрөт имиш.

Кайрадан унчугушпай калдык. Акыры жигиттин күнөөсүн териштирген суроону бериш калдым.

— Сен ошондо эмне үчүн тентектик кылдың эле?

— Эмнесин тентектиги? Слётто козголгон ойлорду так келтирип газетага макала жазып жиберүү үчүн, жанталашып айтылган сөздөрдү тыңшап отургам. Ошончодон арт жакка отуруп алганымды караңыз! Жолдошторум астыртан шыбыраша тамашалашып, секретардын сөзүн угууга мүмкүнчүлүк бербеди. «Жөн отурсаңарчы?! Тынч отурсаңар боло?!» дедим эки жагымды карап. Ошол учурда секретардын көзү мага урунуп калыптыр... Алдыга чыгып келгенимди билбейм. Андагы менин абалымды кинодогу атууга айдалып бараткан бей күнөө адамга салыштырып элестете бериңиз. Кулагыма үндөр угулбай; көзүмө эч нерсе көрүнбөй калды. «Ушундан көрө өлүп калсаңчы! Өлүп кал! өл! өл!..» деген шыбыш башымды жарып жиберчүүдөй каңкылдата ургулай баштады. Өзүмдү бардык нерседен ажырагандай, жада калса бутумдун жерге тийип турганын дагы сезбей бараттым. Аңгыча бирөө желкеме катуу муштап жибергендей болду. Э агай, эмнесин сурайсыз? Ал күн менин өмүрүмдөгү эң кубанычтуу да, кайгылуу да учур болуп сакталып келатат. Көрсө, тагдырдын өзгөрүшү, көз ирмемдик нерсе экен...

Жигиттин акыркы сөзү түздөн-түз мага айтылгандай селт эте түштүм. Бир кезде аны табалай караганым эсимде. Азыр дагы андан кыйла кырдуусунуп, өзүмдүн эски стулумда чалкалай, ага көңүл кош, сынай карап отургам.

— Эч нерсе эмес, мен үч жылдын ичинде көп китептерди окуп, көп нерселерди түшүнүп калдым... Атаандаштарымдан артта калсам дагы, бечаралыктан кутулсам болду... Туурабы агай?..

Болоор-болбос баш ийкедим да, үндөбөдүм.

— Макала жазып жүрөсүңбү?

— Жок. Ошол күнү эле таштагам... Көңүл калгандыктан эмес, колумдан келе турган эмес... Бирөөгө акыл айтып, макала жазгандан мурун, өз акылымды текшерип билишим керек окшойт... Мезгили келгенде көрөрбүз... Мен азыр мүнөздөрдү салыштырып, сөз менен иштин айкалышын таразалап билүүгө көбүрөөк кызыгам. Сизге келген себебим дагы ушул болчу...

— Кыштакка качан кетесиң? — Мен анын алдында сүйлөөдөн сактанып, сөздү кыскартууну ойлодум.

— Бүгүн кечки автобус менен. Бирок ал жакта узакка тура алгыдай эмесмин. Жашымдан бечел болгонума

коруна берип, кыйналып кеткидеймин. Врачтар жылуу жакты сунуш кылышат. Балким ал деле себеп эместир. Кыскасы ден-соолугумду сактап, башымды байытууга аракет кылам го...— Ал ордунан турду.

— Жакшы бар. Келгениңе чоң ыракмат.

— Сизге ыракмат. Ак дилиңизден аңгемелешип, көңүлүмдү көтөрүп койдуңуз. Көрсө, бир ооз сөздүн кубаты өмүргө тете турбайбы агай. Ден-соолугуңуз болсо... каармаңыз айткандай, турмуштун бууланган казанында камыкпай, жаркыраган идеяда жашай бериңиз?!

— Рахмат. Сенин дагы ден-соолугуң чыңалып кетсин. — Ушул борпоң сүйлөмдү айтууга араң жарадым. Мен ага кубат берер бир ооз сөз айта албаганымды сезип, уялып чыктым...

Турат таягын тыкылдатып, үчүнчү кабаттын тепкичинен ылдый түшүп кетти. Мен азыр анын тагдырынын далдоосунан өз өмүрүмдү сууруп чыгып, терең ойго батып турдум...

Июнь — 1978-жыл.

## УЙКУСУЗ ТҮН

Түн... Терезеден түшкөн айдын шооласы төрдөгү кроватка чагылышып турду. Ал кроватта менин кадырлуу коногум жатат. Бала чукуранып ойгонду да; кыңылдай баштады. Жаш эненин сезгич жүрөгү ойго жаткандай сергек туюп, бешикке колун созду.

Бешик үнү... Кычыр... Кычыр... Кычыр... Кайра жымжырттык. Жик билгизбей өмүр гүлүнүн сабактарын бир четинен кетнгилеп сааттын үнү чыкылдайт.

Баарыбыз түш дүйнөсүндө мемиреп жаткандай сезилебиз. Бирок уйкунун жел бешигине термелип кеткен жан байкалбагандай. Балким көздөрүбүз жумулуу болгону менен көңүлдөрүбүз уч кыйыры жок мейкин талаада кыз куумай ойноп жүргөндүр...

Мен көзүмдү бекем жуумп алдым да, «БАСКАН ЖОЛ» картинасын көрө баштадым...

* * *

Студенттик алгычкы жылдар «кой оозунан чөп албаган» момундай, шаар тартибине көнө албай жүрүп өттү. Мезгил экинчи жолу түзүн жаңыртты. Андан соң, коюу чаңга аралашып калгансыды. Шаар иңир тарткандан кийин көчөлөргө, кинолорго көбүрөөк кирип, кыз жүзүнө уурдана карап, астыртан сөз ыргытып коюучу болдум. Бул убакта көйнөк жакасын кирдетпей, шымды жамбашка салып жигин чыгарып, чачты жарашыктуу кармоо адат.

Көпчүлүк жаштардын турмушунан мен да калышпадым. Бирок, мен бир гана нерседен чабалдык кылуучудаймын. Кээ жолдошторум ай алмашкан сайын же жети күндө бирден кызды жандап: — «Эми ушууга сөз айттым» — деп калышат. А мен ушу күнгө чейин бирөөнө

«сүйөм» деген сөздү оозумдан чыгара элекмин. Көптөн бери Айзада экөөбүздүн көңүлүбүз ынак. Аны менен кинного, театрга, кечкисин жолугушууларга көбүрөөк чыгам. Баса, биз кызык учурда таанышканбыз...

Автобус. Эл жык-жыйма. Эми бешинчи ирээт токтогон жерде мен түшүп калышым керек. Жаңыдан киргендер өздөрү айрып билет алып жатышты. Колумдагы үч тыйындык сары чаканы таштап жиберип билет алуудан айбыгып, сыр алдырбай эшик алдында жөлөнүп турдум.

Токтоочу жер. Эки кыз кирип келишти да, менин жаныма туруп кичинекей намияндарынан тыйын алышты. Мен алардын билет алып жанымдан оолагыраак кетип калышын күтүп турдум. Негедир билет алышпады. Эки көзүм башка жакты карап турганы менен негизги оюм алардын кыймылында. Тегерегиндеги кишилерди бир сыйра карап келип, акырында мага кайрылышкандай

— Сизде беш тыйынбы?

Буйдала түштүм. Билет албай турганымды билип коюштубу?

— Жок. — Кызарып чыккандай болдум. «Үй алыс болсо мейли, ушундан көрө эмки токтогон жерден түшүп калып жөө кетпесем! «Ыңгайсыздыгым» күчөй баштады. Эми качан? Дегеле узарып кеткенин карачы! Ушул жерге бир секунда туруугa уятым чыдатпай баратты. Терезеден тышты карап кыпылдоого түштүм. Заңгыраган үйлөр, асман мелжиген теректер, кыйма-чийме өткөн адамдар, булардын бары көңүлүмө кирбеди. Ойлоо сезимимдин борборунда «уят», «уят», деген сөз тынымсыз кайталанып жатты. Мындай учурда билет текшерүүлөр жок жерден пайда болуп калат эмеспи. Эгерде «жигит, билетиңизди» деген сөз чыкса эмне демекчимин? Ай, студенттик турмуш ай!.. Кээде адамды уятка калтырасың!

Менин ийнимден бирөө тарткандай болду. Мына, өзү! Эми сөзсүз билетимди сурайт. Канттим? Алиги кыймыл кайрадан кайталанды да «алыңыз»— деген үн чыкты. Эч нерсе билбеген кишиче тоготмоксон кылчайдым. Кызык, алиги кыздын бирөө мага билет сунуп турат.

— Алыңыз муну.

— Жо-жок ырахмат. Мен өзүм эле...

— Биз сиз үчүн алып койдук. Билет ала элек белеңиз?..

— Ооба. Азыр...— сөз таппай калдым.

— Анда, мынацыз.

— Рахмат. Тыйыныи...

— Жо-жок, тим эле коюңуз. — Кыз жылмайды. Анын ууртунун бармак басым жериндеги чуңкуру бир ажайып кубула түшүп, кайра жоголду.

— Жок, алыңыз. — Мен тыйын издеген кишидей чөнтөктөрүмдү сыйпаладым.

— Убараланбаңыз. — Алиги жылмаюусун кайрадан кайталап кыз ары бурулду.

Мен жеттим. Автобус сапарын улады. Ал аркы көчөнү имерилип кеткиче карап турдум. Анын ичинде керектүү буюмум кетип калгансып, жок издөөм күчөп, ичим негедир тызылдай баштады.

Ошондон кийин белгисиз жакынымды узакка чейин жолуктура албадым. Анын адресин же атын билбейм. Мүчөсү окшош кызды сырт жагынан көрсөм шыпылдай басып алдына өтөм да, өңүнө карайм. Түк окшошпойт. Деги, кайдан жолуктураар экемин?!.

....Убактым чукул калды. Звонок башталаарга 15 мүнут. Калдандай басып тротуарда бараттым.

Троллейбус.

Мен ага максатсыз көз чаптырдым.

Терезе.

Баягы кыз мен жакты карап кетип жатат. Кадимки таанышымды көргөндөй кыйкыра кол булгадым да, троллейбустун артынан безилдеп жөнөдүм. Бет маңдайымда келе жаткан эки карт адамга урунушуп калаарда, кыйгач өтөм деп, терекке барып кагылдым. Алар артымдан карап баш чайкап кетишкендей болду. Бул учурда мени көргөндөр мыйыгынан күлүп, мыскылдашкандыр. Бирок, алардын мыскылы мени түк арданта алмак эмес.

Троллейбус токтоду. Жарыштан чыккан күлүктөй эң биринчи болуп мен кирдим. Адаттан тышкары калдаңдап, ортодо тургандарды жөөлөй өтүп, кызга жеттим.

— Саламатсызбы? — Өпкөм көөп калса керек, анын алдында ойноо баланын ролун аткарып тургансыдым.

— Жакшы. Кайда жөнөдүңүз, мынчалык шашып?— Баягы жылмаюусу!..

— Сизге — дедим аптыгып,— сизге. Мен сиздин атыңыз менен адресиңизди билүүгө келдим. Университетке бараткам. Звонокко аз калды.

Аңгыча троллейбус жөнөп кетти.

— Мен ошончолук эле керек болуп калдымбы, сизге? — Кыздын жылмаюусу баштагыдан да алда канча кооз көрүнө түшкөнсүдү.

— Кечиресиз, — дедим ыңгайсыздана, — жөн гана жолдоштук ирээтинде жолугушуп туруугa...

— Макул. Жакшы болот. Атым Айзада. Жатакана № 3, бөлмө № 131...

Мына биз ушинтип таанышканбыз.

Эл сүйгөнүнө кандайча мамиле жасаарын билбейм, а мен ушул күнгө чейин сүйүү саптарынан бир ооз айтып, коймолжуган каректерди кадап бетме-бет келише элекпиз. Жөн гана... Аны мен эң кымбаттуу кишим катарында баалайм. Ал да мени сыйлоочу. Анын алдында курулай тартынып же жагууга аракеттерди жасабадым. Биз дайыма жолукканда келечек жөнүндөгү оюбузду ортого салабыз да талкуулап чыгабыз. Ал менден көбүрөөк кыялдануучу. Бир күнкү жолугушуудагы скамейкага чалкалай отуруп айткан сөздөрү эсимде.

— Эмне үчүн бардык адамдардагы мүнөздөр бирдей жаралбайт? Буга эмнелер жетишпейт? Эмнелер себеп?— деди ал тээ алысты, алысты карап.

— Беш кол тең эмес да,— дедим капарсыз гана. Ал тунжурай түштү.

— Тагдырдын жараткапына жүгүнүп жүрө берүү керекпи? — деди. Мен үн катпадым. Ал кайрадан сөзүн улады.

— Эгер коомго болгон көз караштар бирдей болуп, өздөрүн карапайым алып жүрүшсө, «мүнөздөр бирдей» дегендикке жатаар беле?

Мен жөн гана баш ийкеген болдум. Ал азыр менден алда канча бийик өндөнүп тургансыды.

— Мисалы — деди ал,— жаштардын сүйүүсү. Аны бир көргөндө, же карап күлүп койсо, болбосо оюнга бирге барышып калса, муну сүйүү деп ойлогондор көп. Анын бир гана жерине кызыгып, тобокелге салып үйлөнүшөт. Кийин «сени менен жашай албайм, сенсиз да жашай албайм» дешет, бирин бири. Же мындайлар азбы? — Мени карады. Мен баш ийкеп жооп бердим.

— Ар бир киши өзүнүн өмүрлүк жарын талыкпай издесе, ал сөзсүз табууга тийиш. Ошондо ал үй-бүлөө кандай бактылуу болушаар эле!..— Кучагын кере чалкалай калып, асманга карады. Тамтыгы кеткен туурдукка окшогон ала чокул булуттардын арасында ай чы-

мирилип баратты. Күндөгүдөн бүгүн алда канча ылдамдап калган сыяктанат. Ушул учурдагы менин ырахатымды, ушул учурдагы биздин гүлдүү өмүрүбүздүн бир үлүшүн уурдай качып бараткандай көрүндү мага.

Так ошондой таттуу жолугушуулар менен биз бир жылды аттап өттүк. Бир күнү жолдошторум менден,— Качан үйлөнөсүңөр, Айзада экөөңөр?—деп сурашты. Өмүрүмдө тартынбаган жолдошторумдан ошондо тарткынчыктап, сөз таппай мукактандым.

— Болжошо элекпиз.

— Эмдигичеби? ха, ха, ха,... Анда ал сени жөн эле жетелеп жүргөн турбайбы. Башыңды чагып, чөнтөгүңдү кагып... ха, ха...

Алардын каткырыгы менин ызаамды келтирди. Өзүмдүн чабалдыгыма ардандым. «Алигиче сүйүү жөнүндө сөз козголо элек жатса, булар үйлөнгөндү сурашат»,— ичимден ызаалуу кобурадым.

Ошол күнү болжошкон жерге мен бир саат мурун бардым. Өзүмдөн өзүм бук болуп бир жерге тургум келбейт.

Айзада адатынча өз убагында келди. Ал дайыма так жүрүүчү. Бир курдай мен кечигип келип, андан кечирим сурасам, ал мага таарынуунун ордуна «сен мени алдаган жоксуң, өзүңдү өзүң алдап жатасың» деп жоодурай жылмайган.

Биз ээрчишип бастык. Ортобузду данакерлештирген сөз бүгүн болбоочудай. Тең шилтенген буттар гана «сүйлөп» баратышты. — Сен мага ачууң келип калганбы. Султан? Тиги түпкүрдө бугуп жаткан сөзүң болсо, алып чыкчы бери, колго салып көрөлү. — Ал менин жүрөгүмдөгү сөздү телевизордон көрүп тургансып сүйлөдү. Жол ачылып калгансыды. Мен чукул мизансцена жасадым. Шилтенип бараткан билегин шап кармадым да:

— Чыныңды айтчы, Айзада, сен мени сүйөсүңбү?— дедим. Бетим ысый түштү. Кандай одоно сөз. Бул сөзүмө Айзада таарынып же мыскылдап, болбосо курулай наздanып калган жок. Ал мени ушунчалык ишенимдүү жүзү менен карады. Мен сөзүмдүн аягын айтып бүтүүгө үлгүрдүм. — Эгер сүйгөнүң чын болсо, биз деле баш кошуп алалычы? Элден биздин эмнебиз кем?

Ал калтырай түштү. Айтылган сөзүмдүн ага оор тийип жатканын билдим. Мейли... Эми мен бир жыйынтык-

туу сөз угууга тийишмин. Жүрөктү өйүгөн сөзүм айтылып бүттү.

— Сен бул сөздү айтуу үчүн көптөн бери камданып жүрдүң беле?

— Ооба — деп жибердим шашканымдан.

— Эгер айтпай койсоң эмне болмокчу?

— Ошондо да сүйүү билинмек беле.

Тыным. Биз скамейкага отурдук. Ал мени чын ыкласы менен кадала карады.

— Бүгүн сага эч ким кеңеш берген жок беле?

— Муну суроонун кандай кереги бар?..

— Чын айтсаң? Суроого туура келди.

— Мени бирөөнүн башы менен жашап жүрөт деп ойлодуң беле? — Тырчый түштүм. Ал оор улутунду.

— «Сүйөм» деген жалгыз сөз кургак сөздөрдүн катарына кирип кетпес бекен?

— Ушул дагы сөз болдубу. Сүйүү ар түрдүүчө болот да: мекенди сүйүү, энени сүйүү жана башка.

— Ошолордун кайсынысын кымбат баалайсың?

— Эки жаштын чыныгы сүйүүсүн.

— Мекенди сүйгөндөн дагыбы?

— Албетте...

— Жакшы... Анда биздин бири бирибизди сүйүп калышыбыз «чыныгы сүйүүгө татыйбы?..

— Сөзсүз,— дедим сыймыктуу.

— Эмне үчүн сүйүүнү кол жоолуктай булгалап, жеңил баалайбыз. Үйлөнүп алуу оңой, жашоо кыйын болуп калсачы.

— Ошо да кеппи. Студенттердин баары эле үйлөнүп алып жашап жүрүшпөйбү.

— Менин айтайын деген оюма сен түшүнбөдүң...

— Эмнеге түшүнбөдүм? Ушул күнгө чейин мени бир макулук деп ойлоп жүрсөң керек?!.

— Анда мен бүгүнкү айткан кеңешиңе кошула албаймын. Капа болбо.

— Демек, «сүйбөйм» деп эле ачык айтпайсыңбы, жондотпой. Бир жылдан бери артыңдан ээрчип жүргөндө көлөкөңдөй дагы санаган эмес экенсиң. Көпчүлүк кыздар ушундай жүрөксүз болушат.

— Мейлиң. Мени кандай түшүнсөң өз эркиң, Султан. — Ал ордунан мостоё турду.

— Болуптур. Бактылуу бол, Ай-за-да! — Артыма жалт бурулдум да келген жагыма багыт алдым.

Ошондон кийин Айзаданы жек көрүү менен унутуп, элесинен алыстоого тырыштым. Анын «көзүнө» көрүнүш үчүн Сабира менен бат эле тааныштым. Ага алгачкы жолу кезигишкенден кийин эле, сүйүп калгандыгымды айтсам каршы болбоду. Көп узабай үйлөнүү жөнүндөгү пикиримди сунуш кылдым. Экөөбүздүн оюбуз бир жерден чыкты.

Арадан көп күн өткөн жок.

Дем алыш күнү өзүмдүн жакын санаалаш курсташтарымды, тааныштарды чакырып, үйлөнүү тоюмду өткөрүп жаткам. Жүрөк толкуткан каалоолор бизге арналып, тосттор биринен сала бири көтөрүлүп жатты. Биз бүгүн өмүр тепкичтерибиздин биринчи баскычына чыгып, бир идишке жүрөк гүлдөрүн отургузуп, бактылуу үй-бүлөө турмушунун туткасын бирге кармап, узун жолго бет албадыкпы!

Эшик чертилди. Бака-шака күлкү заматта тормоздолуп, бардыгыбыз сыртка кулак түрдүк.

— Кириңиз.

Каалга акырын ачылып, абал мурун кагазга оролгон көлөмдүү буюм, анан кыздын назик буту, акырында жылдыз жүздүү Айзаданын тулку бою күлүмсүрөп тура калды. Жаңы түтүн булаган бактылуу үй-бүлөгө бузукунун изи аралагандай, суук көрүндү мага: «Аш андыгансың, эмнеге келди бул жерге? Тоюбузду шылдыңдагысы келген экен». Анын жүзүндө бир дагы өзгөрүү байкалбайт. Баягы мага тааныш мүчөлөрү. Бармак басымдай тегереги бар уурту... Колундагы буюмун стол үстүнө койду да, бизге басып келип, экөөбүздүн колубузду коштой кармады. Бул мезгилдерде ооздоруна талкан куюп алгансып, бирде бирөө үн катпайт.

— Чакыртпай келгендигимди кечирип койгула? Замандаш катарында тоюнарды куттуктагым келди. Силердин бактылуу үйүңөрдөн дайыма жылдыз жанып турсун! — деди да, колубузга окшош шакек тагып, кыса-кыса кармады. Отургандар шатырата кол чаап, «Ачуу» «Ачуу» деп кыйкырып жиберишти.

* * *

Студенттик күндөрдү кечип өттүк. Кесибиме ылайык түштүккө барып кызматка орноштум. Ортодогу агылган күндөр бизге белегин калтырып, эки перзенттүү болгонбуз. Жер күндүн айланасында тегерене берди...

Күүгүм талаш. Күтүлбөгөн жерден эшик ачылды да, кышкы кийимчен аял салам айтып кирди. Мына кызык. Бул кайдан жүрөт? Айзада. Анын өңү бир топ өзгөрүп кеткендей.

Учурашуу бүттү. Андан кийин жашоо күндөлүгүнөн сүйлөшүп отурдук. Ал, бизге коңшулаш колхозго турмушка чыгып келгендигин, анда бухгалтер болуп иштеп жаткандыгын, биздин дайынныбызды бирөөдөн угуп, атайын учурашууга келгенин айтты...

Мен таттуу уйкуда көшүлүп жаттым. Жууркандын жакасы желкиме түштү да, буладай назик билек мойнума ороло калып, жылуу ээрин бетиме жабыша берди. Чочуп көзүмдү ачтым. Күтүлбөгөн жолугушуу. Абал мурун денем үркө түштү. Аңгыча шор даамданган жаш оозума тамчылап кетти. Андан кийин... Өмүрүмдө ээрин тийгизбеген Айзаданын жүзүн сагынычым таркабай жыттагылып жаттым. Ушул секундада аалам жүзүндө мен гана жалгыз, терең бакытка малынып тургансыдым. Көкүрөгүмө тартып сыга, сыга кучактаганда, анын тисирейген кошмок «ашпурттары» денеме тутумдашып, бүткөн боюма сансыз лампочкалар жагылып жаткансыды. Деги билбейм, көзүмдөн жаш эмнеге куюлганын.

Бала чукуранып жиберди. Ал кучагымдан сыйкырдуу жандай заматта бошонду да, эшикке жөнөдү.

Бешик үнү. Кыйч, кыйч, кыйч... Ага удаа кроваттын үнү кычырайт.

Ооба, Айзада, сен сүзгөн уч кыйры жок деңизде мен дагы сүзүп баратам. Бирок, аралыгыбыздын алыстыгын карачы! «Ар ким өзүнүн өмүрлүк жарын талыкпай издесе, сөзсүз табууга тийиш. Ошондо ал үй-бүлөө кандай бактылуу болушаар эле!» Бул сөзүң алигиче жүрөгүмдө. Анткен менен сенин жүрөгүңдү кеч, өтө кеч түшүндүм. Сенин жашоо турмушуң, менин жашоо турмушума окшоштур. Үй-бүлөнүн таттуу мээримине ичиң толбой... антсе да ак тарбиябызды аркабызда балдарга арнап жашамакпыз... Ал эми, жүрөгүбүздөгү калган бөксөнү экөөбүздүн ортобуздагы күнү бүгүнкүдөй жапжаш жашаган чыныгы сүйүүбүз толтуруп тураар!..

Сабира дагы оор үшкүрүндү.

* * *

Муну сен үчүн гана жаздым, АЙЗАДА!..

1964-жыл.



# ПЬЕСА

# «ТУЛПАР-ТАШ»

*(Беш сүрөттүү драмалык повесть)*

Катышуучулар:

1. Даанышман — Сарай кайтарган чал.
2. Батый — Анын аялы.
3. Кумар — Алардын уулу.
4. Уулбала — Даанышмандын жеңеси.
5. Самар — Уулбаланын небереси. Студент.
6. Казат — Батыйдын иниси.
7. Байтөрө — Бай.
8. Бекмат — Байтөрөнүн уулу.
9. Канжарчан адам.
10. Календер.
11. Сөлөкөт.
12. Музей кызматкери.
13. Шофер.

Булардан башка эл, үндөр катышышат.

## Биринчи сүрөт

Авансценада Самар.

О, аталар эчак өткөн дарексиз,
Биз силерден өнгөнүбүз калетсиз.
Азыр деле табышмактуу үрөөн көп,
Ар бирибиз чагылбаган данекпиз...

Умтулабыз алды жакка шашкалаң,
Улуу күч бар көөдөндөргө батпаган.
Терендикти үйрөнүүгө келгенде,
Токтоосу жок силер жакка аттанам...

Жан теринен тынбай үрөөн себишкен,
Чындык үчүн жүрөк сууруп беришкен.

Тулпарлардын туяк изин өчүрбөй,
Көзгө сүртөөр ыйык тутуп келишкен.

Булак башы — буудай ырап аталар,
Була чачы куудай аппак апалар.
Пейлиңердей кенен сүйлөм жаза албай,
Баш катырып жаш жүрөгүм кападар...

Сахнага жарык берилет. Кеч. Булуттун акыркы кызылы өчүп баратат. Тээ алыскы кыраңда карыя турат. Анын аппапак сакалы шоола чачкандай, жоодардын бышкан бүрүнө окшоп үлбүрөйт. Жымжырт... Түнөк издеген торгойлордун, too чымчыктарынын тилдери карыпга гана эпчилүүдөй... Ал ушул бейпилдиктин түбөлүктүү ээсине окшош... Бул тегеректе карыянын сакалынан башкача ак чекит көрүнбөйт. Улуу бейкуттук. Мемиреген тынытуу.

Алыстан келаткан машиненин добушу угулат. Карыянын караанын көрүнбөй калат. Машине көгүлтүр нурди кублап, айлананы жарык кылып токтоду.

Музей кызматкери

(Дөңдүн этегинде жаткан чоң таштын үстүнө чыгып, ааламдын алп экранына суктанып карап турду. Көптөн кийин чөнтөгүнөн эстеткич китепчесин алды да, тегеректи кыдырып басып келип, чоң чийдин түбүндөгү жалпак ак таштын түбүнө токтоду).

Ой, жаныбар!.. *(тышка)* Эй, келатасыңбы!?

Ш о ф е р *(сырттан ачуулуу)*. Баратам.

М у з е й к ы з м а т к е р и. Бол эрте. Күрөктү ала кел. *(Өзүнчө)* Ой, жаныбар ой! Ушундай дагы жылкы болот экен ээ! *(Сырттан келген жигитке)* Мына, таптык! Карачы!?

Ш о ф е р. Ушулбу?

М у з е й к ы з м а т к е р и. Ушул. «ТУЛПАР-ТАШ» деген ушул! Картада көрсөтүлгөн точкага дал келет. Көрбөйсүңбү береги ташка баткан туяктын изин, батыш жакка сызып бараткан тулпарды элестетип турат. Манас баатыр душманын куп бараткандa, Ак-Куланын туягы тийип өткөн имиш.

Ш о ф е р. Ой калпыңа баракелде! Ташка тийген буттан ушунча из калса, кара топуракту жерден кантип гана жан калды экен я?..

М у з е й к ы з м а т к е р и. Ак-Кула күүлөнгөндө буту жерге чанда эле тийбесе, көбүнчө учуп жүргөн да... Көрчү береги туяктын изин, кандайдыр бир чындыктын болгонун далилдеп турат.

Ш о ф е р. Күлкүң келет. Муну бир эриккен койчу чегип койгон да отуруп. Эми андан тарыхый маани чыгарып... Күлкүң келет.

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Балким, эриккен элдин тапканыдыр. Айла канча, музейге кыргыздын чокой-чарык, куургуч-туткучтарын жыйнап бүттүк. *(Эки жеңин түрүп, таштын түбүн күрөк менен казууга камынат)* Эми ушуга окшогон уламыштуу таштарды, темирлерди, сөөктөрдү таап, экспонаттарды жаңылап жүрөбүз. Ансыз музейдин кызыкчылыгы төмөндөп, көрүүчүлөрдүн саны азаят.

Ш о ф е р. Ой эми, ушундан тапкан кызыкчылыкты!.. Болбогон иш. Кайдагы бир талаада жаткан таш үчүн ушунча алыска келип... Же жолу дурус болсочу. Кабинанын төбөсүн сүзгүлөй берип, кара кушумдан айрылып кала жаздадым... Силердин жумушуңар өзү — эки эстүү кишинин жасаган ишине окшош болот экен.

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Ээ жигит, азыркы иштин баары, анда иштеген адамдардын баары окшош болот...

Ш о ф е р. Мейли, мейли... Бол каз, «ыйык ташыңды» жүктөп алып, эртерээк түн кире электе кайталы. Эртеңкиге калсак бул жерде өзөрүп өлөбүз. Мен бир аз далымды сергитип алайын. Эми кайра түнү менен жол жүрөбүз. Сага эмне, мурдуң менен тизеңди сүзгүлөп, бышылдап уктап кете бересиң.

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Жол жүргөндө уктагың келсе шофёрлукту ташта.

Ш о ф е р. Баары бир музей кызматкери болбойм.

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Колуңдан келбейт.

Ш о ф е р. Анын чын, анткени мен көркоо эмесмин.

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Сен эмне?..

Ш о ф е р. Чычалаба, намыс кылсаң казба. А балким мунун алдында мүрзө бардыр. Мүмкүн бул таш ушуга коюлган эстеликтир. Ташты коё туруп, түбүн чукуп көрсөңчү, балким таң каларлык экспонат табарсың?

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Сен мени шылдыңдагың келип турабы?

Ш о ф е р. Сени шылдыңдоого да шайым жок. Курсагым ачып араң турам. Бол жумушуңду эрте бүтүр, кайталы. Тоз-зокунун иши, калдыраган оор машине менен керээлден кечке жол жүрүп... Автобазадан кандай гана шамал айдап бошодум десең!.. Аялымдын кылганы, «жездеме бар, ал сени жыргатат. Бош жүрө берип

жүз жыйырма сом аласың. Үй оокатка каралашканыңа да жакшы болот» деп безеленет. Мына, жездеси эми таштанды ташытып «сыйлап» атат. Айтчы, силердин жыргалыңар эле ушулбу?..

(Экөө бирин-бири жек көрүү сезиминде карап калышат. Шофер ачуулуу күрсүнүп, бери бурулуп, чыкапактап жатат. Анын бул жоругу музей кызматкеринин ичин өрттөп, чечкиндүү сөз айтууга жаңы эле бел байлаган. Дал ушул учурда жанына чукул келген ак сакалдуу карыяны байкаган жок. Карыя ишти тез түшүндү. Ал музей кызматкеринин колундагы күрөктү тез жулуп алганда, бардык толгонуусу башынан учуп, бакырып жиберүүгө аз калды.)

Даанышман. Эмне кылып жатасыңар?

Шофер. ...

Музей кызматкери. ...

Даанышман. Эмне кылып жатасыңар деп сурап жатам!?.

Шофер. Мына кызык, эмне кылып жатканыбыз менен сенин жумушуң эмне?

Даанышман. Жумушумбу? Силер менин жумушумду билгиңер келеби?!

Шофер. Акетай ээй, бул өзү кутурган чал го?..

Музей кызматкери. Ачууланбаңыз аксакал, биз береги ташты алып кетүү үчүн атайын шаардан келдик.

Даанышман. Кайда?..

Музей кызматкери. Музейге, шаарга, музейге коёбуз.

Даанышман. Музейгеби?.. Азыр казган топурагыңды кайрадан көмгүн дагы келген жолуңарга түшүп, музейиңерге өзүңөр баргыла!

Шофер. Омээй, күч эле ушул чалда экен!.. *(шылдыңдап каткырат).*

Музей кызматкери. Аксакал, сиз мага түшүндүрүңүзчү?...

Даанышман. Эмнени түшүндүрөм? Таштын түбүн казганды билип, көмгөндү билбейсиңби?

Музей кызматкери. Сиз кызык сүйлөп жатасыз, биз сиздин жеке мүлкүңүзгө кол салып жаткан жокпуз го. Жер, суу, тоо, токой — булар мамлекеттик казына. Демек бул ташка кийлигишүүгө кандай акыңыз бар?

Даанышман. Менин акымды сурабай, түбүн көмбөйсүңбү?!

Ш о ф е р. Эй чал, талаада жаткан ташты аяп, эмне, аягыңа коёсуңбу?

Д а а н ы ш м а н. Ал менин ишим! *(Каары бетине чыгып, сол колуна кармаган күрөктү таптай шоферду беттей басат.)* Мен ушул жердин, ушул таштын ээсимин. Ошол үчүн аяйм, түшүндүңбү?!

Ш о ф е р. «Ээсимин»?.. а, ха, ха, ...Баягы таш тулганы минип калган мастан кемпир сенсиң го деймин!? Ха, ха, ха...

Д а а н ы ш м а н. Ооба, ошол менмин! Оозуңду көп түрбөй, тигил таштын түбүн кайрадан тегиздеп, машиңецерге отуруп, жолуңарга түшкүлө! Анан, силерди жиберген чоңуңарга айта баргыла, «Ал ташты минип калган мастан кемпир бар экен, бербей койду» дегиле. Уктуңбу? О, ата көрбөгөн наалаты!..

Ш о ф е р. Эй как баш! Азыр жоголгун! Тезирээк жоголгун! Болбосо, эки колуңдан кармап туруп, ыргытып!.. *(шофер каарданып келип, Даанышмандын эки каруусунан мыжыга кармады).*

М у з е й  к ы з м а т к е р и *(Ортого түшө калат.)* Кой эй бала? Кантет?..

Д а а н ы ш м а н. Ыргытпайсыңбы? Бол ыргыт! Араңарга каскак болсом... ыргыткыла мени!..

Ш о ф е р *(Колу жок жеңди тез бошотуп, башка чапкандай тескери бурулат).*

Кечирип коюңуз аксакал? Мен... Мен сизди...

(Пауза)

Д а а н ы ш м а н. Мен сенин жоругуңа терикпейм уулум. Мени силердин берген жасап жаткан ишиңер капа кылып жатат... Угуп койгула. Мунун ордуна мени көөмп туруп эле алып кетпесеңер, көзүмдүн тирүүсүндө бул ташты ордунан жылдыртпайм! Угуп койгула!

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Сиз биздин ишке туура эмес мамиле кылып жатасыз, аксакал. Биздин максат элдик мурастарды жыйнап, аларды унутка калтырбай, музейге сактоо.

Д а а н ы ш м а н. Музейиңерге өзүңөр сакталгыла!.. Качан гана карабай, пайдалануудан чыгып калган буюмдарды, кадимки Шераалынын чокоюндай маңдайыбызга илип койгонуңар дурус... Бирок, бул таш катардан чыга элек. Биз чыгарбайбыз... Тулпардын туягы тийген таш, тулпардын чуркаган жеринде сакталганы оң!..

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Жарыктык ой, жарык-Сөзгө түшүнбөйт көрүнөсүң!..

Д а а н ы ш м а н. Акыл эсиңер мол туруп, алжыган чалга теңелесиңерби?..

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Кызык киши экенсиз. Талаада жаткан ташты аяган ушу сизди көрдүм.

Д а а н ы ш м а н. Эй уулум, таш эле керек болсо жүргүлө, тиги Жер-Көчкүнүн ташынан машинеңе топтолтура кылып жүктөп берейин...

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Деги мунун сизге эмне кереги бар, айтыңызчы?

Д а а н ы ш м а н. Кереги бар. Жаткан таш, аккан суунун баардыгы элге керек. А силер элге кереги жок нерселерди музейиңерге сактагыла... Балким жакында береги, «Соң-Көл», «Ысык-Көл», «Чатыр-Көл». «Сары-Челекти» көчүрүп барып, көрсөтмөгө коёбуз дээрсиңер?.. *(таштын түбүндөгү казылган топуракты буту менен шилеп көмө баштайт).*

Ш о ф е р. Деги кыйын чал окшойсуң... Ойлобо, ташты бербей койгондугуң кыйындык эмес. Мунуң мага да жагат. Ушундан ошого жалгыз ташты жүктөп барыш мага кызык дейсиңби? Ыргый берип, ыргый берип машинемдин кузовасын сындырмак. «Тулпардын туягы тийген таш тулпардын чуркаган жеринде сакалганы оң» дегениңизге мен дагы кошулам аксакал...

Д а а н ы ш м а н. Кыйындыгым ушулбу уулум?..

Ш о ф е р. Жок. Кыйындыгың кайсында экенин өзүм дагы билбейм. Айтор кыйын чал окшойсуң...

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Кокуй күн ой, кокуй күн! Сен дагы бир кокуй күн жигит экенсиң... Мага жардам берүүнүн ордуна абышканы көкүткөнүң эмнең? Келген жумуш бүтпөй жатса...

Ш о ф е р. Бүткөрүп ал жумушуңду! Мага эмне оцурандайсыңар?

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Биз эмне деп барабыз, ушуну айтчы?

Ш о ф е р. Өз оозуң өзүңдөбү? Бар, каалаганыңды сүйлө!..

Д а а н ы ш м а н. Чырдашпагыла балдар, чырдашпагыла? Чоңундан коркуп жатсаң, мына мени алып барчы, сени бир жемеден куткарайын?..

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Ооба, тагдырлардын баары эле сага байланып калгандыр!

Даанышман. *(Паузадан кийин ойлуу.)* Айтканыңдын жөнү бар уулум, «атты арыганда, эрди карыганда көр» деген ушул... Мына, музейнерге мени койсоңор болот...

Музей кызматкери. Сиздин табыщмагыңызды угуп отурууга убакыт жок аксакал. Биз эртерээк кетишибиз керек.

Даанышман. Кеткиле...

Музей кызматкери. Ташты албай кетпейбиз. Мамлекеттик ишке тоскоолдук кылууга сиздин акыңыз жок.

Даанышман. Сен кайсар сөзүңө мамлекетти аралаштырбагын! Мен бул ташты өз ордуна сактап калышым дагы, мамлекеттик иш!

Музей кызматкери. Түү, аябагандай тежик экенсиз! Сиздей кишини мен биринчи көрүшүм... Жок нерсени айтып, ишке жолтоо кылбаңыз?.. *(күрөктү алып кайрадан казып кирет).*

Даанышман. Ошо жек көргөн кишиндин эң акыркысы мен болоюн!? Сөзүмдү угуп койчу айланайын!? Казбачы!? *(Күрөктү жулуп ыргытат.)*

Шофер. Бул кууруган таш үчүн неге мынча жалдырайсың жарыктык?..

Даанышман. Кереги бар үчүн!..

Шофер. Сиздин бир билгениңиз бар...

Даанышман. Анын силерге кереги жок...

Шофер. Эмне үчүн? Таштын өзүнөн көрө, сиздин сөзүңүз кымбат эмеспи. Айтсаңыз?..

Даанышман. Ал силерге кымбат эмес...

Музей кызматкери. Жок дегенде ошол билген уламышыңызды айтыңызчы? Мен жаза кетейин?..

Даанышман. Кандай уламыш?..

Музей кызматкери. Таш жөнүндө... Береги туяктын изи кандай болуп түшүп калган? Кайсы аттыкы? Кайсыл кылымда?..

Даанышман. Аны көрбөсөм кантип айтам?..

Музей кызматкери. *(кыжырланып)* Анда эмнеге жанталашып коруйсуң!..

Даанышман. Атам ыйык сезген таш, ошону үчүн коруймун. Укканымдан көргөнүм артык, ошол үчүн аяйм!.. Береги жылкынын туягы — менин туягымдай сезилет!.. Бул менин кара чечекейимдин изи!.. Мунун үстүндө менин уулум, улакча секирип ойноп жүрчү...

М у з е й к ы з м а т к е р и. *(кызыккан түрдө таштын үстүнө чыга калат.)* И, айтсаңыз?..

Д а н ы ш м а н. Түшчү мындай!.. Баспачы! Көзүм көрүп турганда бирөө тебелесе, өпкө-жүрөгүм куушурулуп кетет... Бул таш менин шейит болгон кулунумдун денесиндей сезилет... Жалгыз уулумдун...

(Пауза)

Ш о ф е р. Уулуңуз согушка кетип келбей калган го?

Д а а н ы ш м а н. Жок...

Ш о ф е р. Анан эмне?..

Д а а н ы ш м а н. Мен аны айта албайм уулум, айта албайм.

(Сырттан Самар кирет).

С а м а р. Саламатсыздарбы?

Ш о ф е р. Келиңиз.

М у з е й к ы з м а т к е р и. Саламат.

С а м а р. Күүлүсүзбү чоң ата?

Д а а н ы ш м а н *(тез өзгөрүп)*. Сен Самарсыңбы? Кагылайыным... Келчи бери?..

(Кучактап өөп учурашат).

С а м а р. Үйгө келсем жоксуз...

Д а а н ы ш м а н. Окууңдан качан келдиң?

С а м а р. Кечээ.

Д а а н ы ш м а н. *(Жетине албай)*. Анан бүгүн эле мага жөнөдүңбү? Уулбала капа болгон жокпу?

С а м а р. Жок, чоң энем өзү жиберди.

Д а а н ы ш м а н. Ал күүлү жүрүптүрбү? Көптөн бери барып учураша элекмин.

С а м а р. Күүлү... Жакшы... Сизге салам айтты.

Д а а н ы ш м а н. Ошондой эле болсун... Колхозубуз бир болгону менен кыштагыбыз башка. Ушул кичинекей аралыкта туруп катташа албай...

С а м а р. Чоң энем карып калбадыбы... Мен окууну бүтүп келсем, баарыбыз чогулуп бир туруп алабыз чоң ата. *(Даанышман башын ийкеп акырын күлөт)*. Бул кишилер кимдер?

Д а а н ы ш м а н. Мага келген коноктор.

С а м а р. Келгени жакшы, келиңиздер?..

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Келгени курусун. Бири-бирибизге түшүнүшө албай отурабыз.

С а м а р. Эмнени? Эмнени түшүнө албай?..

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Биз береги ташты музейге алып кетиш үчүн атайын шаардан келгенбиз. Келсек, бул аксакал бизге бербейт, же себебин түшүндүрбөйт. Аз жерден чабышып кала жаздадык.

С а м а р. Эмне үчүн бербейсиз чоң ата? Кайра мунун музейде турганы жакшы эмеспи?! Түбөлүккө сакталат.

М у з е й  к ы з м а т к е р и. И, ошону айтсаңыз...

Д а а н ы ш м а н. Бул таштын баркын сен дагы али түшүнбөйсүң каралдым... Сен мага убагында келдиң. Сага айта турган сөзүм бар. Эртең эле кете койбостурсуң?..

С а м а р. Алты күнгө тарагaнбыз... Сиз уруксаат бергенде кетем...

Д а а н ы ш м а н. Анда жакшы болду. Бул меймандарды үйгө ээрчитип жөнө!.. Сени менен кошо коноктоймун. Анткен менен нээттери жакшы балдар экен... Калган сөздү жай сүйлөшөрбүз.

Ш о ф е р. Ой аксакал, ырас кылбадыңызбы. Таңдайым катып араң турдум эле. *(Музей кызматкерине шыбырап.)* Жүр эй, өзөк жалгайлы. Каршы болбосо жатып алып, эртең менен кетебиз.

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Бара берчи! Иш чечилбей жатса, өзөргөнсүп тамакка шашат.

Ш о ф е р. Чечилип бүтпөдүбү? Дагы эмнесин чечесиң?

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Иничек, сен атаңа айтчы, жолтоо болбой ташты берсин? Биз жарыкта кайталы?

С а м а р. Чоң ата, ырас эле бул ташты эмне үчүн бербейсиз?

М у з е й  к ы з м а т к е р и. И, ошону айтам да...

Д а а н ы ш м а н. Аны мен сага үйгө барганда айтам дебедимби. Бас эми, алдыга бас! Жол башта!?.

С а м а р. Жүрүңүздөр анда? Чоң атам сөз айтпайт, айтса, андан кайтат деген жок...

Ш о ф е р. О, мага ошонусу жагат.

С а м а р. Жүрүңүздөр?

М у з е й  к ы з м а т к е р и. Кудая тобо, ушундай дагы киши болот экен да...

Ш о ф е р. Болгонун көрүп турбайсыңбы. Көп сүйлө-

гөндү коюп, сыйлап чакырган жерге унчукпай бассаңчы? Баргың келбесе, жөө кете бер, артыңдан жете барам.

Самар. Коюңуз тамашаңызды? Конок болуп, эртең менен кетесиздер. Жумушуңуздар жөнүндө, чоң атам менен сүйлөшөбүз. *(Шоферго)* машинеңизди тээтиги сарайды карай айдаңыз.

Шофер. Суудан өтө аламбы?

Самар. Суу анча терең эмес. Айдай бериңиз. Биз жөө басып барабыз.

(Даанышман «Тулпар-Таштын» түбүндөгү казылган топуракты тебелеп, тегиздейт. Тигилер чыга башташат. Сахна караңгылайт. Жарык кайрадан жалгыз гана Даанышмандын бетине берилет «Тулпар-Ташта» отурган Самар бүлбүл көрүнүп турат).

Даанышман. Адамдын өмүрүндө унутулгус күндөр аз эле болот. Алар жүрөк сыздаткан кайгы же жан эргиткен кубанычтан калат тура көрсө... Менин дагы көңүлүмдөн кетпес окуялар бар. Алар мен үчүн гана оор, жалгыз гана мен үчүн!.. Менин бүт өмүрүм ушул «Тулпар-Таштын» тегерегинде өттү. «Тулпар-Таш» кандай караңгы жерде болсо, мен дагы ошондой караңгы боюнча өстүм... Бул экөөбүз азыр деле окшошпуз, купуя сырларыбыз бар... Кээде өткөн өмүрүмдү эсиме түшүрсөм, негедир кайраттанып калам... Аларды бирөөгө ачык айтуудан тартынат экенсиң... Жаштыгым жаңы доор менен тең башталып, өмүрүм анын ишине биротоло аралашып кеткен экен. Өзүмө кандай гана оор кызмат тапшырылса да, «аткарбайм» деп баш тартуу болгон эмес... Жашоонун кызыкчылыгы — жалгыз гана чындыктын бетине чыгуу, күрөш болуп сезилчү. Жаңы алган келинчегим менен кенениреэк бир түн жаткан күнүм болбосо керек. Душманым ачыктан — ачык изимди көөлөп, таруудай жанчып салууга даяр турду. Жек көрүнүү... Жек көрүү... Баарынан жакшысы — коркуу деген болгон эмес менде! Мунун бардыгына бир гана сөз дем берип турган экен көрсө. «ЛЕНИН» деген беш тамга чексиз салмактуу угулуп, көзүмө ажайып кооз дүйнө болуп элестөөчү. Мен ал дүйнөдөн: жашоомду, бактымды, сүйүүмдү таап алгандай сезип, эненин жанында эркин ойногон наристедей, тайраңдап, эч нерседен жалтангым келчү эмес. Мен өзүмө: сууга салса чөкпөгөн, отко

жакса күйбөгөн алптай туюлчумун! Капталымда канатым бардай шуулда-ап!.. Ай, өрт жылдарым ай!..

(Даанышман кетет. Жарык Самарга берилет. Пауза).

Самар.

Көзсүзгө көз боло албайм ыйласам да,
Колсузга кол боло албайм, аттиң арман!
Дудукка тил болбосом, анан кайсы,
Адамга тийип жаткан менин пайдам?..

Же мурда жок нерсени жаратпасам,
Сүйүү үчүн ФАРХАД болуп баратпасам...
Айтайын, кур дегенде чоң атамдын,
От болуп өткөн күнүн алда качан...

Сайраңдап эркин өскөн бөбөктөрүм,
Силерге менин берээр белек — кебим:
Сезгиле бактыңардын ыйыктыгын,
Билгиле кандай кыйын күн өткөнүн!..

Ушундан баштап, акыркы сүрөтүнө чейин таш чегип жаткан үн тынымсыз угулуп турат.

## Экинчи сүрөт

Ушул эле көрүнүш. Айырмасы, чийлер жаңыдан сабак байлап, жер жашылданып турат. Байтөрө, Бекмат жана Календер өздөрүнчө сүйлөшүп сахнага чыгышат.

Бекмат. Мына ушул жер ата. Азырынча мындан ыңгайлуу конуш жок. Суусу жакын, бетегелерин айтпаңыз! Караңызчы, мен тээтиги тектирге консокпу деп ойлогом. Желени аркы суунун боюнча тартса, короодон алыс, жакшы болгудай.

Байтөрө *(көңүл кош).* Билем уулум...

Календер. Бул жер касиеттүү жер эмеспи, касиеттүү жер, касиеттүү элге таандык. Конуп ал Байтөрө бай, конуп ал. Эски конушуңду тартып алды деп өкүнбө, андан бул жер дурус.

Байтөрө. — Ээ, Календерим. Айла жоктун иши да... Менин өрүшүмө кайдан жетсин!.. Ага жаңы өкүмөт каз катар боз үйлөрдү тиктирип таштап, борбордон келүүчү өкүлүн күтүп жатат.

Календер. Ал да кудаанын буйругу менен иштелип жаткан иштир, өкүнбө, Байтөрө бай.

Бекмат. Даанышманга дагы «ушул жерди коруп отур» деп кудай талаам буйрук бериптирби? Бул жөн эле талоончулук! Кечээ мен жылкыларды айдап келип, тигил боз дөбөнүн алдына жайып турсам, Даанышман адырандап келип мага асылат, акмак! Жылкыларды шыргыйлап... А тургай мага кол салгысы бар...

Байтөрө. Сен ага озунуп жаман айткан жоксуңбу, балам?

Бекмат. Айтпаганда эмне?.. Ал ышкын түпкө бышкан курмушу, көөп калыптыр. Жанында эки шимшүүрү бар экен, болбосо жаназасын окуп кетмекмин.

Календер. Кимдин жаназасы мурун окулат, аны кудаанын буйругу билет, балам. Сен ойлогондой эле боло койбостур... Адам бешенесине жазылган өз кунун жеп бүткөндө гана жашоо күнү түгөнөт. Ага чейинки аракетиң бекер убара...

Бекмат. Дөөрүбөчү!..

Байтөрө. Так!..

Бекмат. Анан, оозуна келгенин оттой береби?

Календер. Мени кордогонуң — өзүнө камдаган кайгың. Сени кудайым жазалайт балам.

Байтөрө. Эси жок баланын сөзүн көңүлүңө алба, Календерим?..

Календер. Мени мында эмне ээрчитип келдин бай? Сөзүң болсо айтсаң, мен кетет элем?

Байтөрө. Жумушум бар, Календерим... *(Бекматка)* Баргын, Даанышманды мында чакырып кел. Орой сүйлөбөгүн, уулум. Миз кайтып турганда, абайлап жүргөн дурус. Мындай кыйын учур биздин ата-бабабыздын эч кимисинин башынан өткөн эместир.

Календер. Замандын түрү адамдын пейилине жараша өзгөрүп турат. Бу да кудаанын буйругу.

Байтөрө. *(Кексе күлүп)* Биздин пейлибизге жараша болсо, кой үстүнө торгой жумурткалап, жай баракат жатпас белек, Календерим... Бу заман кийинкилердин пейилине жараша өзгөрөбү дейм... *(Бекматка шыбырап.)* Оройлукту кой, душманыңа күлүп сүйлөп, койнуна кирип алгын да, кара куртча чагып ташта... Бар, мени чакырып жатат де.

Бекмат. Келбесечи?

Байтөрө. Келээр... Келбесе өзүбүз барабыз да...

(Бекмат кетет)

Кудая тобо, сары ооз балапанга сөзүң өтпөй...

Календер. Ал Курмандын баласын жаңы өкүмөттөр оозго тийгизбей макташат экен го...

Байтөрө. Мен ушуга түшүнбөйм, Календерим: курмушуну кымкап деп, күрөң уйду буудан деп... Бул эмне деген тантырактык? Бул эмне деген заман?! Башым катат, Календерим башым катат...

Календер. Бекер антесиң, байым, бекер антесиң. Асмандын түрү бузулуп, алай-дүлөй күн жааса, тосуп турар парда жок. Ажал жетип күн бүтсө, алтын чепке катса да, аман калаар панда жок. Учурдун дүрбөлөңүнө камыкпай, сабыр кылып карап туруу керек. Арам иш өзүнөн өзү бүлүнүп, адалдык жеңип чыгат. Бай...

Байтөрө. Карап турууга да кайрат керек экен, Календерим. Чыдамың жетпейт. Эмне деген кым-куут чакчелекей! Эмне деген баш аламан!.. Колуңда турган өз буюмуңду тартып алат деген эмне шумдук!? Койнуңда жаткан аялыңды сууруп кетүүдөн кайра тартпайт булар. Айрыкча мага көбүрөөк тап коюп калышты. Жакында борбордон өкүл келгенден кийин, дагы бир шумдуктуу иштерин баштайт экен деп уктум.

Календер. Ал эмне деген шумдук экен?..

Байтөрө. Байлардын мал-мүлкүн тартып алып, үй-бүлөсүн тептитип жиберет имиш. Ойлосом, тула боюм дүркүрөйт... Өзүң айтчы Календерим мен ушул элдин бей-бечараларын өксүк кылган күнүм болдубу? Бейбаш уруулар менен жааттaшып чабышкан күнүмдө да, кедейдин ордуна өз башымды тосуп берчүү элем го?..

Календер. Сендей калыс пенде болбостур, Байтөрө болуш.

Байтөрө. Калыстыктын аягы мына. Конууга конуш таппай, челекчинин уулуна күн түшүп отурат. Мен ушундай болучу киши белем, касиеттүү Календерим!?

Календер. Я кудаанын кудурети десең...

Байтөрө. Касиеттүү Календерим, мага сенин жардамың керек болуп турат?..

Календер. Айт. Менин пайдам пендеге тийип турса, ошончолук өмүрүм узарат. Кудай таалама ылайык келсе, күчүмдү аябайм.

Байтөрө. Албетте туура келет. Мен дагы кудайдын сүйгөн кишисимин. Менин кор болуп калышым,

адам тукумунун кор болуп калышына тең. Сен кудайдын пендеси, элдин сүймөнчүгүсүң. Сени элдин баары кадырлашат.

Календер. Элди сыйлаган кишини, эл дагы сыйлайт.

Байтөрө *(Жактыра бербей)*. Ошону билип жатам го. Сенин ким экениңди билген билет, билбеген көкүрөккө тебет. Мен билген кишимин. Сага жардам кылуудан эч качан аябаймын. Сен дагы жардам кыл?..

Календер. И, ачык айтчы, байым?

Байтөрө. Жаңы өкүмөттөрдүн арасына барып, мен жөнүндө айтылган сөздөрдү билип келип тур. Сенден эч ким шек санабайт. Байкабай калбайын? Башыма кыйынчылык түшөөрүн алдын ала билдирсең, жок дегенде жанымды куткарып кетем... Түндүгүм түзөлүп, санаам кайра тынса, акың үчүн, айтылуу Алтын-Жал тобурчагымды тартуу кыламын. Суранаарым ушул, кандай дейсиң Календерим?..

(Экөө өбирин бири узакка тиктешип калат. Календер кандайдыр бир сөз айтууга камынган кезде, Даанышман менен Бекмат киришет.)

Даанышман *(Какшыктап)*. Акырын сүйлөшкүлө, сөзүңөр угулуп калат.

Байтөрө *(Жооткотуп)*. О, жаш мырза... Саламың кана?

Даанышман. Кабыл алаар киши жок болсо, саламды кимге айтам?

Байтөрө. Ал эмне дегениң? Биз эмне экенбиз? Атаң ыраматылык менен алыш бериш киши элек. Сен чоңоюп, колуңдан иш келээрде, жазмыш экен, каза тапты. Биз деле сенин атаң эмеспизби?..

Календер. Челекчи Курманды айтасыңбы? А, а, жакшы киши эле ыракматылык.

Бекмат. Жакшыны тапкан экенсиң. Ал челек жамамак түгүл, бүтүндү бүлдүрчү. Эсимде, бир жолу биз челек түптөтүп келсек, эртеси эле тегеренип түшүп калган.

Даанышман. Түбү чирик токтоочу беле?..

Бекмат. Чирибей эле, жап-жаңы болучу.

Даанышман. Эмненин жаңысы, силердин түбүңөрдүн чиригени качан...

Байтөрө. Кантет?..

Бекмат. Лапшыба, дөбөт!..

Б а й т ө р ө *(ортого түшүп)*. Кой балам?

Д а а н ы ш м а н. Мени эмне чакырдыңыз, бай?

Б а й т ө р ө. Сени чакырганым, болоор-болбос эле иш... Менин конушумду өкмөттөр пайдалануу үчүн сураганынан, убактылуу берип койгон элем. Анан, бу...

Д а а н ы ш м а н. Түшүндүм бай. Сенден эч ким конуш сураган эмес, сурабайт дагы. Жер элдики. Аны пайдаланууну эми сенден сурабайт. Ал жерге боз үйлөрдү сенден сурабай туруп эле тиккенбиз! Мындан ары бири-бирибизден жер сурашпайбыз. Түшүндүңүзбү? Кечээ мынабул балаңыз жылкыларын айдап келиптир. Мындан ары баягыдай ээн баштыгыңарды токтоткула! Эсиңерде болсун!

Б а й т ө р ө. Бул жерге келип конуп отуруунун, эмнеси ээнбаштык?

Д а а н ы ш м а н. Жер меники, мен азыр бул жердин ээсимин.

Б а й т ө р ө *(Кексе күлүп)*. Талашып жатканым жок, Даанышман баатыр. Малга убактылуу чөбүн откозуп туралык?

Д а а н ы ш м а н. Чөбүн эмес, чычканынын кыгын алдырбаймын!

Б е к м а т. Эй акмак, үрүп чыгар итиң жок, өзүң оттойсуңбу?

Д а а н ы ш м а н. Аны өзүм билем. Силер жердин баркын билесиңерби? Тирүүлүктүн түгөнбөс күрөшү, жалаң гана жер үчүн болот. Силер жерди кесир кылып, каалаганыңардай майкандап бүткөнсүңөр. Андан көрө түбөлүк жай алаар эки кадам жерге ээ болоор бекенсиңер?! Ошондо да, сөөгүңөрдү жер сыртка ыргытып жибербесин, кудайдан ушуну тилегиле?!.

Б а й т ө р ө. Таш оозуңа!

Б е к м а т. Кутурган дөбөт! *(Камчы менен туш келди сабай баштайт.)* Мына, мына! Сени экинчи сүйлөбөс дудук кылайын!..

К а л е н д е р. Уу, кудайдын күнөкөрлөрү! Тозокко түштүңөр...

Б а й т ө р ө *(ортого түшүп)*. Болду уулум? Болду акмак!? *(Даанышманга)* Агаңдын күнөөсүн кечир балам?.. Алдыңа малым тартуу?.. *(Даанышман кан аккан бетин басып үнсүз отурат.)* Жүр кетели? Эртерээк кетели? Бас!.. *(Чыгып баратып Календерди көз ымдап калтырат).*

Календер. *(Даанышманга келип, сүйөп оордунан тургузат)*. Тур балам? Жаныңа кудай кубат берсин?! Аны кудайым өзү жазалайт. Тур балам?

Даанышман *(башын көтөрүп)*. Жок, буларды өзүм жазалаймын! Түшүндүңүзбү?! Мен өзүм!..

(Экөө узакка тиктешип турат. Сахна караңгылайт).

## Үчүнчү сүрөт

«Кайра качпа» деген күүнүн кайрыктары угулуп турат. Мурдагы эле көрүнүш. Көшөгө ачылганда Самар чийлерди аралап басып жүргөн болот. Бир аздан соң жарык жалгыз гана Самарга берилет. «Тулпар-Таштын» жанында мылтык кармап отурган Бекмат бүл-бүл көрүнүп турат.

Самар.

Береги сырдуу таштар, ыйык талаа,
Күңгүрөп туңгуюктан добуш берет.
Эненин саамайындай үлбүрөгөн,
Бетеге сөз айтууга дилгирленет...
А тиги, атам көргөн аппак чийден,
Тулпардын туу куйругу элестелет...

Мына мен бүт баардыгын көрүп турам,
Мителер кара жерди кемиргенин.
Жанынан артык сезип акыйкатты,
Жазыксыз далай кандар төгүлгөнүн.
Аруулап: ак дилимден жыйнап жүрөм,
Алардын чачыраган өмүрлөрүн...

(Самар көрүнбөй калат. Жарык Бекматка түшөт. Улуган иттин үнү угулат улам).

Бекмат. Үнүң өч, үнүң өчкүр! Барынан да ушул иттин улуганы сай-сөөгүмдү какшатып баратат... Күчүгүңдө койнума катып чоңойттум эле. Байкуш, атамдын артынан калбай, ээрчип жүрчү. Эми баардыгынан айрылып журтта калыптыр... Эх, канкор! Колума бир тиерсиң, күлүңдү сапырбасам элебн!.. Байтөрө тукум курут болуп кетпес, бири болбосо бири жетээр түбүңө!

(Сырттан шыбыр угулат. Жата калып мылтык мээлейт.)

— Токто!..

К а н ж а р ч а н  а д а м (*Жөрмөлөп кирет*). Мен, мен эле...

Б е к м а т. Көрүнөбү?

К а н ж а р ч а н  а д а м. Жок. Үйүнө чейин барып келдим.

Б е к м а т. Ии?

К а н ж а р ч а н  а д а м. Терезеден шыкааласам, аялы баласы экөө тамактанып отурушуптур.

Б е к м а т. Ошону баласы менен жайлап салсаң болмок! Канкордун тукуму кимге жакшылык кылмак эле.

К а н ж а р ч а н  а д а м. Андай буйрук берген эмес элең го?..

Б е к м а т. Ага эмненин буйругу! Колуңдан келсе душманыңдын күлүн көккө сапырып, казанын көмкөрүп кет, коломтосунда улуган ити калсын!

К а н ж а р ч а н  а д а м. Даанышмандардын ити деле жок окшойт.

Б е к м а т. Мен булардын ити жөнүндө айтып жатканым жок, паң баш! Сөздүн маанисине түшүнбөйсүңбү!?

К а н ж а р ч а н  а д а м. Аны кайдан билейин... (*пауза*) Кечээ сага эркелеген сары дөбөт, тиги көрүстөндүн арасында улуп отурат.

Б е к м а т. Мен сенден итти сурап жатамбы?!.

К а н ж а р ч а н  а д а м. Көргөнүмдү айттым...

Б е к м а т. Ух, ушу сени киши деп ээрчитип келген мен акмак. Бир жакка жиберсе, ыштанын булгаган баладай, көзүңдү балбылдатып кайра келесиң. Беш күндөн бери аңдыйбыз, бир дагы жолу маанилүү иш бүтүрүп келген жоксуң. Бүгүн кечинде үйүнө келет дедиң эле, кана?! Кечтен бери сыз жерде боортоктоп жатып, ичим көптү.

К а н ж а р ч а н  а д а м. Атам таанабаган жерге ээрчитип келип, мени кор кармаба, баатыр? Ичимде кенедей кирим жок, адал ак ниетим менен кызмат кылып жүрөм... Барар замат Алтын-Жал тобурчагымды мингизем дедиң эле, тобурчагың түгүл торпогуң калбаптыр...

Б е к м а т. Эмне, табалагың келип турабы?

К а н ж а р ч а н  а д а м. Сөздүн чынын айттым... Бул жерде бир күн туруш кыйын экен. Ушунчалыгына тобо кылып, аманы-кудаа кайталычы баатыр?

Б е к м а т. Былжыраба! Атамды бошотмой сайын кетпеймин! Канкорду колго түшүрсөм, калганы кеп эмес... Бүгүн келээри анык беле?

Канжарчан адам. Райкомдун ат багарынан сурагам. Ал бардыгын билет имиш.

Бекмат. Кулактарды эртең айдарын дагы ошол айттыбы?

Канжарчан адам. Ооба.

Бекмат. «Окшошконго мушташкан». Тапкан кишисин...

Канжарчан адам. Андан башка кимден сурайм? Жердин шарты менен элдин сырын билбесем?..

Бекмат *(Ойлуу)*. Эгерде кулактарды эртең айдаары чын болсо, анда кандай гана болбосун ишти бүгүн түндөн калтырбай бүткөрүш керек.

Канжарчан адам. Мен аттарды эле багып турайынчы? Эми калганына өзүң бар... Бүгүн түнү бүтпөсө дагы, бүттү кылалычы баатыр.

(Бекмат аны жек көрүү менен карап турганда, аттын дүбүртү угулат).

Бекмат. Кара!..

Канжарчан адам *(Чуркап чыгып кайра кирет)*. Келатат.

Бекмат. Тааныдыңбы?

Канжарчан адам. Тааныдым. Дал өзү.

Бекмат. Жалгызбы?

Канжарчан адам. Жалгыз окшойт.

Бекмат. Эми сак бол! Жакшылап кара. Куткарып жибербейли. Кокус караанынды байкап калса, салам айтып, түз бар. Сени таанибайт. Андан кийинкисин билээрсиң?..

Канжарчан адам. Билем.

Бекмат. Жөнө!.. *(Карбаластап мылтыгынын огун текшерет.)* Ушул коргошун сенин жүрөгүң үчүн канкор!.. Бүгүн бүтүрөм, бүгүн! *(«Тулпар-Ташка» мылтыгын арта салат.)* Касиетиңден айланайын ыйык таш колдо?!. Мени колдо?!. Сени жат адамга тебелетпес үчүн, жанымды коёрго жер таппай, бармана көпөлөкчө айланып жүрөм го! Болбосо, Даанышманча айгак болуп күн көрүш, кайсыл акмактын колунан келбесин!? *(Канжарчан адам чуркап кирет.)* Эмне?

Канжарчан адам. Атын жайдактап, бери каррай жетелеп келатат.

Бекмат. Кудайдын бергени ошол. Сен аркы чоң чийдин түбүнө жашын. Мен сүйлөгөндө чыгасың, тез!

*(Жашынышат. Жүгөн кармаган Даанышман чыгат.)* Токто! Колуңду көтөр! Бери кара!? Бери кара деп жатам! Кана, мени тааныдыңбы? Кыймылдаба!..

Даанышман. — Ии, жылкычы кучкачча серендеген ким десем, сен белең?

Бекмат. Ташка алып кубалагың келип турабы?

Даанышман. Келгениңе сүйүнөм...

Бекмат. Сени сүйүнтүш максатым эмес...

Даанышман. Кайгыртыш да колуңдан келбейт

Бекмат. Мен сени менен акыйлашып отурбайм, сөздүн кыскасы...

Даанышман. Чычкан аңдыган мышыктай бүкчүйбөй, туруп сүйлө. Эмне өбөктөйсүң? Тулпар-Ташка сыйынып жатасыңбы? Кел, мындай отуруп жай сүйлөшөлү?

Бекмат. Кыймылдаба! Ат-тып таштайм. Азыр колумдасың, элчиликке келип айткандарымды орундатсаң, калган кегимдин барын кечемин. Болбосо, өлүгүңдү өрттөп, катыныңды маскаралап, балаңды «Тулпар-Ташка» бастырып кетемин.

Даанышман. Жүрөгүм түшөт, анча коркутпа...

Бекмат. Баспа!

Канжарчан адам. Токто!

Бекмат. Ордуңдан кыймылдабай туруп, суроолоруma жооп бергин!?

Даанышман. Айт.

Бекмат. Атам кайда?

Даанышман. Атаңды мага кайтартып кеттиң беле? Өз кара башын калкалаган сендей качкын уулга атанын эмне кереги бар?!

Бекмат. Жөндөп жооп бер! Атып таштайм, кудай урсун.

Даанышман. Менин каныма катының талгак болсо, мына, ат!

Бекмат. Кыймылдаба! Ит болоюн атып салам! Катын балаңдын өмүрүн ойлосоң, менин талабымды аткар?!

Даанышман *(Мыскалдуу жылмайып)*. Даярмын...

Бекмат. Кулактар качан айдалат?

Даанышман. Эртең.

Бекмат. Ичинде менин атам барбы?

Даанышман. Бар.

Бекмат. Апамчы?

Даанышман. Апаң дагы.

Б е к м а т. Эмесе, апам менен атамды бошотуп, Алтын-Жал тобурчакты кайтарып бер!? Бүгүн түндөп калтырбай алып кетемин. Сага да, башка эч кимге зыян кылбаймын.

Д а а н ы ш м а н. Сандыкта чириген кымкаптарыңды кайра алгың келбейби?

Б е к м а т. Ал сага кепин болсун!

Д а а н ы ш м а н. Сарала дөбөтүң сени күтүп жүрдү эле, унутпай ээрчите кет.

Б е к м а т. Даанышман! Жетишет! Кордобо! Кылаар ишиңди кылыпсың. Жети өлүп жерде калган күнүмдө да, Байтөрөнүн сөөгүн сага тебелетпейм!

Д а а н ы ш м а н. Сөөктү ит тебелеп, ит кемирет. Өзүңө буюрсун...

Б е к м а т. Ух, жылаан! Сага сөз эмес, ок гана керек. Кана, айтканымды аткарасыңбы, жокпу?

Д а а н ы ш м а н. Жүргүлө...

Б е к м а т. Кыймылдаба!

К а н ж а р ч а н а д а м. Колуңду көтөр!

Д а а н ы ш м а н. Сенин эне-атаңды чүкө кылып чөнтөгүмө салып алды дейсиңби, баралы.

Б е к м а т. Токто! Эч жакка барбайсың! Азыр сен, баскан жолуңдун эң акырында турасың. Өз өмүрүң үчүн эмес, балаңдын өмүрү үчүн айтканымды аткаргын?! Мөөрүң басылган кагазыңды берсең болду.

Д а а н ы ш м а н. Жарайт. Чөнтөгүмдөн мөөрүмдү алып чыгайын.

Б е к м а т. Көтөр колуңду! Кыймылдаба! *(Канжарчан адамга.)* Аңтар!

К а н ж а р ч а н а д а м *(Даанышмандын алдына келип, ички чөнтөгүнөн тапанчасын сууруп чыгат).* Оо, мына «мөөрү»...

Б е к м а т. Жалаң акмактарды алдап жүрүп көнгөн да, жакшылап аңтар!

(Канжарчан адам Даанышмандын чөнтөгүндөгү документтерин алып, жерге ыргыта баштайт. Даанышман ошол замат Канжарчан адамдын эки колун капшыра кучактап, Бекматты карай ыргытат да, жерде жаткан тапанчасын алат. Атышуу. Бекмат жарадар болуп чыгат. Каруусуна ок тийген Даанышман жерден турат да, душмандардын артынан басат).

Д а а н ы ш м а н. Кана, каракчылар! Бетме-бет келгилечи?! Мен силерге көзүмдү ирмегим келбейт. Качпагыла, бетпактар!..

(Алыстан кобураган кишилердин үнү угулат. Даанышман темтендеп келип ташкан сүйөнүп жыгылат. Сахнаны кызыл жарык каптайт. Сөлөкөт пайда болот).

Сөлөкөт (*Кыткылыктап, ырдап бийлей баштайт*).

Асманда бол ой, жерде бол,
Өлөрүңдү эй билип жүр.
Түбөлүктүү ой кең жайга,
Келериңди эй билип жүр...

Даанышман. Касиеттүү Календер, бу сизби?

Сөлөкөт. Мен.

Даанышман. Эмне үчүн кызыл кийинип алгансыз?

Сөлөкөт. Кан. Алтымыш жыл эмгектенип, ушул кийимге араң жетиштим. Дагы кемчилиги бар. Карачы, кара кушумдун үстү али актай боюнча жүрөт. Бүгүн сенин каның менен толуктайм го буюрса. Сенин каныңды көзүмдү шор басканча, кудайдан миң зарлап тиледим. Тукумуң өспөгүр, көзгө түшкөн тикенек болдуң го! Артыңда изиң калбагыр!..

Даанышман. Мынча эмнеге каргайсыз? Айтыңызчы, менин сизге кандай зыяным тийди?

Сөлөкөт. Уу, жүзүң жылаан, тилиң заар. Адамдан сендей ырайымсыз жаралбайт. Туяксыз өткүр!

Даанышман. Сизге көрсөткөн ырайымсыздыгым кайсы?

Сөлөкөт. Оозумдагы ишеничимден ажыраттың. Элге жок көргөзүп, касиеттүү таягымдын кутун учурдуң, кара өзгөй!

Даанышман. Э жарыктык, кечээ эле мага ак батаңызды берип, өмүрүмдүн узак болушун тилебедиңиз беле? Кедейлердин сөзүн сүйлөгөн акылмандыгыңыз кана?

Сөлөкөт. Мага кедейиң байың баары бир. Жашоо керек. Менин сөзүмдөн жалпы адамзаат пендеси чыкпай, кожосундай колдоп туруусун каалайм. Мүлкүм элде, кудай таалам энчимди элге чачып жиберген болучу. Кадырымды билбеген, айтканыма көнбөгөн жан болмок эмес. Көңүлүмө бүлүк салдың!

Даанышман. Жарыктык, сиздин ичиңизде ушунчалык кекенүү болсо, бай-манаптардан бекер эле чочулаган экенбиз. Алар кыжырлануусун жашыра алышпай,

бетибизге айтышат. А сизчи? Мага жакшылыктан башка сөзүңүз жок эле. «Бет мандайдан келген душман-душман эмес. Артындан келгени душман» дечү менин атам. Ошол сиз көрүнөсүз...

Сөлөкөт. Менмин. Жалгыз эмесмин. Мендейлер көп. Ачылган сырдан ачылбаганы, айтылган сөздөн айтылбаганы көп. Уу, кусур ургур! Сага ичимдин күйгөнү өмүр бою басылбайт. Байтөрөнүн мал-мүлкүн тартып албаганда, анын Алтын-Жал тобурчагы колума тиймек. Ошону бир минүүнү энсеп карыдым. А сен аны тартып алдың да ойкуштантып бет мандайымда минип турдуң!

Даанышман. Көп мингеним жок, колхоздун жылкысында, үйүрдө жүрбөйбү. Андан көп тобурчак алабыз. Сиз да минесиз жарыктык. Мал силердики.

Сөлөкөт. Ал кара ашыңа союлсун! Мен эми сени минемин. Бүттү: Колхозуң, тобурчагың, Советиң, балшейбегиң, баары бүттү. Сен гана бөгөт болуп жүргөнсүң бизге. Сенден кийин бардыгы жоголот, кыйрайт, түгөнөт!..

(Ушул учурда Батый кирет. Ал аябай күйүккөн. Сөлөкөттүн сөзүнө жаны кайнап турган Даанышман башын жөлөгөн Батыйды муштап бакырат).

Даанышман. Ка-алп! Түгөнбөйт!

(Батый жаагына тийген муштумдан тоголонуп түшөт. Сөлөкөт көздөн кайым болот).

Батый. Даанышман, эмне болду? Эмне деп жатасың? Деги амансыңбы? Сүйлөчү? Үйдүн эшигинен мылтыктын үнүн угуп чуркадым. Буудай аңызда атыңдын өлүгү жатыптыр. Эки атчан өйүздү көздөй чаап өтүп кеткендей болду. Айтчы, денеңе ок тийген жокпу? Эмне сүйлөбөйсүң?!

Даанышман. Эмне дейсиң? Бул сенсиңби? Баятан бери сүйлөп жаткан дагы сен белең?

Батый. Эмне деп?

Даанышман. Ах, билбейм... Кумар кайда?

Батый. Уулбаланын жанында калды.

Даанышман. Менден башкаңар амансыңарбы?

Батый. Аманбыз...

Даанышман. Кудайга шүгүр. Оморчу, Омор кайда?

Б а т ы й. Ал сенин атандын өлүгүн кучактап ыйлап отурат.

Д а а н ы ш м а н. Чакыр мында. Кунанын минип, районго кабар кылсын. Каракчыларды кармаш керек. Чакыр! *(Батый жөнөй турган болот.)* Токто, оң колумду өйдө көтөрчү? *(Батый Даанышмандын оң колун өйдө көтөрөт.)*

Д а а н ы ш м а н. Аа-ай! *(Жерге кулайт.)*

Б а т ы й. Даанышман! Айланайын! Омор! Уулбала, кагылайын жараткан, кара көзүмдү кашайтпай, жазыгыңа кошо тарт!? *(Боздоп ыйлайт).*

## Төртүнчү сүрөт

С а м а р.

Атамдын эңсегени орундалып,
Коштошту бай, манаптар, болуш менен.
Кырмандар кызыл данга толгон кезде,
Үн чыкты бир коогалуу «Согуш» деген.

Жыйналбай ай талаада эгин калды,
Жарына он күн болбой келин калды.
Тулпардын күмүш ээри жайдакталды,
Табакта бышкан тамак жайнап калды...
Бет тытып, бейбак келин жесир болду,
Бешикте наристелер жетим болду.
Эчакта өлгөн уулун күтө берип,
Эненин эки көзү сокур болду.
Бул чындык, чоң турмушка кайнап бышкан,
Андыктан айтканыма ишенгиле!
Атамдын ак жолуна багыт алып,
Бутумду жаңы салдым үзөңгүгө...

(Түн. Даанышмандын тамынын эшигинин алды. Казат уурдана басып кирет да, теребелге узакка кулак түрүп тыңшайт. Анан эшикти акырын тартып көрүп, бектигин билген соң, тыкылдатат. Үйдөн Батый чыгат. Казат тамдын бурчуна жашына калып, кайра көрүндү.)

Б а т ы й. Ии, сенби? Келдиңби берекем?

К а з а т. Жездем үйдөбү?

Б а т ы й. Үйдө, акырын! Уктап жатат. Бас мындай...

К а з а т. Түнү менен келсин дептирсиң...

ЭСЕНКУЛОВ ШАКИН

**АСЫЛ**

**Повесть, рассказы и пьесы**

Третья книга из серии повестей «Белый луч»

Для молодежи

Фрунзе. Издательство «Мектеп»

Редактор Б. Т. Сартов
Сүрөтчүсү *Т. Сатаров*
Сүрөт редактору *К. Сейталиев*
Техн. редактору *Л. Хван*
Корректор *Б. Секимова*

ИБ—111

Терүүгө 28/X 1978 ж. берилди. Басууга 4/I 1979 ж. кол коюлду. Д—03926. № 2 типография кагазы. Кагаздын форматы $84\times108^{1}/_{32}$. Адабий арибий. Жөнөкөй ыкма менен басылды 6,625 физ. басма табак 11,13 шарттуу басма табак, 11,178 учеттук басма табак. Заказ № 283. Тиражы 12000. Мукабасыз баасы 68 т. Мукабасы 17 т.

«Мектеп» басмасы.
720002, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170

720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.
Кыргыз ССРинин басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.

## Урматтуу окурман!

«Мектеп» басмасы бул автордун «Ак шоола», «Из» аттуу повесттерин тартуулагачын жакшы билесиздер. Колуңуздардагы китеп ошол үчилтиктин уландысы. Бул китептер жөнүндөгү оюңуздарды, каалооңуздарды биздин редакцияга жазып жибериңиздер.

Биздин адрес:

Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170,
«Мектеп» басмасы

Балдарым чоңойсо ~~жен~~
дейт ар бир адам
Балдардын жакшылыгын
көрүп талаң
Үй-үйлөп кыз-жатын
ар бир үйдө
Кудалар чогулушуп
жең ашат